КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

# «Наристе» балдарды мектепке даярдоо программасына усулдук сунуштар (480 саат)

Бишкек
2015

БЕКЕР ТАРАТЫЛАТ

УДК 373
ББК 74.1
Б 20

**Иштеп чыккандар:**
*А. Э. Камалова, Г. Расулова*

*Н. В. Колесникова, Т А. Орусбаева, А. Д. Токтомаметов, А. К. Садыкбекова, Н. К. Тунгатарова, О. В. Солошенко, Н. А. Касымова, Д. А. Акматов*

**Кеңешчи:**
*А. Р. Айнекенова*

Б 20 **«Наристе» балдарды мектепке даярдоо программасына усулдук сунуштар (480 саат).** – Б.: Аркус бас., 2015. – 336 б.

ISBN 978-9967-31-352-1

Усулдук сунуштар Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин «Бардыгына билим» программасын ишке ашыруу максатында демилге» долбоорунун алкагында Community Development Alliance (CDA) эксперттер тобу тарабынан иштелип чыкты.

КББА тарабынан (29.06.2015-ж. № 7) бекитилген.

2015-жылдын 17-августундагы № 1090/1 Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу менен бекитилди.

**Б 4305000000-15**

**УДК 373**
**ББК 74.1**

ISBN 978-9967-31-352-1

© Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2015

# МАЗМУНУ

**Киришүү** ....................................................5

**I бөлүм.** Оюн ишмердиги боюнча усулдук сунуштар ....................................................7

**II бөлүм.** Балдарды мектепке даярдоо программасынын предметтик чөйрөлөрү боюнча усулдук сунуштар ....................................................17

2.1. Дене өстүрүү боюнча усулдук сунуштар ....................................................18

2.2. Балдарды айлана-чөйрө менен тааныштыруу боюнча усулдук сунуштар ......40

2.3. Кеп өстүрүү жана көркөм адабият боюнча усулдук сунуштар ..........................53

2.4. 6 жаштагы балдардын сабатын ачуу боюнча усулдук сунуштар .....................54

2.5. Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү жана конструкциялоону калыптандыруу боюнча усулдук сунуштар ....................................................59

2.6. Көркөм өнөр боюнча усулдук сунуштар ....................................................64

2.7. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин үйрөтүү боюнча усулдук сунуштар ....................................................68

2.8. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде орус тилин үйрөтүү боюнча усулдук сунуштар ....................................................69

**III бөлүм.** Предметтик чөйрөлөр боюнча жуурулушкан сабактардын болжолдуу конспектилери ....................................................91

**IV бөлүм.** Ийгиликтүү педагогикалык программанын эл аралык тажрыйбасы ..........227

4.1. «Кадам артынан кадам» программасынын ыкмаларын колдонуу боюнча усулдук сунуштар ....................................................228

4.2. Вальдорф педагогикасынын ыкмаларын колдонуу боюнча усулдук сунуштар ....................................................243

4.3. Монтессори педагогикасынын ыкмаларын колдонуу боюнча усулдук сунуштар ....................................................248

**V бөлүм.** Ден соолук мүмкүнчүлүктөрү чектелген (ДМЧ) балдар менен иштөө боюнча усулдук сунуштар ....................................................251

**VI бөлүм.** Ата-энелер менен иштөө боюнча усулдук сунуштар ................................265

**VII бөлүм.** Дидактикалык материалдардын тизмеси жана аларды пайдалануу боюнча усулдук сунуштар ................................................................................271

**ТИРКЕМЕЛЕР**

1-тиркеме. «Кызыктуу ынтымак тамгалар» таяныч таблицаларын пайдалануу методикасы ...............................................................................285

2-тиркеме. Жолдо жүрүү эрежелеринин болжолдуу конспектилери ....................299

3-тиркеме. Түшүндүрмө каттар ..........................................................................311

**АДАБИЯТТАР** .........................................................................................327

# Киришүү

Берилген колдонмодо 6 жаштан балдарды мектеп шартында мектепке даярдоону уюштуруу боюнча сунуштар камтылган. Балдарды мектепке актуалдуу жана заманбап сапаттуу даярдоо өзүнө эки: педагогикалык, психологиялык факторду камтыйт.

*Педагогикалык фактор* – бул керектүү көндүмдөр болуп эсептелген баланын билими жана билгичтиктери, аларга балдар оюн убагында ээ болушат. Жалпысынан билимдерге ээ болуу анчалык деле кыйын эмес.

Психологиялык фактор кыйынчылыкты туудурат. *Психологиялык фактор* – бул мектепке чейинки курактагы баланын окууну, жазууну билүүдөн дагы маанилүү болгон психологиялык даярдыгын машыктыруу болуп саналат.

Мектепке заманбап даярдоо баланын өз жүрүм-турумун башкаруу билгичтигин калыптандырышы жана өз каалоолоруна туура багыт алууну, өз чечимин ийгиликтүү окуу үчүн берүүнү калыптандырышы керек. Буга, албетте, тырышчаактыкты, тыкандыкты, жакшы өнүккөн эс-тутумду, көңүл коюуну, кепти жана интеллектти кошууга болот. Так ушул нерселер үчүн балдарды мектепке даярдоону уюштуруунун усулдук сунуштарынын негизинде инсанга багыттап, окутуунун технологиясы бар, анда окутуунун регламенттештирилген катаал формасы жок, гуманисттик педагогика жайылтылып, булар биринчи планга чыгат:

- **балдардын дөн соолугун чыңдоо;**
- **жеке кызыкчылыктарды ишке ашыруу үчүн мүмкүнчүлүк берүү;**
- **практикалык жана өз алдынча ишмердик аркылуу балдардын таанып-билүү активдүүлүгүн жогорулатуу.**

Колдонмого:

- оюн ишмердиги боюнча сунуштар;
- предметтер боюнча,
- «Кадам артынан кадам» программасынын методикасын колдонуу;
- Вальдорф педагогикасын;
- Монтессори педагогикасын колдонуу боюнча;
- ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен иштөө (ДМЧ);
- ата-энелер менен иштөө;
- дидактикалык материалдардын тизмеги жана аны колдонуу боюнча усулдук сунуштар камтылган.

# I бөлүм

## Оюн ишмердиги боюнча усулдук сунуштар

**Оюн** – баланын ишмердигинин негизги түрү, өсүп жаткан организмдин керектөөсү, алынган маалыматтардын бир түрдүү иштелмесинин жолу болуп саналат.

**Оюн** балдарды айлана-чөйрө менен тааныштыруу, дүйнө менен таанышуусуна, курбулары менен активдүү мамиле түзүүгө, чоңдордун жашоосуна катышууга, өз кыялдарын ишке ашырууга өбөлгө болот.

Кайсы гана **оюн** болбосун, бир гана эмес, бир нече сапаттарды ишке ашырат, психикалык процесстерди жана түрдүү органдардын катышуусун талап кылат, түрдүү эмоционалдык толкундоолорду чакырат.

**Оюн** баланы жамаат ичинде эмгектенүүгө, жашоого үйрөтөт, уюштуруучулук жөндөмүн, эркин, тартибин, туруктуулугун, демилгелүүлүгүн тарбиялайт.

**Оюн** ишмердүүлүгүндө баланын төрт чөйрөсүнүн (физикалык, когнитивдик, эстетикалык, социалдык-экономикалык) өнүгүүсү тең иштейт.

Педагог балдардын оюнга катышуусуна шарт түзүү менен, оюн материалдарын тандоо менен чектелбейт. Педагогдун негизги милдети болуп баланын оюн тажрыйбасын өнүктүрүү жана байытуу саналат.

Оюндун заманбап классификациясы С. А. Новоселова тарабынан 20-кылымдын 90-жылдарында сунушталып, оюндун демилгеси кимге таандык экендигине негизделет:

- балдардын демилгеси боюнча оюндар (өз алдынча сюжеттүү, суу менен, кум менен, режиссердук, театрлаштырылган оюндар);
- чоңдордун демилгеси боюнча оюндар (дидактикалык, кыймылдуу, кызыктуу, интеллектуалдуу);
- элдик оюндар (салттуу, тренингдик, архаикалык).

## Оюндун төмөнкү түрлөрүнө токтолобуз:

**Дидактикалык оюндар.** Педагогикалык процессти уюштуруунун эффективдүү каражаттарынын бири болуп дидактикалык оюндар эсептелет. Окутуу каражаттарынын функциясын аткарып жатып, дидактикалык оюн балдардын өнүгүүсүнүн негизги каражаты катары кызмат кылат. Ал билимдерди өздөштүрүүгө, бекемдөөгө жардам берет.

Алар чоңдор тарабынан балдарды окутуу жана тарбиялоо максатында уюштурулат. Бирок ойноп жаткан балдар үчүн дидактикалык оюндардын билим берүүчүлүк мааниси ачыкка чыкпайт, оюндун маселеси аркылуу, оюндук иштер, оюн эрежелери аркылуу ал ишке ашырылат.

Дидактикалык оюн өз түзүлүшүнө ээ жана бир нече компонентти камтыйт:

1. Окутуучу маселе – негизги элемент, ага калганынын бардыгы баш иет. Балдар үчүн ал оюндай калыптанат. Ошентип, оюн маселесинде оюн ишмердигинин «программасы» ачылат. Мындан сырткары, анын жардамы менен аларды аткарууга болгон каалоо жеңге салынат. Көбүнчө оюн маселеси оюндун аталышынын өзүндө: «Сүреттелүш боюнча тап», «Тескерисинче айт» ж.б.у.с.

2. Оюн ишмердиги – бул оюн чөйрөсүндөгү баланын активдүүлүгүнүн жолдору: колун «керемет капка» салуусу, оюнчукту кармалап, аны сүрөттөө; өзгөрүүлөрдү көрүү жана атоо, отургучтагы оюнчуктардын өзгөрүүлөрүнө байкоо жүргүзүү, геометриялык чийиндүү тиричилик предметтерин тандоо. Оюн ишмердиги балдардын өнүгүү деңгээлинен көз каранды болуп өзгөрөт. Бирок дидактикалык оюндарды уюштурууда бир педагогикалык эреже бар: анын өнүктүрүүчү эффекти түзден-түз баланын оюн ишмердигинин мазмунуна жана түрүнө кез каранды. Эгер педагог дидактикалык оюнду өткөрүүдө ез алдынча аракет кылса, ал эми балдар байкоо жүргүзүп, кээде гана сүйлөшсө, анда анын тарбиялык баалуулугу жоголот.

3. Эреже оюндун мазмунунун ишке ашырылышын камсыздайт. Алар оюнду демократиялаштырат, башкача айтканда, аларга оюндун бардык катышуучулары баш иет. Керек болсо бир дидактикалык оюндун ичиндеги эрежелер бири-биринен айырмаланышат. Бир катар эрежелер балдардын жүрүм-турумуна жана таанып-билүү ишмердигине багытталат, оюн ишмердигинин аткарылыш шарттарын жана мүнөзүн аныктайт, алардын уланмалуулугун бекемдейт, оюн ойноочулардын ортосундагы мамилени женге салат. Башка эрежелер баланын кыймыл активдүүлүгүн чектейт, аны башка нукка бурат, ошонусу менен бирге окутуунун маселесин татаалдаштырат. Кээ бир оюндарда кандайдыр бир иш-аракеттерди чектеген эрежелер бар. Тыюу салуучу эрежелер баланын ез жүрүм-турумуна текшерүү жүргүзүүнү кучөтөт.

Үйрөтүүчү маселе менен оюн ишмердиги, эрежелердин ортосунда тыгыз байланыш бар. Үйрөтүүчү маселе оюн ишмердигин аныктайт, ал эми эреже оюн ишмердигин ишке ашырууга жана маселени чечүүгө жардам берет.

## Салттуу дидактикалык оюндар төмөнкүчө бөлүнөт:

1. предметтер менен оюндар;
2. басма-тактада ойнолуучу оюндар;
3. сөз оюндары;
4. сөздүк оюндар.

1. **Предметтер менен ойнолуучу дидактикалык оюндар** оюн материалы боюнча, мазмуну, оюнду өткөрүүнү уюштуруу боюнча ете кеп түрдүү. Дидактикалык материал катары оюнчуктар, реалдуу предметтер, жаратылыш объектилери колдонулат. Предметтери менен оюнчуктарды колдонуу педагогго теменкү маселелерди чечүүге жардам берет: балдардын билимин кеңейтүү жана бекемдееге, ой жүгүртүү операцияларын өнүктүрүүгө, сүйлөө кебин калыпка салууга, жүрүм-турумдун эркиндигин тарбиялоого жана баланын эс тутумун, кеңүл буруусун жөнгө салууга.

Предметтер менен ойнолуучу оюндар арасында өзгөчө орунду сюжеттик-дидактикалык жана оюн-инсценировкалар ээлейт. Ал эми оюн-инсценировкалар түрдүү тиричилик жагдайларын элестетүүнү, адабий чыгармалар, жүрүм-турум ченемдери тууралуу элестетүүлөрүн бекемдеөгө жардам берет.

2. **Столдун үстүндөгү басма оюндар** мазмуну, үйрөтүүчү маселеси боюнча көп түрдүү. Алар балдарды айлана-чөйрө менен тааныштырууга дүйнө тууралуу элестетүүлөрүн бекемдөөгө жана кеңейтүүгө, билимин систематизациялоого, ой жүгүртүү процессин өнүктүрүүгө жардам берет. Мында оюндун негизинде окшоштугу боюнча тандалган жуп сүреттер: лотонун түрдүү типтери, домино, кесинди сүрөттөр, туташ кубиктер ж.б.у.с. оюндар алдыга чыгат.

3. **Сөз оюндары** сөз өстүрүүдөн тышкары угуу жөндөмүнүн жардамы менен эмоционалдык түзүлүштү пайда кылат, ой жүгүртүү операцияларын калыпка салат, реакциянын тездиги иштелип чыгат, тез арада чечим кабыл алуу билгичтиги калыптанат. Мисалы, «Тескери айт» оюнун ойноодо бала топту кармап алуу менен бирге дароо антоним айтат.

4. **Сөздүк оюндар** оюнчуктар, предметтер, сүрөттөр менен жана вербалдык негизде ойнолот. Оюн ишмердиктери сөздүк оюндарда пассивдүү сөздүк корун активдештирүүгө жардам берет. Жаңы сөздөр киргизилбейт. Эгер педагог жаңы сөздөрдү айтууга умтулса, ал оюн ишмердигине суроо-сапкытсыз кирет жана балдарды оюндан алаксытат, бул болсо оюндун бузулушуна алып келет. Сөздүк-дидактикалык оюндар түрдүк жана уруулук түшүнүктөрдү өнүктүрүүгө, жалпыланган маанидеги сөздөрдү өздөштүрүүгө жардам берет. Мындай оюндарда бала буга чейин алган билимдерин жана сөздөрүн ал үчүн жаңы болгон жагдайда колдонууга мажбур болот. Дидактикалык оюндардын материалын тандоо сөздүк жумуштун маселеси менен аныкталат. Тиричилик сөздүгүн активдештирүү үчүн тиричилик предметтерин элестеткен оюнчуктар же сүрөттөр тандалат. Жаратылыш таануу сөздүгүн активдештирүү үчүн жаратылыштык материал тандалат. Оюнду так жетектөөнүн бирден-бир шарты болуп өздөштүрүлө турган сөздөрдүн тизмеси саналат.

6 жашта баланын инсандыгы жалпысынан өнүгөт, аң-сезим өсөт. Бала жалпы элестетүүлөрдүн негизинде ой жүгүртүп баштайт, анын көңүл буруусу максаттуу багытталган, туруктуу боло баштайт, кызыкчылыктардын айлампасы кеңеет, практикалык ишмердик женге салынат. Бул куракта балдар чоңдордун тиричилик сөздүгүнө ээ жана кебинде жалпыланып, айырмаланган түшүнүктерге – кайгы, кубаныч, чечкиндүүлүктү түшүнүп калышат.

Алардын сөзгө, анын берген маанисине болгон ири кызыгуусу пайда болот, ошондой эле өз сөздүгүндө керектүү сөздү таппай калган учурда, сөз жаратуу чыгармачылыгы («өзү атуучу» тапанча, «өзү жүрүүчү» машине) байкалат. 6 жашка келгенде баланын сөздүгүндөгү көпчүлүк сөздөрдү зат атоочтор – 42% жана этиштер – 43% түзөт. Сын атоочтор менен тактоочтор 7% жана 6%ды, кызматчы сөздөр 2%га жакынын түзөт.

Бул куракта сөздүк кор төмөнкүлөрдүн эсебинен:

- заттардын атын атоодон, сапаттардан, иш-аракеттерден;
- сөздүктү активдештирүүдөн жана көпкө заттардын мааниси боюнча туура келген белгилерин, сапаттарын камтуудан;
- мааниси карама-каршы сөздөрдү тандоону билүүдөн *(күчтүү – алсыз, туруу – качуу);* окшош маанидеги сөздөрдү тандоону билүүнү калыптандыруудан *(көңүлдүү – кубанычтуу);*

- материалды билдирген сөздөрдү колдонуудан *(жыгач, металл, айнек ж.б.);*
- табышмактатып берилген образдуу нерселерди түшүнүү, макалдардын маанисин түшүндүрүп берүүдөн кеңеет.

Балдардын кеби сыпаттын көлөмүнүн айырмасын билдирген сын атоочтор аркылуу байыйт (өңдөрдүн өңүттөрү, заттардын абалы, көлөмдүн айырмалары, формасы ж.б.). Баланын сөздүгүнө кыймылды мүнөздөгөн тактоочтор киргизилет: тоок *шашып* жемди чокуп жатат; булуттар *каалгып* жылып келе жатышат. Сөздөрдү так жана тез тандоону билүү көндүмүн бекемдөө үчүн төмөнкүлөргө багытталган оюндар сунушталат, алар:

- балдар тарабынан заттардын аталыштарын жана алардын сапаттарын колдонуу;
- заттардын классификациясы жана аларды жалпылоо, мисалы, «Ким кеп сөз ойлоп табат?», «Тескери айт», «Башкача айт» сыяктуу оюндарда, адаштыруучу оюндарда ж.б. Ошентип, дидактикалык оюндар балдардын сөздүгүн калыптандыруунун маанилүү каражаттарынын бири болуп саналат.

## Сюжеттүү-ролдук оюндар

***Сюжеттүү-ролдук оюндар балдар тарабынан жаралган, оюндагы активдүүлүк ойлонулган нерсеге, сюжеттин өнүгүүсүнө багытталган оюндар болот. Сюжеттүү-ролдук оюндардын маанилүүлүгү баланын өнүгүүсү үчүн систематикалык таасир этүүнү талап кылат. Бирок сюжеттүү-ролдук оюндар – балдардын өз алдынча ишмердиги, ошондуктан педагог сабактарга даярдангандай, оюндардын эрежелерин билгендей алдын ала бардык ыкмаларды башкарууну биле албайт.***

Балдардын бардык ишмердигиндегидей оюнда педагогго алып баруучу роль таандык, анда алар балдарды көп нерсеге үйрөтүшөт, моралдык сапаттарын калыптандырышат. Ошентсе да балдарды педагог тарабынан белгиленген оюндун сюжетин үйрөтүү, көрсөтмө боюнча ойнотуу тажаткан шаблонго алып келет, балдардын элестетүүлөрүн басмырлайт, оюнду педагогикалык маанилүүлүгүнөн ажыратат.

Эң татаалы жана маанилүүсү – маселени жана балдарды оюнда тарбиялоо ыкмаларын ой элегинен өткөрүү: аларды кантип бириктирүү керек, ролдорду кантип бөлүштүрүү керек, ойлонулган нерсени аягына чыгаруу болуп эсептелет. Мында бардык жамаатка коюлгандай, балдарга да маселе коюлушу керек.

Белгилүү болгондой, оюн баланын тигил же бул кубулуш тууралуу конкреттүү элестетүүсү пайда болгон учурда, бала үчүн күчтүү эмоционалдык таасир берген мезгилде пайда болот. Ошондуктан оюндун темасынын тандалышына негизги жол балдардын жогорудагыдай элестетүүлөрүн жаратуу болуп саналат. Чоңдордун эмгеги менен таанышуу, коомдук жашоодогу окуяларга аралашуу, көркем чыгармаларды окуу жана айтып берүү, жомокторду окуу, фильмдерди көрүү оюндар үчүн материал болуп берет жана фантазияны өнүктүрөт.

Көбүнчө жакшы оюндар балдардын демилгеси менен жаралат. Мындай учурда өз убагында кызыктуу идеяны колдоп, аны ишке ашырууга болгон күч-аракетти жумшоо керек.

Өзгөчө оюндун сюжети өнүгүү учурунда педагогдун ролу татаал болот. Оюнга даярдануу учурунда балдар өз ролдоруна кире электе, оюндун сюжети болжолдуу гана болгондо педагог катышуучулардын ойлоп табуусуна урматтап мамиле кылуусу, аларга кеңеш берүүсү, алардын жүрүм-турумун уюштуруусу керек.

Оюндун жүрүшүндөгү баланын өзү жараткан образды олдоксон кийлигишүү менен бузуп алуусунда педагог көнүл кош көрүүчү болуп турбашы керек, ал кызы ооруп калган апанын көңүлүн жубатышы керек. Зор кызыгуу менен кеме сүзүүчүлөрдүн саякатындагы кыйынчылыктары тууралуу аңгемелерин угуусу керек. Мындай педагог оюндун андан аркы өнүгүүсү үчүн кеңешин бере алат, өзгөчө эгер ага катышуучу катары кайрылышса. Мисалы, апага ооруган кызын ооруканага алып баруу керектигин айтуу керек. Мындай кеңештер оюндун маңызын байытат. Кээ бирде педагог оюндун катышуучусу болот, өзүнө кандайдыр ролду алат, ал роль башкы эмес, эпизоддук болот, бирок бул роль аркылуу ал тымызын оюнду багыттап, башкара алат, балдардын элестетүүлөрүн ойготот, жыйынтыгында балдар өздөрү мурун билбеген жаңы эпизоддор жаралат. Мисалы, театрдын көрүүчүсү ролунда болуу менен билеттин кайда сатыларын сурайт, ошентип, балдарга кассаны жасоо идеясын берет; сатып алуучу катары дүкөндөн сатыкта жок товарларды суроо менен эртеңки күнгө ошол товарларды алып келүүсүнө өбөлгө болот.

? Сюжеттүү-ролдук оюндарды уюштуруу менен педагог төмөнкү жагдайларды эске алуусу керек:

- Оюн үчүн жер табуу керек жана ал ойноочу балдардын санына, жаш курагына дал келүүсү керек.
- Оюнчуктарды, материалдарды тандоо, балдардын жалпы өнүгүү процессиндеги бардык материалдарды талапка ылайык жаңыртып туруу.
- Оюнда жашоонун социалдык, оң жактарын чагылдыруу.
- Аңгемелешүүнүн жардамы менен балдардын оюнга болгон кызыгуусун өнүктүрүү.

## Театрлаштырылган оюндар

Театрлаштырылган оюндарды эки негизги топко бөлүп караса болот: режиссердук оюндар жана драмалашкан оюндар.

Режиссердук оюндарга төмөнкүлөр кирет:

- стол үстүндөгү;

- көлөкөдөгү театр;
- фланелеграфтагы[1] театр.

Жогоруда саналган театрлаштырылган оюндарды колдонууда бала аткаруучу болуп саналбайт, ал сценаны жаратат, келемдүү же жалпак оюнчук каармандын ролун аткарат. Анын интонациясын, мимикасын туурайт. Анткени ал оюнчук да.

Драмалашкан оюндар ролду аткаруучунун өз иш-аракетине негизделет жана ал бибабо куурчагын колдоно алат, ал манжаларга кийгизилет. Бала же чоң киши бул учурда өзү ойнойт жана, албетте, өзүнүн билдирүү каражаттарын – интонациясын, мимикасын, пантомиманы колдонот. Баланын пантомимасы чектелген. Анткени ал аз кыймылдуу же кыймылсыз фигура, оюнчук менен аракет кылат да. Фланелеграфты колдонууда даяр же педагог, ата-эне тарабынан жасалган каармандар колдонулат.

Стол үстүндөгү театрда каармандарды, сүрөттөрдү, декорацияларды эки жактуу кылып жасоо керек жана алар табигый материалдардан жасалып, баланын ден соолугуна терс таасирин тийгизбеши керек. Мында фантазия чектелбейт, башкысы оюнчуктар менен жасалгалар столдун үстүндө бекем турушу жана ары-бери жылдырганда ыңгайсыздыкты жаратпашы абзел.

Сүрөт канчалык бийик болсо, таянуу аянты ошончолук салмактуу болуусу зарыл. Оюнчуктардын, сүрөттөрдүн иш-аракети стол үстүндө чектелүү, бирок аларды ордунан жылдыруунун, көтөрүүнүн, чуркоону, секирүүнү, басууну тууроонун кажети жок. Каармандын абалы, маанайы алып баруучунун үнүнүн интонациясы аркылуу берилет – кубанычтуу, кайгылуу, аянычтуу. Оюн башталгыча каармандарды катып койгон оң болот. Иш-аракет учурунда алардын пайда болушу балдардын кызыгуусун жаратат. Дубалга театрлаштырылган оюн динамикасын колдонууда окуялардын уланмалуулугун бири-бирин улантып алмаштырган иллюстрацияларды колдонуу жеңил болот. Саякат-оюндар үчүн дубал-китепчени колдонуу ыңгайлуу, аны тактанын ылдый жагына бекемдөө зарыл (класстык, магниттик ж.б.). Жогорку бөлүгүнө саякаттоочу унааны жайгаштыруу керек. Саякат учурунда алып баруучу (башында педагог, андан кийин бала) дубал-китепченин барактарын ачуу менен түрдүү сюжеттерди демонстрациялайт, анда жолдон кезигүүчү окуялар, кездешүүлөр чагылдырылат.

Драмалашкан оюндарга катышуу менен бала образга кирет, ага айланат, анын жашоосу менен жашайт. Драмалашкан оюндар үчүн каармандардын белгилери – атрибуттар чоң мааниге ээ жана анын типтүү касиеттерин билдирет. Мисалы, кагаздан кесилип жасалган жаныбарга мүнөздүү бет капты, баш кийимди, курду (улуттук кийимдин элементин) ж.б.у.с. бала киет. Образды интонациянын, ролдун, мимика, жест, кыймылдын жардамы менен өзү түзүүсү керек. Эгер сизде роль аткаруу үчүн костюм толугу менен жок болсо, өзүңүздү, башкаларды дагы аны табуу үчүн кыйнабашыңыз керек. Балдар менен чогуу каармандын мүнөздүү белгисин аныктап, энбелги (эмблема) даярдоо максатка ылайык жана ал энбелги ошол каарманды билдирип туруусу керек.

[1] Фланелеграф – балдарга арналган көрсөтмө окуу куралы, фланель менен капталган такта, бул тактага кесип алынган фигуралар бекитилет. Фланелеграф илгертен бери бала бакчаларда, башталгыч мектепте жана чиркөөдөгү балдар сабактарында колдонулуп келет. Фланелеграфты жасоо абдан эле оңой, ал эми анын оюн жана окутуу ишмердүүлүгүнө берген мүмкүнчүлүктөрүн тарбиячынын жана балдардын фантазиясына жараша колдонсо болот.

Балдарды эң башкысы – өз ролдорун кандай аткара тургандыгы кызыктыргандай жагдай жаратуу абзел. Аны менен бирге так аткарууну талап кылбаңыздар, оюн убагында балдардын маанайын бузбоо шарт. Акырындык менен башка балдарга байкоо жүргүзүү, ролду кайталоо аркылуу билгичтик калыптанат.

Драмалашкан оюндардын учурунда манжа атрибуттарын бала манжаларына драмалаштыргандай киет, өзү колундагы каармандын кыймылга келишине таасир этет. Оюндун жүрүшүндө бала бир же бардык манжалары менен жипти тартып, текстти айтат. Белмөдө эркин басуу менен дагы бул иш-аракеттерди алмаштырууга болот.

Манжа менен ойнолуучу театр бир нече каарманды көрсөткөндө жакшы натыйжа берет. Мисалы, «Чамгыр» жомогунда каармандар биринин артынан бири пайда болушат. Мындай спектаклди бир эле бала манжаларынын жардамы менен кергезсе болот. «Карышкыр жана жети улак», «Ак куу-каздар» жана башка жомоктордун каармандарын эки, үч бала кергезе алат. Мындай жомоктордун массалык сценка менен көргөзүлүшү манжалардын атрибуттарына жараша болот.

Оюнду уюштуруунун ыкмаларынан көрүнүп тургандай, эч качан баланы мажбурлабоо, ал үчүн кыялданбоо керек. Кызыктуу өнүгүү үчүн балдар сезимине кылдат таасир этүү зарыл жана иш-аракеттерди баланын аң-сезиминин енүгүшү үчүн туура багыттоо керек. Ушундай уюштурууда гана оюн ойноо чыгармачылыгы ийгиликтүү енүгет.

Жогоруда саналган усулдук сунуштарды оюн ишмердигинде колдонуу **педагог уюштуруу иштерин чыгармачылык менен жасаганда жана балдардын оюнга болгон кызыгуусун алардын оюн тажрыйбасын байытуу аркылуу ойгото алса, эффективдүү болот. Оюнду уюштуруу аркылуу педагог балдардын жеке демилгелүүлүгүн жана өз алдынчалуулугун өнүктүрөт.**

# II бөлүм

## Балдарды мектепке даярдоо программасынын предметтик чөйрөлөрү боюнча усулдук сунуштар

Бардык предметтик чөйрөлөр боюнча усулдук сунуштар баладан өз алдынча иштөөнүн аналитикалык жөндөмдөрүн жана көндүмдөрдү талап кылган милдеттерди камтыйт. Мисалы, сөз өстүрүү жана сабат ачуу боюнча тыбыштык сөз өстүрүү маданиятын тарбиялоого, сөздүк корду байытууга, көркөм окууга кызыктырууга багытталган сунуштар берилген. Мындан тышкары сюжеттүү сүрөттер боюнча аңгеме түзүү, берилген тема боюнча чыгармачылык менен сүрөт тартуу үчүн оюн тапшырмалары берилген.

Сабак учурунда балдарга майда моториканы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр сунушталат. Балдар кагазды колдонууну, мейкиндикти башкарууну үйрөнүшөт, оюн аркылуу ойлонууга, элестетүүгө, тапшырманы аткарууга үйрөнүшөт. Маселени чечүү үчүн балдардын өздүк дүйнө таанымын, коомдук жашоонун кубулуштары, предметтери тууралуу билимди калыптандыруу үчүн практикалык иштердин усулдары колдонулат (тажрыйбалар, изилдөөлер, эксперименттер).

6 жаштагы балдар сүрөт тартканды, ийлеп-чаптаганды, кургайды (конструкциялоону) жакшы көрүшөт. Мындай мүнөздөгү тапшырмалар бардык сабактарга киргизилген. Предметтик чөйрөлөр боюнча усулдук сунуштарда өзгөче маани предмет аралык байланышка берилет, бул болсо балдардын практикалык тажрыйбасынын топтолушуна жана аны турмуштук жагдайларда колдонуусуна шарт түзөт.

Баланын өнүгүүсүнүн жана психологиялык комфорттун булагы болуп, албетте, өзүнүн кесиптик жүрүм-туруму, ой жүгүртүүсү, мамилеси менен педагог эсептелет. Педагогикалык ишмердикти ишке ашыруунун конкреттүү жолдору катары талап кылуу, буйрук берүү, агрессивдүү урушуу, катуу тартиптин ордуна суранууну, өтүнүүнү колдонуу жакшы натыйжа берерлиги сунушталат.

Мектепке чейинки куракта өзгөчө орунду тактилдүү байланыш ээлейт. Жагымдуу мамиле бала тарабынан эмоционалдык коопсуздук катары кабыл алынат. Позитивдүү байланыш жок болсо, бала эмне жөнүндө сөз болуп жаткандыгын түшүнбөйт.

Жекече колдоонун ыкмалары катары төмөнкүдей методдор жана ыкмалар сунушталат: кайраттандыруу, эмоционалдык чыңалуу абалынан оюндун жардамы аркылуу чыгаруу, баланын ар бир ийгилигин мактоо.

## 2.1. Дене өстүрүү боюнча усулдук сунуштар

Балдардын ден соолугун чыңдоо жана жашоосун коргоо, дене өсүүсүн жакшыртуу, баланын организминин эмгекке жарамдуулугун жогорулатуу жана функционалдык өркүндөтүү айрым көнүгүүлөрдү уюштурууда биринчи кезектеги милдеттер болуп саналат.

### Тизилүү көнүгүүсү

Тизилүү көнүгүүсү дене тарбия сабагында балдарды ийгиликтүү уюштуруунун бирден-бир зарыл каражаты. Алар балдардын дене түзүлүшүнүн туура калыптанышын жөнгө салат, мейкиндикте багыт алуу, көз менен өлчөө көндүмүн өнүктүрөт, шамдагайлыкты жана реакциянын тездигин шарттайт, уюштуруучулукту, тартиптүүлүктү калыбына келтирет.

Катарга тизүү көнүгүүлөрүндө төмөнкүлөр аныкталат:

- колоннага, сызыкка, айланага, жарым айланага, чачкынды тизилүү;
- колоннага экиден, үчтөн, төрттөн тизилүү; колоннадан айланага же бир нече айланага айлануу, бир сызыктан бир нече сызыкка айлануу ж.б.у.с.;
- ордунан бурулуу жана солго, оңго кыймылдар, айлануу, катарларды бириктирүү, катар менен жылуу.

Тизилүү кенүгүүлерүн аткарууда балдардын белгилүү бир татаалдыктагы кенүгүүлерду аткарууга даярдыгы жана кыймылдардын өз алдынчалуулугу стимулдаштырылышы керек.

## Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр

Мындай кенүгүүлөр – ден соолукту чыңдоо үчүн жакшы каражат. Алар кыймыл ишмердигин өркүндөтөт жана күн сайын эртең менен жасалуучу гимнастиканын мазмуну, дене тарбия сабактарынын негизги белүгү болуп саналат.

Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлердүн биринчи тобу ийин булчуңдарын жана колдорду чыңдоого багытталган.

Кенүгүүлөрдүн экинчи тобу – денени, арканын булчуңдарын чыңдоого жана өстүрүүгө багытталган.

Үчүнчү кенүгүүлөр тобу – курсак жана буттун булчуңдарын чыңдоого арналат.

Жалпы енүктүрүүчү көнүгүүлөрдү туура жасоо үчүн маанилүү болуп баштапкы абал эсептелет. *Баштапкы абал* – бул дененин, буттун, колдордун көнүгүүнү баштаардын алдындагы абалы. Аны өзгөртүү менен кыймылдуу тапшырмаларды жеңилдетип же татаалдаштырууга болот. Жалпы өнүктүрүүчү кенүгүүлерду туруп турган, отуруп, жарым отуруп турган, согончокко күч келтирип турган, тизелеп, бир тизелеп, полдо, гимнастикалык отургучта отурган абалда жасоо керек.

Мындай көнүгүүлөрдү жасоо үчүн дене тарбиялык инвентарларды (топ, айланма, кубиктерди, таяктарды, секиргичтерди) сунуштоого болот ж.б.

Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлерду аткарууда алты жашар баланын алдына төмөнкү милдеттер коюлат:

- түрдүү абалдарды жасай билүү;
- ири амплитуда менен көнүгүүлөрдү жасоо (дене бөлүктерүнүн кыймылынын көлөмдүүлүгү);
- кенүгүүлерду жана кыймыл техникасынын кээ бир элементтерин туура аткаруу (кыймылды аткаруунун жолдору);
- педагогдун түшүндүрүүсү боюнча үлгүге ылайык дененин айрым мүчелерүнүн кыймылдарын так сактоо;

- берилген темпке шайкеш кыймылдоо; музыканын, санактын коштоосунда кыймылдын ритмин сактоо, бир темптен экинчи темпке өтүү;
- буга чейинки көнүгүүнү эстей алуу, анын бөлүктөрүнүн аткарылыш жолдору жана эрежелери тууралуу айтып берүү, езүнүн жана курбуларынын кыймылдарын баалоону үйрөнүү;
- жөнөкөй көнүгүүлөрдү ез алдынча аткара билүү.

**Негизги кыймылдар** баланын дене өсүшүнө жана денесинин чыңдалышына өбөлгө болгон зарыл кыймылдар болуп саналат. Аларды кыймыл көндүмдөрүн үзгүлтүксүз калыптандыруу үчүн колдонот. Негизги кыймылдар 6 жаштагы балдардын денесинин түрдүү деформациясын (сколиоз, май тамандуулук ж.б.) коррекциялоо жана профилактикадан өткөрүүнү, ез кыймылдарын башкара билүүнү жөнгө салат.




**Басуу.** Бир эле кыймылды кайталоонун натыйжасында чыңалууну кезектештирүү жана булчуңдарды бошотуу ишке ашат. Бул алардын узак убакытка жогорку деңгээлде иштөө жендемүн камсыз кылат. Алты жаштагы балдарда басуу омоктуу жана жай темп, кеңири кадам жасоо менен мүнөздөлөт. Педагог ар бир баланын денесин туура, түз алып жүрүүсүнө, колдорун, буттарын башкаруусуна, дем алуусун жөнгө салуусуна (3 кадам – терең дем тартуу; 4 кадам – узак дем чыгаруу), ишенимдүү басуу манерасына көңүл буруусу керек.

**Чуркоо.** Иш-аракет колдорду жана буттарды жакшы башкарып, жеңил, тез, эркин, алдыга умтулган кыймылды иштеп чыкканга багытталат. Чуркоо бир топ жогорку ритмди, омоктуу тең салмактуулукту жана аракеттердин келишүүсүн талап кылат.

Алты жаш куракта балдар кыймылдарын жакшы башкарып, багытын сактоо менен аларга жеткиликтүү жүгүрүү техникасына ээ болушу керек.

**Жөрмөлөө.** Жөрмөлөө боюнча көнүгүүлөр колдоруна жана буттарына таянып, тосмолдуктарды өтүүсүнө багытталат. Бул кенүгүүлөрдө колдун жана буттун ири жана майда булчуңдары өнүгөт. Жермелөө полго жаткан абалда же гимнастикалык дубалга же арканга желенген жантык скамейкада, стремянкада аткарылат. Участоктогу

стандарттуу эмес жабдууларды – тосмолорду, горкаларды ж.б. пайдаланса да болот. Бул иш-аракеттерди аткарууда кыйналган балдарга дубалда туруп жөрмөлөөнү тууураган кыймылдарды же ушул эле кыймылдарды полдо, скамейкада жасоону сунуштоого болот.

**Секирүү.** Системалуу көнүгүү процессинде балдар акырындык менен зарыл кыймылды башкарууга көнүгө беришет. Алты жаштагы балдар узундукка жана ордунан 30 см бийиктикке жана 100 см кем эмес узундукка секирүү техникасынын элементтерин өздөштүрүшү керек болот. Педагог катуулап чуркоого, өз учурунда жана энергиялуу түртүүгө, ошондой эле ордунан бийиктикке секирүүдө жерге акырын түшүүсүнө көңүл бурушу зарыл.

**Ыргытуу** булчуңдардын бардык топторун, айрыкча мүрүнү чыңап, ошондой эле ийкемдүүлүктү, чапчаңдыкты, тездикти, тең салмактуулукту жана кез болжолду өнүктүрүүгө жардам берет. Алты жаштагы балдар үчүн ыргытууга көнүгүү ар түрдүүчө болот: тоголотуу, ыргытуу жана тутуу, алыска жана бутага ыргытуу, тордон ашырып ыргытуу.

**Тең салмактуулук** адамдын мээ чел кабыгынын иштешин жакшыртат, дүүлүгүү жана тормоздоо процессин, вестибулярдык аппаратты, булчуң сезүүсүн тең салмакташтырат жана дененин бөлүктөрүнүн абалынын езгөрүүсүн, алардын башка жакка жылуусун баалоого жардам берет. Тең салмактуулукту өркүндөтүүдө машыгуу чоң роль ойнойт. Кичирейтилген таяныч аянтында кенүгүү процессинде текшерилет, анда денени жыкпай кармап туруу, олдоксон кыймылды токтотуу талап кылынат, мисалы, ичке такта, жыгач, рейка, устунда басуу, бир буттап туруу ж.б.

**Кыймылдуу оюн.** 6 жаштагы балдар үчүн кыймылдуу оюн ишмердиктин бирден-бир түрү болуп саналат. Кыймылдуу оюндар кубанычтын атмосферасын жаратат, ошондуктан төмөнкү дене өнүгүү маселелерин чечүү үчүн эффективдүү.

? Кыймылдуу оюндар эмне үчүн керек? Оюнду кантип кызыктуу кылса болот?

- Оюн ишмердиги аркылуу балдардын жалпы дүйне таанымы, курчап турган чейре жөнүндө билими кеңеет, сездүк кору толукталат, психикалык процесстери жакшырат (көңүл буруусу, эс тутуму, кабыл алуусу, ой жүгүртүүсү ж.б.у.с.).
- Оюнду тандоодо аны өткөрүүнүн шарттары эске алынуусу керек.
- 6 жаштагы балдарды оюн ойноо үчүн саноо аркылуу чогултууга болот (бир, эки, үч, чурка тезирээк ж.б.), түрдүү үндүк белгилерди берүү аркылуу (коңгуроо, үйлеме шарлар ж.б.).
- Оюнга кызыгууну жаратуу үчүн ар кандай атрибуттарды, мисалы, бет каптар, түрдүү жаныбарлардын кептери колдонулат.
- Оюнду түшүндүрүү кыска жана түшүнүктүү, эмоционалдуу, кызыктуу болушу керек. Балдарга оюндун сюжетин жест, имитациялоо аркылуу аткарууну сунуштоо зарыл.

- Ролдорду бөлүштүрүүнү балдардын жүрүм-турумун жамааттын ичинде тарбиялоо үчүн колдонуу зарыл.
- Педагог оюндун программалык мазмунунун ишке ашырылышына, балдардын кыймылына көз салуусу керек, ийгиликтүү аткарууну мактоо, жакшы жолун айтып берүү, өзү үлгү болуп жардам берүү.
- Кыймыл тажрыйбаларынын топтолгондугуна жараша оюнду татаалдаштыруу керек (өлчөмүн көбөйтүү, оюнчулардын ордун алмаштыруу, белгини өзгөртүү, эрежелерди татаалдаштыруу), бирок оюндун маңызын жана композициясын өзгөртпөө шарт.

Ошентип, кыймылдуу оюндар баланын инсандыгын өнүктүрүү үчүн жакшы каражат болуп саналат жана ал тездик, ыкчамдуулук, күч, чыдамкайлуулук жана ийкемдүүлүк сыяктуу сапаттарды калыптандырат.

? Оюн кандай дене сапаттарын өнүктүрөт?




**Ыкчамдуулук** кыймылдардын тез болушун талап кылган көнүгүүлөр аркылуу өнүгөт:

- жай жана тез темпте чуркоо;
- түз, диагональ боюнча тез чуркоо;
- максималдуу темпте кыска аралыкка чуркоо;
- шеригинин артынан чуркоо.

**Шамдагайлыкты** өнүктүрүү үчүн татаалыраак көнүгүүлөр керек:

- адаттагыдан тышкаркы баштапкы абалдарды колдонуу;
- түрдүү абалдарды тез алмаштыруу;
- кыймылдын ылдамдыгын өзгөртүү.

**Күч жөндөмдүүлүктөрүн** өстүрүүчү көнүгүүлөр эки топко бөлүнөт:

1. карама-каршылыкка ээ көнүгүүлөр, мында предметтер оор салмактуу;
2. дененин салмагын оорлотуучу көнүгүүлөр (секирүүлөр, жылмышып чыгуулар, отуруп-туруулар).

**Чыдамкайлуулукту** өнүктүрүү үчүн баарынан көбүрөөк циклдик мүнөздөгү басуу, чуркоо, секирүү, ыргытуу ж.б. көнүгүүлөр ылайык келет.

**Ийкемдүүлүктүн** өнүгүүсү жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү колдонуу аркылуу ишке ашат (предметтер менен предметтерсиз).

Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды мүмкүн болушунча тигил же бул спорттук-чыңдоочу ишмердикке тартуу керек. Дене тарбия жана дарылоо-дене тарбия педагогунун ишинин негизги принциби балдарды мектепте окутуу процессинде проблемаларына комплекстүү мамиле жасоо болуп эсептелет.

Дене тарбия сабагында окуучулардын дене даярдыгына гана тиешелүү эмес, башка даярдыктарга да тиешелүү максаттар коюлат. Биринчи кезекте баланын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн, анын инсандык потенциалын максималдуу түрдө ачуу үчүн шарттар түзүлөт.

Дене тарбия педагогунун ишинин формасы жана усулу баланын оң эмоционалдуу абалын жөнгө салууга багытталган. Негизги басым спорттук оюндарга жасалат, мында балдар ез оорулары тууралуу убактылуу унутушат. Сабактарда атайын медициналык көрсөтмөлөргө ээ комплекстер колдонулат. Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн теннис, мини-футбол, баскетбол боюнча турнирлер өткөрүлүп, тренажердук залдар активдүү пайдаланылат.

## «Дене өстүрүү» (тарбия) предмети боюнча сабактардын болжолдуу конспекти

### 1-сабак

| | |
|---|---|
| **Программанын мазмуну** | Тез чуркап барып, узундукка секирүүгө үйрөтүү. Эки колдоп көкүрөктөн ылдый топту ыргытканга көнүктүрүү. |
| **Куралдарды даярдоо** | Топтор. Секирүүгө аң даярдоо. |
| **1-бөлүм: басуу** | Согончок жана буттун башы менен басуу. 3 мүнөт 20 секундда (300 м) шашпай чуркоо, анын ортосунда 2-3 жолу педагогдун командасы менен балдар ар кайсы жакка чачылып чуркашат, кайра өздөрүнүн ордун табышат. 3-4 жолу терең дем алып, кайра демди чыгарып басуу. 4 кишиден 4 колоннага кайра тизилүү. |
| **2-бөлүм:**<br>**жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр** | 1) Баштапкы абал (мындан ары – б. а.): негизги тик туруу. 1 – колдорду алдыга сунуу; 2 – колдорду жогору көтөрүү; 3 – колдорду эки жакка жаюу; 4 – б. а. (6-8 жолу).<br>2) Б. а.: 1-2 – колдор көкүрөк алдында. 3-4 – бүктөгөн эки колду артка силкүү; 5-6 жолу колдорду түз артка силкүү.<br>3) Б. а.: негизги тик туруу. 1 – колдор жогору, ийилген; 2 – эңкейүү, кол менен буттун башына жетүү (6-8 жолу).<br>4) Б. а.: эки кол белде, буттар ийиндин жазылыгында. 1 – оң жакка ийилүү, оң кол тулку бойдон ылдый сыйгаланат, сол кол жогору көтөрүлөт; 2 – б. а. 3-4 – сол жак менен кайталоо (6-8 жолу).<br>5) Б. а.: негизги тик туруу.1 – отуруу, колдор астыга созулат, ийин түз; 2 – б. а. (8-10 жолу).<br>6) Б. а.: колдор белде. 1 – секирип бутту ажыратуу; 2 – секирип бутту бириктирүү (12-16 жолу). Колоннага бирден тизилүү. |
| **Негизги кыймылдар** | 1) 2 мүн. 20 сек. (200 м) орточо ылдамдыкта жүгүрүү. Басуу. Гимнастикалык скамейканын жанына 3 колоннага тизилүү.<br>2) 5 – 6 м жүгүрүп, балдар поток менен узундукка секиришет. Жүгүрүү ылдамдап турушу керек; акыркы 2-3 кадамда ылдамдык 5-6 жолу жогору болушу керек.<br>3) 1 мүн. 20 сек. (200 м) орточо ылдамдык менен чуркоо. Басуу, балдар эки колоннага тизилет. Бир колонна топторду алышат.<br>4) Топту ылдыйдан ыргытуу, андан кийин экөөлөп эки колдоп көкүрөктөн 2,5 м аралыгынан топту акырындап тосуу. 2,5 м (4-5 мүн.). Колоннага бирден тизилүү. Балдар топторду оюндун жүрүшүндө тизет.<br>5) 3 мүн. 20 сек. (300 м) шашпай чуркоо. Басуу. |

| | |
|---|---|
| **«Келгин куштардын учуушу» оюну** | Балдар бири-биринин артынан куштардын учканын туурап, аянтчада жай чачылып чуркашат.<br>Педагогдун: «Шамал», «Бороон» ж. б. сигналы боюнча балдар гимнастикалык түркүккө чуркашат жана жаан-чачындан бакка чыгып жашынышат.<br>Андан кийин педагог айтат: «Күн чыкты!» Балдар бактан түшүп, кайра аянтчада чуркашат. Оюн 4 – 5 жолу кайталанат. |
| **3-бөлүм** | Шашпай чуркоо. Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү (терең дем алуу, демди чыгаруу). |

**2-сабак**

| | |
|---|---|
| **Программанын мазмуну** | Жазы скамейкада түз жана каптал менен чуркоого үйрөтүү. Кезектүү кадам менен гимнастикалык дубалда жермөлее гимнастикасына көнүктүрүү. |
| **Куралдарды даярдоо** | 4 гимнастикалык скамейканы аянттын туштарына коюу. |
| **1-бөлүм: басуу** | Буттун башы жана согончогу менен басуу. 3 мүн. 20 сек. (300 м) шашпай чуркоо, ошол мезгилде балдар башында аянтчанын бир жагы менен тизени бийик көтөрүп чуркап, андан кийин кенен кадам менен басышат. Басуу. 3-4 терең дем алуу жана демди чыгаруу. 4 колоннага тизилүү. |
| **2-бөлүм: жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр** | 1) Б. а.: негизги тик туруу. 1 – колдорду четке; 2 – колдорду жогору көтөрүү – жогору кароо; 3 – колдорду четке; 4 – б. а. (8-10 жолу ылдам).<br>2) Б. а.: буттар ийиндин туурасында, колдор көкүрөктүн астында. 1-2 – бүктөлгөн колдор менен артка силкинүү; 3-4 – түз колдор менен артка силкинүү (7-8 жолу).<br>3) Б. а.: буттар ийиндин тушунда, колдор белде. 1 – оң жакка эңкейүү, оң кол тулку бой менен жогору сыйгаланат, сол кол ылдыйда; 2 – б. а.; 3-4 – ошол кыймыл башка жакка карата кайталанат (8 жолу).<br>4) Б. а.: ошол эле. 1 – отуруу, колду астыга сунуп, алдыны кароо, ийиндер түз; 2 – туруу (10-12 жолу).<br>5) Б. а.: колу белде, бир буту астыда, экинчиси артта. Санак боюнча секирет, буттун абалын алмаштырып турат (15-20 жолу). |

| | |
|---|---|
| **Негизги кыймылдар** | 1) 1 мүн. 20 сек. (200 м) орточо ылдамдыкта жүгүрүү. Басуу.<br>2) Балдар кадамдап поток менен жазы гимнастикалык скамейкада: башында түз, андан кийин туурасынан чуркашат (2-3 тегеренет).<br>3) 1 мүн. 20 сек. (200 м) орточо ылдамдыкта жүгүрүү. Басуу. Гимнастикалык дубалда 3 колоннага тизилүү.<br>4) Биринин артынан бири кезек кадам менен жогорку тепкичке жөрмөлөө. Колдору менен кармап, балдар кошуна тепкичке өтүшөт да, ылдый түшөт (4-5 жолу).<br>5) 3 мүн. 20 сек. (300 м) шашпай чуркоо. Басуу. |
| **«Үйүр» оюну** | Балдар малчы менен карышкырды тандашат, калгандары койлор болот. Карышкырдын үйү токойдо, койлордун эки үйү бар: аянтчанын эки жагында. Койлор малчыны катуу чакырат:<br><br>Малчы, малчы,<br>Чооруңду ойно!<br>Малды айда талаага,<br>Жумшак чепкө,<br>Таттуу шүүдүрүмгө,<br>Көңүл ачсын эркиндикте!<br><br>Малчы койлорду талаага чыгарат, алар басышат, чуркашат, секиришет, чөптү жулуп жешет. Малчынын сигналы «Карышкыр!» – бардык койлор үйгө, аянтчанын ары жагына, чуркашат. Малчы карышкырдын жолун тосуп, койлорду коргойт. Карышкыр кармаган койлор оюндан чыгышат. Койлор чыккан үйүнө кайра киргенге болбойт. Карышкыр койлорду кармабайт, колун тийгизет. Малчы карышкырдан койлорду тосот, бирок аны колу менен кармабайт. |
| **3-бөлүм** | 3 мүн. 20 сек. (300 м) шашпай чуркоо. Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү. |

**3-сабак**

| | |
|---|---|
| **Программанын мазмуну** | Колдун жардамы жок баштыкчаны башына коюп отуруп, турууга үйрөтүү. Гимнастикалык түркүктөртүн ортосунан өтүүгө көнүктүрүү. |
| **Куралдарды даярдоо** | Баштыкчалар бардык балдарга жетиши керек, 2 узун жип болот. |

| | |
|---|---|
| **1-бөлүм: басуу** | Экиден тизилүү. 3 мүн. 20 сек. (300 м) шашпай экиден чуркоо (колдорду кармабай). Басуу. 4 колоннага тизилүү. |
| **2-бөлүм: жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр** | 1) Б. а.: колду ийинге коюп, колдорду жумуп, 1 – колдорду ейде көтөрүп, манжаларды ачуу; 2 – б. а.: (сергек 8-10 жолу).<br>2) Б. а.: негизги тик туруу. 1-2 – колдорду түз кармап, астыга айлантуу, манжалар түйүлгөн; 3-4 – артка айлантуу (4-5 жолу).<br>3) Б. а.: колдор белде. 1 – колдор жогору көтөрүлөт, ийилип, жогору карайт; 2 – астыга эңкеет, колду буттун башына жеткирүү (8-10 жолу).<br>4) Б. а.: кол белде, буттар алыста. 1 –- оңго эңкейүү; 2 - б. а.; 3-4 – ошону башка жакка карата кайталоо (8-10 жолу, тездикте).<br>5) Б. а.: колдор эки жакка жайылат. 1 – оң бутту астыга, анын алдында эки алаканды чабуу; 2 – б. а.; 3-4 – башка бут менен кайталоо (8-10 жолу).<br>6) Б. а.: колдор белде, оң бут астыда, сол бут артта. Секирип, буттардын абалын алмаштыруу (8-10 жолу). |
| **Негизги кыймылдар** | 1) 1 мүн. 20 сек. (200 м) орточо ылдамдык менен чуркоо. Басуу. Иштин жүрүшүндө балдар баштыкчаларды алып, тегеректеп тизилишет.<br>2) (12-15 жолу) баштыкчаны колдун жардамы жок башына коюп отуруу.<br>3) 1 мүн. 20 сек. (200 м) орточо ылдамдык менен чуркоо. Басуу. Гимнастикалык дубалга 3-4 колоннага тизилүү.<br>4) Гимнастикалык дубалдын ортосунан бири-биринин артынан сойлоп етүү. Андан кийин дубалды айланып, өзүнүн колоннасынын артына тизилет (6-7 жолу).<br>5) 3 мүн. 20 сек. (300 м) шашпай чуркоо. Басуу. |
| **Оюн** | Педагог өзүнүн тандоосуна ылайык балдарга оюн ойнотот. |
| **3-бөлүм** | 3 мүн. 20 сек. (300 м) шашпай чуркоо. Басуу. Дем алуу көнүгүүсү. |

**4-сабак**

| | |
|---|---|
| **Программанын мазмуну** | Чуркап келип, бийиктикке жиптен секирүүдө бутун бүккенду үйрөтүү, топту бир кол менен ийинден түрткөнгө көнүктүрүү. |
| **Куралдарды даярдоо** | Топтор. 4 баштыкча жана жип. |
| **1-бөлүм: басуу** | Буттун башы жана согончок менен басуу. 3,5 мүн. (350 м) аянтчадан шашпай чуркоо, 3-4 жолу балдар чачылып чуркашат, кайра берилген команда менен колоннадан орундарын табат. Басуу. 4 колоннага тизилүү. |

| | |
|---|---|
| **2-бөлүм: жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр** | 1) Б. а.: колдор эки жакка жайылат. 1 – өзүн кучактоо, далыга чабуу – демин чыгаруу; 2 – б. а. – дем алуу (10-12 жолу).<br>2) Б. а.: 1 – оңго бурулуу, колдор эки жакка; 2 – б. а.; 3-4 – башка жакка карата аткарылат (5-6 жолу).<br>3) Б. а.: буттар ийиндин туурасында, колдор башты кармайт. 1 – оңго бурулат; 2 – б. а.; 3-4 – ушул эле, бирок башка жакка (5-6 жолу).<br>4) Б. а.: буттар кайчылашкан, колдор белде; 1 – буттун башына отуруу, колдор астыда, далы түз; 2 – б. а. (8-10 жолу).<br>5) Б. а.: колдор белде. (10-12 жолу чыбыктан секиргендей) эки буттап бир жактан экинчи жакка секирүү. |
| **Негизги кыймылдар** | 1) Орточо ылдамдыкта 1 мүн. 20 сек. (200 м) аянттан тышкары чуркоо. Басуу.<br>2) Чуркап келип, бийиктикке секирүү, жиптен өтүүдө бутун бүгүү (4 – 5 жолу).<br>3) Орточо ылдамдыкта 1 мүн. 20 сек. (200 м) аянттан тышкары чуркоо. Басуу. 2 колоннага тизилүү. Бир колоннадагылар топторду алышат.<br>4) (4 – 5 мүн). Бир кол менен топту ийинден ыргытуу. Колоннага бирден тизилүү. Балдар топту кайра чогултат.<br>5) 3 мүн. (300 м) шашпай чуркоо. Басуу. |
| **«Үйүр» оюну** | Аянтчада балдар шашпай чуркашат, канаттуулардын учканын туурайт. Алдыда жол башчы. Ал үйүрдү баштап, аянтчадагы кум салгычты, дебенү (же башка жасалгаларды) тегеретип, педагогдун көз алдында алып жүрет. 0,5-1 мүн. учуу улантылат (башчыны кууп жетүүгө уруксат жок). Педагог бубенди урганда үйүр чачылат. Ар бир канаттуу тез арада катуу жерди табууга аракеттенет (бак, дарак) же бир нерсенин үстүнө учуп чыгууга (дүмүр, кум салгычтын жээги жана башка жерлер) аракет кылат. Артта калган канаттуу оюндан чыгат. Жаңы башчы дайындалып, үйүр анын артынан башка жакка учат. Оюн 3-4 жолу кайталанат. Оюндун аягында кызыктуу маршрутту тапкан, керектүү темпти сактаган үйүр башчысы белгиленет. |
| **3-бөлүм** | 3,5 мүн. (350 м) шашпай чуркоодон басууга өтүү. Дем алуу көнүгүүлөрү. |

**5-сабак**

| | |
|---|---|
| **Программанын мазмуну** | Гимнастикалык дубалда баштыкчаны башына коюп отурууга жана турууга үйрөтүү. Гимнастикалык дубалда жермөлеп, кезеги менен кадам таштоого көнүктүрүү. |
| **Куралдарды даярдоо** | 2 таяк жана жип. 4 скамейканы тизип коюу, баштыкчалар. |

| | |
|---|---|
| **1-бөлүм: басуу** | 3 мүн. 20 сек. (300 м) шашпай чуркоо, ортосунда балдар аянтчанын эки жагында тизесин (15-20 см) бийик көтөрүп чуркашат. Басуу. 4 колоннага тизилүү. |
| **2-бөлүм:<br>жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр** | 1) Б. а.: колду ийинге коюу, манжалар жумулуу. 1 – колду өйдө көтөрүү, манжаларды бошотуу; 2 – б. а. (8-10 жолу);<br>2) Б. а.: оң кол өйдөдө, сол кол ылдыйда. Ар бир жолу санаганда колдун абалын өзгөртүү (10-12 жолу);<br>3) Б. а.: 1 – кол өйдө, ийилүү; 2 – астыга эңкейүү, колун буттун башына тийгизүү (8-10 жолу);<br>4) Б. а.: буттар ийиндин туурасында, кол менен башты кармоо; чыканакты четке жаюу. 1 – солго ийилүү; 2 – оңго ийилүү (6-8 жолу);<br>5) Б. а.: колдор жайылган. 1 – оң колду алдыга силкүү, бут менен таптоо; 2 – б. а.: 3-4 – ушуну башка бут менен кайталоо (6-8 жолу);<br>6) Б. а.: колдор белде. Эки буттап секирүү (15-20 жолу). |
| **Негизги кыймылдар** | 1) 1 мүн. 20 сек. (200 м) орточо ылдамдык менен чуркоо. Басуу. Басып баратып балдар баштыкчаларды алат, анан скамейкага турушат.<br>2) Отуруу. Педагогдун командасы менен бир, эки деген санакка баары баштарына баштыкчаларды коюп отурушат, колдорун астыга сунуп, ийиндерди түзөп турушат (15-17 жолу тыныгуу менен).<br>3) 1 мүн. 20 сек. (200 м) орточо ылдамдык менен чуркоо. Басуу. Гимнастикалык дубалдын астына 4 колоннага тизилүү.<br>4) Гимнастикалык дубалдан кезектүү кадам менен жермелөө. балдар биринин артынан бири башына чейин чыгып, кайра ылдый түшүшөт (4-5 жолу). Колоннага бирден тизилүү. |
| **«Алмашылган аттар» оюну** | Ойноочулар 3-4 командага бөлүнүшүп, сызыктын артына тизилишет. Сызыктын тушуна желекчелерди, тиреөчтү коюшат.<br>Сигнал боюнча командадагы биринчи оюнчулар эки буттап желекчелерге секирип жетиши керек, андан кийин желекчелерди айланып чуркап ордуна барышат. Андан кийин экинчилери чуркашат ж.б.у.с. Эстафетаны биринчи бүткөндөр – жеңүүчүлөр. Сызыктан желекчелерге чейинки аралык 20 м ашык болбошу керек. Секирүү туура болуш керек, колдун жардамы менен эки бут бир маалда түртүлөт. Чуркоо көрсөтүлгөн багытта (оң же сол жакка) болуш керек. |
| **3-бөлүм** | 3 мүн. (300 м) шашпай чуркоо. Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү. |

**6-сабак**

| | |
|---|---|
| **Программанын мазмуну** | Топту эки кол менен көкүрөктөн түртүп, ыргытууга үйрөтүү. Гимнастикалык скамейкага баштыкчаны башына коюп, отурууга көнүктүрүү. |
| **Куралдарды даярдоо** | Топтор, баштыкчалар, гимнастикалык скамейкаларды аянтчага жайгаштыруу. |
| **1-бөлүм:**<br>**басуу** | 3 мүн. (300 м) шашпай чуркоо. Балдар башында аянтчанын бир жагы менен чуркашат, тизесин бийик көтөрүп, андан кийин шыйракты чыгарып басуу. 4 колоннага тизилүү. |
| **2-бөлүм:**<br>**жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр** | 1) Б. а.: колдор ийинде, манжалар жумулган. 1 – колду өйдө көтөрүү, манжалар ачылат; 2 – б. а. (8-10 жолу).<br>2) Б. а.: оң кол – өйдөдө, сол кол – ылдыйда. Ар бир санак менен абалды алмаштыруу керек (10-12 жолу).<br>3) Б. а.: 1 – кол өйдө көтөрүлөт, ийилет; 2 – астыга эңкейип, колду буттун башына тийгизүү (8-10 жолу).<br>4) Б. а.: бут ийиндин туурасында, кол башты кармайт, чыканак жайылат. 1 – солго эңкеет; 2 – оңго энкеет (6-8 жолу).<br>5) Б. а.: колдор четке жайылат. 1 – оң бут менен алдыга түртүлөт, бут менен жерди таптоо; 2 – б. а.; 3-4 – ушуну башка бут менен кайталоо (6-8 жолу).<br>6) Б. а.: колдор белде. Эки бут менен секирүү (15-20 жолу). |
| **Негизги кыймылдар** | 1) 1 мүн. 20 сек. (200 м) орточо ылдамдыкта чуркоо. Басуу. Эки колоннага тизилүү. Бир колоннадагылар топторду алат.<br>2) Топту эки колдоп алакандап, бир бут астыда, экинчиси арттагы абалда манжаларды кенен жайып, көкүрөктөн түртүү. Түртүү манжалардын кыймылы менен бүтөт (4-5 мүн). Балдар экиден 2 м аралыгында турушат.<br>3) 1 мүн. 20 сек. (200 м) орточо ылдамдыкта чуркоо. Басуу. Оюн маалында балдар баштыкчаны алып, скамейкага чыгышат.<br>4) Гимнастикалык скамейкага башына баштыкчаны коюп отуруу (10-12 жолу). Колдун жардамысыз туруу.<br>5) 3 мүн. (300 м) шашпай чуркоо. Басуу. |
| **«Тыйынды котор» оюну** | Аянтчанын аркы тушунда старт менен финиш сызыкчалары белгиленет. Аянтчада кеп сандагы «тыйындар» (таштардан) чачылат. Ойноочулар старт сызыгына жакын тизилишет. «Жигиттер» деген сигнал менен финиш сызыгына карата «ат чабыш» башталат. «Ат чабышта» балдар токтобой «тыйындарды» эңкейип илип алышат. «Тыйынды» кеп чогулткан жеңүүчү болот. |
| **3-бөлүм** | 3 мүн. (300 м) шашпай чуркоо. Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү. |

## 7-сабак

| | |
|---|---|
| **Программанын мазмуну** | Гимнастикалык скамейканын үстүнөн чуркап, секирүүгө үйрөтүү. Топту көкүрөктөн эки колдоп ыргытууга көнүктүрүү. |
| **Куралдарды даярдоо** | Топтор. Орточо резина топ. 2 гимнастикалык скамейканы аянтчанын туурасына коюп, 3 тең бөлүккө бөлүү. |
| **1-бөлүм: басуу** | 3 мүн. (300 м) чуркоо, оюн маалында педагогдун командасы менен 3-4 жолу чуркоонун абалдарын алмаштырышат: шашпай, орточо ылдамдыкта (10-15 сек.) жүгүрүү, 4 колоннага тизилүү. |
| **2-бөлүм. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр (4-сабакты кара)** | |
| **Негизги кыймылдар** | 1) 1 мүн. 20 сек. (200 м) орточо ылдамдыкта чуркоо. Басуу.<br>2) Скамейканын үстүнөн чуркап секирүү. Балдар поток менен аянтчадан өтүшөт, андан кийин акырын чуркап биринчи, экинчи скамейкадан аттап өтүшөт. Аянтчанын аягына жетишет, кайрылып кайра скамейкадан секиришет (3-4 айланышат). Балдар кармалбай секиришет, жерге эки буттап жумшак түшүшөт.<br>3) 1 мүн. 20 сек. (200 м) орточо ылдамдыкта чуркашат. Басуу. 2 колоннага тизилүү. Бир колоннадагылар топту алышат.<br>4) Топту эки колдоп, экиден 2 м. аралыгында, кадамды астыга таштап, көкүрөктөн ыргытуу (4-5 мүн.). Бирден колоннага тизилүү. Балдар оюндун жүрүшүндө топторду чогултат.<br>5) 3 мүн. (300 м) шашпай чуркоо. Басуу. |
| **«Жоолук таштамай» оюну** | Балдар тегеректеп отурушат. Бир оюнду алып баруучу тандалат, колунда жоолугу бар. Ал тегеректи айланып, билгизбей жоолукту отургандардын биреөсүнүн артына таштайт. Эгерде жоолук түшкөнүн билип калса, аны кууп жетүүгө аракеттенет, жоолук таштаган качып, бошогон орунга отуруп калышы керек. |
| **3-бөлүм** | 3 мүн. (300 м) шашпай чуркоо. Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү. |

## 8-сабак

| | |
|---|---|
| **Программанын мазмуну** | Гимнастикалык тепкичтен бир дагы тепкичти калтырбай, кезек менен кадамдап өтүү, чуркап, гимнастикалык скамейкадан өтүү. |
| **Куралдарды даярдоо** | Кичине топ. 2 скамейканы аянтчанын туурасына коюу. |
| **1-бөлүм:**<br>**басуу** | Буттун башы жана согончогу менен басуу. 3 мүн. (300 м) шашпай чуркоо. Балдар 3-4 жолу 10-12 секунддан команда менен ортоңку ылдамдыктагы чуркоодон басууга етүшет. Басуу.<br>4 колоннага тизилүү. |

| 2-бөлүм. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр (5-сабакты кара) | |
|---|---|
| **Негизги кыймылдар** | 1) 3 мүн. (300 м) шашпай чуркоо. Басуу. Басып баратып, баштыкчаларды алышат.<br>2) Башында баштыкчалар, аянтчанын кыры менен басышат, буттун таманы узата жаткан жиптин үстүнөн басат (3 – 4 жолу айланат). Педагог тулку бойго коз салат. Балдар баштыкчаларды чогултат.<br>3) 1 мүн. 20 сек. (200 м) орточо ылдамдыкта чуркоо. Гимнастикалык түркүккө багыттап басуу.<br>4) Балдар гимнастикалык дубалдын бардык тепкичтеринен ыраатты менен биринин артынан бири өтүшөт.<br>5) 3 мүн. (300 м) орточо ылдамдыкта чуркоо. Басуу. |
| **«Үчүнчүсү ашыкча» оюну** | Балдар экиден (биринин артына бири) болуп, тегерек турушат. Эки оюнду алып баруучу тандалат, бири экинчисин кууйт. Максат качканга жетүү. Качкан бала бир жуптун астына тура калышы керек. Бала тура калган жуптун артындагысы качат. Эгерде ал качып кутула албаса, эки оюнду алып баруучу ролдору менен алмашышат. |
| **3-бөлүм** | 3 мүн. (300 м) шашпай чуркоо. Басуу. Дем алуу көнүгүүлөрү. |

**9-сабак**

| | |
|---|---|
| **Программанын мазмуну** | Гимнастикалык тепкичтен бир дагы тепкичти калтырбай, кезектүү кадам менен өтүүгө көнүктүрүү. |
| **Куралдарды даярдоо** | Жип, 2 таяк, 4 гимнастикалык скамейканы 1 м аралыгында аянтчанын жарымына бири-бирине параллель коюу. |
| **1-бөлүм:**<br>**басуу** | Буттун башы жана согончок менен басуу. 3 мүн. (300 м) шашылбай чуркоо орточо ылдамдыктагы чуркоого алмашат. Басуу. Тегерек тизилүү. |
| **2-бөлүм:**<br>**жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр** | 1) Б. а.: оң кол өйдө жакка көтөрүлөт, сол кол ылдыйда. Ар бир санак боюнча колдордун абалы алмашылат (10-12 жолу).<br>2) Б. а.: колдор ийинде, манжалар муштумда. 1 – колдор өйдө, манжалар ачылат; 2 – б. а.; 3 – колдорду четке жаюу, колдор ачылат; 4 – б. а. (6-8 жолу тез темпте аткарылат).<br>3) Б. а.: буттар ийиндин энинде, колдор белде. 1 – колдор өйдө, ийилүү; 2 – астыга (10-12 жолу акырын) эңкейүү.<br>4) Б. а.: буттар ийиндин энинде, колдор башты кармайт, чыканак эки тарапта. 1 – сол жакка эңкейүү; 2 – оң жакка энкейүү (8-10 жолу).<br>5) Б. а.: колдор белде. 1 – оң бутту бир тарапка алып коюу, буттун башын чоюу; 2 – б. а.; 3-4 – башка бут менен ошол эле кыймылдар (6-8 жолу) жасалат.<br>6) Б. а.: колдор белде. Эки бут менен секирүү (20-24 жолу). |

| | |
|---|---|
| **Негизги кыймылдар** | 1) 1 мүн. 20 сек. (200 м) орточо ылдамдык менен чуркоо. Басуу. Гимнастикалык скамейканын жанында 4 колоннага тизилүү.<br>2) Скамейканын үстүнде басуу. Бир скамейканын үстүндө балдар биринин артынан бири басышат (4-5 жолу). Балдар скамейканын четине келгенде педагог «кайрылгыла» деп команда берет.<br>3) 1 мүн. 20 сек. (200 м) орточо ылдамдыкта чуркоо. Басуу. Гимнастикалык дубалдын жанында 4 колоннага тизилүү.<br>4) Гимнастикалык дубалда ырааттуу кадам менен жөрмөлөө. Балдар биринин артынан бири дубалдын эң үстүнө, тепкичтин ары жагына өтүп, бир дагы тепкичти калтырбай ылдый түшүшөт. Кийинки бала жогору көтөрүлүп, көнүгүүнү 5-6 жолу кайталайт.<br>5) 3 мүн. (300 м) шашпай чуркоо. Басуу. |
| **«Өткүн» оюну** | Бардык балдар тегеректеп турушат. Андан кийин оюн башчысынын багыты белгиленет. Оюнду алып баруучу «дирижер» болуп, жаандын «симфониясын» баштайт, алаканын ушалайт. Кийинки бала кыймылдарды кайталап оюн башчысын туурайт. Андан кийинки үчүнчү бала экинчи турганды туурайт, ошентип бирден кошула башташат, баары оюнга киргиче баары ошол эле кыймылды тууурашат, улам өткүндүн жүрүшү ылдамдай берет. Андан кийин «дирижер» башка кыймылга өтөт, мисалы, манжалары менен тарсылдатат, жамбашка колу менен чапкылайт, буту менен жер тепкилейт. Калган оюндагылар биринчидегидей эле бирден кошулуу менен оюнду улантышат. Жаңы аракеттерге кезек жете элек болсо, оюндагылар мурунку кыймылды аткарышат. Оюндагы акыркы бала экинчи кыймылга киришкенден кийин, «дирижер» үчүнчү кыймылды баштайт ж.б.у.с. Ошол маалда шуулдаган шторм кайра күчөйт. Андан кийин «дирижер» акырындатып, «симфония» штормунун үнүн ылдыйлатат, жогоруда аталгандай акыркы жаандын тамчысынын үнү өчкөндө, кайра башка ыраатта уланат, аны акыркы оюндагы балдар улантат. |
| **3-бөлүм** | 3 мүн. (300 м) чуркоо. Басуу. Дем алуучу көнүгүүлөр. |

**10-сабак**

| | |
|---|---|
| **Программанын мазмуну** | Топту бир кол менен ыргытып тосуп алууга үйрөтүү. Гимнастикалык скамейканын үстү менен айланманын (обручтун) ортосунан басууга көнүктүрүү. |
| **Куралдарды даярдоо** | Бардык балдарга жеткен майда топтор. 4 гимнастикалык скамейка катар коюлат. Анын үстүлөрүнө 2 обруч коюлат. |
| **1-бөлүм:**<br>**басуу** | Буттун башы жана согончогу менен басуу. 3 мүн. (300 м) шашпай басуу, ошол маалда балдардын 3-4 жолу (10-12 секунддан) педагогдун командасы менен орточо ылдамдыктагы чуркоого өтүүсү. Басуу. Тегерек болуп тизилүү. |

| 2-бөлүм. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр (21-сабакты кара) | |
|---|---|
| **Негизги кыймылдар** | 1) 1 мүн. 20 сек. (200 м) орточо ылдамдыкта чуркоо. Басуу. Ошол маалда балдар топту алып, тегерекче түзүшөт.<br>2) (15-20 жолу) топту өйдө ыргытып оң, сол колу менен тосуу. Басуу. Оюндун жүрүшүндө балдар топторду чогултат.<br>3) 1 мүн. 20 сек. (200 м) орточо ылдамдыкта чуркоо. Басуу. 4 колоннага гимнастикалык скамейканын астына тизилүү.<br>4) Обручтан өтүп басуу. Балдар скамейкадан биринин артынан бири тизилип, бир обручтан экинчиге анын бооруна тийбей өтүп, скамейканын аягында акырын секирип, кайра өзүнүн колоннасына келүү (6-8 жолу). Биринчи обручту ордуна койгондон кийин гана кийинки бала скамейкага чыгат.<br>5) 1 мүн. 20 сек. (200 м) орточо ылдамдыкта чуркоо. Басуу. |
| **«Мергенчи менен өрдөктөр» оюну** | Аянтчада 3-4 м диаметрдеги тегерекче тартылат (ал «кол»). Ойноочулар 2 тайпага бөлүнүшөт: бири тегеректенин ичинде («көлдө») – алар ердектер, экинчилер мергенчилер – «көлдүн» тышында. Алар өрдөктөрдү топ менен уруп чыгарышы керек. Эреже боюнча топ жерге тийбей, түз тийиши керек. Топ тийген ердектер калгандарга тийгиче күтүп турушат. Эгерде өрдөктөрдүн бири үстүнөн келген топту тосуп алса, анда оюндан чыккандарды чакырып алса болот. Бардык өрдөктөрдү колдон чыгаргандан кийин гана оюнчулар орундары менен алмашышат. |
| **3-бөлүм** | Шашпай чуркоо. Басуу. Дем алуучу кенүгүүлер. |

**11-сабак**

| | |
|---|---|
| **Программанын мазмуну** | Илинип турган буюмга чуркап баратып секирип жетүүгө үйрөтүү. Бир колу менен кичине топту ыргытып, кайра тосууга көнүктүрүү. Ар кандай баштапкы абалдан: түз, арты менен, туурасынан чуркоого үйретүү. |
| **Куралдарды даярдоо** | Бардык балдарга кичине топтор. 2-3 топту сеткага салып, 1,8 метрдик бийиктикте аянтчанын үстүнө жип менен бакка же дубалга илип коюу. Эки чиймени же эки жипти бири-биринен 10-12 м аралыкта салып коюу. |
| **1-бөлүм:**<br>**басуу** | Тамандын сырты менен, буттун башы менен басуу. 3 мүн. (300 м) шашпай чуркоо, ошол эле мезгилде 2-3 бөлүгүн кадамдап басуу. Тегерек тизилүү. |
| **2-бөлүм. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр (9-сабакты кара)** | |

| | |
|---|---|
| **Негизги кыймылдар** | 1) 3 мүн. (300 м) акырын аянтчада чуркоо. Жогоруда илинип турган топторго токтобой секирип, колун тийгизип, 4-5 жолу тегеренишет. Басуу. Андан кийин топторду алып, тегерекчеге тизилишет.<br>2) 20-25 жолу бир колу менен топту ыргытып тосуп алышат. Басуу. Топту чогултушат.<br>3) Түз болуп, колунун узундугуна ченеп тизилишет. Педагогдун командасы менен кийинки чекке чуркашат, кадам менен кайра ордуна барышат. Ар кандай алгачкы абалдан балдар эки жолу: жону менен, туурасынан, алдыга умтулуп, артынан туруп (старт дегенде) чуркайт. «Марш!» деген командадан кийин бурулушуп, кайра чуркашат. Педагог чийинде туруп, ар бир утушка ээ болгонду атап турат.<br>4) 1 мүн. 20 сек. (200 м) орточо ылдамдыкта чуркоо. Басуу. |
| **«Томпоктон томпокко» оюну** | 6-10 кишиден команда болуп бөлүнүшөт, баары бир аянтчанын бир жагына шеренгага тизилишет. Кыялда түзүлгөн «сазда» окшош сандагы ар бир командада томпокчолор бар. «Сазга» жыгылып калбаш үчүн томпокчолорду гана басыш керек. Наркы өйүздө таштар жатат, аларды чогултуш керек. Алардын саны дагы эки командада бирдей болушу керек. Педагогдун командасы менен биринчи ойноочулар томпокчолордун үстү менен «саздын» аркы жагына барып, бирден таш алып кайра келишет. Келген балдар кол тийгизүү иретинде кийинкилерге уруксат беришет (биринчи бала колу менен экинчи баланын колуна тийгизип, ага уруксат берет). Кайсы команда таштарды тез чогултса, ал утат. Эгерде командаларда балдар бирдей санда болбосо, бир нече оюнчулар «сазды» эки жолудан өтүшөт. |
| **3-бөлүм** | 3 мүн. (300 м) шашпай чуркоо. Басуу. Дем алуучу көнүгүүлөр. |

**12-сабак**

| | |
|---|---|
| **Программанын мазмуну** | Ар кандай баштапкы абалдан чуркап секирүүгө көнүктүрүү. Буттарын оңго-солго алмаштырып, астыга секирүүгө үйрөтүү. |
| **Куралдарды даярдоо** | 2-3 топту сеткага салып илип коюу. Узун жипти аянтчанын бир тарабына жерге салып коюу. |
| **1-бөлүм:<br>басуу** | Узун кадам менен, бурчтардан так бурулуу менен басуу. 3 мүн. (300 м) шашпай чуркоо, ал кезде балдар илинген топторго колу менен жетүү үчүн секиришет. Басуу. Тегерекчеге тизилүү. |
| **2-бөлүм. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр (9-сабакты кара)** | |

| | |
|---|---|
| **Негизги кыймылдар** | 1) 1 мүн. 20 сек. (200 м) орточо ылдамдыкта чуркоо. Басуу.<br>2) Ар кандай баштапкы абалдан: түз, капталы менен, арты менен, отуруп, отуруп астыга бурулуп, кыймылга багытталган жакка чуркоо. Педагог ар бир чуркоонун утуучуларын белгилейт.<br>3) Секирүү. Балдар 2-3 жолу колоннадан жипке келип, биринин артынан бири, буттарын оңго-солго алмаштырып, жиптен алдыга жылат.<br>4) 3 мүн. (300 м) шашпай аянтчада чуркоо, дагы эле өйдөдө илинип турган топторго колу менен тийгенге аракеттенишет. |
| **«Эмне жыттанат» оюну** | Ойноочулар тегеректеде отурушат же турушат. Оюн алып баруучу тандалат. Ал балдардын биринин көзүнө жоолук байлайт. Калгандар мурунтан даярдалып коюлган бирден буюмдарды алышат (кагаз, нан, алма, жалбырактар, чеп, гүл ж.б.), көзү байланган балага бирден алып келет, ал буюмдарды жыты менен таап аташ керек. |
| **3-бөлүм** | 3 мүн. (300 м) шашпай чуркоо. Басуу. Дем алуучу көнүгүүлөр. |

## Эртең мененки гимнастиканын болжолдуу комплекси

**1-комплекс**

| | |
|---|---|
| **Киришүү бөлүмү** | Гимнастикалык кадам менен залдын четинде басуу, жеңил чуркоо. 35 секунд тыныктыруучу басуу. Басуу бүткөндө желекчелерди алып, сигнал боюнча үч колоннага тизилүү. |
| **Негизги бөлүм: желекчелер менен көнүгүү** | 1. Б. а.: негизги тик туруу. Колдорду четке жаюу, ылдый таштоо (3 деген санак менен демди алуу, беш дегенде демди чыгаруу).<br>2. Б. а.: буттарды акырын ачуу. Колду өйдө көтөрүү, эки жакка, 2 жолу артка, колду ылдый түшүрүү. Колдорду өйдө көтөрүп, эки жакка жайып, 2 жолу артка тартып, колдорду ылдый түшүрүү.<br>3. Б. а.: буттарды биртке ачып, колду ийинге салуу. Эңкейип, желекче менен 3 жолу жерди сол жакка, астыга, оң жакка тийгизүү, түзделүп, колду ийинге салуу.<br>4. Б. а.: жатып, буттун башын астыга тартуу, колдорду тулку бойго таштоо. Буттарды түз көтөрүп, жай салмак менен ылдый түшүрүү.<br>5. Б. а.: жатып, колдорду сунуу, бир жакка, анан экинчи жакка томолонуу.<br>6. Б. а.: негизги тик туруу, колдорду кайчылаштырып секирүү. |
| **Аяктоочу бөлүм** | Колдорду урууну акырындатып басуу. |

**2-комплекс**

| | |
|---|---|
| **Киришүү бөлүмү** | Басуу. Аянтчанын ичинде чуркоо, колдор ар кайсы жакка 2 жолудан бурулуу менен жайылат, бири-бирине тийишпейт («Самолеттор» оюн көнүгүүлөрү). |
| **Негизги бөлүм: жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр** | 1. «Ийиндер өйдө». Б. а.: согончоктор бирге, колдор ылдыйда. 1 – ийиндерди ейде көтөрүү; 2 – б. а. (8 жолу).<br>2. «Алдыга эңкейүү». Б. а.: буттар кенен турат, колдор ейде. 1 – астыга эңкейүү, колду согончоктун ич жагына тийгизүү. 2 – б. а. (8 жолу).<br>3. «Отуруу». Б. а.: 1 – тизелерди ачып отуруу, согончокту жерден алып, кол менен башты кармоо; 2 – б. а. (темпти алмаштырып 8 жолу).<br>4.«Алдыга эңкейүү». Б. а.: бутту бириктирип отуруу, колдор белде. 1 – астыга эңкейүү, «Мына» деп 3-4 жолу колду таманга тийгизүү; 2 – б. а. (8 жолу).<br>5. «Велосипед». Б. а.: чалкасынан жатып, колдор тулку бойдун тушунда. 1 – 4 – бутту өйдө көтөрүү, буттарды велосипед тепкендей кыймылдатуу; 5 – б. а. (8 жолу).<br>6. «Мышык». Б. а.: тизелеп туруп, алаканга таянат. 1 – 2 – ийинди ейде кетерет, башты ылдый түшүрет (мышыктын жини келди), 3 – 4 – ийинди ылдый энкейтет, башты ейде көтерет, «мыёо» деп айтат ( жароокер мышык) (8 жолу).<br>7. «Жулкунуу». Б. а.: колдор бириктирилип артка салынат. 1-3 – жулкунуп колдорду артка түз тартуу; 4 – б.а. (8 жолу).<br>8. «Секирүү». Б. а.: ордунда эки бутта секирүү, бир орунда басуу менен алмаштыруу (3-4 жолу 10дон секирүү). |
| **Аяктоочу бөлүм** | «Көл толкуду» кыймылдуу оюну 2–3 жолу. «Сааттар» дем алуу кенүгүүлөрү. |

**3-комплекс (гимнастикалык таякча менен)**

| | |
|---|---|
| **Киришүү бөлүмү** | Колоннада бирден басуу, тегеректе басуу, айлануу жана таскак кадам менен секирип, оң жакка бурулуп, токтоп, анан таскак менен кадамдап, сол жак менен тегеренип басууга етет. |
| **Негизги бөлүм: жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр** | 1. «Таяк ейдеде». Б. а.: таяк ылдыйда. 1 – таякты ейде көтөрүү, аны кароо; 2 – б. а. (8 жолу).<br>2. «Эңкейүү». Б. а.: буттар тамандын тууpaсында, таяк ылдыйда. 1 – 2 – алдыга эңкейүү, таякты көтөрүү; 3 – 4 – б. а. (8 жолу).<br>3. «Отуруу». Б. а.: таяк тик турат, бир жагы жерде, колдор таяктын жогору жагында. 1 – 3 – акырын отуруу, таяктын үстүнөн колду жылмыштыруу; 4 – б. а. (8 жолу).<br>4. «Таяк алдыда». Б. а.: тизелеп туруп, таяк көкүрөктүн тушунда. 1 – таякты алдыга сунуу – демди чыгаруу; 2 – б. а. – дем алуу (8 жолу). |

| | |
|---|---|
| | 5. «Согончокко тийгиз». Б. а.: тизелеп туруу, таяк сунулган колдо артта. 1 – 2 – артка ийилүү, таяк менен согончокко тийгизүү; 3 – 4 – б. а. (8 жолу).<br>6. «Таякты ылдам еткөрүү». Б. а.: отуруп, бутту бүгүү, тамандар таяктын үстүндө, жерге жатып, колдор артка таянат. 1 – 4 – таман менен таякты ылдам бутту түздөгөнгө чейин алдыга өткөрүү, кайра кыймылды алмаштыруу (4 жолудан алдыга, артка);<br>7. «Кайыкча». Б. а.: көмкөрөсүнөн жатып, таякты кол менен түз кармоо; 1 – 2 – таяк ейде көтөрүлөт, аны карайт; 3 – 4 – б. а. буттар жерден алынбайт (8 жолу).<br>8. «Секирүү». Б. а.: колдор өз алдынча (же белде), таяк жерде. Таяктын үстүнөн алдыга, артка секирүү. Кыймыл 10 жолудан басуу менен алмаштырылат. |
| **Аяктоочу бөлүм** | «Биринчи болуп тур» кыймылдуу оюну (алдындагыларды алмаштыруу менен тез, орточо, шашпай чуркоо). «Чоордо ойноо» дем алуу көнүгүүлөрү. |

**4-комплекс**

| | |
|---|---|
| **Негизги бөлүм: жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр** | 1. Б. а.: буттар ачык, колдор белде. 5 – 6 жолу колдорду түз кармап жулкунуу, тыным. Башты ылдый түшүрбөө, 4-6 жолу кайталоо.<br>2. Б. а.: буттар ийиндин туурасында, колдор артта, 1-3 жолу астыга ийилип эңкейүү, колдор менен жерге тийүү; 4 – б. а. Бут ийилбейт. (8 жолу кайталайт).<br>3. Б. а.: колдор белде. Ирети менен буттар түз, буттун башы алдыга, согончокту ичке кылып келүү. Ошол эле кыймылдарды башка бут менен 8 жолу жасоо.<br>4. Б. а.: чалкасынан жатуу, 1 – буттарды бириктирип түз, 90 градуска ейде кетөрүү; 2 – буттарды жерге коюп, белбей; 3 – буттарды өйдө көтөрүү; 4 – б. а. Ошол эле кыймылды башка бут менен жасоо. 5 жолу шашпаган темп менен аткаруу.<br>5. Б. а.: отуруп, буттарды алдыга сунуу, артка таянуу. 1-8 жолу таманды ичке айлантуу – тыным. 1-8 жолу ошол эле кыймылды сыртка карай аткаруу (5 жолу).<br>6. «Кайыкча». Б. а.: көмкөрөсүнөн жатып, буттар тизеден бүгүлөт, кызыл ашыктан кармап, ийилүү, көкүрөк менен жамбашты ойдо көтөрүү. Томолонуу, бош жатуу, муштумду ээкке коюу – тыным (6 жолу).<br>7. Б. а.: буттар ачык, колдор артта. 1-2 – ийинди кучактап оңго, солго бурулуу, башты көкүрөккө түшүрүү; 3 – 4 – б. а. (5 жолу). Буттар бүгүлбөйт.<br>8. Б. а.: 10 жолу серпилүү, 10 жолу секирүү, 10 жолу бийик секирүү (2-3 жолу басуу менен алмаштыруу).<br>9. «Тартылуу». Б. а.: 1-4 – колдор ийкем кыймылдап, туурадан жогоруга көтөрүлөт, тартылып, буттун башына тартылып, колдорду карайт; 5 – 8 – шашпай колдорду ылдый түшүрүп, «ылдый» деп айтуу (4-6 жолу). |

**5-комплекс**

| | |
|---|---|
| **Негизги бөлүм: жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр** | 1. Б. а.: тамандар катар коюлат. 1-2 – колдор ийилип, өйдө көтөрүлөт, алакандар чабылат – дем алат; 3-4 – кол ылдый түшөт – демин чыгарат (8 жолу).<br>2. «Насос». Б. а.: буттар ийиндин туурасында, 1-2 – оңго энкейүү, колду көтөрүү – демин чыгарат; 3-4 – б.а. – дем алат (6 жолу).<br>3. Б. а.: колдор артта, 1 – оң буттун башы менен алдыга, анан бут коюлат; 2 – ошондой эле сол бут менен; 3 – буттун башына отуруп, тизени ачып, ийинди түз кармайт; 4 – б. а. (6-8 жолу).<br>4. Б. а.: тизелеп туруп, колду тулку бойго кысуу, 1-2 – ийинди түз кармап, артка бир аз чалкалоо; 3-4 – б. а. (8 жолу).<br>5. «Кайчы». Б. а.: отуруп, буттар астыга сунулат, кол менен артка таянат. Буттарды түз бириктирет, ажыратат, буттун башы тартылат, кайра б. а. келет. Ошол эле кыймыл өйдө-ылдый кайталанат (8 жолу).<br>6. «Устун». Б. а.: чалкасынан жатып, колдор өйдө, буттар бирге. Бир капталга, чалкасына, экинчи капталга, чалкасына бурулуу. Буттар дайыма бирге, буттун башы артка тартылат (4-6 жолу).<br>7. Б. а.: буттар ийиндин туурасында, колдор эки жакка жайылат. 1-2 – астыга энкейүү – ылдый, артка алакан чабуу; 3-4 – б. а. – бут бүгүлбөйт (6-8 жолу).<br>8. «Цирктеги ат». Б.а.: колдор белде, бир орунда тизени бийик көтөрүп, буттун башын тартып, орточо темпте ритмикалык чуркоо (30 секунд, 4 жолу басуу менен алмаштырылат).<br>9. Биринчи көнүгүүнү шашпаган темпте кайталоо. |

**6-комплекс (экиден)**

| | |
|---|---|
| **Негизги бөлүм:**<br><br>**жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр** | 1. Б. а.: бири-бирине далысы менен тийишип, тегеректенин борборунда туруу, обруч ийинде болот. 1-2 – буттун башы менен турат, дем алып, обруч өйдө көтөрүлөт; 3-4 – б. а. (6-8 жолу).<br>2. Б. а.: ошол эле кыймыл, 1-2 – обруч өйдө көтөрүлөт, оңго, солго эңкеет; 3-4 – б. а. (6 жолу).<br>3. Б. а.: обручту жерден 30 см бийиктикте тике кармап, бирөө отурат, экинчиси обручтан бир кадам алыстыкта турат. Обручка тийгизбей жермелеп өтүү, туруп башка жакка бурулуу (3-5 жолу).<br>4. Б. а.: обручка туруу, буттун манжалары жана согончок менен кармоо. 1-2 – буттун башына туруу, колдор эки жакка жайылат; 3-4 – согончокко туруу, колдор ылдый (8-10 жолу).<br>5. «Айлана». Б. а.: обручка карата биринин артынан бири капталдашып турушат, бир колу белинде, бир колу менен обручту кармайт. Бутунун башына отуруп, обручту айланта (3 жолу) басат. Туруп, багытты өзгөртүп (2-3 жолу) басат.<br>6. Б. а.: ошону эле кайталайт. Тизесин бийик көтөрүп, тегеректи айланып, ритмика менен чуркайт (3 тегеренет), багытты алмаштырып (2-3 жолу) ордунда басуу. |

## 2.2. Балдарды айлана-чөйрө менен тааныштыруу боюнча усулдук сунуштар

6 жаштагы балдарды айлана-чөйрө (курчап турган дүйнө) менен тааныштырууну узакка созулбаган, уюштурулушу боюнча анча татаал эмес, бирок чоңдордун ишмердигине, курчап турган жандуу, жансыз эмес жаратылышка, коомдук жашоонун кубулуштарына максаттуу багытталган (оюн, сейилдөө убагында) байкоолордон баштоо керек. Балдарда жаралган ой-пикирлердин негизинде сабак, экскурсия, аңгемелешүү ж.б. окутуу процессин уюштуруунун башка формаларында балдардын коом жөнүндө элестетүүлөрүн калыптандырууга негиз түзүшөт.

Балдар тарабынан курчап турган нерселерди өздөштүрүүнүн маанилүү фактору болуп аларды коомдук-маанилүү окуяларга катыштыруу, чоңдорго жардам бердирүү, майрамга даярдык, балдарды кызыктырган түрдүү тапшырмаларды аткартуу саналат. Предметтик чөйрөдөгү маселелерди чечүү максатка жетүүнү – балага өздүк байкоолорун салыштырууну жана жалпылоону, айлана-чөйрөнүн сулуулугун түшүнүүнү жана көрүүнү; балдардын сүйлөө кебин, ой жүгүртүүсүн, чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн, аңдап билүү маданиятын калыптандырууну жөнгө салат.

Айлана-чөйрө менен тааныштыруу өз ара байланышкан эки түзүүчү:

- «коомдук жашоонун кубулуштары жана заттар менен тааныштыруудан»;
- «жаратылыш жөнүндөгү элестетүүлөрдү калыптандыруудан» турат.

Айлана-чөйрө менен тааныштыруу иштерин предмет аралык байланышты сактоо аркылуу түзүү керек. Ага окуу предметтеринин бардык түрү кирет (дене тарбия, көркөм өнөр чыгармачылыгы, сөз өстүрүү, көркөм адабият ж.б.) жана бул предметтер таанып-билдирүүчү мүнөзгө ээ (экскурсия, максаттуу сейилдөөлөр, аңгемелешүүлөр, педагогдун аңгемелери, көркөм чыгармаларды окуу). Мында жөнөкөй эске тутууга, билимдерди механикалык түрдө берүүгө эмес, болуп жаткан нерсени түшүнүүгө жана баалоого, педагог менен баланын бирдиктүү ишмердигине баа берүүгө маани берилет.

Айлана-чөйрө менен тааныштыруу усулдарына төмөнкүлөр: мазмунунда адеп-ахлактык негиз камтылган картинкаларды жана сүрөттөрдү карап чыгуу; адамдардын эмгегин жеңилдеткен машиналар жана механизмдер тууралуу табышмактарды табуу; логикалык маселелер; өздөрү менен курбалдаш балдар окуянын катышуучулары болгон көркөм адабий чыгармаларды окуу кирет.

6 жаштагы балдарды коомдук жашоонун кубулуштары менен тааныштырууда педагог алардын курактык өзгөчөлүгүн эске алуусу керек жана коюлган окуунун маселелерин баланын татаал материалды кабыл алуусуна жардам берүүчү усулдук ыкмалардын жардамы менен ишке ашыруусу керек. Усулдук ыкмаларды тандоо дидактикалык, өнүктүрүүчү жана тарбиялоочу окутууга көз каранды болот. Тапшырмаларды аткарып жатып, балдар түрдүү тажрыйбаларды, байкоолорду жүргүзүшөт, ойношот, сүрөт тартышат, ийлеп-чапташат, курашат, экскурсияга барышат, өсүмдүктөрдү, топуракты, таштарды изилдешет.

6 жаштагы балдарды окутууда ушул курактын негизги ишмердиги катары башкы усул – оюн болуп кала берет.

- Оюндун жардамы менен педагог окутууну кубанычтуу, кызыктуу жана балдар үчүн ишмердикти турмуштук маанилүү кылат.

- Ойноп жатып, бала дүйнөнү таанып-билет жана адамдар ортосундагы мамилени түшүнөт, чыгармачыл талаптарды, таанып-билүүчү кызыкчылыктарды ишке ашырат.

- Оюн ой жүгүртүүнүн, элестетүүнүн, фантазиянын өнүгүүсүн жөнгө салат, оюн балдар ортосундагы өз ара мамилени калыпка салат, алардын социалдык-эмоционалдык сезимин өнүктүрөт.

- Оюн – бул айлана-чөйрөнү таанып-билүүдө касиеттерди таанууга жана оюндук материалдарды аныктоого, ошондой эле аны андан ары конкреттүү маселелерди чечүүгө колдонууга, изилдөөгө багытталган конструктивдик ишмердик.

*Оюн – бул конструктивдүү ишмердик. Ал айлана-чөйрөнү изилдөөгө багытталган жана оюн материалдарын дайындоо менен таанып-билүүнүн касиеттерине негизделип, тигил же бул конкреттүү маселени чечүүдө пайда болгон тажрыйбаларды пайдалануу болуп эсептелет.*

Педагогдор оюнду жана оюндук ыкмаларды айлана-чөйрөнү тааныштыруу үчүн, мисалы, балдарга тааныш жомоктук жана мультипликациялык каармандарды (Актан менен Акылай, Чийкуурчак, Устакер, Билбесбек ж.б.) «конокко чакыруу» аркылуу колдонуулары зарыл.

Балдар үчүн сүйүктүү жомоктогу каармандар маселелерди чечүүдө жана табышмакка, коюлган суроого туура жооп табууда жардамга келет, мында балдардын окууга байланышкан тапшырмаларга кызыгуусу жогорулайт жана каармандардын туура жооп табуусуна жан дили менен жардам беришет.

6–7 жаштагы балдарды жаратылыш менен тааныштыруу тематикасын үч топко бөлүүгө болот:

- сырткы келбет, дененин бөлүктөрү (өсүмдүктөр), мүнөздүү кыймылдар, үн чыгаруулар (өсүмдүктөрдүн жыттары), тамактануунун өзгөчөлүктөрү ж.б.у.с.;

- жашоо чөйрөсү, турмуш шартка ыңгайлашуу;

- келтирилген пайда (чыгым) (*«Өсүмдүктөр дүйнөсү»* тематикалык карточкалары).

- жаратылыш тууралуу элестетүүлөрдү калыптандыруунун эффективдүү жана жеткиликтүү усулу болуп класс/тайпа ичинде «жаратылыш бурчун» жана «жаратылыш календарын» уюштуруу сапалат. Бул бурчтар күн сайын балдарды жансыз жана жандуу жаратылыштын объектилери (чымчыктар, балыктар, ташбакалар ж.б.) менен ошондой эле жаратылыштык кубулуштар (шамал, жамгыр, кар, күн ж.б.) менен тааныштырат. Жаныбарларга, өсүмдүктөргө кам көрүү, календарды толтуруу процессинде балдар өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнүн көп түрдүүлүгү тууралуу элестетүүлөрдү алышат, жаныбарлар менен

өсүмдүктөр кантип өсүшөт жана өнүгүшөт, алар үчүн кандай шарттарды түзүү керек («Панно», «Жапайы жаныбарлар», «Үй жаныбарлары» дидактикалык колдонмолору).

Балдар жаратылыштык кубулуштардын өз ара карым-катышы жана көп түрдүүлүгү тууралуу маалымат алышат, «термометр» түшүнүгү менен таанышышат.

Балдар тарабынан айлана-чөйре менен таанышуу боюнча материалдарды өздөштүрүүнүн маанилүү фактору болуп билимдерди ирети менен калыптандыруу, курчап турган нерселерди элестетүү жана жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү, заттардын, кубулуштардын өзүнө тиешелүү белгилерин бөлүп көрсөтүү саналат. Эгер таанып-билүү процессинде айлана-чөйрөнүн өнүгүүсүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнө билишсе, 6 жаштагы балдар мурункудан дагы терең билимге ээ болушат.

Айлана-чөйре тууралуу элестетүүгө жана билүүгө балдар тарабынан маселелерди чечүүнүн, өз алдынча издөө ишмердигинин жыйынтыгында ээ болушат. 6 жаштагы балдардын айлана-чөйре тууралуу билимдери, элестетүүлөрү сабакта, ошондой эле күндөлүк жашоодо да калыптанат. Айлана-чөйре менен тааныштыруу боюнча сабактар үч (кээде эки) бөлүктөн турат:

- *Программалык мазмун* өзүнө балдардын ийгиликтеринен күтүлүп жаткан жыйынтыкты, максаттардын жана маселелердин сүрөттөлүшүн камтыйт.
- *Алдын ала иштер* байкоолорду уюштуруунун, карап чыгуунун (картиналарды, фото сүрөттөрдү, открыткаларды, альбомдорду ж.б.у.с.), берилген тема боюнча аңгемелешүүнүн, балдар тарабынан өз тажрыйбасын сүрөттөп берүүсүнүн, тема боюнча аңгемелерди түзүүнүн негизинде түзүлөт.
- *Өздүк сабак* өзүнө педагогдун тема боюнча аңгемесин, түшүндүрүүсүн, көркөм чыгарманы окууну, түшүнүүнү, дидактикалык оюндарды камтыйт. Балдардын айлана-чөйре тууралуу билимине жана элестетүүлөрүнө болгон мамилесинин эффективдүү каражаты болуп көркөм өнөр ишмердиги (сүрөт тартуу, аппликация, ийлеп-чаптоо, куроо) жана ошондой эле музыка (ыр, бий) эсептелет.

## Усулдук иштин формасы жана ыкмалары

**Педагогдун айтып берүүлөрү** 6 жаштагы балдарды айлана-чөйрө менен тааныштыруунун усулдук ыкмасы болуп саналат. Педагогдун айтып берүүсүнүн өзгөчө баалуулугу алардын балдарда болгон элестетүүлөрдү толуктап, конкреттештиргендигинде жана аларды байкоонун кайсы гана учуру болбосун: экскурсияда, сейилдөөдө колдонууга болгондугунда. Педагогдун айтып берүүлөрүнө төмөнкү талаптар коюлат:

- аңгеменин мазмуну такталган, илимий жана реалдуу турмушка дал келүүсү керек;
- материалды аудиториядагы бардык балдарга жеткиликтүү кылып берүү керек;

- аңгемеге заттар, кубулуштар, жандуу, жансыз жаратылыштын объектилери тууралуу маалыматтарды максаттуу түрдө камтуу;
- аңгемелер көрсөтмө мисалдар, колдонмолор, картиналар, фильмдер ж.б.у.с. менен коштолушу керек жана балдарга карата суроолор болуусу зарыл;
- педагогдун кеби эмоционалдуу болушу зарыл.

**Картиналарды карап чыгуу** жана балдардын аңгемелерди түзүүсү, картиналар жана иллюстрациялар боюнча аңгемелер-түшүндүрмөлөрдү түзүүсү топчолордо (10 адамдан ашык эмес) жагымдуу абалда өткөрүлөт. Бул балдардын активдүүлүгүнүн жогорулашына таасир этет, аларга жекече талкуу жүргүзүүсүн айтып берүүсүнө мүмкүнчүлүк берет.

**Баланын тажрыйбасына кайрылуу жана күнүмдүк байкоолорунун мазмунун колдонуусу.** Туура уюштурулган байкоо жүргүзүү баланы кароого гана эмес, көрүүгө, угууга да үйрөтөт. Баланын күнүмдүк байкоолорунун негизинде гана өз алдынча талкуу жүргүзүү, жалпылоо билгичтиги, өзгөрүүлөрдү байкоо жаралат жана айлана-чөйрө тууралуу элестетүүлөрү билимдердин тереңдешине, топтолушуна алып келет.

6 жаштагы балдардын «ар бир нерсенин жанынан кыя етпее» табигый адаты жана куракттын өзгөчөлүктөрүн колдонуу менен педагог айлана-чейре менен тааныштыруу маселелерин ийгиликтүү түрде чече алат. Балдар жакын жердеги дарактар менен тааныша алышат, аларга ат беришет, алардын жашоосундагы сезондук өзгөрүүлөрдү байкоого алышат, күндөлүккө жазууларды жүргүзүшет, дарактын жашоосу үчүн эмне керектигин аныкташат, алар менен ким достошот, ким багат, жаңы өсүмдүктердү ким отургузат, ушулардын бардыгына баам салышат.

Ошондой эле айлана-чөйре менен тааныштырууда балдардын жаныбарларга карата болгон боорукер сезими, Жерде алардын бардык түрлөрүнүн болушунун зарылдыгын түшүнүүсү тарбияланат. Бул үчүн сүйүктүү жаныбарга кат жазуу, алардан жооп (педагог тарабынан жазылат) алуу сыяктуу ыкмалар колдонулат, алардын күндөлүк жашоосуна байкоо жүргүзүшөт, керек болгон учурда жардам беришет, багышат. Керектен чыккан материалдарды колдонууга да болот. Мисалы, түрдүү ороочу материалдар эксперимент өткөрүүгө жакшы курал болуп беришет, алардан оюнчуктарды, чымчыктар үчүн жем акырларын, түрдүү майда нерселерди сактоочу контейнер жасоого болот.

**Кептик логикалык маселелер** 6 жаштагы балдардын акыл ишмердигин активдештирүүнүн эффективдүү ыкмасы болуп эсептелет. Педагогдор аларды балдардын нравалык нормаларын түшүнүү үчүн колдонушат. Сүйлөө-логикалык маселелердин материалы катары мында керкем чыгармалар кызмат кылат. Педагог ошондой эле класстын/тайпанын жашоосунан алынган реалдуу окуяларды жазат, аларды аңгеме катары жасалгалап, балдардын акыл-эс туюмун, ой жүгүртүүсүн ойготуп, логикалык маселе катары сунуштайт.

**Табышмактар**дагы кичине логикалык маселелер, педагогдор аларды 6 жаштагы балдардын адамдын колу менен жасалган курчап турган заттарга болгон таанып-билүү кызыкчылыгын ойготуу, калыптандыруу үчүн колдонушат. Табышмактарда заттардын

мүнөздүү белгилери сүрөттөлөт, алар эс-тутумду өнүктүрөт, көрсөтмө-образдуу жана логикалык ой жүгүртүүнү өстүрөт, ошону менен бирге баланын билимин системалаштырып, анын чоңдордун ишмердиги, айлана-чөйрө тууралуу элестетүүлөрүн бекемдөөгө жардам берет.

Түрдүү табышмактарды тандоого болот: жыл мезгилдери, тиричилик буюмдары, кийимдер, унаа, жаныбарлар, канаттуулар, курт-кумурскалар, түрдүү кесиптер тууралуу табышмактар. Балага жандуу жана жансыз жаратылыш кубулуштарынын байланышын эстөөгө жардам берген, системалык билимди активдештирген табышмактарды өзгөчө белгилөөгө болот.

Мисалы:

Күн ысып,

эмен гүлдөп,

дан бышкан кайсы

мезгил болчу? жайында.

же

Тынч жашап, эч бир шашпайт,

не бар не жок деп калканын ала жүрөт.

Анын ичинде эч коркпостон

сейилдейт... (ташбака).

Ошондой эле заттын сырткы бети менен функционалдык белгисинин ортосундагы карым-катыш чагылдырылган табышмактарды тандоо керек.

Мисалы:

Чаңды кере-кере жутат, бирок такыр чүчкүрбөйт (чаң соргуч)

же

Ысык кудуктун оозунан суу агат (чайнек) ж.б.у.с.

**Көркөм сөз.** Сөз өзүнчө туруп заттык образдын маңызын жана анын касиетин бере албайт, ал эми ырда сөздөрдүн логикалык карым-катышы, шайкештиги болот.

Эмнеликтен жалбырак,

Телпекке, кумга кулады?

Ал анткени бутакта

Кармалбайт эч убакта.

Мындай терт сап ырлар баланын байкоо жүргүзүүсүнө жана кеп нерсеге жооп табуусуна жардам берет. 6 жаштагы балдардын сөздүк кору активдүү эмес, бирок ыр аркылуу аны байытууга болот.

Шамал шуулдап келип,

Кайыңга урунду,

Жалбырактарын бүт күбүп,

Андан ары жулунду.

Балдар зор кызыгуу менен шамалдын кыймылын туурашат, колдору менен булгалап чуркашат, учуп бара жаткан шамалдын образын беришет.

– Силер кайда сүзөсүңөр?
Эмне алып жүрөсүңөр?
– Карды алып жүрөбүз.
Баарыңарга жетет ал:
Муз дебөче, чепти, үйдү
Ири топту курганга.
– Рахмат, булут, алыс кет
Азырынча бизге кар жетет.

Объекттердин реалдуу сүрөттөлүшү, кубулуштардын берилиши балдар тарабынан курчап турган нерселерди туура кабыл алынуусун шарттайт жана билимдердин топтолушуна өбөлгө болот *(«Жапайы жана үй жаныбарлары, канаттуулар» панносу).*

Мына чымчык, таранчы,
Бул топтошкон көгүчкөн.
Эмнеликтен бизге учат?
Жообун билдик: чымчыктар
Жем сурашат балдардан.
Аянбайбыз, таранчы,
Буудай данын достордон.
Алгын жемди, таарынба,
Таратып бер баарына.

Ар бир сөз конкреттүү мааниге ээ болгондо гана белгилүү бир көрүнүшкө ээ болот. Конкреттүү образдуулук, көрүнүктүүлүк образдын сырткы белгилерин таамай сүрөттөө аркылуу жаралат. Бала алардан жалпылоочу мүнөзгө ээ болгондорун: эпитет сыяктуу көркем каражаттарды, метафораны, кайталоону байкоосу мүмкүн.

Заттардын, кубулуштардын белгилеринин чагылуусу, образдардын берилишинин тактыгы, жаратылыштагы себептик байланыштардын ачылышы поэтикалык чыгармалардын көркөмдүүлүгү аркылуу ишке ашат. Көркөмдүүлүк көркем сөздү эмоция менен байытат, угуучунун сезимин ойготот, башкы нерсени баса белгилейт. Ал көңүл бурууну, элестетүүнү курчутат, б.а. баланын ой жүгүртүү ишмердигин күчөтөт.

Ооба, кыш мезгил болот ачуулуу,
Тикенектүү, аяздуу,
Боло туруп апакай,
Айлананы карга ороду.
Күн сайын болот сулуулук:
Муздуу жерде тазалык.
Бардык нерсе жалтырайт,
Күмүштөнтөт күн музду.
Күмүштөнөт бак-дарак
Тоолорго да муз тоңгон.
Тоңдуруп тим болбоду
Аяз күмүшкө баарын боёду.

Тематикалык планды ишке ашыруу боюнча окуу маселелери бири-бири менен тыгыз байланышта жана жуурулушкан болушу керек. Мисалы, балдардын туулуп-өскөн шаар жөнүндө элестетүүлөрүн калыптандырууну («Кыргызстан менин өлкөм») «Унаа», «Курулуш», «Жолдо жүрүүнүн эрежелери», «Кесиптер» темалары менен байланыштыруу керек, бул болсо балдардын курчап турган дүйнөнүн кубулуштары тууралуу элестетүүлөрүн жалпылоого, анын материалдык жагын («Менин Кыргызстаным») түшүнүүнү калыптандырат. Мисалы, «Манас биздин сүйүктүү каарман» темасын ачып берип жатып, балдардын көңүлүн Манас бала чагында кандай болгондугуна, кандай оюндарды ойногондугуна, улууларга, кичүүлөргө, жаныбарларга кандай мамиле жасагандыгына буруу керек. Ал боорукер болгон жана адамдарга жардам берген. Бул тема менен балдарды тааныштырууда конкреттүү мисалдар жана суроолор менен иштөө керек. Мисалы: «Бишкектеги эң чоң проспектилердин бири кимдин атын алып жүрөт?» (Манас проспектиси), «Чынчыл жана акыйкат болуу үчүн кандай эрежелерди аткаруу керек?» (Манастын осуяттары), «Биздин өлкө үчүн кайсы байыркы чыгарма эң маанилүү болуп эсептелет?» («Манас» эпосу) ж.б.у.с.

Балдардын курчап турган нерселер менен таанышууга кызыгуусун арттыруунун маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири болуп алардын заттарды, кубулуштарды, ошондой эле жаратылыштын объектилерин, жаныбарларды, өсүмдүктөрдү тартууну каалоосу жана алар жөнүндө айтып берүүсү эсептелет. Байкоолордун, экскурсиялардын, сейилдөөлөрдүн жыйынтыгында балдар өз алдынча көркөм ишмердикке умтулушат.

Балдардын сүрөттөрү боюнча алардын көңүлүн эмне бурдурат, элестетүүлөрүндө кандай каталар бар, айлана-чөйрө тууралуу билимдерин педагог эмне менен толтурушу керектигин билүүгө болот. Бул максат менен педагог сабактын тематикасын атайын пландаштыруусу керек. Байкоо жана экскурсия балдардын билимдерин, элестетүүлөрүн байытат, ал эми сүрөт менен алектенүү болгон элестетүүлөрдү бекемдейт, баланын айлана-чөйрөгө болгон кызыгуусун арттырат.

Баланын баштапкы чыгармачылык өсүшүнө кандайча түрткү берүү керек? Ушул жана башка маселелер ар дайым ата-энелердин жана педагогдордун алдында турат. Баланын дүйнөнү таанып-билүү, интеллектуалдык жана чыгармачылык өнүгүүсү үчүн ар кандай тажрыйбаларды жана эксперименттерди жүргүзүү шарт. Окуунун болжолдуу конспектилерин сунуштайбыз.

**Тема: «Сыйкырдуу суу»**

| | |
|---|---|
| **Программанын мазмуну** | Суу жөнүндө балдардын билимин тактоо, кеңейтүү; адамдын жана тирүү организмдердин жашоосундагы суунун касиети, орду; суунун формасы, типтери (дарыя, деңиз, көл, океан, жаан-чачын), табийгаттагы суунун айлануусу менен балдарды тааныштыруу; «глобус» деген түшүнүктү бышыктоо, алардын кебин, ойлонуусун, ар нерсени билүүгө умтулуусун өнүктүрүү; табыгый ресурстардын негизгиси катары сууга аяр мамиле жасоого тарбиялоо. |
| **Усулдук ыкмалар** | Табышмак айтуу, оюндар, физкультминуткалар, балдарга суроо берүү, сюрприздик маалдар. |

| | |
|---|---|
| **Сөздүк иши** | Глобус, суюктук. |
| **Сабактын жабдылышы** | Глобус, коён, тажрыйба жасоо үчүн куралдар. |
| **Сабактын жүрүшү** | |
| **«Глобус боюнча саякаттоо» аңгемеси** | – Балдар, бизге конокко коён келди. Келгиле, аны менен учурашалы. Карагылачы, ал колунда эмне кармап турат? (Балдардын жообу) Бул *глобус*, аны токойдон таап алды. Бул эмне экенин, эмнеге пайдаланарын коён билбейт. Ал балдардан жардам сурап, мурунку сабакта глобус жөнүндө, эмнелерди билгенин эстеп, анын формасы, түсү боюнча аңгеме курат. |
| **Педагог** | Педагог глобусту тез айлантып, балдардан сурай баштайт, кандай түсте экенин. (Балдардын жооптору) |
| | Балдардын жоопторун жалпылап, глобустун өңү көгүлтүр экен, анткени көгүлтүр түс сарыга, акка, жашылга, күрөңгө караганда көбүрөөк. Көгүлтүр түс менен глобуста сууларды белгилейт – алар деңиздер, океандар. Көптөгөн көлөмдөгү сууларды жолуктурса болот? (Балдардын жообу: дарыя, көл, көлчө.) |
| **Балдарга суроолор** | – Кандай деп ойлойсуңар, суу кимге жана эмнеге керек? (Балдардын жообу: адамдарга, жаныбарларга, өсүмдүктөргө).<br>– Суу өсүмдүктөргө эмне үчүн керек?<br>– Алар кантип алышат?<br>– Суу жаныбарларга керекпи?<br>– Суу адамга керекпи?<br>– Суу – чоң күжүрмөн эмгекчил жана адамдын жардамчысы.<br>– Суу баарыбызга тазалыкты берет. Кишилер жуунат; машиналарды, шаарларды жана көчөлөрдү жууйт.<br>– Суусу жок нандын камыры жуурулбайт, китеп үчүн кагаз жасалбайт, кийим үчүн кездеме жасалбайт, өчүргүчтү, дарыны, момпосуйду – суусуз эч нерсени жасай албайбыз.<br>– Биз силер менен сууну кайдан алабыз? (Балдардын жооптору: крандан, кудуктан, дарыядан.)<br>– Ал биздин үйгө кантип кирген? (Балдардын жообу: трубалар менен.)<br>– Трубадагы суу кайдан? (Балдардын жообу: дарыядан.)<br>– Дарыядагы сууну көрдүңөр беле, ал кандай? (Балдардын жообу: кир, тунук эмес.)<br>– Кандай сууну ичсе болот? (Балдардын жообу: таза гана сууну.) |

| | |
|---|---|
| | – Биз күнде сууну колдонобуз, ал ага берет, түгөнбөйт. Суу бизге келмөдөн келет. Алар атайын тазалоочу жерден тазаланып, андан кийин түтүкчөлөргө түшүп, үйлөргө кран аркылуу кирет. Кел, аккан суулар, тамчылар, дарыялар – аларды адам түтүкчөлөргө бурган. Сууга аяр мамиле жасап, крандарды жөнү жок ачып коюуга болбойт.<br><br>– Балдар, биз кандай тыянак жасасак болот? Сууга аяр мамиле керек!.. |
| **Коён кызыктуу аңгеме үчүн балдарга ыраазычылыгын билгизет.** | Мен глобус эмне экенин, ал кайсы токойдун мектебине жарай турганын билем дейт. |
| **Педагог** | – Коён, суу дагы кептөгөн кызыктуу сапаттарга ээ. Балдар, келгиле, коёнго суунун дагы кандай сапаттары бар экенин көрсөтөлү, айтып берели. (Балдар столго отурушат.) |
| **Суу менен тажрыйба жасоо** | – Балдар, суу куюлган стаканды алгыла, анан жыттагыла. Суунун кандай жыты бар же жыты жокпу? (Балдардын жообу)<br><br>***Тыянак: Суунун жыты жок.*** |
| | – Астыңарда эки стакан турат: биринде суу, экинчисинде шире. Экөөнө тең түтүкчө салгыла.<br><br>Кайсы стаканда түтүкчө көрүнөт, кайсынысында көрүнбөйт? Эмне үчүн? (Балдардын жообу) ***Тыянак: Суу тунук, шире тунук эмес.*** |
| | – Балдар, түтүкчө аркылуу сууну даамдап көргүлө. Даамы бар бекен? Адам баласы суусап, суусунун кандырганда «Кандай таттуу!» деп айтат, чындыгында ал суунун даамын сезбейт.<br><br>Салыштыруу үчүн түтүкчө аркылуу ширени ичип көргүлөчү.<br><br>***Тыянак: Суунун даамы жок.*** |
| **Физкультминутка** | Биз жуунушубуз керек.<br><br>Бул жерде кайда таза суу?<br><br>Кранды ачсак – ш-ш-ш…<br><br>Колду жуйбуз – с-с-с…<br><br>Бетибизди, мойнубузду сүрөбүз,<br><br>Аягында сууну өзүбүзгө себебиз. |
| **Педагог** | – Эми болсо сууну бош стаканга куйгула. Эмне үчүн суу куюлат? (Балдардын жообу). Эгерде суу суюк болбосо, ал түтүктөн, дарыядан, крандан акпайт болчу. Суу суюк болгондуктан, ал ага алат, ошондуктан аны суюктук дейт. (Балдар алмашып отурушат.)<br><br>Суунун сапатын коёндун эсине салалы. (Балдардын жообу)<br><br>***Тыянак: Суу – суюктук, анын түсү, жыты жок.*** |

| **Кыймылдуу оюн «Тамчы айланып жүрөт»** | |
|---|---|
| **Педагог** | Суунун табиятта айлануу схемасын көрсөтөт.<br>– Балдар, силер билесиңерби, суу сыйкырчы, ал эч качан жоголбойт, тескерисинче бир абалдан экинчи абалга «өтүп» турат.<br>Келгиле, схеманы карап, суу тамчысы табиятта «жүргөнүн» айтып берели. (Балдардын аңгемеси) |
| **Жомок** | Балдардын баарын<br>Жакшылык менен<br>Жомокко чакыргым келет.<br>Женекей жомок эмес,<br>Суулуу жомок.<br>Кириш үчүн жомокко<br>Табыш керек табышмак:<br><br>**«Бөлүкчөбүз суунун биз,**<br>**Эже-сиңдиге окшош,**<br>**Жогорудан түшүп ылдыйга**<br>**Терезеден, карнизге**<br>**Акырындап, аз-аздан**<br>**Толтурабыз көлөмдү,**<br>**Чайнек, кружка, таштекти,**<br>**Океан, көлчүк, деңизди!**<br>**Ким ойлонуп таба алат**<br>**Биз эмне деп аталабыз?»**<br>(тамчылар) |
| **Педагог** | – Туура, балдар, ошол суу тамчылары женүндөгү жомок, биз болсо алардын каармандыбыз. Жөнөдүк биз сапарга,<br>Ырды алып унутпай! |
| **Педагог сабакты жыйынтыктайт** | – Бүгүнкү сабакта эмнелер жөнүндө сүйлештүк?<br>Глобус деген эмне?<br>Глобус жана суу жөнүндө кандай кызыктарды билдиңер?<br>Бизге суу кайдан келет экен?<br>Эмне үчүн сууну аяш керек? |

| | |
|---|---|
| **Балдар суу жөнүндө ыр окушат** | – Силер суу жөнүндө уккансыңарбы?<br>Ал жөнүндө айтышат:<br>Чөөттө, денизде, океанда болот деп<br>**Ичкен суунун кранында**<br>**Муз болуп калат суукта.**<br>**Токойго кирет туман болуп**<br>**Кайнайт, отко койсоң**<br>**Чайнектен чыгат буусу.**<br>**Ансыз биз жууна албайбыз**<br>**Суусунубуз канбайт, курсагыбыз тойбойт.**<br>**Силерге мен айтайын:**<br>**Ансыз болбойт бизде жашоо.** |
| **Педагог** | – Балдар, бүгүн баарыңар азамат болдуңар. Коёнго силер менен бирге болуу жакты. Келгиле, аны менен коштошолу. Мага да силер менен иштеш аябай жакты. Рахмат! |

**Тема: «Абанын касиеттери менен таанышуу»**

| | |
|---|---|
| **Программалык музмуну** | Балдарда газ сыяктуу нерсе, аба жөнүндө түшүнүктү калыптандыруу; абанын касиеттери жана аны окуп үйрөнүүнүн жолдору менен тааныштыруу, изилдөө ишмердигинин көндүмдөрүн өнүктүрүү, тажрыйба жүргүзүү, салыштыруу жөндөмдүүлүгү, салыштырып жыйынтык чыгаруу; таза суунун мааниси жөнүндө элементардык түшүнүктөр; айлана-чөйрөгө аяр мамилени күчөтүү; балдардын сөздүк запасын кеңейтүү жана активдештирүү. |
| **Усулдук ыкмалар** | Табышмак табуу, оюндар, физкультминутка, балдарга суроо берүү, тажрыйба жүргүзүү. |
| **Сөздүк жумуш** | Түссүз, ачык. |
| **Сабактын жабдылышы** | Таштар, резина оюнчуктар, тажрыйба үчүн жабдуулар, кагаз пакеттер. |
| **Сабактын жүрүшү** | |
| **Педагог** | – Балдар, бүгүн силерге мен окумуштуунун ролун сунуштайм жана изилдөө менен алектенесиңер. Биз эмнени изилдерибизди менин табышмагымды таап, анан билесиңер.<br>**Ушундай чоң, бүт дүйнөнү ээлеген.**<br>**Ушундай кичине, бардык тешиктен өткөн** *(аба).* |

| | |
|---|---|
| **Педагог** | – Туура, балдар, бул аба, ал бардык жерде: биздин айланабыздa, жердин алдында, жердин үстүндө, бийикте асманда болот. Аба деген эмне, аны көрсө болобу жана анын кандай касиеттери бар? Келгиле, жумушчу орунга жайгашып, изилдөөгө киришели. |
| **Биринчи тажрыйбаны жүргүзөбүз** | – Колуңарга ташты кармап, аны кыскыла. Кармаганда кандай экен? (Балдардын жооптору) Таш – бул катуу предмет. Силер дагы кандай катуу предметтерди билесиңер? (Балдардын жооптору) Абаны колго кармап, кысса болобу?<br><br>Мындан **жыйынтык** чыгарса болот: ***аба катуу эмес.*** |
| | – Стаканга суу куюп, сууну карагыла. Суу жөнүндө эмне айта аласыңар, ал кандай? (Балдардын жооптору) Ал эми суу эмне кыла алат? (Балдардын жооптору) Демек, суу деген эмне экен? Ооба, суу – бул суюктук. Силерге белгилүү болгон башка суюктуктарды атагыла. |
| | – Демек, абаны кысса болбойт, ал катуу предмет эмес. Аба акпайт, куюлбайт, аны ичпейт, ал суюктук эмес. Аба – бул газ.<br><br>Ал көзгө көрүнбөйт, түссүз жана жыты жок. Мына силердин биринчи ачылышыңар. Анда аны кантип кармаса болот? Биз изилдөөлөрүбүздү улантабыз. |
| | ***Биринчи тажрыйба:*** Пакетти алып, аны ачык жагынан бурай баштайбыз. Пакет эмне болот? (Пакет үйлөнө баштайт.) Эмне үчүн мындай болот? (Пакет абага толот.) Чындыгында пакет абага толду, бирок биз аны көргөн жокпуз. |
| | ***Экинчи тажрыйба:*** Алаканыңарды бетиңерге жакын алып келип желпигиле, алаканыңарга үйлөгүлө. Силер эмнени сездиңер? (Балдардын жооптору) Туура, бул абанын жылышканы.<br><br>Мындан жыйынтык чыгарабыз: Биз абаны көрбөгөнүбүз менен, аны сезебиз. |
| **Педагог** | – Азыр болсо мен силерге аба бардык жерде бар жана ал атайын бир жерди ээлейт деген ырастоону текшерүүнү силерге сунуштайм.<br><br>Резина оюнчукту алып, аны кысабыз. Силер эмнени угасыңар? (ышкырык). Бул аба оюнчуктан чыгып жатат.<br><br>Тешигин манжаңар менен жаап, оюнчукту кайрадан дагы кысканга аракет кылгыла. Ал кысылбайт. Ага эмне тоскоол болуп жатат?<br><br>***Жыйынтык чыгарабыз:*** оюнчуктун ичиндеги аба, аны кысканга тоскоол болуп жатат. |

| | |
|---|---|
| | – Карагылачы, суусу бар чакага стаканды салсам, эмне болот. Силер эмнени байкадыңар? (Суу стаканга куюлбайт.)<br>Эми мен стаканды акырын эңкейтем. Эмне болду? (Суу стаканга куюлду.) Аба стакандан чыкты жана суу стаканга толду.<br>***Жыйынтык чыгарабыз:*** аба орун ээлейт. |
| | – Балдар, аба бизге эмне үчүн зарыл? (Дем алуу үчүн.) Туура.<br>Биз бир катар изилдөөлөрдү жүргүзүп көрүп, аба көрүнбөй тургандыгына, бирок аны байкаса болоруна, ал орун ээлерине ишендик. Абанын эң башкы милдетин билебиз. Эми биз аба менен дем алып жатканыбызга ишенебиз.<br>Суусу бар стаканга бир тал саманды салгыла. Аны акырын үйлөйбүз. Силер эмнени байкадыңар? (Көбүкчөлөр пайда болот.)<br>Ооба, бул силер абаны чыгарганыңарды далилдейт.<br>Колуңарды көкүрөгүңөргө койгула, дем алгыла. Эмне болду? (Көкүрөк клеткасы көтөрүлдү.) Ушул мезгилде өпкөңөрдө эмне болот? (Ага аба толот.) Ал эми дем чыгарганда, көкүрөк клеткасында эмне болот? (Ал ылдыйлайт.) Биздин өпкөбүздө эмне болот? (Андан аба чыгат.)<br>***Жыйынтык чыгарабыз:*** дем алганда өпкө кеңеет, абага толот, а дем чыгарганда – кысылат. А такыр эле дем албай коё алабызбы? Эмне үчүн? (Балдардын жооптору) |
| | – Дем алуусуз жашоо жок. Адамдын организми андан гана эмес, ал кантип дем алгандан, ал эмне менен дем алгандан, кандай аба менен дем алгандан да көз каранды. Биз шаарда дем алып жаткан аба тоодогу абадан айырмаланабы? Тоодо биз кантип дем алабыз? Эмне үчүн? |
| **Педагог изилдөөнүн жыйынтыгын чыгарат** | – Тоолор жана дарактар чаң соргучтай иштешет. Алар абаны тазалап турушат. Жашыл жалбырактар чаңдарды кармап калышат, абадан чаңды жана кирди сорушат. Тегеректе өсүмдүктөр канчалык көп болсо, аба ошончолук таза болот, ошондуктан ал адамга жана анын организмине пайдалуу.<br>Ошентип, биздин изилдөөбүз аягына чыкты, биздин лабораторияны калтырып, класстан/тайпадан орун алабыз. Силер бүгүн эмне жаңы нерсе билдиңер? (Аба – бул газ). Ал кандай касиеттерге ээ? (Түссүз, ачык, жытсыз; биз аны көрбөсөк да, сезебиз.) Анын милдети кандай? (Аны менен дем алабыз.) |

## 2.3. Кеп өстүрүү жана көркөм адабият боюнча усулдук сунуштар

Кеп өстүрүү бул курактагы балдардын негизги ишмердиктеринин бири болуп саналат. Бул курактагы балдардын кеби абдан активдүү өнүгүү менен алардын акыл жагынан өнүгүүсүнүн көрсеткүчү болуп саналат. Ошондуктан 6 жаштагы балдардын кебин өстүрүүгө өзгөчө маани берилет.

Албетте, сабат ачууда да кеп өстүрүү бар, ал сабат ачууну дайыма коштоп жүрөт. Ошол эле учурда ал кеп өстүрүү жана көркөм адабият деген ат менен өзүнчө предмет катары да кирет. Мына ушунун эле өзү 6 жаштагы балдар үчүн кеп өстүрүүнүн канчалык маанилүү экендигин көрсөтүп турат.

Эмне үчүн көркөм адабият деген суроонун жаралышы мыйзам ченемдүү көрүнүш? Анткени бул предмет башталгыч мектептин экинчи-төртүнчү класстарында адабий окуу деп аталат. Ал окууга негизделет да, предметтин адабийлүүлүгү улам күчөтүлүп отурат. Андан барып 5-класстан ары ал көркөм адабият деп аталат.

Мектепке чейинки даярдоо топторунда бул предметтин кеп өстүрүү жана көркөм адабият деп аталышынын негизги себеби, биринчиден, кеп өстүрүүгө өзгөчө көңүл бурулушу керектигин билдирсе, экинчиден, педагог көркөм адабияттын маанисин бул курактагы балдар үчүн төмөндөтпөсүн, ага жетиштүү, толук кандуу көңүл бурсун, текст менен иштөө ыкмаларын колдонсун деген маанide ушундайча аталууда.

***Кеп өстүрүү жана көркөм адабият предметинде «туура сүйлөө» боюнча эрежелер болбошу керек.***

Бул эмне дегенди билдирет? Бул балдар сүйлөп жатканда, **«сен туура эмес айтып койдуң, мындай сүйлөбөйт, бул туура эмес!» деген талаптын болбошу керек дегенди билдирет.**

Эгерде бала туура эмес айткан болсо, педагог аны оңдогусу келсе, мындай учурда анын туура эмес сүйлөгөнүнө атайын токтолуп, басым жасабастан эле, **«аа, мындай деп айткың келип жатат да, ээ?»** деген сыяктуу сөздөр менен баланы колдоп жаткан болуп, анын туурасын айтып койсо болот. Эгерде: **«Туура эмес сүйлөдүң, мынтип айтпайт»** – десе, кийинкилеринде бала сүйлөй турган ою жөнүндө эмес, сөздүн, сүйлөмдүн тууралыгы жөнүндө ойлоп, анын башында эки ой катар жашап, кеби аксайт, айта турган оюн эркин, толук айта албайт.

**Экинчиден, бала бир буюм, кайсы бир каармандын иш-аракети, жүрүм-туруму тууралуу пикирин билдирсе, аны «Туура эмес» деп айтууга болбойт.** Бул баланын жеке пикири. Мисалы, жомоктогу Чыпалак бала же чегиртке тууралуу ыр кимдир бирөөгө жакпай калышы мүмкүн. Биз ага: «Жок, сен аны жактырышың керек, ал жаман болбойт», – деп айта албайбыз. Ар кимдин өз пикири болот эмеспи. Ошол пикирди биз сыйлашыбыз керек. Болгону ошол пикирин негиздөөнү, эмне үчүн ошентип айтып жатканын тактап койсок болот. Аны үчүн:

- «Эмне үчүн ушундай деп ойлойсуң?»,
- «Анын кайсы иши же аракети сага жаккан жок?»,
- «Бул жүрүм-турумун оңдосо болот деп ойлойсуңбу?» ж.б. суроолорду берсек болот.

Жогоруда сөз болгондой, даярдоо класстарындагы/тайпаларындагы бардык предметтер үчүн жалпы болгон темалар аныкталган. Кеп өстүрүү жана көркем адабият предмети үчүн тематикалык болжолдуу пландаштыруу да ушул жалпы темаларды эске алуу менен, аларга негизделип иштелип чыккан.

Кеп естүрүү жана керкем адабиятта материалды башка предметтер менен байланыштыруу үчүн зор мүмкүнчүлүктөр бар. Мисалы, сабат ачуу жана айлана-чөйрө менен тааныштыруу, керкөм енөр жана музыка, дене тарбия жана математика (ар кандай фигуралар, сандар, санактар, физкультминуткалар ж.б.) бул предмет менен тыгыз байланышта болот. Алардын баарында баланын кебин өстүрүү ишке ашат.

Бул усулдук иштелмеде окуу жылы ичиндеги ар кайсы мезгилдеги алты сабактын үлгүсү сунуш кылынды.

## 2.4. 6 жаштагы балдардын сабатын ачуу боюнча усулдук сунуштар

**Сабат ачуу менен 6 жаштагы балдардын алдында жаңы дүйнөнүн дарбазасы ачылат.** Ал дүйнө балдар үчүн жаңы гана болбостон, ал – укмуштуу да, сыйкырдуу да, езгече да, «азгырыктуу» да. Ал балдарды өзүнө тартып, бул сырдуу жаңы дүйнөгө азгырып турат.

Сабат ачуу – жакшы педагогдун колунда жаңы, сырдуу, укмуштуу, езгече, «азгырыктуу» дүйнөнүн дарбазасын ача турган сыйкырдуу калем (таякча). Баланын жан дүйнөсүн, курактык езгечөлүгүн жакындан билбеген педагогдун колунда ал – жазалоо таякчасы.

**Эскертүү-сунуш:** Педагог сабат ачууга киришердин алдында бир азга убакыт бөлүп, ушул ойдун айланасында ой жүгүртсө, жакшы болмок. Экинчиден, балдар менен биринчи сабакта алардын көздөрүн жумдуруп, ушул ойду аларга жеткирүүгө аракет кылып, балдарга багыт берсе, лирикалык чегинүү жасаса, максатка ылайык болмок.

**Сабат ачууну туура уюштурууда** баланын таанып-билүүсү өнүгөт, дүйнөгө карата кез карашы езгерет, дүйнө таанууга болгон кызыкчылыгы артат, баланын ез алдынчалуулугу, чыгармачылыгы үчүн жагымдуу шарт түзүлөт. **Сабат ачуунун мазмуну шарттуу түрдө үч бөлүктөн турат:**

- тыбыштар, тамгалар менен иштөө, балдарды женекей сөздөрдү, сүйлөмдөрдү окуй алууга жетиштирүү;
- алардын графикалык жазуу көндүмдөрүн өркүндөтүү;
- балдардын кебин өстүрүү.

Ар бир сабакта бул 3 бөлүктүн баары аткарылышы мүмкүн. Айрым учурда алардын экөө же бири эле ишке ашып калышы да ажеп эмес. Бул педагогдун сабакка карата койгон максатына жараша болот.

Биздин пикирибизче, сабат ачууга жумасына 3 саат берилет эмеспи, ошол сааттардын экөөнү катар өтүп, ошол эки сааттын ичинде бул 3 бөлүктү толук ишке ашыруу

максатка ылайык болмок. Анткени бир саат бою жалаң гана окуу менен же жазуу менен чектелүү сабакты кызыксыз кылып, балдардын кызыгуусун төмендетөт. Ал эми бул 3 бөлүктү аралаш өткөрүү балдарды түрдүү ишмердик менен алектендирип, алардын түрдүү ой жүгүртүү чейрөлөрү аракетке келип, балдардын ой жүгүртүүсү өсүп, дүйнөнү ар тараптуу таануусу ишке ашмакчы.

Айрым учурларда өтүлүп жаткан материал кызыктуу болуп, кебүреек убакытты талап кылып, жогоруда айткандай, сабак учурунда бул 3 бөлүктүн бири же экөө гана ишке ашып калышы мүмкүн.

Кандай болгондо да, ар бир сабак балдарды материалга кызыктыруу, мүмкүн болушунча өтүлө турган материалдын турмуштагы ролун ачып берүү, ал тууралуу кеп өстүрүү иштеринен башталса, максатка ылайык болот. Ошондуктан бул багытта болжолдуу тематикалык планга:

- «Тил эмне үчүн керек?»;
- «Тыбыштын, тамганын келип чыгышы»;
- «Тыныш белгилердин зарылдыгы канчалык?»;
- «Тыбыштын жана тамганын жаралышы»;
- «Тыбыш мурда жаралганбы же тамгабы?»;
- «Баш жана кичинекей тамгалар эмне үчүн керек?» деген сыяктуу материалдар киргизилди.

Албетте, бул материалдар илимий негиздөөнү талап кылбайт. Алар аркылуу өтүлө турган материалдын турмуштагы зарылчылыгын, ролун ачып берүү, аларды балдардын аң-сезимине жеткирүү максаты коюлган. Маселен, **«Тил эмне үчүн керек?»** деген темада сөз кылууда атайын бир окуя тууралуу айтып, аны бири-бирине түшүндүрүү же таанышуу *(аты-жөнү, жакшы көргөн оюнчугу, эмнени жакшы көрөрү, эмнени жаман көрөрү)* сыяктуу тапшырма берип, андан балдардын сүйлөөсүнө тыюу салып, балдардын аракеттенип көрүшүн сунуштоого болот. Балдар бири-бирине оюн түшүндүрүү үчүн ар кандай ыкмаларды колдонушу мүмкүн.

Балдардан тил болбосо, кандай кыйынчылыкка туш болушарын суроого болот. Демек, **бала тилдин жаралышы турмуштук зарылчылык экендигин түшүнүүсү кажет.** Айрым балдар бул тапшырманы ийгиликтүү аткарышы мүмкүн, айрымдары азыр бул суроолорго жооп бере албашы мүмкүн. Педагог мындай учурда өзүнүн да, балдардын да көңүлүн чөгөрбөшү керек. Азыр жооп бере албаган, азыр айта албаган бала эртең айтат, кийинки күнү жооп берет. Негизгиси бул маселе балдардын алдында тапшырма катары калышы кажет. Бала ал тууралуу сабактан, мектептен кийин да, үйүндө да, көчөдө да ойлонсун. Тапкан жаңылыгын кайсы учур болсо да бөлүшкөнгө ага шарт түзүлсүн. Ошондо мындай тапшырмалар акырындык менен максатына жетет.

**Бул усулдук сунуштардагы тыбыштардын жана тамгалардын берилүү ирети мурдагы ырааттуулуктан айырмаланат.** Анткени ал тамгалардын элесинин окшоштугуна жана жакындыгына негизделди. Тамгалардын элесине негизделген ыкма боюнча

иштелип чыккан усулдук **комплект «Кызыктуу ынтымак тамгалар (КЫТ)»** (авторлору – *М. Жигитова, А. Токтомаметов, Б. Субанова)* деген ат менен Кыргыз Республикасынын Президентинин администрациясына караштуу Долбоорлорду башкаруу бөлүмү тарабынан «Кенже курактагы балдарды жамааттын деңгээлинде өнүктүрүү» долбоору аркылуу (2010) басылып чыгып, жер-жерлердеги бакча тарбиячыларынын жана окумуштуулардын жылуу колдоосуна ээ болгон. **«Кызыктуу ынтымак тамгалар»** А3 барагында мындан он жылдай мурда чыгарылып, республикабыздын булуң-бурчтарына таркатылган.

***«Кызыктуу ынтымак тамгалардын» өзгөчөлүктөрү, артыкчылыктары эмнеде?*** Эмне үчүн мектепке даярдоо топторунда сабат ачуудагы тыбыштардын, тамгалардын ырааты ага негизделди? Бул суроого жооп берүүдөн мурун «Кызыктуу ынтымак тамгалар» комплекти эмнелерден турары, аны менен кантип иштөө керектиги тууралуу кыскача түшүнүк бере кетсек.

«Кызыктуу ынтымак тамгалар» комплекти эки (ак жана көк) фондогу сүрөттөрдөн, А3 формасындагы баракка жайгаштырылган 8 таблицадан (алар өз-өзүнчө кыркылып алынат) А3 формасындагы сүрөттүү тамгалардан, усулдук колдонмо жазылган китепчеден жана тамгаларга байланыштуу ырлар жазылган китепчеден турат.

Бул комплект менен иштөөнү ак фондогу сүрөттөрдөн баштоо зарыл:

1. Анда биз өтө турган тыбыш, тамга катышкан буюмдардын сүрөттөрү бар. Мисалы **«а»** тыбышына жана тамгасына карата алманын, алмуруттун, анардын, айдын, аюунун, «к» тамгасы боюнча китептин, коондун, компьютердин ж. б. сүрөттөрү берилген. Бул сүрөттөрдүн жардамы менен кайсы тыбыш тууралуу сөз болорун аныктоого болот;

2. **«А»** тыбышын аныктагандан кийин аны сүреттүү тамгалардан көрүп, анын тамгасы менен таанышууга болот;

3. Андан кийин 8 таблица батырылган А3 формасындагы барак менен иш алып барылат. Ага чейин бул барак чийилген штрихтер аркылуу 8 таблицага бөлүнүп кыркылып алынышы керек. Аны кантип кыркуу жол-жобосу тиркемеде кеңири берилет.

   Бул таблицалардын биринчиси усулдук көрсөтмө болот. Анда кайсы таблицанын жардамы менен кайсы тамгаларды жана канча тамганы жасоого болору жазылып турат. Балдар колуна тийген эле таблица менен иштеп кирбестен, усулдук сунуштарда берилген ырааттуулукту сактоо менен, таблицаларды пайдалануу сунуш кылынат. Бирок балдар башка таблицаларды алып, тамгаларды жасап кирсе, ага тыюу салбастан, бир аз убакытка уруксат берүүгө болот. Бирок бул учурда бул тамганы талкуулап кириштин зарылчылыгы жок. Эгерде бала бул тамгалардын кайсы бирлерин билсе, өзү айта берсин. Педагог бул тамгаларды талкуулоого басым жасабастан, бул тамгалар тууралуу кийинчерээк сөз болорун, алар менен иштөө да абдан кызыктуу экендигин эскертип, баланы кызыктырып койсо болот.

   Дагы бир өзгөчө көңүл бура турган учур, таблицалар боюнча иштеп, үнсүз тыбыштарды, тамгаларды өтүп жатканда, ага үндүү тыбышты кошуп, муун түзүү

болуп саналат. Анткени балдардын тамгалап окуп калуусун болтурбоо керек. Мында муундап окууга үйрөтүү башкы талап болот (бул тууралуу төмөндө бериле турган сабактардын үлгүлөрүндө кеңири сөз болот);

4. Тамгага окшош буюмдардын сүрөттөрү (көк фондо) менен иштөө. Буларда тамгага окшош буюмдардын сүрөттөрү тартылган. Мисалы, **«А»** тамгасына ага окшошкон саржандын, белинен бириктирилген эки столбдун, ракетанын, **«п»** тамгасына эшиктин, терезенин, китептин, **«г»** тамгасына чалгынын ж.б. сүрөттөрү берилген.

   Бул сүреттерден тамганын элесин кергөндөн кийин, андай элести айлана-чөйрөдөн, турмуштан издешет. Мүмкүнчүлүк болсо, тамгалардын элесин балдар өздөрү бир нерселерден, буюмдардан жасаса, өздөрү тамга болуп көрсөтүшсө болот. Бул учурда балдар жалгыздан же экөө, үчөө биригип, тамганын элесин жаратса болот;

5. Тамгага тиешелүү ырлар менен иш алып баруу. Бул комплект менен иштөөнүн жыйынтыгы кеп өстүрүүгө алып келиши кажет. Ошондуктан ар бир таблицадагы тамгаларга байланыштуу ырлар тиркемеде берилет.

Мисалы:

Тик таяктан оңго сызсам **«Г»** болду,
Андан кийин ылдый тартсам **«П»** болду.
Туура таяк ылдый жылып **«Н»** болду
Аягына куйрук кошсом **«Ң»** болду.

*Же:*

**Л** тамга абдан балбанбы,
**О**ну көтөрүп алганы.
Заматта **Я**га айланып
Менменсинип калганы ж.б.

Бул ырларды балдар, педагог улантса да болот. Бул учурда балдардын ар бир аракети, айтканы колдоого алынып, ар бир кичинекей да ийгилик колдоого алынышы шарт.

**«КЫТ»** комплектисинин өзгөчөлүктөрүнө, артыкчылыктарына келе турган болсок, алардын негизгилери булар:

1. Окуучулар тыбыштарды билип, тамгаларды таанышат, анда **36 тамганын** баары камтылган. «А» тамгасынын баш, кичинекейи да берилген. Окуучулар тамгаларды кызыгуу менен оюн түрүндө үйрөнүшөт;

2. Тамганы жаңы үйрөнүп жаткан балдар көпчүлүк учурда аларды бири-бири менен чаташтырышат. Ал эми бул баракчалардын жардамы менен тамгаларды айырмалаганга үйрөнүшөт, ар бир тамга башка тамгалардан кайсы бөлүктөрү менен өзгөчөлөнө турганын билишет;

3. Балдардын аң-сезиминде тамганын элеси, анын кандай бөлүктөрдөн турары калыптанат. Учурда бул окуу процессиндеги эң заманбап маселелердин бири. Анткени окуучунун окуй алуусу да, кол жазмасы да тамганын элесинин анын аң-сезиминде калыптанышына түздөн-түз байланыштуу болот;

4. Барактын бүктөмдөрү менен иштеп жатып (аларды бүктөп, кайра жазып), биринчиден, колунун майда булчуңдары иштейт, экинчиден, маалымат сеөмей терилери аркылуу сенсордук жол менен да кабыл алынат. Үчүнчүдөн, ал бүктемдөр менен иштее балдардан кылдаттыкты, этияттыкты талап кылгандыктан, алар кылдат болууга үйренүшет, төртүнчүдөн, тамганын элеси баланын башына, аң-сезимине мына ушундай ар кандай жолдор менен чагылып, калыптанат;

5. Тамгалардын элеси менен иштее балдар үчүн абдан кызыктуу болуп, алардын ой жүгүртүүсүн естүрүп, ез алдынчалуулугун, изденүүсүн, өзүнө болгон ишенимин калыптандырып, чыгармачылыгын арттырууга зор салым кошорун, тамгалардын элесин турмуштан табуу, ар кандай буюмдардын жардамы менен алардын элесин жаратуу жана өздөрүнүн «тамга боло калышы» аларды изденүүгө түртүп, чыгармачылыкка шыктандырарын практика керсөттү;

6. Тыбыштар, тамгалар менен иштөе ыраатын (тыбыштан баштап тамгага етүү, тамгалар бар таблицалар менен иштөө, тамганын элесин айлана-чейрөдөн табуу, андан кийин кеп өстүрүү) өздөштүрүп калгандан кийин балдар бул ырааттуулукту сактап, иш-аракетти ез алдынча аткарууга кене башташат, бул алардын өз алдынчалуулугунун өсүшүнө шарт түзүп, балдардын ез дараметине, күчүнө болгон ишенимин арттырат;

7. Тамгалардын элесине байланыштуу ырларды, тексттерди, оюнан чыгаргандарын айтуу, тамгалардын чаташып кетип, айырмачылыгын аларды белүп алуу менен табуу сыяктуу окуяларды ойлоп табуу сыяктуу иш-аракеттер кеп өстүрүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзөт.

**«**КЫТ**»** комплектин чыгаруу бул усулдук сунуштарды иштеп чыгууда каралбагандыктан, ынтымак тамгалар бар 8 таблицадан турган А3 форматындагы таблица, ошондой эле бул таблица жана комплект менен иштөе өзгөчөлүктөрү боюнча усулдук көрсөтмө тиркемелерде берилди.

Тамгалардын элесине негизделген тыбыштардын, тамгалардын ыраатын берүүдө ал мурдагы салттуу ырааттуулуктан айырмаланат. Анткени балдар бир таблица менен иштееге киришкенден кийин, ал таблицадагы тамгаларды бүтпөй туруп, аларды башка таблицага өткөрүү абдан кыйынга турат.

Бул абалдан чыгуу үчүн тамгалардын элесине негизделген таблица менен иштөөден мурда үндүү тыбыштарды толугу менен же алардын көпчүлүгү тууралуу маалымат берүү сунуш кылынат. Ошондуктан болжолдуу тематикалык пландын баш жагында тыбыш, тамгаларга арналган материалдарга жалпысынан 4 саат берилди. Таблицадагы ар бир үнсүз тыбышты, тамганы еткенде, аталган үндүү тыбыштардын жардамы менен муундарды жаратууга болот. Мисалы, **«к»** тыбышын еткөндө, дароо **«кы», «ка», «ку», «ки»** ж.б. кылып бир топ ачык муундарды түзүүгө болот. Муну менен тамгалап балдарды окуудан качып, муундап окууга шарт түзүлөт.

Алгачкы **«А а»** тыбышын, тамгасын өтүүдө 1-таблицада кичинекей **«а»** тамгасы эле бар, ал **«ɑ»** түрүндө берилген. Педагог буга атайын токтолуп, балдардын көңүлүн буруп, чоң **«А»** тамгасын 3-таблицадан алып пайдалана алат.

Кошумча айта кетүүчү жагдай, мектепке даярдоо топторундагы окуу программасында, сабат ачууда мүмкүнчүлүктүн болушунча балдардын курактык өзгөчөлүктөрүнө туура келген музыкалык чыгармаларды пайдалануу зарыл.

Болжолдуу тематикалык планга ылайык, 10-12-сабактарга муунда үнсүз жана үндүү тамгалардын катар келиши (2 саат) жана өтүлгөн материалдарды жалпылоо жана кайталоо (1 саат) туура келет. Бул сабактардын иштелмелери үлгү катарында сунуш кылынат.

## 2.5. Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү жана конструкциялоону калыптандыруу боюнча усулдук сунуштар

Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу сандар, эсеп, көптүк, форма жана көлөм, геометриялык фигуралар менен тааныштырууга, мезгил, мейкиндикте багыт алуусуна багытталган, ошондой эле оюн ишмердиги аркылуу ишке ашырылат.

***Сан жана эсеп.*** Балдардын сандар тууралуу элестетүүсүн өнүктүрүү максатында окутууну сандар менен тааныштыруудан баштоо керек. Сандардын тутумун элестетүү үчүн бир түрдүү заттар колдонулат, алар бири-биринен өлчөмү, формасы (түстүү карандаштын топтому, чоң топчулар, тобурчактар, түрдүү узундуктагы жана калыңдыктагы таякчалар; балатылар, түрдүү бийиктиктеги пирамидалар, **«**Домино**»** дидактикалык колдонмосу боюнча айырмаланган буюмдар. Мисалга, чакмак дептерге 5 түрдүү, эки өңдөгү геометриялык фигураларды тартуу керек (2 кызыл, 3 көк). Балдар бир айлана, бир квадрат, бир тегерек, бир тик бурчтук, бир үч бурчтук тартышып, алардын аталыштарын атап, эсебин айтышат. Түрдүү фигуралардан канчаны тартышты? Беш саны эмнеден турат? (беш бирдиктен, 5 – бул 1,1,1,1 жана дагы 1).

Заттарды ***саноо көнүгүүлөрүндө*** көрбөй туруп саноо, балдарга карандаштардын, буурчактардын, таштардын, топчулардын үстүн бет аарчы менен жаап туруп саноо сунушталат. Балдар карандаштарды сыйпалап санап, аларды эсептеп, жалпы санын аныкташат. Башында үн чыгарып эсептелет, акырындап сандарды шыбырап санап калышат, андан соң ичинен санашат.

Тыбыштар мүнөзү боюнча ар түрдүү, аларды так, туура эсептөө үчүн дифференцирлөө керек: барабанды ургулоо аркылуу, айнекти ургулоо аркылуу, мында заттардын саны менен дал келиши керек.

***Сандардын түшүнүгүн калыптандыруу*** үчүн 20га чейин ирети менен эсептөөгө үйрөтүү керек. Сандын катар мааниси аны эсептик мааниси менен салыштырууга мүмкүнчүлүк берет *(«Матрешка» дидактикалык колдонмосу).* Сандык эсепти колдонуу менен **«**Канча?**»** деген суроого жооп беришет. Башка заттардын арасынан заттын ордун табуу үчүн мындайча да эсептешет: **«**кайсы, канчанчы?**»**, биринчи, экинчи, үчүнчү ж.б. деп эсептешет. Иреттик номерди аныктоодо солдон оңго карай эсептөө керек, ал эми башка учурларда – эсеп кайсы багытта жүргөндүгүн көрсөтүшөт (алдынан төртүнчү, өйдөдөн бешинчи, ондон үчүнчү).

***Натуралдык катардын ортосундагы мамилелерди*** түшүнүү үчүн сандардын кайсынысы көбүрөөк, кайсынысы азыраак экендигин билүү керек: **«төрт үчтөн бирге көп, ал эми үч терттөн бирге кем»**. Демек, төрт саны үчтен кийин, ал эми үч саны терт санынан мурун туруусу керек.

Балдар менен иштееде негизги орунду сандардын уланмалуулугу (биринин артынан бири) өсүүчү жана кемүүчү болору, мисалы, балдарга сандык карточкаларды көрсетүү, саноону сунуштоо, канча тегерекчелер бар экендигин санатуу, бир сандан кийин кийинкиси кайсы сан экендигин атоосун суроо керек. Балдарга сандарды салыштырууну үйрөтүү үчүн, педагог аралаш сандар менен иштейт. Мисалы, столдун үстүндө 6 тобурчак жана 7 каштан, **«**бардыгы канча?**»**, **«**кайсы чоң (кичине?)**»**, **«**7 6дан канчага кичине**»** ж.б.у.с. Педагогдун маанилүү маселелеринин бири – балдарга саноону жана сандардын көптүктү билдирүүчү касиетин түшүндүрүү, ошондо гана аларды сандар менен белги катары тааныштырууга болот.

***Сандык элестетүүлөр тууралуу түшүнүктөрдү эффективдүү бекемдөө үчүн*** балдарга сандардын сүрөтүн көңүл коюп карап чыгууну жана аны анализдөөнү сунуштоо керек, андан соң алар образдуу салыштырууну иш жүзүнө ашырышат (бирдик, солдат сыяктуу; сегиз кар кишиге окшош, бир менен жети бири-бирине окшош ж.б.), ошондой эле эки кичине сандын тутумун өздөштүрүүнү женгө салуу. Мисалы, педагог бир балага 3 желекче, экинчисине эки желекче берет. Желекчени балдар санаганда, албетте, 5 болот. Демек, 5 санын 3 жана 2 сандарынан түзүүгө болот.

Педагогдун негизги милдети – **заттарды бирдей өлчөмгө бөлүп, бүтүн менен бөлүктүн ортосундагы мамилени орнотуу.** Затты белүү менен балдар 2–4 бирдей елчемдөгү бөлүккө ээ болушат, аларды бириктирүү менен бир бүтүн затка ээ болушат. Бирдик катары бирде зат, бирде анын бөлүгү болот.

Заттарды белүктерге бөлүүгө бүктөө, ийүү аркылуу жетүүгө болот, бирок кеспөө керек, анткени кесилген бөлүктү бала өзүнчө бир зат катары эсептейт. Педагог айлананы тең экиге белет. Балдар анын белүктерүнүн бирдейлигин көрүшет. Педагог ***заттын бүтүндүн бирдей бөлүгү, анын жарымы экендигин*** түшүндүрөт. Андан ары айлананын жарымын дагы тең экиге бөлүү керек. Белүктер: экиден бир, терттөн бир, чейрек болот. Мындай көндүмдөрдү бекемдөөнү бала *«Фигураны чогулт» дидактикалык оюну аркылуу ишке ашырат.*

***Көптүктөр менен көнүгүүлөр.*** Кептүктердү жана числолорду салыштыруунун жүрүшүндө балдар 0дөн 9га чейинки цифралар менен таанышышат. Аларды сандарга байланыштырууну үйрөнүшөт. Бул арифметикалык амалдарды үйрөнүүгө негиз болот. Ар бир кыймылдын, иш-аракеттин балдарга түшүнүктүү болуусу үчүн, ошондой эле кыймылдардын ортосундагы кез карандылыкка жараша дайыма маселелерди салыштырып, кошуу, кемитүүлөрдү салыштыруу керек. Мисалы, балдар бир конверттин ичиндеги квадраттардын санын аныкташат, андан соң бул конвертке бир квадрат кошушат, ал эми башка учурда конверттен бир квадратты сууруп чыгып, кошуу, кемитүү үчүн маселе түзүшөт. Мындай маселелерде балдардын кеңүлүн **«Канча болду?», «Канча калды?»** ж.б. суроолор бурат. Балдарга керсөтме куралдар аркылуу женөкей маселелерди түзүүнү жана чечүүнү сунуштоо керек. Маселелерди түзүүдө плюс (+), минус (–), барабар (=) белгилерин колдонуу керек.

***Чоңдук.*** 6 жаштагы балдар шарттуу өлчөөнүн бир нече түрүнө ээ болушу керек, бул үчүн алар, биринчиден: түрдүү чоңдуктарды өлчөө үчүн түрдүү өлчөмдөр керек, экинчиден, ар бир чоңдук үчүн шарттуу өлчөм ар түрдүү болот:

1. **«Сызыктуу»** узундукту, туурасын кагаздын үзүмүнүн жардамы менен, таякчанын, жиптин, кадамдардын жардамы менен ченөөгө болот.

*Сызыктуу өлчөөнү* башынан баштап ченөө керек, сызыкчаны белгилеп алып, бүткөн жерине белги коюу керек. Сызыкты түз сызыкка дал келгендей кылып бириктирүү зарыл. Белги канча жолу ченелгендигин көрсөтүп турат. Жыйынтыктарды салыштыруу белгилерди бирден салыштыруу жана сандарды салыштыруу аркылуу жүргүзүлөт;

2. **Майда, куюлуучу, суюк заттар** кружка, стакан, кашык, табак, баштык, мүшөкчө менен ченелет ж.б.у.с.

Балдарды *суюк, куюлуучу, майда нерселердин* көлөмүн аныктоого үйрөтүү менен, педагог алгач эмне өлчөнөрүн тактап алат (мисалы, графинде канчалык суу бар), өлчөө үчүн эмне зарыл (ылайык келген өлчөмдү тандоо), елчемдү кантип толтуруу керек, өлчөөнү канчага чейин улантуу керек:

- данды кашык менен елчеп жатып, балдар аны ез-езүнчө бирдей кылып үйүшөт;
- суунун өлчөмүн аныктап жатып, белек стакандарга куюп;
- андан соң жалпы көлөмдү эсептешет. Педагог баса белгилегендей, дандын жана башка майда куюлуучу нерселердин көлөмүн өлчөөдө идишти кырына чейин толтуруу керек, болбосо идиштен куюлуп түшөт.

Такай толтуруунун тактыгын текшерип туруу керек жана ошону менен бирге балдарга суроолорду берүүнү да унутпоо зарыл.

Бул көнүгүүлөрдү жасоону кезектештирүү керек жана өлчөөчү буюм катары түрдүү нерселерди (кагаздын үзүмүнө – жипти, чыныга – стаканды ж. б.) алууга болот. **Өлчөөдө кандай гана ката кетирилбесин, туура эмес жыйынтыкка алып келерин** көрсөтүү керек.

***Мейкиндикке ыңгайлашуу.*** Бул белүктөгү иштер баланын тигил же бул затты өзүнө карата ыңгайлаштыруусу керек: менин алдымда – стол, артымда – шкаф, оң жагымда – эшик, солдо – терезе, тебөмдө – шып, таманымда – пол. Мында педагогго чоң жардамды *«Боз үй» колдонмосун* колдонуу берет. Мейкиндик мамилелеринин кеп түрдүүлүгү сүйлөө кебинде: **«ичинде», «үстүндө», «астында», «артында», «алдында», «аркасында», «бет алдында», «арасында», «айланасында», «ортосунда»** ж. б. сүйлөм мүчөлөрү, ошондой эле **«бери», «тигил жакка», «солго», «оңго», «алыска», «жакын», «астынан», «үстүнөн»** тактоочтору аркылуу берилет.

Бир жактан, алар бир буюмдун экинчисине карата абалын, экинчи жактан, кыймылынын багытын керсетөт (Лампа столдун **үстүндө** илинип турат. Топ стулдун **алдына** тоголонуп кирип кетти ж.б.). Ушул эле сөздер кыймылдын динамикасын, экинчи буюмга карата багытын билдирет. **«Алдында», «артында»** деген сездер буюмдар ортосундагы каршы мейкиндик маанини билдиргенине карабастан, жалпы белгиге ээ болот – алар бир нерсенин экинчиге жакындыгын билдирет (Бак үйдүн алдында.

Огород үйдүн артында ж.б.). Тескерисинче, карама-каршы мамилени билдирген **«алдында»** жана **«артында»** деген сөздөрдө жалпылык – бир топ алыстык жана буюмдардын жайгашуусундагы жакындык баса белгиленет (Трамвайдын алдында автобус бара жатты). Аягында баладан сөз менен айтууну суранууга болот: «Бул оюнчукту кандайча тапканыңды айтчы». Бул балага кыймыл-аракетин сөз менен чагылдырууга жардам берет.

***Жалпак нерсеге ыңгайлашууну*** өнүктүрүү боюнча жумуштар карама-каршы багыттарды аныктап көрсөтүүгө негизделген: **«оңдон – солго», «өйдөдөн – төмөнгө»;** балдардын кагаздын ортоңку бөлүгүн табууга үйретүүгө чоң маани берилет, кагаздын «**өйдөңкү** жана **ылдыйкы**» бөлүгүн, «**сол** жана **оң**» бурчун, бурчтарын, чакмакта «сапты», «мамычаны» (солго карай, оңго карай, ейде, ылдый ж.б.). Буга балдар сабакта көнүгүшү керек болот. Биринчи кезекте, **«оң жактын борборунда», «ортосунда», «оң жагында», «сол жагында», «капталында», «жогорку», «ылдыйкы», «каптал жактарында», «сол жактын оң жагында», «капталында», «сол (оң) жактагы жогорку бурч», «сол (оң) ылдыйкы бурч», «жогорку (ылдыйкы) сап»** ж. б. сөздөрдүн маанисин түшүндүрүп, андан кийин бул көнүгүүлөрдү бекемдее үчүн бир катар практикалык тапшырмаларды сунуштоо керек.

***Мейкиндик элестетүүлөрүнө ээ болуу*** үчүн бала төмөнкүдөй тапшырмаларды аткарат: «Оң жагында карышкыр, артында аюу тургандай болуп тур» (жаныбарлардын сөлекөттөрү менен оюндардагы инсценировкада); ордуларын аныктоо «куурчактын оң жагында – коён», «куурчактын сол жагында – пирамида», «кыздын төбөсүндө – лампа». Заттардын ордун аныктоодогудай эле, сүреттөрдү жана керсетме куралдарды карап чыгууда балдар бул мейкиндик мамилелеринин аркасында эмне бар экендигин билүүлөрү керек. Алар эмне кылары же эмне кылып жаткандыгын табуу керек. «Бала кимди карап жатат? Силер кантип билдиңер? Ооба, бала өйдөнү карап жатат». Мындай көнүгүүлөр балдардын мейкиндикте ыңгайлашуусун калыптандырат.

Мисалы, сүрөттерде жуп-жубу менен бет маңдай турган балдар берилген.

Математика сабактарында колдонмолордун көбү колдонулат. Аларды даярдоо менен, колдонмону баланын сол жагына атайын коёт, ал колдонгондорун оң жагына алып коёт.

***Убакытка ыңгайлашуу***. Биринчи сабактан эле балдарды тиешелүү темпте жана ритмде иштей алууга үйретүп, убакытты сезүүнү енүктүрүү зарыл. Ал үчүн булар зарыл:

- балдардын көңүлүн түрдүү турмуштук маанилүү убакыт аралыктарынын узактыгына буруу менен, атайын жагдайларды түзүү;
- тиешелүү мезгил ичинде жасап үлгүрсө болорун керсөтүү;
- ишмердик процессинде ченееге, андан кийин убакыт аралыктарын да баалоого үйрөтүү;
- ез иш-аракеттерин эсептеп, аларды алдын ала аныкталган убакытта аткаруу керек.

6 жаштагы балдардын убакыттык элестетүүлерүн калыптандырууда сүйлөө кепте убакыттын аталыштарын, ченемдерин, сутканын бөлүктөрүн, ай аттарын жана алардын уландыларын колдонуу зарыл.

**«Күндүз», «түн», «эртең менен», «кеч», «жума»** түшүнүктөрүн чечмелөө үчүн балдардын байкоолорун, китеп окууларын, ошондой эле *«Ким күндүзү иштейт?», «Кечиндеги саякат»* ж.б. *дидактикалык оюндарын* колдонууга болот. Бул оюндарды ойноо менен балдар мазмунуна дал келген сүрөттөрдү же сутканын белгилүү бир сааттарында иштеген адамдарды аташат: эртең менен, күндүз, кечинде, түндө. Мында бир суткадан кийин экинчиси келерин, алар аталышка ээ болорун, 7 сутка бир жуманы түзөрүн, бир жуманын ичиндеги күндөрдүн аттары кезеги менен кайталанып, уланарын ж.б. билүүсү керек.

Күн сайын, болуп жаткан, боло турган, болуп өткөндөрдү атоо аркылуу балдар «кечээ», «бүгүн», «эртең» сөздөрүнүн маанилерин биле башташат.

Балдардын календарь менен таанышуусу аларга узак мезгил аралыгын, айды, а түгүл жылды салыштыруусуна жардам берет. Балдарды өтүп жаткан айдын аталышы менен тааныштырышат. Алар акырындык менен айдын аттарын, катар тартибин эстерине тутуп калышат.

***Геометриялык фигуралар. Конструкциялоо.*** Балдарга заттардын формаларын үйрөтүүнү геометриялык фигуралардын моделин карама-каршы коюу жана салыштыруунун негизинде түзүшөт. *«Фигураны чогулт», «Кереметтүү кубиктер»* сыяктуу колдонмолорду колдонуу чоң талашты жаратат. Суроо: **«**Тик бурчтуктун эмнеси бар?**»**, **«**Канча жагы бар? Канча бурчу бар? Анын жактарынын өлчөмү тууралуу эмне айтууга болот?**» Башынан баштап баланын элементтерди көргөзүү көндүмүн туура калыптандыруу керек.**

Сабактарда балдар түрдүү түстүн, өлчөмдүн жана форманын үлгүлөрүн топтоштурушат. Фигураларды кичирейген же чоңойгон тартипте тизишет, өз аракеттерин сыпатташат. *«Пазл», «танграм»* ж.б. сыяктуу геометриялык фигуралар менен оюндарды колдонууга болот.

Балдарды бир эле фигурадан түрдүү композицияны түзүүгө үйрөтүүдө геометриялык фигураларды кураштыруу өтө маанилүү. Мисалы, коёндун сөлөкөтүн, фигурасын жасоо. Педагог балдарга коёндун фигурасын – сөлөкөтүн көрсөтүп, денеси, башы, коёндун буттары кайсы геометриялык фигуралардан турарын айтып берет.

Бул үчүн геометриялык фигуралардын топтому колдонулат. Көз менен салыштыруунун негизинде эки бирдей окшош затты же, тескерисинче, бир нече айырмачылыктарды табуу керек. Заттарды карап жана салыштырып чыгып, өңү, формасы, көлөмү жана башка мүнөздүү белгилери боюнча окшошторун табуу керек.

Буюмдарды геометриялык фигуралар менен салыштырууда буюмдарды сезүү – кыймылдатып иликтее ыкмаларын колдонуу керек болот, ушул максатта мындай суроолорду берсе болот: «Эмне үчүн силер тарелка тегерек, ал эми жоолук квадрат деп ойлойсуңар?» ж.б.

**Мындай көнүгүүлөр балдар буюмдарды тиешелүү формадагы бөлүктөргө көз менен бөлүштүрүү жана бөлүктөрдөн буюмду жаратуу, ошондой эле түрдүү фигураларды өзгөртүп түзүү жолу менен жалпак геометриялык фигураларды түзүү үчүн өткөрүлөт.** Мисалы, эки үч бурчтуктан квадрат жаратуу, ал эми башка үч

бурчтуктан тик бурчтук түзүү. Андан кийин эки-үч квадраттан аларды ар кандай ыкмалар менен бүктөө аркылуу жаңы фигураларды (үч бурчтуктарды, тик бурчтуктарды, кичинекей квадраттарды) алуу.

Элементардык математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруунун ажырагыс бөлүгү болуп **конструктивдик ишмердик эсептелет.** Ар бир конструкцияны түзүп жатып, заттарды кантип жасалгалоону, өңү, кошумча бөлүктөрү гана эмес, формасы да кандай болорун ойлонуу керек.

6 жаштагы балдар үчүн кагаздан конструкция түзүүнүн татаалдыгы сыйда кагаздан көлөмдүү заттардын жасалгандыгында. Эң жөнөкөй оюнчуктарды кагазды тең экиге бөлүү менен жасоого болот: бүктөө жана чаптоо; бүктөө, кесүү жана чаптоо; бүктөө, ийүү геометриялык фигуралар менен иштөөдө да колдонулат. Бул ишмердиктин татаал түрү жана процессте кол менен жасалган түрдүү оюнчуктар пайда болот.

Кагаз картон, коробка ж.б. материалдар колдонулат. Ал эми табигый материалдардан: тобурчактар, дарактын уруктары, гүлдөр, бутактар, ракушкалар ж.б. көптөгөн нерселер, кошумча материал катары: түстүү кагаз, жиптер, ичке зым ж.б. колдонулат. *«Керемет кубиктер»* дидактикалык оюнундагы аткарылган тапшырмалар балдардын конструктордук көндүмүн, майда моторикасын, заттар ортосундагы мейкиндик мамилесин өнүктүрүүгө жана бекемдөөгө жардам берет.

## 2.6. Көркөм өнөр боюнча усулдук сунуштар

Максаты – көркөм өнөр предметин окутуу процессинде балдарды жаратылыштын, адамдардын жашоо тиричилиги, айлана-чөйрө менен тааныштыруу, чөйрөнүн кубулуштарынын көркөм сулуулугун сезип, туюп, аларга аяр мамиле жасап, көркөм каражаттар аркылуу чагылдырып билгендей кылып билим, тарбия берүү.

**«Көркөм өнөр предметинин» негизги милдеттери:**

- балдардын көркөм сулуулукка болгон жан-дүйнөсүн байытып, эстетикалык тарбия берип, эмгек маданиятын калыптандыруу;
- түрдүү көркөм каражаттар менен өзүнүн чыгармачыл кыялын жүзөгө ашырууга жетишүү;
- балдардын чыгармачылыкка болгон кызыгуусун арттыруу;
- балдардын колунун ийкемдүүлүгүн өнүктүрүп, оюн сүрөттөп көрсөтүүгө көнүктүрүү;
- көркөм чыгармачылыкка карата өзүнүн нарктуу (баалуулукка негизделген) мамилесин айтып берүү, талдоо боюнча болгон сөз байлыктарын арттыруу;
- көркөм өнөр боюнча билимдерин, билгичтик жана көндүмдөрүн калыптандыруу;
- алган билимдерин күндөлүк жашоо-турмушунда көркөм-сулуулуктун мыйзам ченинде колдоно билип, аткарган иштеринен ырахат алуу сезимин өстүрүү.

Мектепке даярдоо класстарында/тайпаларында балдардын керкем енер чыгармачылыгынын ичинен **сүрөт, курак (аппликация), скульптура** бөлүмдөрү анын негизги өзөгүн түзөт, аларды аңдап-билип өздөштүрүү алардын чыгармачыл дареметин ачууга жана көркөм ишмердикти ишке ашыруунун башка тармактары боюнча да ыкмаларын өздөштүрүүсүнө өбелге түзет. Байкоо жүргүзүүнүн негизинде көргөндөрүн эске тутуп, образдык ой жүгүртүүлөрүн көркөм каражаттардын жардамы менен эркин чагылдыра билүүгө үйретүү, алардын чыгармачылык сезимталдыгын, эстетикалык табитин өстүрүүдө негизги ролду ойнойт.

Сабактарда ***көркөм каражаттардын түрлөрү, касиеттери менен тааныштырып, алар менен иштөөнүн түрдүү ыктарына үйрөтүп, окуучуларды тазалыкка, тыкандыкка, тактыкка тарбиялоо, ишке болгон жөндөмдүүлүктөрүн, көркөм маданиятын калыптандыруу зарыл.*** Окуу планында алгач балдарды айлана-чөйрөдөгү кубулуштарга байкоо жүргүзүп, көргөндөрүн эске тутуп, образдык ой жүгүртүүлөрүн керкем каражаттардын жардамы менен эркин чагылдыра билүүгө үйрөтүү алардын чыгармачылык сезимталдыгын, эстетикалык табитин өстүрөт.

Көркем өнер предметинде башка предметтерден айрымаланып, түрдүү көркем каражаттар менен иштееге туура келет. Ошондуктан айрым темаларды шартка ылайык эки саатты бириктирип өтсе да болот. Ар бир сабакта өтүүлүчү темага ылайык чыгармачылыкка байланышкан жаңы сөздөрдү чечмелеп берүүнүн мааниси зор. Анткени балдар искусство тармагындагы ар бир түшүнүктөрдү өзүнүн аты менен атаганды жана ал эмнени түшүндүрөрүн билишет, ошол маалыматтарды дагы тереңирээк билгенге аракеттенишет.

Усулдук колдонмодо айрым гана сабактардын иштелмелери үлгү катары берилди, педагог алардын бардыгын кечүрүп, кайталоосунун кажети жок. Балдардын мүмкүнчүлүктөрүн эске алып, колдо болгон каражаттарга ылайыкташтырып сабактардын иштелмелерин өзгөртүп, толуктоолорду киргизип пайдаланса болот.

- Педагог календардык пландарды түзүүдө сөзсүз жыл мезгилдерине, майрамдарга ж.б. бири-бирине байланыштуу темаларды башка предметтерде кайталабай, эриш-аркак жуурулуштурса, убакыт да үнөмдүү болуп, аткарылган иштер дагы натыйжалуу болот.

- Күзгү жалбырактардын өзүн көрүп сүретүн тартууда алгач табият таануу сабагында саякатка чыгып, күзгү кооз жалбырактардан гербарий даярдагандан кийин гана сүрөттөп тартышса, оптималдуу болот.

- Дагы бир эске ала турган нерсе, физкультминуталарды өткөрүүдө темага ылайык музыкалар жана оюндар тандалышы керек. Мисалы: жыл мезгилдеринин түркүн кубулуштарына ылайык музыканын коштоосунда образдуу аткаруусунун мааниси зор (дарактар бороон-чапкында, жамгырда, күн тийген бейпил мезгилде) – кыймыл-аракеттерди образдуу аткарышса, кызыктуу жана жандуу өткерүүсүнө ыңгайлуу шарттар түзүлөт. Сабак учурунда ойнолуучу оюндар аркылуу балдардын логикалык ой жүгүртүүсү өсет, биргелешип чыгармачылык тапшырмаларды аткаруусуна жардам берет.

- Керкем енер боюнча календардык планды түзүүдө башка программалардагыдай кылып керкем өнердүн түрдүү тармактарын (сүрөт, курак, бедиз деп өз-өзүнчө топторго белген жокпуз, тескерисинче, бир эле темадагы аткарылуучу ишти бир нече

түрдүү тармактарда ар түрдүү көркөм каражаттар менен аткарылышына ылайыкташтырдык. Анткени чачыранды берилген материалдарды кийин топтоп, көздөгөн натыйжага жетүүнүн жолун татаалдаштырат. Мисалы: балдарга алгач жер жемиштерди көлөмдүү жасатып, алардын формасын сезип-туйгандан кийин аны түстүү кагаздардан кесип чаптатуу, андан кийин сүрөттөп тартуу объектини туура чагылдыруу жөндөмүн өркүндөтөт.

- Балдардын көркөм өнөрүнүн түрдүү тармактарында чыгармачылык жөндөмүн өстүрүүдө, алардын тарткан сүрөттөрүндөгү тартылуучу объектинин (натуранын) өзүндөй так тартуусун талап кылуу али эрте, анткени бул куракта алардын манжаларынын ийкемдүүлүгү өнүгө элек. Ошондон улам алардын аткарган чыгармалары чындыктан алыс болуп, окшошпосо да, алардын аракетине, кыялдануусуна чек коюп, сындабай, тескерисинче, мактап шыктандыруу менен мамиле кылуу зарыл. Муну менен чындыктан такыр эле алыс болуу керек деген ойдон алыспыз, учуру келгенде бала өзүнүн чыгармачылык нугун тапканда, акырындык менен ал маселелер өзү эле чечилет.

- 5–6-сабактарда түстүү түстөгү, формадагы дарактардын жалбырактарын өзүнөн көрүп, өзүндөй кылып сүрөтүн тартууда алдын ала күзгү жалбырактарды жыйнап алуу керек. Бул жалбыракты өзүнөн керүп, салыштырып тартууга үлгү катары жардам берет.

- Сүрөттөп тартуу үчүн түстүү карандаштардан башка дагы түстүү борлор, пастель, акварель, гуашь жана башка каражаттарды колдонсо болот. Акварель, гуашь боёктору менен иштөө үчүн түрдүү кыл калемдер керектелет. Кыл калемдерди жууп тазалоо үчүн суу куйганда тунук түстөгү идиш, палитралардын болушу керек.

- ***Күзгү дарактарды тартканда – сыртка чыгып*** дарактардын жапжашыл жалбырактары сары, кызыл жана сыя түстөргө айланганын ***байкоо, аларды жыйноо, тарта турган күзгү дарактардын кандай түстөргө боёлорун баамдоого жардам берет.***

- Суюк жана коюу боёктор менен тааныштырган учурда акварель жана түстүү туштарды суюк жана тунук боёкторго киргизерибизди түшүндүрүү зарыл. Анткени мурунку боёлгон түстү кийинки болгон түстөн кийин деле кере алабыз. Гуашь – коюу боёкторго кирет, аны менен аткарган иштердин түсүн үстүнөн боёп, ондосо болот.

Жаратылышты сүрөттөп ***пейзаж тартууда*** педагогдун деңгээл сызыгы боюнча түшүнүгү болушу керек. Деңгээл сызыгы (линия горизонта) географиялык түшүнүк боюнча асман менен жердин бириккен жериндеги сызыгы болуп айтылат. Ал эми сүрөт өнөрүндө деңгээл сызыгы сүрөт тарта турган адамдын көзүнүн тушу – деңгээл сызыгы болуп эсептелет. Эгер силер жаратылышка чыгып, алысты карасаңар, каяктан жер бүтүп, асман башталарын көрөсүңөр, деңгээл сызыгы биз кайсы жерде турганыбызга байланыштуу болот. Биз канчалык бийик турсак, деңгээл сызыгы дагы ошончолук бийиктейт, ылдый болсок – ылдыйлайт.

Пейзаж тартууда жаратылыштагы түрдүү кубулуштардын ар бир мезгилге жараша өзгөрүп турарына байкоо жүргүзүү керек. Мисалы, бирде ачык, көңүлдүү же капалуу болот, ошондуктан ар бир кубулушту ез учурунда өзүндөй кылып чагылдырууга аракеттенүү талапка ылайык.

***Оюмдардан композиция*** түздүрөрдө оюмдардын түзүлүшүн, аталышын, сүрөттөлүшүн жана символикалык маанисин ачып берүү зарыл. Биздин жашоо-турмушубузда оюмдардын мааниси чоң, анткени алар турмушубуздагы колдонулуучу буюмдардын керкүне керк кошуп, керкем коодзукту жасалгалоого жардам берет. Мисалы: кездемелер, идиштер, килемдер ж.б. Оюмдар кайра-кайра кайталанган өзүнүн көркөмдүк касиети менен биздин көзүбүздү жана ички дүйнөбүздү кубандырып турат.

***Бедиз (скульптура)*** – бул рельеф түрүндө же көлөмдүү даярдалган сүреттелүш. Ал катуу материалдардан (пластилин, гипс, таш, жыгач) жасалат. Адамдар, жаныбарлар жана жансыз ар түрдүү нерселер сүреттелет, аларды биз скульптуралар, ал эми аларды жараткан сүрөтчүнү скульптор дейбиз. Алгач анын пластилин, чопо сыяктуу жумшак материалдардан үлгүлөрү даярдалат, андан соң катуураак материалдарга кечүрүлет. Скульптура жасоого илмелер жана стектер колдонулат, а бирок скульптордун эң негизги куралы – анын колу.

Мемө-жемиштерди жана жашылчаларды ез елчемүндей кылып көлөмдүү жасоодо альбомдун бетиндей калың такта же фанера жана пластилин, чопо, стек керектелет. Үлгү катары алма, сабиз, кызылча алып, столго коёбуз да, тактага пластилин же чопону алып, алардын элесин жасоо керек. Алардын түстөрүн окшоштуруп жасасаңар, аткарган иштин көркүн ачат.

Идиш-аяктарды келемдүү жасоодо кичине көлөмдүү идишти тандап алуу керек. Мисалы: кесе, кумара, чыны ж.б. Столго идишти коюп, такталарыңарга пластилинден же чоподон окшоштуруп жасоого аракеттенгиле. Буюмду жасоонун алдында жакшылап көңүл бургула, алар чоң же кичине болуп калышы мүмкүн. Үлгү менен жасалган буюмду жанаша коюп, жыйынтыгын баалагыла.

- Мемө-жемиштерден жана жашылчалардан композиция түзүү үчүн жөнөкөй идишке үч жер-жемишти коюп, ага пластилинден бирдиктүү композиция түзгүлө. Мөме-жемиштерден же жашылчалардан натюрморт түзүү керек. Алардын саны үчөө болгону жакшы, себеби мында нерселер чогуусу менен жасалышы талап кылынат. Башкача айтканда, бирдиктүү композиция түзүлөт.

- Ар бир сабактын аягында балдардын аткарылган иштеринин көргөзмөсү болуп, алар өзүнүн жана жолдошторунун иштерине анализ жүргүзүп, сын пикирин айтып, баалаганды үйрөнүшет, ошондой эле өзүнүн аткарган иштерине баа бере алат. Алардын жылдын башынан аягына чейинки чыгармачылык иштеринин топтому педагог тарабынан сакталыш керек, ал балдардын чыгармачылыгынын өсүшүнө диагностикалык байкоо жүргүзүлүшүнө жардам берет. Чыгармачылык кергезмелер балдардын керкөм өнөрүнүн түрдүү тармактарына болгон кызыгуусун арттырып, чыгармачылык жендөмүн өркүндетөт.

***Жиптин жардамы менен сүрөт тартуу.*** Бул майда моториканы өнүктүрүүнүн эффективдүү ыкмасы. Үлгү боюнча же эркин иштееге болот. Жипти сыйда эмес жерге жайгаштыруу керек; жип жүндөн же кагаз-пахтадан жасалышы жана узундугу 20–30 см болушу керек. Топту, алманы, шарикти, кара өрүктү, козу карынды, көпөлөктү, балыкты, алманы жасоого болот. «Эмнеге окшош» оюнун ойноого да болот, мисалы, айлана – бул топ, алма, күн, саат, дөңгөлөк же «ким чоң?»: мында кимдин фантазиясы күчтүү экендигин аныктоого болот. «Мектеп» оюнун ойноого, өзүнүн атын да жазууга болот.

***Аппликация.*** Аппликация үчүн фантазия мүмкүнчүлүк берген бардык нерсе: түстүү кагаз, кездеменин, теринин, жүндүн үзүмү, фольга, майда макарондор, дандар, кургак бутактар, жалбырактар, саман, аппликация үчүн бир жолу колдонулуучу тарелкалар жарай берет.

## 2.7. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин үйрөтүү боюнча усулдук сунуштар

Берилген сунуштар орус тилиндеги мектептерде кыргыз тилин окутууга багытталган. Программанын мазмунунда 6 жаштагы балдардын бул жашка чейин бакчага же башка билим алуучу мекемеде болбогонун эске алуу менен, алардын психологиялык, физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө карата биринчи жолу кыргыз тилин угуп, аны үйрөнүүгө аракеттенип жатканына байланыштуу талапка ылайык шарт түзүү абзел.

Программада лексикалык, фонетикалык, грамматикалык минимумдар белгиленген:

1. Бул курактагы балдардын жаш өзгөчөлүктөрү эске алынган;
2. Күндөлүк турмушта колдонулуучу керектүү сөздөр, минимум орун алды;
3. Балдардын өздөштүрүүсү үчүн жеңил болгон сөздөрдү, сөз айкаштарды кошууга аракет жасадык.

Алар кыргыз тилинин грамматикасынын негизинде орус тилинин грамматикасы менен салыштырмалуу берилди. Кыргыз тилин үйрөтүүчү педагогго жардам катары 12 сабактын конспектиси үлгү катары берилди.

Программада коюлган максаттар балдардын кебинин психологиялык өзгөчөлүгүнө, алардын психофизиологиялык мүнөзүнө – жөндөмдүүлүгүнүн чектелгендигине, предметтик-образдуу ойлонуусуна, көңүл буруусунун туруксуздугуна негизделип, ар тараптан шайкеш келген усул аркылуу ишке ашат. Экинчи тилди үйрөтүүдө балдарды чарчатып жадатпоого багытталган атайын усулдук ыкмалар сунушталган.

Анткени тааныш эмес тыбыш, сөз, сөз айкаштарын сүйлөмдөрдү айтууда балдар акыл-эс, акустикалык, артикулятордук жактан кошумча жүккө дуушар болушат. 6 жаш курактагы балдарда оюн негизги ишмердиктин бири болгонуна байланыштуу оюн аркылуу сабак өткөрүү оң натыйжа берет.

Ушундан улам атайын уюштурулган оюн жагдайы балдардын сүйлөөсүн козгоочу мотивдердин табигый булагы катары кызмат кылат. Лексикалык минимум 170 сөздү түзөт, анын арасында орус тилинде дагы, кыргыз тилинде дагы бирдей айтылган сөздер кезигет. Адамдын сүйлөшүү кеби байланыштуу, түшүнүктүү болууга тийиш. Сүйлөшүүчүлөрдүн кеби фразалардан, фразалар сөздерден, сөздер муундардан турат. Муундар тыбыштардан түзүлөт. Демек, биздин кебибиздин негизин тыбыштар түзөт. Кептеги тыбыштардын саны менен сапаты, алардын ээлеген орду жана айкашуу мүнөзү бардык тилдерде бирдей болбойт. Бирок тилдер бири-биринен канчалык алыс болсо да, алардын системасынан жана түзүлүшүнөн жалпылыктар кездешет. Ошондуктан бул

курактагы балдарды экинчи тилге үйрөтүүдө тилдердин окшоштук жактарына таянуу натыйжа берет. Темалар кайталанып берилет.

***Орус тили эне тили болгон башка улуттун балдарына кыргыз тилин үйрөтүүдө педагог төмөнкү нерселерге көңүл бурушу зарыл:***

- Кыргыз тилинде жана орус тилинде тыбыштар үндүү жана үнсүз болуп бөлүнөт;
- Эки тилде тең сөздөр басым аркылуу айырмаланат, бирок орус тилинде басым биринчи, экинчи жана акыркы муундарга түшө берет, кыргыз тилинде болсо басым акыркы муундагы үндүүлөргө түшөт.

Таблицада бир нече сабактын үлгүсү берилген:

- Сабактын темасы, максаты менен;
- Өздөштүрүүчү сөздөр ар бир сабакта 3-4 сөздөн көп эмес;
- Сүйлөшүү кырдаалы темага байланыштуу;
- Сүйлөшүү үлгүсү грамматикалык минимумдагы кыргыз тилинде пайдаланган типтүү фразалардан алынган;
- Сабакты уюштуруучу сөздөр ар бир сабакта пайдаланылып, кайталанып турат;
- Акыркы тилкеде темага ылайыкталган болжолдуу аңгемелердин үлгүсү берилген.

## 2.8. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде орус тилин үйрөтүү боюнча усулдук сунуштар

Орус тилин экинчи тил катары үйрөнүү процессинде бала тыбышты, сөз айкашын, сөз интонациясынын контурун, тыбыштык айкашты, тыбыштык-кептик иш-аракеттердин уланмалуулугун колго алат. Мында биз алгач анын сунуш кылынган тилдик жагдайга багыт алуусун калыптандырышыбыз, ага кыймыл же реплика менен жооп берүүнү, жөнөкөй айтымды түзө билүү керек. Бардык кептик иш-аракеттер белгилүү бир этаптар аркылуу иштетилет:

- түшүнүүдөн чоңдор менен карым-катышууга – түрдүү жагдайды түшүнүү;
- чоңдордун жардамы менен сүйлөөдөн өз алдынча сүйлөөгө өтүү аркылуу ишке ашат;
- кептик бирдиктерди өз алдынча колдонуу алардын угууну түшүнүүсүн жөнгө салат, бала үчүн маанилүү болгон атайын уюштурулган эмоционалдык оюндук процессте пикир алышуу аркылуу жетет. Пикир алышуу процессиндеги материал ар дайым кайталанат, циклдик мүнөзгө ээ жана акырындык менен татаалдашат.

➢ Тилдик материал принциптер боюнча экинчи тилге олуттуу мамиледеги мектеп курагындагы балдарга кеңейтилип берилет. 6 жаштагы балдар менен пикир алышууда тематикалык катыш ишке ашат.

- ➢ Ишке долбоорлоонун элементтери киргизилет (сюжеттин же образдын өнүгүүсү).
- ➢ Тематика типтүү конструкцияга киргизилет, белгилүү бир лексика менен байланыштырылат, ал эми тилдик конструкциялар акырындык менен татаалдашат.
- ➢ Сүйлөмдүн бир эле схемасы түрдүү жагдайда колдонулат, анткени ал материалды өздөштүрүүнү жеңилдетет.
- ➢ Бала үчүн ар бир жаңы тилдик бирдик (фонетикалык, грамматикалык, лексикалык деңгээлдер) пикир алышуунун контекстинин катарында кыйынчылыктар кездешпөөсү үчүн киргизилет.

Балдардын кептик иш-аракеттери алардын өз алдынча ишмердигин уюштуруу үчүн негиз болот. Эгер бала өз эне тилинде такай колдонгон тилдик бирдиктерди карай турган болсок, алардын арасында негизги орунду оюндагы пикир алышуудан сырткары **чоңдорго кайрылуу ээлейт** *(сураныч, өз башынан өткөргөндөрү тууралуу айтып берүү, арызданyу, жаңы окуяларды мурунку белгилүүлөрү менен салыштыруу, бир нерсеге муктаж болуу, кызыгууну билдирүү, түрдүү эмоционалдык абалды билдирүү),* **жагдайларды, талкууларды ойлоп табуу.**

Балдар үчүн так ушул чектеелер, ез алдынча айтымдар орус тилин үйрөнүүдө өздүк ишмердикти үюштуруу үчүн кызмат кылат. Лексико-грамматикалык материал баланын турмушун, анын кызыкчылыктарын чагылдырган темалар боюнча топтолот.

Балдар үчүн кызыктуу болгон темаларга жана сюжеттерге таянуу керек: эгер алар мультсериал же куурчак театрынын спектаклин көрүшсө, булардын бардыгы оюн жана талкуунун шылтоосу болот.

- ➢ Каалаcalled эрежелерди оюндар, сөздер, ырлар, балдардын талкуулары, жомоктор, театралдаштыруу менен алмаштырууга болот. Ар бир сабакта тандалган тема боюнча, б.а. жомоктун, керсетме куралдардын, сүрөттөрдүн мотиви берилет жана тилдик жана кептик материал киргизилет, ошондой эле тема менен байланышкан ырлар, обондуу ырлар берилет.

Пландаштырууда, етүлген материалды кайталоодо, жалпылоодо, темаларды жалпылоодо, темаларды айларга бөлүштүрүүдө, жалпы темалар боюнча байланышты аныктоодо педагог баланын жеке өзгөчөлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алышы керек.

***Өздүк планды түзүүдө сүйлөө маданияты менен байланышкан төмөнкү бөлүктөрдү да педагог эске алышы керек:***

- пикир алышуунун башталышын жана аягын (кандай, кутман таңың менен, көрүшөбүз);
- таанышуу (Сенин атың ким? Сенин __ барбы? Кайда жашайсың? Канча жаштасың?);
- оюнду пландаштыруу жана уюштуруу (Ким баштайт? Кимдин жүрүшү? Сенин кезегиң. Сен уттуң...);
- көңүл бурдуруу (Жомок уккула. Терезени карагыла, силер эч нерсе көрген жоксуңарбы? Эмне пайда болду? Эмне жоголду? Бизге бүгүн ким келди?..);

- куттуктоолор жана каалоолор (туулган күнүң менен, жаңы жылың менен, бактылуу Рождество каалайбыз, бакыт каалайбыз, сак-саламатта бол, айыгып кет, жолуңар шыдыр болсун...);
- командалар (баштоо, токтотуу, көзүңөрдү жумгула, ал, ордуна кой, көрсөт, токтот...);
- эскертүү (абайла, көңүл бургула, бул жерде коркунучтуу, тайгалак, акырын…);
- сураныч (бериңиз, кичи пейилдикке, мен суусундук ичким келет...);
- уруксат алуу (мага алууга болобу, мага жасоого болобу);
- жасай турган нерсесин, каалоосун, талабын билдирүү (мага кызыл фломастер керек, мен ойногум келет...);
- макул болуу же болбоо (ооба, жок, макулдаштык...);
- маанай (мен капамын, жайдарымын, жаман болуп турам. Сага көңүлдүүбү? Сен кубанычтасыңбы? Купулуңа толдубу?..);
- таандыкты билдирүү, заттарга ээ болуу жана кайда экендигин билүү (бул менин моюн орогучум, тигил жерде чоң китеп бар, менде дагы бул китеп бар, сенин машинаң столдун астында…);
- уюштуруу учурлары (катуураак сүйлө, боюңар боюнча тизилгиле, жуп-жубуңар менен тургула, бардыгы айлананы тегеренишип, алакан чабышат, жетишет…);
- мактоо (азамат, жакшы, сен туура кылдың...);
- эскертүү берүү (мындай кылууга болбойт, бул туура эмес...);
- тынчтандыруу (камтама болбо, тынчтан, эч нерсе эмес, бардыгы жайында болот..);
- гигиена, сырткы келбет, жуунуу, тарануу, кийинүү, столдун үстүн жасалгалоо, тамактануу ж.б.у.с.

Баланын минималдык каражаттары менен тилдик материалдарды, ири тилдик бирдиктерди өздөштүрүү гана эмес, аларды табигый, ийкемдүү, адекваттуу колдонуу мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Акырындык менен пикир алышуу процессинде чоң кишинин монологунан балага, бала менен чоң кишинин ортосундагы диалогго, бала менен башка балдардын ортосундагы сүйлөшүүгө багытталган иш-аракет болушу керек.

***Үйрөнүлүп жаткан тилдин улуттук-маданий компоненти*** балдар тарабынан базалык материалга алгачкы этабынан баштап ээ болуу менен катар аныкталат.

Өлкөнүн маданиятын жалпылаштыруу үчүн анын мазмунунун вариативдүүлүгүн карап чыгуу зарыл. **Маңыздуу нерсе болуп, жергиликтүү орус тилдүү тарыхтын фактыларына кайрылуу эсептелет. Тилди үйрөнүүдө тигил же бул теманы ачып көрсөткөн мультфильмдин салттуу каармандары, белгилүү көрсөтүүлөрдүн же китептин каармандары колдонулат.** Окуунун мазмунуна балдарга арналган майрамдарда колдонулуучу ырымдар, салттуу ырлар камтылышы керек. Аларды сабактын түзүлүшүнө киргизүүнүн түрдүү формаларын элементтердин бири катары жана экинчи

тилди окутуу боюнча бардык иштерди түзүүгө негиз катары колдонуу зарыл. Орус тили сабактары – бул сабак эмес, оюндук пикир алышуунун өзгече тиби, анда педагог балдарды аңгемелерди айтып берүү менен кызыктырып, грамматикалык, фонетикалык же түрдүү маңыздуу айырмачылыктарын көрсөтүп, сюжет боюнча ишендирип, балдардын репликасына жагдайды кошот.

**Сабактын ийгиликтүүлүгүнүн шарттарынын бири – алардын кайталанмалуулугу.** Кээ бирде сабактар бир оюндан экинчисине өтүү, класста/тайпада айланып жүрүү менен, бир нече бөлүккө ээ болушу мүмкүн. Практикалык ишмердик менен байланыш материалды өздөштүрүү үчүн иштейт, балдар өздөрү сабак үчүн керек болгон, оюн үчүн атрибуттарды жасашат. Экинчи тилди эрте жаштан баштап үйрөтүү боюнча колдонмолордун спецификасы мектепке чейинки курактын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгүнө таянат. Окуу материалдарында баланын көрсөтмөлүүлүктөрдү өзгече кабыл алуусун, колдонмонун түрдүү элементтер менен шайкештигин жана тилдик, оюндук материалдын кайталанмалуулугун эске алуу керек. Балдар менен иштөөдөгү жеке ыкмалар материалды өздөштүрүүнүн темпи менен байланышта болуусу зарыл. Ата-энелерди процесске тартуу тилди үйрөнүүдө чоң талкууну жаратат.

Педагог өзүнө белгилүү профессионалдык ишмердиги тартуулаган ыкмаларды гана эмес, төмөнкү спецификалык ыкмаларды дагы колдонушу керек:

1. Түшүндүрүп жатып: педагог жаңы теманы түшүндүрүп жатып, адаттагыдан да көрсөтмөлүүлүк семантизациясын көбүрөөк колдонот (мазмунду талкулоо);
2. Аныктап жатып: окуя же тема боюнча балдардын ой-пикирин аныктап жатып, педагог орус тилин жакшы билген балдар биринчи жооп бере тургандай тартипте сурашы керек;
3. Тапшырманы балдарга бөлүштүрүп жатып, ар бир баланын жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алат жана тилди өздөштүрүүнү женге салат;
4. Балдарга жекече мамиле жасап жатып, алардын өзүнө болгон ишенимин жогорулатат, алар тарабынан орус тилинде пикир алышуунун социалдык- маданий нормасынын сакталышын женгө салат;
5. Орус тили боюнча тапшырмаларды ар дайым кыскача кайталап жатып, балдардын жаңы материалды өздөштүрүүсүн бекемдейт;
6. Ата-энелер үчүн тигил же бул мультфильмди көрүүгө, орус тилинде керкөм адабиятты окууга сунуштап жатып, класстагы/тайпадагы кезектеги талкуулоо үчүн материал даярдайт;
7. Оюн, предметтик-практикалык ишмердиктин түрлөрү үчүн тилдери ар башка кичи топторду уюштуруп жатып, сүйлөө кеби түрдүү деңгээлдеги балдарды топтойт.

Мектепке чейинки куракгагы балдар менен иштөө усулу алардын куракгык, жекече өзгөчөлүгүнө багытталгандыктан, мектепте орус тилин өздөштүрүү төмөнкү тилдик жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү боюнча ишке ашат:

- жогорку деңгээлдеги баарлашуу;
- сөз кору менен иштөө;

- туура угуу;
- тилдик кубулуштарды сезе билүү;
- кепке аналитикалык талдоо жасоо.

**Кыргыз тилинде иштеген мектепте орус тилин үйрөнүү сабагынын болжолдуу конспектилери**

**Примерные конспекты занятий по изучению русского языка в школах с кыргызским языком обучения**

## Тема: «В гости к сказке»

| **Программное содержание:** | |
|---|---|
| **Говорение** | продолжать учить детей участвовать в диалогах в связи с прочитанным и прослушанным произведением. |
| **Слушание** | понимать основное содержание несложных сказок с опорой на иллюстрацию, учить образовывать существительные с уменьшительно-ласкательными суффиксами, развивать мелкую моторику рук, органы артикуляции. |
| **Социокультурные компетентности** | закреплять знание детей о сказках, сказочных героях сказки. |
| **Методические приемы:** | беседа, артикуляционная гимнастика, сюрпризный момент, работа по картинкам. |
| **Оборудование** | кукольный персонаж Лунтик, тематические картинки по сказкам |
| **Ход занятия:** | |
| **Педагог** | Ребята, сегодня к нам на занятие пришел Лунтик. А пришел он не просто так. Помните, ребята, совсем недавно Лунтик был у нас в гостях? Он с вами играл, и ему это очень понравилось. Когда Лунтик вернулся к своим друзьям, Миле, Пчеленку, Кузнечику, он рассказал о том, что в нашей школе дети умеют играть в интересные игры и даже в игры с язычком. Им стало так интересно, что они опять отправили Лунтика к нам в гости.<br>Ну, что, ребята, расскажем и покажем Лунтику, что мы умеем делать. |

<table>
<tr><td>Педагог предлагает поиграть, проводит упражнения на развитие артикуляционного аппарата.</td><td colspan="2">«Улыбка».<br>Тянем губы мы к ушам,<br>Улыбнемся малышам.<br>Тянем губы прямо к ушкам,<br>И сердиться нам не нужно.<br>(Губы растянуты в улыбке, видны зубки).</td></tr>
<tr><td>Педагог</td><td colspan="2">Молодцы. Сейчас мы с вами расскажем Лунтику, какие мы с вами знаем сказки. Ребята, закройте глаза, сосчитайте до трех.<br>(Дети закрывают глаза, считают до трех, затем открывают глаза)<br>Посмотрите по сторонам, что вы видите?<br>Дети рассказывают о картинках с изображением нескольких сказок.</td></tr>
<tr><td>Педагог проводит беседу по картинкам, задает вопросы</td><td colspan="2">• Какая сказка изображена на этой картинке? (Маша и медведь)<br>• Назовите сказочных героев этой сказки. (Девочка Маша, медведь, бабушка, дедушка, подружки девочки Маши)</td></tr>
<tr><td>Педагог</td><td colspan="2">Лунтику загадали загадки, а он и его друзья не могут их отгадать. Ребята, давайте поможем Лунтику. Я буду читать загадки, а вы будете отгадывать их, называть героев сказки и говорить, в каких сказках они встречаются.</td></tr>
<tr><td>Загадки</td><td>Комочек пуха,<br>Длинное ухо,<br>Прыгает ловко,<br>Любит морковку.<br>(Заяц)</td><td>Хитрая плутовка,<br>Рыжая головка,<br>Пушистый хвост – краса<br>Это рыжая ….<br>(Лиса)</td></tr>
<tr><td></td><td>Он в берлоге спит зимой<br>Под большущею сосной,<br>А когда придёт весна,<br>Просыпается от сна.<br>(Медведь)</td><td>Маленький рост,<br>Длинный хвост,<br>Серая шубка,<br>Острые зубки.<br>(Мышка)</td></tr>
<tr><td></td><td>На ветке не птичка –<br>Зверёк невеличка.<br>Мех тёплый, как грелка.<br>Кто же это?<br>(Белка)</td><td>Летом в болоте<br>Вы её найдёте.<br>Зелёная квакушка,<br>Кто же это?<br>(Лягушка)</td></tr>
</table>

| | |
|---|---|
| | Встаёт на заре,<br>Поёт во дворе,<br>На голове гребешок.<br>Кто же это?<br>(Петушок) |
| | Заяц встречается в сказках «Колобок», «Заюшкина избушка», «Теремок» и т.д.<br>Лиса встречается в сказках «Колобок», «Заюшкина избушка», «Снегурочка и лиса», «Лиса и журавль». Медведь – «Три медведя», «Маша и медведь», «Колобок», «Теремок», «Вершки и корешки». Мышка – «Курочка Ряба», т.д. Лягушка – «Царевна Лягушка», «Лягушка путешественница», «Терем-теремок». Белка – «Сказка о Царе Султане». Петушок – «Кот, дрозд и петух», «Бременские музыканты». |
| Лунтик в благодарность просит детей поиграть в интересную игру *«Назови ласково».* | |
| **Игра «Назови ласково»** | |
| **Цель игры** | учить образовывать существительные с уменьшительно-ласкательными суффиксами. |
| **Игровой материал** | мячик. |
| **Ход игры** | играющие встают в кружочек, водящий называет слово и бросает мяч одному из игроков, игрок должен поймать мяч и образовать уменьшительно-ласкательное слово, затем он бросает мяч другому игроку:<br>Заяц – зайчонок.<br>Медведь – медвежонок.<br>Лиса – лисёнок.<br>Ёж – ежёнок.<br>Белка – бельчонок. |
| **Пальчиковая гимнастика** | Бабочка - коробочка,<br>Улетай под облачко.<br>Там твои детки<br>На березовой ветке.<br>*(Скрестить запястья обеих рук и прижать ладони тыльной стороной друг к другу. Пальцы прямые - бабочка сидит. Легким движением рук в запястьях имитировать полет бабочки)* |

| |
|---|
| Педагог предлагает детям нарисовать на память Лунтику любимых сказочных героев. |
| Дети рисуют и дарят свои рисунки Лунтику. |
| Лунтик благодарит детей, говорит, что ему больше всего понравилось, и прощается с ними. |

## Тема: «Осень»

| **Программное содержание** | |
|---|---|
| **Говорение** | продолжать учить детей участвовать в диалогах в связи с прочитанным и прослушанным произведением, активизировать словарь детей по данной теме, совершенствовать умение детей использовать в речи разные части речи; |
| **Слушание** | понимать основное содержание стихотворений с опорой на иллюстрацию, учить составлять простые предложения с опорой на картинки. |
| **Социокультурные компетентности** | систематизировать знания детей об осени и осенних явлениях, закреплять знания детей о стихотворениях. |
| **Методические приемы** | чтение стихотворения, беседа, сюрпризный момент, работа по картинкам. |
| **Оборудование** | сюжетные картинки: уборка урожая, осенний лес и т.д., сюрпризный момент, корзина с листьями, письмо от Осени. |

| **Ход занятия** | | |
|---|---|---|
| Педагог читает стихотворение Е.Трутневой «Осень» | Стало вдруг светлее вдвое,<br>Двор как в солнечных лучах -<br>Это платье золотое<br>У березы на плечах.<br><br>Утром мы во двор идем -<br>Листья сыплются дождем,<br>Под ногами шелестят<br>И летят, летят, летят… | Пролетают паутинки<br>С паучками в серединке<br>И высоко от земли<br>Пролетают журавли.<br><br>Все летит! Должно быть это<br>Пролетает наше лето. |

| | |
|---|---|
| После чтения стихотворения педагог проводит беседу по содержанию стихотворения с опорой на сюжетные картинки: | О каком времени года говорилось в стихотворении?<br>Назовите осенние месяцы?<br>Какая осень в сентябре и октябре?<br>(Ранняя, золотая, разноцветная)<br>Какая осень в ноябре?<br>(Поздняя, холодная, сырая, морозная)<br>Что такое листопад? |

**Словарная игра «Подбери действие»**

| | |
|---|---|
| **Цель игры** | учить составлять простые предложения с опорой на картинки. |
| **Оборудование** | тематические картинки с изображением явлений осени на каждого ребенка. |
| **Ход игры** | у каждого ребенка есть своя картинка, где изображены явления осени. Педагог называет первую часть предложения, дети, у которых картинка соответствует предложению, должны будут докончить его, добавив глагол, повесить картинку на доске.<br>1. Осенью листья (что делают?) – желтеют, опадают, т.д.<br>2. Осенью дождь моросит, идет, т.д.<br>3. Осенью урожай убирают, собирают, т.д.<br>4. Осенью птицы улетают в теплые края, т.д.<br>5. Осенью деревья роняют листву, т.д.<br>6. Осенью звери готовятся к зиме, меняют шубки, т.д. |
| **Физкультминутка** | К нам на тонкой ножке<br>*(Прыжки на одной ноге по кругу)*<br>Скачет дождик по дорожке.<br>*(Прыжки на другой ноге)*<br>В лужице, смотри, смотри!<br>Он пускает пузыри.<br>(Показывает руками на воображаемые пузыри) |
| Раздается стук в дверь. Почтальон приносит корзинку с разноцветными листьями. Педагог среди листочков находит письмо. Это письмо Осени. Но осенний дождик размыл некоторые строчки и детям самим придется догадаться, что там было написано. Педагог читает текст, дети вставляют подходящие по смыслу пропущенные слова, которые педагог старается записать. | |

| |
|---|
| **Рассказ «Осень»**<br>На смену лету пришла… (золотая осень). Солнышко все реже и реже выглядывает… (из-за туч). Деревья надели… (разноцветный наряд). … (Красные, желтые) листья горят на солнышке, а затем…(опадают, кружатся, укрывают) землю золотым ковром.<br>Дождик…(моросит) и заставляет прятаться… (по домам). Птицы собираются в стаи (и улетают в теплые края). Зверям некогда резвиться, они делают… (запасы на зиму). Скоро белокрылая зима вступит в свои права. |
| Педагог подводит итог занятия |

## Тема: «В гости к бабушке»

| **Программное содержание** | |
|---|---|
| **Говорение** | закрепить умения подбирать слова, противоположные по смыслу (антонимы), продолжать учить узнавать животное по описанию, подбирать глаголы, обозначающие характерные действия животных, учить детей совместно со взрослым пересказывать русскую народную сказку «Репка»; |
| **Слушание** | понимать основное содержание стихотворений с опорой на иллюстрацию, учить составлять простые предложения с опорой на картинки; |
| **Социокультурные компетентности** | систематизировать знания детей об осени и осенних явлениях, закреплять знание детей о стихотворении, закрепить классификацию диких и домашних животных. |
| **Методические приемы** | чтение стихотворения, беседа, сюрпризный момент, работа по картинкам. |
| **Оборудование** | волшебный мешочек, письмо в конверте, цветы, ворона, воробей, ёлка, игрушки: кошка, собака, корова, заяц, настольный театр «Репка», музыкальное сопровождение. |
| **Ход занятия** | |
| Педагог приветствует детей и говорит о том, что сторож школы вручил ей посылку. Открывает посылку и достает чудесный мешочек, предлагает одному из детей посмотреть, что же там внутри. В чудесном мешочке оказывается письмо от бабушки из сказки «Репка», которая приглашает детей помочь вернуть ее домашних животных.<br>Педагог предлагает отправиться в гости к бабушке. Вид транспорта выбирают дети (на машине, на автобусе, на самолете, на корабле, на поезде). Останавливают свой выбор на поезде. Выбирают паровозика, остальные дети вагончики. Все двигаются по классу/группе под веселую музыку. | |

| | |
|---|---|
| **1 остановка**<br>**Задание:**<br>**назвать противополож-ные по смыслу слова** | слон большой, а мышка маленькая<br>лев храбрый, а заяц трусливый<br>лук горький, а торт сладкий<br>дельфин гладкий, а кошка пушистая<br>кресло мягкое, а стул твердый<br>гантели тяжелые, а шарик легкий<br>скамейка низкая, а забор высокий<br>дедушка пожилой, а мальчик молодой<br>улитка медлительная, а гепард быстрый<br>гусеница короткая, а змея длинная<br>зимой холодно, а летом тепло<br>днем светло, а ночью темно. |
| **2 остановка**<br>*(место в классе/группе, где много цветов (живых, бумажных)*<br>**Педагог** | Ребята, мы приехали на цветочную полянку. Посмотрите, сколько здесь много цветов. А как они пахнут (Ответы детей). Давайте понюхаем. |
| Дыхательная гимнастика «Аромат цветов» | Дети через нос делают спокойный вдох, задерживают дыха-ние и медленно выдыхают «А – ах!». |
| **3 остановка**<br>*Макет дерева, где на вет-ках расположены птицы.*<br>*Педагог проводит беседу, задавая вопросы:* | • Кто это сидит? (Воробей)<br>• А где он сидит? (На ветке)<br>• Как чирикает воробей (Чик-чирик)<br>• А это кто? (Ворона)<br>• А где сидит ворона? (Под ёлкой)<br>• Как кричит ворона? (Кар-кар) |
| **4 остановка**<br>Педагог предлагает помочь животным, которые перемешались. | |
| **Дидактическая игра «Найди животное, которое заблудилось»** | |
| **Цель** | закрепить классификацию диких и домашних животных. |
| **Оборудование** | мелкие игрушки домашних и диких животных. |

| Ход игры | |
|---|---|
| *Педагог обращает внимание детей на игрушки животных, загадывает загадки, дети должны отгадать загадку, найти животное, о котором говорится в загадке* | • Это домашнее животное, у которого пушистый хвост, она ловит мышей. (Кошка) Что любит делать кошка? (Ловить мышей, лакает молоко, мурлычет, царапается) А какая кошка? (Мягкая, пушистая)<br>• Это большое домашнее животное с длинным хвостом, у него есть рога. (Корова) А что она делает? (Пасется на лугу) А что дает корова? (Молоко)<br>• Это домашнее животное, которое охраняет дом? (Собака)<br>• Что собака делает? (Лает, сторожит дом, рычит, грызет кости, бегает, виляет хвостом)<br>• Это животное зимой белое, а летом серое. (Заяц) Что делает заяц? (Убегает от волка, дрожит, любит морковку) |
| **Педагог** | Ребята, посмотрите, а кто же здесь лишний? Почему? (Ответы детей) Правильно, все животные домашние, потому что они живут дома, рядом с человеком, лишний – заяц, потому что это дикое животное, оно живет в лесу. |
| *Звучит музыка, имитирующая звуки дождя, грома, молнии. Педагог проводит под музыку пальчиковую гимнастику:* | • набежала тучка (дети, сидя на полу, делают круговые движения кистью рук);<br>• закапал дождь (стучат ладошкой по коленкам);<br>• засверкала молния (ладошки трут друг о друга);<br>• загремел гром (хлопают в ладоши);<br>• дождь стал затихать и совсем прекратился (прекращают все движения). |
| Педагог предлагает вернуть всех животных во двор бабушки. | |
| **5 остановка**<br>**Бабушка** | Ой, спасибо ребята, нашли наших животных. Вот вам всем за это вкусное угощение. |
| Дети благодарят бабушку и возвращаются обратно в класс/группу. | |
| Педагог подводит итоги занятия. | |

## Интегрированное занятие по познавательному развитию, музыки и художественному творчеству

**Тема: «Зима»**

| **Программное содержание:** | |
|---|---|
| **Говорение** | обогащать словарь детей эмоционально-оценочной лексикой, объяснение значения слов «лютый, мгла»; |
| **Слушание** | понимать основное содержание стихотворений с опорой на иллюстрацию, учить составлять простые предложения с опорой на картинки; |
| **Социокультурные компетентности** | систематизировать знания детей о зиме и зимних явлениях, закреплять знание детей о стихотворениях, пословицах, развивать умение давать эстетические оценки, высказывать суждения. |
| **Методические приемы** | чтение стихов о зиме, беседа о содержании, разъяснение незнакомых слов, заучивание наизусть стихов, песен и пословиц о зиме. |
| **Оборудование** | репродукции картин: И. Вельц «Иней», И. Грабарь «Февральская лазурь», «Зимний пейзаж», И.Шишкин «На Севере диком», бумага разного формата и разного цвета, предварительно затонированная детьми, краски, акварель, гуашь, восковые мелки, кисти. |
| **Ход занятия** | |
| В классе/группе должна быть оформлена выставка репродукций картин русских художников и детских работ о зиме. | |
| *Педагог обращает внимание детей на выставку и проводит с ними беседу:* | Какое время года изображено? (Зима)<br>Какие природные явления изображены на этих картинах?<br>Давайте, вспомним как называются картины о природе? (Пейзаж) |
| *Педагог просит детей рассказать пословицы, которые были выучены ими дома.* | Береги нос в большой мороз.<br>В зимний холод всякий молод.<br>Декабрь год кончает, а зиму начинает.<br>Зима без снега – лето без хлеба.<br>Зимою вьюга – летом ненастье.<br>Сугроб да вьюга – два друга.<br>Метель летит, крутит, на весь мир ворчит.<br>Не тот снег, что метет, а тот, что сверху идет.<br>Год кончается, а зима начинается.<br>Холодная зима – жаркое лето. |

| | |
|---|---|
| Раздается стук в дверь, входит почтальон Печкин, который передает детям письмо от жителей острова Чунга-Чанга. | |
| **Педагог читает письмо** | Здравствуйте, ребята! Мы живем на острове Чунга-Чанга. У нас круглый год лето. Мы никогда не видели зимы. Какая она, зима? Напишите или нарисуйте нам о ней, пожалуйста. До свидания. Жители острова Чунга-Чанга. |
| *Педагог просит помочь жителям острова Чунга-Чанга узнать, что же такое Зима, какая она бывает? Предлагает рассказать о зиме в рисунках, которые нужно вложить в большой конверт и отослать жителям острова.*<br>*Проводит беседу, задавая вопросы:* | • Назовите зимние месяцы. (Ответы)<br>• Вам нравится зима? Почему? (Ответы)<br>• Все зимние дни похожи один на другой? (Ответы)<br>• Даже в течение одной недели часто меняется погода. Какая погода бывает зимой? (Ответы)<br>• Поэты, художники, композиторы передают настроение зимы в красках, в музыке, в стихах. |
| *Педагог приглашает детей на выставку, где они рассматривают картины художников и ребят, проводит беседу.* | Что изображено на картине? (Зимний лес)<br>Какая картина по настроению? (Тихая, спокойная)<br>Какого цвета снег? (Голубой, белый, зеленый) |
| *Педагог, резюмируя ответы детей, подводит итоги беседы.* | Снег может создавать ощущение спокойствия, тишины, неподвижности.<br>Лес зимой очень красиво укрыт снегом, хотя нет в нем ничего броского, яркого.<br>Читает стихотворение:<br>Тишина! – шепнула белая поляна.<br>Тишина! – вздохнула, вея снегом, ель.<br>За стволами зыбь молочного тумана<br>Окаймила пухлую постель...<br>*(С. Черный)* |

| | | | |
|---|---|---|---|
| *Затем дети читают стихи о зиме, выученные заранее.* | Чародейкою Зимою<br>Околдован лес стоит…<br>И под снежной бахромою<br>Неподвижною немою,<br>Чудной жизнью он блестит.<br>*(Ф. Тютчев)* | Темный лес, что шапкой<br>Принакрылся чудной<br>И заснул под нею<br>Крепко непробудно.<br>*(И. Суриков)* | Заколдован невидимкой<br>Дремлет лес под сказку сна.<br>*(С. Есенин)*<br>Разукрасила Зима<br>На уборе бахрома.<br>Из прозрачных льдинок,<br>Звездочек – снежинок.<br>Вся в алмазах, жемчугах,<br>В разноцветных огоньках.<br>*(М. Пожарова)* |
| Педагог предлагает детям нарисовать свою картину зимы. | | | |
| Дети проходят к столам и приступают к рисованию. | | | |
| Педагог подводит итоги занятия, работы детей вкладываются в большой конверт. | | | |

**Тема: «Здравствуй, Зима!»**

| **Программное содержание:** | |
|---|---|
| **Говорение** | учить подбирать однокоренные слова, продолжать упражнять в составлении предложений, рассказов по схеме, активизировать словарь по теме «Зима», обогащать словарь с помощью прилагательных; |
| **Слушание** | учить понимать основное содержание стихотворений, учить составлять простые предложения с опорой на картинки; |
| **Социокультурные компетентности** | обобщать и систематизировать знания детей о зиме и зимних явлениях, закреплять знание детей о стихотворениях, пословицах, развивать умение высказывать суждения, уточнение и закрепление представлений детей о признаках зимы. |
| **Методические приемы** | чтение стихов о зиме, беседа о содержании, заучивание наизусть стихов, песен и пословиц о зиме. |

| | |
|---|---|
| **Оборудование** | схемы-карточки, тематические карточки с изображением слов на зимнюю тематику, бумага формата А 4 с пунктирным изображением снеговика. |
| **Ход занятия** | |
| Педагог предлагает детям разгадать загадку: | Кто, угадай-ка,<br>Седая хозяйка!<br>Тряхнет перинки.<br>Над миром пушинки?<br>(Зима) |
| Педагог, резюмируя ответы детей, говорит, что сегодня на занятии речь пойдет о зиме, и предлагает поиграть в **игру «Снежный ком».** | |
| **Цель игры** | активизировать словарный запас детей. |
| **Оборудование** | тематические карточки с изображением слов на зимнюю тематику. |
| **Ход игры** | дети сидят полукругом на коврике, перед ними разбросаны карточки. Дети по очереди выбирают карточку, называют слово (снег, санки, снегурочка, сосулька, снежинка, снеговик, сугроб, снегирь, снегопад). |
| **Педагог** | Вы придумали много зимних слов. Скажите, пожалуйста, какая она, зима? (Зима морозная, холодная, снежная, суровая, ветреная, трескучая, веселая) |
| Педагог предлагает придумать предложения о зиме. | |
| Каждое предложение начинается со слова «зимой». Например: «Зимой редко светит солнце». | |
| Ответы детей: | «Зимой много снега».<br>«Зимой очень холодно».<br>«Зимой замерзают речки».<br>«Зимой дети и взрослые одеваются тепло».<br>«Зимой спит в берлоге медведь».<br>«Зимой деревья спят под снежными шубами». |
| Педагог предлагает зимние забавы (снежки, катание на санках, катание на коньках, на лыжах, на сноуборде, игра в хоккей, лепка снежной бабы). | |

<table>
<tr><td>Физкультминутка «Снежная баба»</td><td colspan="2">Сегодня из снежного мокрого кома<br>(идут по кругу, катят перед собой воображаемый ком)<br>Мы снежную бабу слепили у дома...<br>(«рисуют» руками в воздухе три круга, начиная с маленького)<br>Стоит наша баба у самых ворот,<br>Никто не проедет, никто не пройдет,<br>(грозят указательным пальцем сначала правой руки, потом – левой)<br>Знакома она уже всей детворе…<br>(идут по кругу, взявшись за руки)<br>А Жучка все лает:<br>(говорит ребёнок, сидящий в центре круга: «Чужой во дворе!»).</td></tr>
<tr><td>Педагог предлагает нарисовать снежную бабу.</td><td colspan="2">У детей листочки, где нарисован пунктиром контур снеговика. Его нужно дорисовать, карандашом обвести комки, из которых сделан снеговик, начиная с серединки, с нижнего комка. Затем обвести ведерко, дорисовать глазки-угольки и нос-морковку. Нельзя выходить за контур. Раскрасить снеговика и дорисовать ему метёлку можно дома.</td></tr>
<tr><td colspan="3">Педагог предлагает игру «Докончи предложение»</td></tr>
<tr><td>Цель</td><td colspan="2">учить подбирать по рифме однокоренные слова, закрепить у детей понятие однокоренные слова.</td></tr>
<tr><td colspan="3">Ход игры</td></tr>
<tr><td>Педагог читает начало предложения, дети должны докончить его, подставляя слово, подходящее по смыслу:</td><td>Тихо, тихо как во сне<br>Падает на землю... (снег)<br>С неба всё скользят пушинки,<br>Серебристые... (снежинки)<br>На поселки, на лужок<br>Всё снижается ... (снежок)<br>Вот веселье для ребят -<br>Все сильнее… (снегопад)<br>Все бегут вперегонки,<br>Все хотят играть в... (снежки)</td><td>Словно в белый пуховик нарядился... (снеговик)<br>Рядом снежная фигурка -<br>Эта девочка – ... (снегурка)<br>На снегу-то, посмотри,<br>С красной грудкой... (снегири)<br>Словно в сказке, как во сне, Землю всю украсил... (снег).</td></tr>
<tr><td colspan="3">Педагог подводит итоги занятия</td></tr>
</table>

**Тема: «Путешествие в страну Весна»**

| **Программное содержание:** | |
|---|---|
| **Говорение** | продолжать упражнять в составлении предложений, рассказов по схеме, активизировать словарь по теме «Весна», активизация в речи прилагательных; |
| **Слушание** | учить отгадывать загадки, выразительно читать стихотворения, внимательно слушать музыку; |
| **Социокультурные компетентности** | закреплять и систематизировать знания детей о поздней и ранней весне, о лекарственных цветах, закреплять знание детей о стихотворениях, пословицах, развивать умение высказывать суждения. |
| **Методические приемы** | чтение стихов о весне, разгадывание загадок, беседа о содержании, заучивание наизусть стихов о весне и цветах. |
| **Оборудование** | дидактические игры «Волшебная палочка», «Собери букет», картины о весне, «волшебная палочка», тематические карточки с лекарственными цветами, живые цветы, запись музыки П. И. Чайковского, бумага, краски, вода, салфетки, кисточки, коробочки с семенами. |
| **Ход занятия** | |
| Педагог предлагает детям отправиться в путешествие в сказочную далекую страну Весна на ковре-самолете (дети садятся на ковер, звучит музыка). | |
| **Педагог** | На волшебном ковре-самолете все должны закрыть глаза. Летим мы в волшебную страну. Что там происходит можно увидеть через очки. У меня они волшебные. О том, что я вижу, буду вам рассказывать. А глаза у вас должны быть закрыты, иначе вы ничего не услышите.<br>Снег лежит сугробами в глубоких лесах и тенистых оврагах, но на полях снег стал рыхлым и теплым, из-под него кое-где показалась земля. Березовые почки набухли. Барашки на вербах стали желтыми и огромными. Зацвела ива. Пчелы все чаще вылетают из своих ульев.<br>На лесных полянах робко показались подснежники. |

<table>
<tr><td>(Пока у детей были закрыты глаза, педагог превратился в Весну, надев на себя зеленную накидку с желтыми цветами и венок). Переодевшись, педагог предлагает детям открыть глаза и приветствует детей уже от имени Весны:</td><td>Снег уже совсем не тот,<br>Потемнел он в поле.<br>На озерах треснул лед,<br>Будто раскололи.<br>Облака бегут быстрей,<br>Небо стало выше,<br>Зачирикал воробей<br>Веселей на крыше.</td><td>Все чернее с каждым днем<br>Стежки и дорожки<br>И на ветках серебром<br>Светятся дорожки.<br>Пробирается медведь<br>Сквозь лесной валежник.<br>Стали птицы песни петь<br>И расцвел подснежник<br>С.Маршак</td></tr>
<tr><td>Педагог проводит беседу по содержанию стихотворения, затем предлагает посмотреть на картину, где изображена ранняя весна, задает вопросы:</td><td colspan="2">• Посмотрите на нее, что вам здесь нравится?<br>• Что вам на этой картине не нравится?<br>• Почему здесь нет красной краски?<br>• Затем педагог обращает внимание детей на картину, где изображена поздняя весна, задает вопросы:<br>• Какое время года здесь нарисовано?<br>• Что вам нравится в этой картине?</td></tr>
<tr><td>Педагог</td><td colspan="2">А мне кажется, что художник изобразил лето. Посмотрите, как много здесь зелени. И цветы цветут кругом, ведь цветы бывают только летом.</td></tr>
<tr><td colspan="3">(Предположение детей)</td></tr>
<tr><td>Выслушав предположения детей, педагог говорит о том, что и это весна. Задает вопрос:</td><td colspan="2">А чем отличается весна на этой картине от весны на картине, показанной раньше?<br>(Ранняя и поздняя весна)</td></tr>
<tr><td colspan="3">Педагог предлагает поиграть в игру «Волшебная палочка»</td></tr>
<tr><td>Цель игры</td><td colspan="2">активизация в речи прилагательных</td></tr>
<tr><td>Оборудование</td><td colspan="2">«волшебная палочка»</td></tr>
<tr><td>Ход игры</td><td colspan="2">дети сидят полукругом, педагог называет цвет, подходящий к картинам, передает палочку следующему игроку.</td></tr>
<tr><td>Выразительное чтение стихотворения детьми:</td><td colspan="2">К нам весна шагает<br>Быстрыми шагами<br>И сугробы тают<br>Под ее ногами.<br>Черные проталины<br>На полях видны.<br>Видно, очень теплые<br>Ноги у весны.<br>И.Токмакова</td></tr>
</table>

<table>
<tr><td>Педагог проводит беседу по содержанию стихотворения, говорит о том, что:</td><td colspan="2">растаял снег под теплыми ногами весны, ожили луга, а на них расцвели весенние цветы, приглашает детей на весенний лужок (место в классе/группе, где «выросли» весенние цветы (живые: фиалки, подснежники, тюльпаны, ландыши, одуванчики). Педагог предлагает понюхать цветы, рассказать об их запахах.</td></tr>
<tr><td>Проводит беседу о цветах (было заранее дано задание детям собрать как можно больше информации о цветах).</td><td colspan="2">Цветы – это не только красота, их дарят в подарок, они помогают определять время, предсказывают погоду, кормят пыльцой и нектаром насекомых, цветы используют в парфюмерии, редкие цветы занесены в Красную книгу. Многие цветы являются лекарственными? Кто знает такие цветы?</td></tr>
<tr><td>Ответы детей с опорой на карточки с изображением лекарственных цветов:</td><td colspan="2">Если нет аппетита, можно сделать настой из корней одуванчика, а из листьев одуванчика можно приготовить салат – в них много витаминов.<br>Если заболит голова – нужно напоить его отваром из ромашки.<br>Если заболит горло – нужно полоскать его настоем из календулы.<br>Если будете кашлять – нужно попить настой из мать-и-мачехи.</td></tr>
<tr><td colspan="3">Педагог предлагает детям игру «Собери букет»</td></tr>
<tr><td>Цель</td><td colspan="2">активизировать в речи названия цветов.</td></tr>
<tr><td>Оборудование</td><td colspan="2">цветы, ваза.</td></tr>
<tr><td>Ход игры</td><td colspan="2">дети по очереди называют цветок и кладут его в вазу.</td></tr>
<tr><td>Проводится физкультминутка</td><td>На лугу растут цветы<br>Небывалой красоты.<br>(потягивание - руки в стороны)<br>К солнцу тянутся цветы,<br>С ними потянись и ты.<br>(потягивание – руки вверх)<br>Ветер дует иногда,<br>Только это не беда.<br>(дети машут перед собой руками)</td><td>Наклоняются цветочки,<br>Опускают лепесточки,<br>(дети делают наклоны вправо-влево)<br>А потом опять встают<br>И по-прежнему цветут.<br>(поднимают обе руки вверх, имитируя бутон цветка)</td></tr>
<tr><td colspan="3">Педагог предлагает вспомнить, что же необходимо для роста цветов и всех растений? (Земля, тепло, свет, вода)</td></tr>
</table>

<table>
<tr>
<td>Дети загадывают загадки Весне:</td>
<td>Зазвенели ручьи,<br>Прилетели грачи.<br>В дом свой улей пчела<br>Первый мед принесла.<br>Кто скажет, кто знает,<br>Когда это бывает?<br>(Весной)<br><br>Бегу я как по лесенке,<br>По камешкам звеня,<br>Издалека по песенке<br>Узнаете меня.<br>(Ручей)</td>
<td>На ветках -<br>Плотные комочки,<br>В них дремлют<br>Клейкие листочки.<br>(Почки)<br><br>На шесте – дворец,<br>Во дворце - певец,<br>А зовут его …<br>(Скворец)</td>
</tr>
<tr>
<td>Педагог предлагает нарисовать любимый цветок</td>
<td colspan="2">Играет пьеса П. И. Чайковского «Вальс цветов». После окончания работы педагог-Весна предлагает детям превратиться в свой любимый цветок и станцевать под музыку танец цветка.</td>
</tr>
<tr>
<td colspan="3">Весна благодарит детей, просит их закрыть глаза и раскрыть ладошки. На ладонь каждого ребенка кладется коробочка с семенами цветов.</td>
</tr>
<tr>
<td colspan="3">Дети под музыку возвращаются из страны Весна. На прогулке идет посадка цветов, подаренных Весной.</td>
</tr>
</table>

# III бөлүм

# Предметтик чөйрөлөр боюнча жуурулушкан сабактардын болжолдуу конспектилери

Сабактарда педагог балдардын сенсордук-мотордук өнүгүүсүн ишке ашыруу боюнча, манжалардын майда моторикасы, артикуляциялык аппарат, көңүл буруу, эс тутум, чыгармачыл элестетүү, жардам берүүгө умтулуу боюнча бир катар маселелерди чечет. Ошондуктан сабакты так пландаштыруу заманбап мектептин педагогу үчүн анын практикалык ишмердигинде маанилүү курал болуп эсептелет.

Педагог бир теманын алкагында ишти системалоо үчүн пландоонун төмөнкү жолу сунуш этилет:

**1-кадам.** Теманы тандоо (болжолдуу тематикалык планды караңыз)

**2-кадам.** Сабактарды бир жумага пландоо (окуу планын + предметти пландоо)

**3-кадам.** Сабактарды пландоо (сабактарды болжолдуу пландоону караңыз)

## Бир жумага болжолдуу пландоо

**Тема: «Жыл мезгили – күз»**


| Предмет, танапис | Сабактын темасы, танапис | Мазмуну/ишмердиктин түрлөрү |
|---|---|---|
| **Айлана-чөйрө менен таанышуу** | **Күз. Алтын күз** | • Балдардын билгичтигин калыптандыруу жана табияттын жыл маалындагы өзгөрүштөрүн үйрөнүү. Гербарий деген эмне? Түшүм майрамы. |
| **Кепти өнүктүрүү жана көркөм адабият** | **А. С. Пушкиндин «Асман күз менен дем алды» ыры** | • Адабий-көркөм чыгарма менен таанышуу;<br>• ырды эмоционалдуу кабылдоо көндүмүн өнүктүрүү, эмоционалдык абалын билдирүү;<br>• поэтикалык тексттин мазмунун түшүнүү. |
| | **Нан бышырат** | • Кыргыздын элдик ырларын үйрөнүү;<br>• интонациялык таасирдүүлүктүн каражаттарын пайдалануу билгичтигин калыптандыруу. |
| **Сабаттуулукка үйрөтүү** | **Кеп тыбыштары. Үндүүлөр жана үнсүздөр** | «Күзгү токойго саякат» сабагы:<br>• сөздөгү тыбыштарды белгилөө, алардын санын табуу;<br>• үндүү жана үнсүз тыбыштардын айырмасын ажыратуу билгичтигин калыптандыруу.<br>• майда моториканы өнүктүрүү. |
| | **Кеп тыбыштары. Үндүүлөр жана үнсүздөр** | «Күз менен жолугушуу» сабагы:<br>• балдардын үндүү жана үнсүз жөнүндөгү билимин бышыктоо;<br>• фонематикалык угуусун, көңүл буруусун жана эс тутумун өнүктүрүү.<br>• муун-тыбыш жана сөздөрдүн синтези, сөздөрдү муунга бөлүү боюнча көнүктүрүү;<br>• майда моториканы өнүктүрүү. |

| | | |
|---|---|---|
| | **Кеп жана тыбыштар. Үндүүлөр жана үнсүздөр** | «Күзгү аба ырайы» сабагы:<br>• балдардын үндүүлөр жана үнсүздөр жөнүндөгү билимдерин бышыктоо;<br>• фонематикалык угуусун өнүктүрүү;<br>• сөздүн муун-тыбыш жана синтези боюнча көнүгүү;<br>• майда моториканы өнүктүрүү. |
| **ЖМТК жана конструкциялоо** | **Сан жана эсеп** | «Аралаш сандарды» көрсөтмө материалдар менен салыштыруу көндүмүн калыптандыруу. *Кайсы предмет чоң, кайсы кичине. Канчага кичине, чоң. Экөөнү теңдөө керек.* |
| | **Сан жана эсеп** | • Ар түрдүү жаткан бирдей сандагы предметтерди салыштыруу билгичтигин калыптандыруу. Төрт бурчтуктар менен үч бурчтуктардын санын салыштыруу. *Төрт бурчтуктардын саны бирдей болуу үчүн эмне кылуу керек? Төрт бурчтуктар менен үч бурчтуктардын саны бирдей болуу үчүн эмне кылуу керек?* |
| | **Геометриялык фигуралар. Конструкциялоо** | • Балдар геометриялык фигураларды атап, алардын аралыктарын аныктап, фигураларды туура коюу: төрт жана үч бурчтуктардан үй куруу. |
| **Көркөм өнөр чыгармачылыгы** | **Күзгү жалбырактардын сүрөттөрүн тартабыз. Ар түрдүү формадагы жана түстөгү жалбырактарды натурадан тартуу.** | • Күзгү жалбырактардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн билгичтигин өнүктүрүү;<br>• чыгармачылыгын жана фантазиясын, образдуу ой жүгүртүүсүн калыптандыруу<br>• балдардын байкагычтыгын, табиятка астейдил мамилесин калыптандыруу. |
| | **Аппликация «Күзгү жыгачтар»** | • балдардын пейзаж жөнүндөгү түшүнүгүн бышыктоо, горизонт сызыктары, фон жана композиция жөнүндө түшүндүрүү;<br>• ар түрдүү дарактарды сүреттөө билгичтигин калыптандыруу;<br>• балдардын жаратылыштын кооздугуна сезимин ойготуу. |
| **Дене өстүрүү** | **Кичинекей топту алыска ыргытууга үйрөтүү** | • Гимнастикалык таякча менен жалпы өнүгүү көнүгүүлөрү.<br>• Негизги кыймылдар. Алыска ыргытуунун күүлөнүү жана ыргытуу техникасын үйрөтүү.<br>• «Уруп чыгаруу» кыймылдуу оюну. |

| | | |
|---|---|---|
| | **Горизонталдык бутага ыргытууга көнүгүү** | • Жалпы өнүгүү көнүгүүлөрү (эртең мененки гимнастиканын комплекси).<br>• Негизги кыймыл. Горизонталдык бутага 3–4 метр аралыктан ыргытуу (бута 2 м бийиктикте).<br>• «Качмай топ» кыймылдуу оюну. |
| | **Гимнастикалык скамейкадан секирүүгө үйрөтүү** | • Жалпы өнүгүү көнүгүүлөрү (эртең мененки гимнастиканын комплекси).<br>• Негизги кыймыл. 20–30 см бийиктиктен туура секирүү.<br>• Кыймылдуу оюн. «Кимдин командасы күлүк?» оюн-эстафетасы. |
| **Бардыгы 15 сабак** | | |
| **Оюн танаписи** | **«Кадамдар» оюну** | ***Оюн эрежеси.*** Оюнчулар катарга туруп, мараны макулдашат, кадамдардын темасын чечет, мисалы, «күзүндөгү аба ырайында». Ар бир бала кадам таштап, аба ырайынын кубулушун атайт. Кийинки оюнчуга бир минута берилет. |
| | **Театрлашкан «Шалгам» оюну** | «Шалгам» жомок оюну «Куурчак театры» дидактикалык материалын колдонуу менен коюлат. |
| | **«Сейилдөөгө чыгабыз» оюну** | ***Оюн эрежеси.*** Алып баруучу: «Биз токойго барабыз. Мен резина өтүк кием».<br>Бала: «Биз токойго барабыз. Мен резина өтүк кием, корзина алам».<br>Кийинки оюнчу фразаны кайталап, өзүнө керектүүнү атайт. |
| **Музыкалык танапис** | **П. И. Чайковскийдин «Октябрь» же А. Вивальдинин «Жыл мезгили» чыгармасын угуу** | Музыкалык чыгарманы угуу, кабылдоо, анын мүнөзүн талдоо, эмоциялык боёкторун сезүүсүн калыптандыруу. |
| | **«Күзгү жамгыр» ритмикалык оюну** | • Айланып басып, темпти тездетип, кайра басаңдатып, ар түрдүү каражаттарды колдонуу менен жамгырдын үнүн тууроо (алакан чабуу, манжаларын тырсылдатуу, тизесин чапкылоо ж.б.);<br>• өзүн жана башкаларды угуп, ритмди так тууроо билгичтигин калыптандыруу. |

Мындай ыкма педагогго өзүнүн кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү планын түзүүгө жол ачат; балдардын группаларында жалпы кызыгууну жаратат; бардык предметтерди өзүнө камтыйт (1-схеманы караңыз).

1-схема




Мындан аркы сабактардын болжолдуу конспектилери тематикалык планга ылайык бириктирилген жана баланын өнүгүшүн толук камсыздоого жоол берет. Балдарга кызыктуу болгон предметтердин ар түрдүү интеграциясында идеяларды изилдее процессинде конкреттүү тема боюнча иштеөдө билгичтиги жана көндүмү табигый түрдө калыптанат. Оюн танаписи убагындагы оюндар да сабактын жалпы тематикасына шайкеш келет.

Конспектилер сунуш мүнөзүнө ээ. Алар педагогдор тарабынан толук же бөлүгү пайдаланылса болот. Алардын максаты – процесстин ар бир катышуучусуна ишмердиги боюнча сабактардын негизги моменттерин пайдаланууда педагогго көмөкчү болот, сабактардын конспектилеринин ар түрдүү формалары менен тааныштырат, өз алдынчалыктарына түрткү берет жана пландоодо чыгармачылык мамилеге багыттайт.

Конспектилердин бардык варианттары таблица түрүндө берилген.

- Төмөндө таблица түрүндөгү классикалык конспектилер:

| | |
|---|---|
| **Программалык мазмун:** | |
| **Усулдук ыкмалар:** | |
| **Жабдуулар:** | |
| **Сөздүк жумуштары:** | |
| **Сабактын жүрүшү:** | |
| **Жыйынтыктоо:** | |

- «Кадам артынан кадам» программасынын усулдук ыкмалары колдонулган сабактардын конспектилери:

| Программалык мазмун | Балдардын ишмердиги | Педагогдун ишмердиги | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |

**Балдардын өзгөчөлүктөрүнө жараша педагог өнүгүүнүн формасын жана методун, окутууну жана тарбия берүүнү тандайт.**

# «Күз» темасына болжолдуу конспектилер

## Айлана-чөйрө менен таанышуу

**Тема: «Күз»**

| | |
|---|---|
| **Программалык мазмуну** | • Балдарда жаратылыштагы мезгилдик өзгөрүүлөр жөнүндө түшүнүктөрдү жана билимди калыптандыруу;<br>• балдарга өз алдынча күзгө мүнөздүү белгилерди табууну үйрөтүү;<br>• түшүмдү көрсөтүүнүн мисалында предметтик-натыйжалык байланышты аныктоо; кээ бир дарактардын породаларын ажыратуу;<br>• балдардагы күздүн мүнөздүү белгилери жөнүндө түшүнүктү кеңейтүү, балдарда өсүмдүктөрдүн жашоосунда күзүндө болуп туруучу өзгөрүүлөр жөнүндө түшүнүктөрдү тактоо;<br>• жаратылышка аяр мамиле кылууга, анын кооздугуна суктана билүүгө тарбиялоо. |
| **Усулдук ыкмалар** | Табышмак айтуу, оюндар, физкультминутка, балдарга суроолор, сюрприздик учур. |
| **Жабдылышы** | П. И. Чайковскийдин «Жыл мезгилдери» музыкасы, кайыңды, эменди, кленду, четинди сүрөттөгөн иллюстрациялар. Кайыңдын, клендун, эмендин, четиндин күзгү жалбырактары. Дарактардын түшүмү: клендун канаты, кайыңдын сөйкөсү, дубдун үрөнү, четиндин жемиштери. |
| **Сөздүк жумуш** | Кайыңдан, клендон, эменден. |
| **Сабактын жүрүшү** | |
| **Эртең мененки айлана болуп чогулуу** | «Кутман күн, кутман күн,<br>Бул сөздөрдү биз айтабыз,<br>Кутман күн, кутман күн,<br>Досторубузга бул сөздөрдү кайталайбыз». |
| **Педагог** | – Балдар, аңгеме-табышмакты уккула. Кайсы мезгил жөнүндө сөз жүрүп жаткандыгын табууга аракет кылгыла (П.И. Чайковскийдин «Жыл мезгилдери» жыйнагынан музыка жаңырат).<br>«Токойдо жалбырактар шуудурашат, клендордун жана кайыңдардын түбүнөн кимдир бирөө баскан сыяктуу сезилет, басып өткөн жерлердеги жалбырактар кызарып жана алтын түскө бөлөнөт. Эми минтип өз токоюңду, өз талааңды, өз көлүңдү тааныбайсың. Гүлдөр соолуду жана куурады, чөптөр карарды. Баары бош эмес, баары кыштын келишине даярданып жатышат. Канаттуулар орун которуп, топ-тобу менен жылуу жактардагы көк көлдөргө учуп кетишти». ( О. Иваненконун «Түнүң бейпил болсун» аңгемесинен үзүндү) |

| | |
|---|---|
| **Аңгемелешүү** | – Кайсы мезгил жөнүндө сөз жүрүп жатат?<br>– Кантип байкадыңар, кайсы сөздөрдөн?<br>– Күздүн келиши менен жаратылышта эмне өзгөрүү болду? |
| **Ырларды окуу** | Күн дагы чарчаңкы,<br>Араң эле жылытат.<br>Сары, кызыл жалбырактар айланып,<br>Шуудурап, шыбырайт биздин бак,<br>Жолдо ала-була үймөк жатат. |
| **Педагог** | – Балдар, келгиле биздин күзгү парктагы дарактарды карап көрөлү. *(«Күзгү парк» картинасын кароо)* |
| **Табышмак** | Тизилип дарактар турат<br>Башында жашыл баш кийим,<br>Жайында сапсаят,<br>Кышында бутактуу.<br>Кайда турса, ошол жерде шуудурайт. *(Кайың)* |
| – Айткылачы, балдар, кайың жөнүндө силер эмне билесиңер? Кайыңды анын сулуулугу жана алып келген пайдасы үчүн жакшы көрүшөт. Кабыгынын ак түсү даракты ысыктан сактайт. Кайыңдан жакшынакай жана бекем эмерек жасалат.<br>А бул кайсыл дарак? | Кара кабык каптаган,<br>Кескендей сулуу жалбырак.<br>Бутактардын баштарында<br>Уругу толуп турат. *(Эмен)*<br>Эмен өтө узак жашайт, анын өтө чоң бутактуу шактары бар. Эмендин сөңгөгү өтө катуу. |
| | Мына бизге күз келди,<br>Кызыл факел жагылды.<br>Чыйырчык, кара кучкач жайлашып,<br>Чурулдап аны чокушат! *(Четин)*<br>Четиндин бутагында толгон-токой жемиштер.<br>Адамдар аны жешпейт, чымчыктар кышында жыргашат. |
| | Айланып күз келди,<br>Саргарган бурганак,<br>Алтын жалбырактар<br>Клёндон учуп кетти.<br>Клёндун түшкөн жалбырактары жылуу мамыктай болуп суук-тан тамырын сактайт. Кирпилер жана аюулар анын кургак жыттуу жалбырактары менен өздөрүнүн кышкы жашай турган жайларын жылуулашат. |
| **Педагог** | – Азаматсыңар, балдар, силер баарыңар табышмактын жандырмагын таптыңар жана дарактар жөнүндө өтө көп кызыктуу нерселерди билдиңер.<br>Атагылачы, кайсы дарактын кандай жалбырактарын билесиңер?<br>*(Кайың, эмен, клен)* |

**«Даракты жалбырагы боюнча тап» дидактикалык оюну**

| | |
|---|---|
| **Оюндун максаты** | Дарактардын аталышы жөнүндө балдардын билимин бышык-too, логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү |
| **Оюндун жүрүшү** | Балдардын алдында дарактарды жана дарактардын жалбырактарын чагылдырган карточкалар жатат. Балдар туура келген дарактын жалбырагын даракты чагылдырган карточкага коюусу керек. |
| **Динамикалык пауза** | |
| «Биз – күзгү жалбырактар».<br>Биз – жалбыракпыз, жалбыракпыз.<br>Биз – күзгү жалбырактар,<br>Биз бутактарда отурдук.<br>Шамал сокту – биз учтук.<br>Биз учтук, биз учтук<br>Учуп жүрүп чарчадык! | *(Колдоруна жалбырак кармаган балдар тегерек болуп турушат, чуркашат, бутунун башы менен чуркашат, жалбырактар менен жаңсашат, жалбырактарды башына кармап чочоюп отурушат.)* |
| Шамал сокпой токтоду –<br>Биз тегерек болуп отурдук.<br>Шамал кайрадан сокту,<br>Жалбырактар кайра учту. | *(Жалбырактарды жаңсап чуркашат.)* |
| **Бардык жалбырактар учуп барып,**<br>акырын жерге конду. | *(Жалбырактарды өйдө ыргытышат жана алардын кайда түшкөнүнө байкоо салышат.)* |

| | |
|---|---|
| **Педагог:** | – Балдар, биз кайсы жалбырактар менен (клендун, кайыңдын, эмендин) бийледик.<br>Балдар, биздин өсүмдүктөр тирүү, алар дем алышат, суу ичишет, өсүшөт, көбөйүшөт (алар кеп болушат). |
| **«Ар бир дарактын түшүмүн тап» дидактикалык оюну** | |
| **Оюндун максаты** | Балдардын дарактардын аталышы жөнүндө билимин бышык-too, логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү. |
| **Оюндун жүрүшү** | Балдардын алдында дарактарды жана дарактардын түшүмүн чагылдырган карточкалар жатат. Балдар дарактын түшүмүн ошол даракты чагылдырган тиешелүү дарактын карточкасына салыш керек (мисалы, кайыңга – сөйкөлөр, кленго - вертолеттор, эменге – желуддар, четинге – жемиштер). |
| **Педагог** | Ар бир түшүмдүн ичинде уругу бар. Алар жерге түшүшөт, эгерде урук үчүн күн, нымдуулук жетиштүү болсо, андан жаш дарак өсүп чыгат. |
| **Сабактардын жыйынтыгын чыгаруу** | 1. Бүгүн биз силер менен каерде болдук?<br>2. Эмне үчүн «Күз алтынды түшүрет» деп айтышат?<br>3. Кайсы дарактарды карап чыктыңар? |
| Педагог кайсы бир дарактын уругунан, түшүмүнөн жана жалбырагынан буюм жасоону сунуштайт. | |

## «Кеп өстүрүү жана көркөм адабият»

***Эскертүү:*** Кеп өстүрүү жана көркөм адабият предмети боюнча 2 вариантта сабактардын иштелмелери берилди. Педагог алардын ичинен өзүнө жакканын алып пайдаланса болот же алардын материалдарын пайдалануу менен өзүнүн вариантын иштеп чыга алат.

**1-вариант**

### Тема: «Күз. Күз тууралуу баарлашуу» (2 саат)

Күз тууралуу бул сабактар болжолдуу тематикалык планга ылайык, сентябрь айынын аягына туура келет.

Сабактын максаты жана милдеттери: Балдарды күздүн өзгөчөлүктөрү менен тааныштырып, аларды буюмдарга мүнөздөмө берүүгө жана темага байланыштуу чыгармалар менен тааныштырып, аларга карата көз карашын билдирүүгө үйрөтүү.

| № | Мазмуну | Бала эмнелерди аткарат | Педагог эмнелерди аткарат | Ресурстар/ каражаттар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | **Суроолорго адекваттуу жооп берүүгө үйрөнүү** | Балдар педагогдун суроолоруна жооп беришет. | Сабак педагогдун күзгө байланыштуу суроосу менен башталат:<br>– Айлананы карап көрөлүчү, эмне өзгөрүү болду экен? | Сүрөттөр. |
| 2. | **Буюмдарга мүнөздөмө берип, аларды салыштырууга үйрөнүү** | Балдар бул суроого жооп беришет, педагогдун көмөгү менен, «бак-дарактар жашыл эле – саргая баштады», «Жалбырактар жашыл болчу – саргайып жерге түшө баштады», «Бутактар мурда кыска эле – азыр узун», «Мурда ичке болсо – азыр жоон болуп калды», «Чөптер жашыл эле – азыр сары» деген сыяктуу жоопторду беришет. | Жогорку суроого бир нече жооп берилгенден кийин педагог:<br>– Кана эмесе, «Кандай эле, кандай болуп калды» деген оюнду ойнойбуз. Баштадык анда.<br>Педагог жардам берип, жол көрсөтүп турат. | Сүрөттөр. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3. | **Суроолорго адекваттуу жооп берүү** | Бул суроого ар ким өз алдынча жооп берет. | Педагогдун суроосу: «Ким кайсы жемишти, жашылчаны жакшы керет?» | Жашылча-жемиштердин сүрөт-терү. |
| 4. | **Чакан топтордо иштеп, башкалар менен мамиле кылып, чогуу иштөөгө үйрөнүү.** **Буюмдардын өзгөчөлүктөрүн, белгилерин билүү** | Балдар чакан топтордо иштешет. Алардын тобуна кандай ат берилсе, алар тобунда ошол жашылчага же жемишке мүнөздөмө беришет, анын белгилерин, касиеттерин аташат. Мисалы, «дарбыз» командасы: чоң, жашыл (ала) түстө, тоголок, ичи кызыл, таттуу, суусаганда жейсиң, ысык жерде өсөт, биз аны абдан жакшы көрөбүз ж.б. | Педагог балдарды чакан топторго бөлүп иштете алат. Ар бир топко ат коюп, тапшырма берет. Мисалы, 1-топ – «дарбыз», 2-топ – «коон», 3-топ – «анар», 4-топ – «шабдалы», 5-топ – «жүзүм» ж.б. Балдар кайсыларды атагана жараша бул жашылча-жемиштерди тандап алууга болот. Командага булардын сүреттерүн берип койсо да болот. Эгер болсо, педагог жашылча-жемиштердин муляждарын колдонсо да болот. Бул балдардын кызыгуусун арттырат. | Сүреттер, жашылча-жемиштердин муляждары. |
| 5. | **Айтылып жаткан сөздү туура түшүнүп, ага адекваттуу реакция кылуу** | Ар бир топтогу балдар «бул – биздики» деп белгилеп турушат. Мисалы, педагог «кызыл» десе, «дарбыз» жана «анар» командасындагылар кол көтерүп, «бул – биздики» дешет. Сары десе, «коон», «жүзүм» командасындагылар ж.б. | Ар бир топ тапшырманы аткарып бүткенден кийин, педагог бир топ сөздөрдү тизмектеп айтат. | Сөздөр, сүрөттөр. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **6.** | **Педагог менен толук кандуу мамиле кылууга үйрөнүү, жагдайга баа бере билүү.**<br><br>**Ырды көңүл коюп уга билүү** | Балдар ырды угуп, ага карата суроолорду бере алышат.<br><br>Түшүнбөй калган жерлери, сөздөр, сүйлөмдөр болсо, алар тууралуу сурай алышат. Эгерде жакшы түшүнбөй калышса, кайталап окууну сурана алышат. | Абзий Кыдыровдун «Жалгыз алма» ырын окуу.<br><br>«Жалгыз алма башында,<br>Калган экен кызарып.<br>Өз көзүмө ишенбей<br>Мойнум кетти кызарып.<br><br>Силкип койсом топ этти,<br>Чоңдугу чоң муштумдай.<br>Тийбей койсом бардыгы<br>Болмок экен ушундай».<br><br>*Эскертүүлөр:* педагог бул ырды биринчи саатта, «Дарбыз» аттуу ырды экинчи саатта окуп берсе да болот. Балдардын жалпы деңгээлин эске алуу менен, бул эки ырдын бирин эле өтүшү же ал ылайыктуу деп эсептеген башка чыгарма тапса, булардын ордуна ошону өтүшү мүмкүн. Буга жол берилет.<br><br>Балдар ырды жакшы түшүнө албай жатса, сездүк иштерин жүргүзүп, андан кийин шашпастан ырды кайра да керкем окуп берсе болот. | Ырдын тексти, сүреттер. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7. | **Суроолорго адекваттуу жооп берүү, буюмдарга, кубулуштарга карата өз пикирин билдирүү** | Балдар педагогдун көмөгү, колдоосу менен бул суроолорго жооп беришет. | Педагог суроолорду берип, аларга жооп алат:<br>• Кайсы мезгил тууралуу сөз болуп жатат? Эмне үчүн андай деп ойлодуңар?<br>• «Тийбей койсом бардыгы Болмок экен ушундай» дегени эмнеси?<br>• Эмне үчүн ыр «Жалгыз алма» деп аталып калыптыр? | Ырдын тексти, суроолор. |
| 8. | **Педагог менен толук кандуу мамиле кылууга үйрөнүү, жагдайга баа бере билүү.**<br>**Ырды көңүл коюп уга билүү** | Балдар ырды угуп, ага карата суроолорду бере алышат.<br>Түшүнбөй калган жерлери, сөздер, сүйлөмдөр болсо, алар тууралуу сурай алышат. Эгерде жакшы түшүнбөй калышса, кайталап окууну сурана алышат. | Исабек Токтогуловдун «Дарбыз» аттуу ырын окуу.<br>«Дарбыз чылбыр чалыптыр,<br>Гүлден сөйке тагыптыр.<br>Ай-эй, кызык өзгөче,<br>Отурган жер жагыптыр.<br>Ала чапан кийгизип,<br>Атам жакшы багыптыр.<br><br>Күнү-түнү биз берген,<br>Сууга бою каныптыр.<br>Топтой болчу кечээ эле,<br>Көргөн кезүм аныктыр.<br>Бүгүн менден чоң болуп,<br>Курсагы анын дардайып,<br>Кучак жетпей калыптыр?!» | Ырдын тексти, сүреттер. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | *Сөздүк иштери*:<br>Дарбыз чылбыр чалыптыр – дарбыздын сабагы аттын чылбырына окшоп аны байлап турат.<br>Керген көзүм аныктыр – көргөнүм чын болчу. | |
| 9. | **Суроолорго адекваттуу жооп берип, салыштыра алууга үйрөнүү** | Балдар педагогдун көмөгү, колдоосу менен бул суроолорго жооп беришет. | Педагог суроолорду берип, аларга жооп алат:<br>• Дарбызды кандай элестеттиңер?<br>• Эгер андан чоң болсо, анда дарбыздын чоңдугу канча болот? Көрсөтүп бере алабызбы? | Ырдын тексти, суроолор. |
| 10. | **Чыгармачылыкка багыт алышат.** | Балдар жооп бере алса, суроолорго жооп беришет. Жооп бере албаса, педагогдон дагы ойлонуу тууралуу сунуш алышат.<br>Бул суроого дароо эле жооп берүүнүн зарылчылыгы жок. | Педагог: «Булардын кайсынысы тууралуу чыгарма жаратkyңар келет? Эмне үчүн?» деген суроону берет да, балдар жооп берсе, жоопторду угат. Балдар жооп бере албаса: «Анда бул маселени кийин да талкуулайбыз», – деп сабакта өтүлгөндөрдү бир сыйра эске салып, сабакты жыйынтыктайт. | |

*Эскертүүлөр:*

- Бул теманы өтүү учурунда сүрөт, чаптоо, айлана-чөйрө менен тааныштыруу предметтери менен байланыштырууга болот.
- Бул иштелме эки саатка берилди. Педагог ал сааттарды катар өтсө болот же берилген материалдарды ыңгайына жараша эки саатка бөлүштүрүп алат.

**2-вариант**

**Тема: «А. С. Пушкин. Асман дагы күз менен дем алсын…»**

| Программалык мазмун | Балдардын ишмердиги | Педагогдун ишмердиги | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| Адабий-көркөм чыгармалар менен тааныштыруу;<br>эмоциялуу окуу, ырды түшүнүү; поэтикалык текcттердин мазмунун түшүнүү;<br>сөздүгүн байытуу;<br>ар түрдүү багыттагы сүйлөмдөрдү түзүүнүн көндүмдөрүн калыптандыруу (баяндоо аңгемелешүү),<br>эмоционалдык абалды көрсөтүү | Балдар кесилген «Күз» деген картинаны чогултушат<br>(топто иштөө). | Педагог картина боюнча аңгеме жүргүзөт, суроо берет:<br>*Картинада кайсы жыл мезгили сүрөттөлгөн?*<br>*Силер кантип билдиңер?;*<br>Күздүн айларын атоону сурайт. | **«Картинаны чогулт» дидактикалык оюну**<br>***Максаты:*** *Бөлүкчөлөрдөн предмет жасоо, предметтердин жана анын бөлүкчөлөрүнүн түсүн жана алардын мейкиндиктеги жайгашуусун аныктоо.*<br>Кесилген картинка |
| | Балдар картина боюнча күздүн белгилери жөнүндө сүйлөм түзүшөт.<br>(кол кармашып «чынжыр боюнча» күздүн белгилерин аташат, бири-бирине колун кысуу аркылуу өткөрүп беришет). | Педагог оюндун жүрүшүнө көз салат, кептик каталарды оңдойт, толук сүйлөмдү курууга жетишет. | **«Чынжырча» дидактикалык оюну**<br>***Максаты:*** *Белгилүү бир темага сүйлөмдөрдөн «чынжырча» түзүү.* |
| | **Балдар ырдын текстине ылайык кыймыл-аракеттерди аткарышат.** | **Педагог физкультминутка өткөрөт.** | **Физкультминутка**<br>Биз – күзгү жалбырактар,<br>Биз бутактарда отурдук.<br>Шамал сокту – биз учтук.<br>Биз учтук, биз учтук<br>Учуп жүрүп чарчадык!<br>Шамал кайрадан сокту,<br>Жалбырактар кайра учту.<br>Аларды тегеретип, айлантып,<br>Кайра жерге алып келди. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Балдар чыгармаларды угушат;<br>педагогдун суроолоруна жооп беришет; өз ойлорун айтышат. | А. С. Пушкин боюнча киришүү аңгемелешүүсүн өткөрөт;<br>Ырды көркөм, жатка айтат;<br>Түшүнгөндөрү боюнча аңгеме жүргүзөт:<br>*1. Бул ыр кандай: көңүлдүүбү, кайгылуубу, капалуубу же салтанаттуубу? Эмнө үчүн?* | А. С. Пушкиндин сүрөтү,<br><br>А. С. Пушкиндин «Асман дагы күз менен дем алсын…» деген ыры |
| | Балдар фразалардын маанисин түшүндүрүшөт же сүрөттү карап турушуп педагогдун түшүндүргөнүн угушат. | Педагог сүрөткө таянып сөздүк жумуштарын жүргүзөт.<br>*Силер кантип түшүнөсүңөр?*<br>*«Асман күздөн дем алып»,*<br>*«Күн азыраак жаркырайт»,*<br>*«Токойдо сырдуу көлөкө*<br>*Кайгырып жылаңач турат».* | Сабактын башталышында балдар тарабынан иреттеп коюлган картинка. |
| | Балдар чыгарманы кайталап угушат. | Педагог чыгарманы кайталап окуйт. | |
| | Балдар: «Мага күз жагат (жакпайт), анткени …», – деп сүйлөм түзүшөт.<br>(Ар бир туура түзүлгөн сүйлөм үчүн бала күзгү жалбырак алат, аны кийин жыгачтын сүрөтүнө чаптайт) | Педагог күзгө карата өзүнүн мамилесин билдирүүнү сунуштайт, дидактикалык оюн өткөрөт, балдарга коллективдүү аппликацияны калыптандырууга жардам берет. | **«Сүйлөмдү аякта» дидактикалык оюну**<br>***Максаты:*** *Татаал багыныңкы сүйлөмдү куруу.*<br><br>Дарактын сүрөтү, түстүү сүреттөн күзгү баракча – стикерлер. |

**Тема: «Нан бышыруу» ырын үйрөнүү**

| Программалык мазмуну | Балдардын ишмердиги | Педагогдун ишмердиги | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| **Ырды жаттоо**<br>**Сөздүктү байытуу**<br>**Кебинде сын атооч, синоним, антонимдерди пайдалануу билгичтигин өнүктүрүү**<br>**Көркөм окуудагы интонация каражатын пайдаланууну үйрөтүү** | Дем алуучу көнүгүүлөрдү аткарышат:<br>– кыска дем алуу, узакка дем чыгаруу;<br>– акырын, узакка дем алуу, кыска порцияда дем чыгаруу. | Көнүгүүлөрдү өткөрөт. | Дем алууну өнүктүрүүчү көнүгүүлер |
| | балдар табышмакты табышат;<br>сын атоочторду ылгашат;<br>жаңы сөздөрдү түзүшөт; | Педагог суроо берет.<br>*Бүгүн бизге конок келди, ал ким экенин силер табышмакты тапкандан кийин билесиңер.*<br>*1. Нан даамы боюнча, жыты боюнча, кармаганда кандай болот?*<br>*2. Нанды эркелетип кантип аташат?* | Табышмак<br>**Ал кара да, ал ак да,**<br>**Дайыма күнгө күйгөн.**<br>**Курсак ачты дегиче,**<br>**Ал биздин жаныбызда.**<br>*(Нан, булка нан)* |
| | Балдар суроолорго бир сөз менен жооп беришет. | Педагог суроо берет:<br>*Нан кайдан келди?*<br>*Дүкенге кантип келип калды?*<br>*Нан бышыруучу жерде эмне кылышат?*<br>*Эмнеден?*<br>*Ун эмнеден?*<br>*Буудай кайда өсөт?*<br>*Ким нанды өстүрөт?*<br>*Буудайды талаадан качан жыйнашат?*<br>*Буудайды качан айдашат?* | **«Суроо-жооп» оюну**<br>***Максаты:*** *Диалогдук кепти өнүктүрүү.*<br>Кичине топ.<br><br>Сюжеттүү картина<br>«Талаадан түшүм жыйноо» |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Машакты карап көрүшөт, данга манжаларын тийгизип көрүшөт, педагогдун суроолоруна жооп беришет | Педагог машакты карап көрүп, данга колун тийгизип көрүүнү сунуштайт.<br>*Алар кандай жайгашкан?*<br>*Кармап көргөндө алар кандай экен? Дандын бышканын кантип түшүнсө болот?* | Буудайдын машактары |
| | **Балдар текстке ылайык кыймылдарды аткарышат.** | **Физкультминутка өткөрөт.** | **Физкультминутка**<br>Машак болуш үчүн,<br>Көздү ымдоо керек.<br>Шамал оңго түртөт,<br>Кезүбүз оңду карайт.<br>Шамал акырын солго түртөт,<br>Көзүбүз солду карайт.<br>Жогору карап өсөбүз<br>*(Көздөр, колдор жогору)*<br>Жамгыр төгүп кирди го.<br>*(Көздөр ылдый)*<br>Шамал ыргалтып машакты, буудай бышып жетилди. |
| | Балдар жуптарда картиналардын предметтерин карап көрүшөт, тааныш сөздөрдүн маанисин түшүндүрүшө, жаңы сөздөр менен таанышышат. | Педагог: «Катуу дандан жумшак нандын пайда болгондугун билүүгө кыргыз элдик ыры жардам берет», – деп айтат.<br>Картина боюнча алдын ала сөздүк жумуштарды жүргүзөт. | Дан – майдаланбаган дан.<br>Картинанын предметтери: элек, казан, жыгач тепши, тегирмен ташы. |
| | Балдар ырды угушат. | Ырды жатка айтышат. | Нан бышырып,<br>Аштык данды тартышат.<br>Электен аны өткөрүп,<br>Электен аны еткерет,<br>Жыгачтан болгон идишке.<br>Ал жыгачта орун кеп, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | Ийлеп, ийлеп камыр кылат.<br>Капкара болгон казанда,<br>Наныбыз бышат отко.<br>Нан баарына жетет,<br>Сага да, мага да. |
| | Балдар картиналарды ырдагы предметтердин кыймыл-аракетинин ырааттуулугу боюнча жайгаштырышат. (жекече иштее) | Мазмуну боюнча аңгемелешүү:<br>*1. Ырда эмне жөнүндө сөз болот?*<br>*2. Алгач эмне жасашат, андан кийинчи?* | **«Эмне эмне үчүн?» оюну**<br>***Максаты:*** Көрсөтмөлүүлүккө таянып, ырдагы окуялардын ырааттуулугун калыбына келтирүү. |
| | Ырды кайталашат:<br>• Катар картиналарга таянып;<br>• Кыймыл менен;<br>• Алгач хор менен, андан кийин каалоосу менен жекече. | Балдар менен биргеликте бир канча жолу колдун кыймылы менен коштоп, ырды кайталашат. | Туура ырааттуулукта жайгашкан картиналардын катары. |
| | Суроолорго жооп беришет. | Аңгеме еткерет.<br>*– Ундан дагы эмне бышырса болот?*<br>*– Нанга кандай мамиле жасаш керек? Эмне үчүн?*<br>*– Балдар, эсиңердеби, нандын ар бир сындырымына сыйлоо менен мамиле кылыш керек жана ашыкча сатып албаш керек. Нан дүкөндүн текчесине келгенге чейин узак жол басып келип жатпайбы.*<br>*– Нан оюнчук эмес, аны ар жерге таштаба, түшкү тамакка чени менен ал.* | Аңгемелешүү. |
| | Балдар туз кошулган камырдан бөлкө нан же булочка жасашат. Иштеп жатышып, ырды кайталашат. | Туз кошулган камырдан нан жасаганды сунуштайт. Өз алдынча жумуш жасап жаткан мезгилде ырларды угушат. | Туз кошулган камыр. |

## «Сабат ачуу»

Эскертүү: Сабат ачуу предмети боюнча 2 вариантта сабактардын иштелмелери берилди. Педагог алардын ичинен өзүнө жаккасын алып, пайдаланса болот же алардын материалдарын пайдалануу менен өзүнүн вариантын иштеп чыга алат.

**1-вариант**

**Тема: Муунда үнсүз жана үндүү тыбыштардын катар келиши (2 саат)**

Бул сабактар тыбыштар, тамгалар тууралуу алгачкы берилип жаткан түшүнүктөрдү жалпылоочу сабактар болуп саналат.

Сабактын максаты жана милдеттери: Балдарды тыбыштарды бириктирип айтууга, аларды фишка менен белгилеегe үйрөтүү жана майда булчуңдарын өстүрүү аркылуу алардын графикалык жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү.

| № | Мазмуну | Бала эмнелерди аткарат | Педагог эмнелерди аткарат | Ресурстар, каражаттар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | **Тыбыштарды өз-өзүнчө жана ачык муун ичинде айтуу иш-аракети аткарылат.** | Балдар суроого билишинче жооп берип, ойлорун түшүндүргөнгө аракет кылышат. | Педагог балдарга суроо берет: Биз бир нече тыбыштарды айтканды билип калдык. Ошол тыбыштарды өзүнчө айтып, оюбузду түшүндүрө алабызбы? Кана, аракет кылып көрөлү.<br><br>Педагог жомоктордун, мультфильмдердин каармандарын мисалга тартып, сөз айкаштарын, сүйлөмдөрдү келтирсе да болот. Бул учурда бардык предметтер үчүн жалпы тема «Жыл мезгили – күз» болот. Андыктан материалды күз менен байланыштыруу зарыл. Мисалы: «Күз келди. Жалбырактар саргайды. Алма, жүзүм, коон, дарбыз бышты» ж.б. Мына ушуну өзүнчө тыбыштар менен түшүндүрө алабызбы? | Жомоктордогу, мультфильмдердеги каармандардын сүрөттөрү. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Кара, аракет кылып көрөлү.<br><br>Балдар сөз, сүйлөм менен айта баштаса, педагог жалгыз тыбыштан гана айтууну сунуш кылат жана өзү да жалгыздан тыбыштарды айтат.<br><br>Эгерде балдар тапшырманы жакшы аткара албай, ойлорун билдире алышпаса, педагог балдардын ордуна өзүн коюп, бирден тыбыштар менен оюн берсе болорун же болбосун көрсөтөт. | |
| **2.** | **Балдар тыбыштарды, б.а. үнсүзгө үндүү тыбышты жалгап айтууга көнүгүшөт.** | Балдар ооздорун «м» тыбышын айтканга даярдашат.<br><br>Оозунун **«м»** тыбышын айтууга даяр экендигин күзгүдөн жана бири-бирине карап көрүшөт.<br><br>Андан кийин ооздорун ушул абалда кармоо менен, **«м»** тыбышын эмес, **«у»** тыбышын же башка үндүү тыбышты айтышат.<br><br>Балдардын бир тобу дароо эле **«му»** деп айта албашы мүмкүн. Андыктан бул көнүгүүнү бир нече жолу кайталашат. | Педагог балдарды **«м»** тыбышын айтууга даярдайт. **«М»** тыбышын айтууга балдардын ооздору даяр экендигин карап, аларга бири-бирин кароону, күзгүдөн ооздорун кароону сунуш кылат.<br><br>Даяр болгондон кийин балдарды ооздорун ошол абалда карматып туруп, **«у»** тыбышын же башка үндүүнү айтууну суранат.<br><br>Бул иш-аракетти бир нече жолу кайталатат. Анткени **«у»** тыбышын айтардын алдында балдардын кээ бирлери оозунун абалын өзгөртүп жибериши мүмкүн. Андай болгондо, **«му»** деп айтылбастан, үнсүз тамга өзү эле айтылып калат. Ошондуктан бул кенүгүүнү балдарга бир нече жолу кайталатат. | Күзгү. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **3.** | **Балдардын тыбыштардан муун кура билүүсү бекемделип, элестетүүсү өсөт.** | Андан кийин башка-башка да ушундай муундарды курушат: **«мо», «мө», «ми», «мө»** ж.б.<br>«Му», «ма», «мо», «мө» дегенде эмнени элестеткендерин айтышат. | **«М»** менен башталган башка да муундарды айттырат.<br>**«М»** менен башталган муундарды айтууда балдар эмнени элестетишкенин, эмне тууралуу ойлошконун сурайт. | Кыркма муундар, фишкалар, КЫТ комплектине негизделген таблица, сүрөттөр. |
| **4.** | **Үндүү жана үнсүз тыбыштарды айырмалатууга, аларды фишкалардын жардамы менен белгилөөгө басым жасалат.** | Бул тыбыштарды (муунду) фишка менен белгилешет. | Фишка менен үнсүз, үндүү тыбыштык биригүүсүн балдарга аткарттырат. | Фишкалар, кыркма муундар. |
| **5.** | | | *Эскертүү:* Педагог эки фишка турганына көңүлдү бурат. Анткени балдар оозун бир тыбышты айтууга даярдап, бирок бир эле тыбышты айтышты, анда эмнеге эки фишка коюлгандыгына бурат.<br>Бул эки фишканы бириктирип, бир фишка менен белгилөөгө болорун айтат. Ал биригүү деп аталат (бириккен эки фишканын сүрөтү). Бирок педагог ага көп токтолуп отурбайт. Анткени бул тууралуу кийин да сөз болот. Педагогдун максаты эки тыбыштын бир тыбыш катары биригүүсүн чийме менен көрсөтүү болуп саналат. | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6. | **Балдар калемди, ручканы, кыл калемди туура кармаганга үйрөнүшөт, штрихтер менен чийүү, сүрөттөрдү боёо менен колун башкарууга, графикалык жазууга көнүгүшөт.** | Тиешелүү сүрөттөрдү боёшот, штрихтер менен сызышат, катар ийри сызыктардын ортосу менен чийишет. | Балдардын майда булчуңдарын (моторикасын) өнүктүрүү максатында атайын мурдатан даярдалган сүрөттөрдүн, үлгүлөрдүн негизинде ар түрдүү иштерди аткартат. | Сүрөттөр, ырлар, жалбырактар. |
| 7. | | | Педагог сабакты жалпылап жыйынтыктайт. | |

*Эскертүүлөр:*

- Бул материалдарды өтүү учурунда күз мезгили болгондуктан, педагог мисалдарды келтиргенде сүйлөм, текст түзүүдө күз мезгилине басым жасайт. Күзгө байланыштуу ырларды айтууну, ырдоону, сүрөттөрдү пайдаланса, айлана-чөйрө менен байланыштырса да болот.

- Бул иштелме катар коюлган эки сабакка карата берилди. Эгерде сабат ачуу боюнча сааттар катар коюлбай, эки башка күндөргө коюла турган болсо, анда бул сабактын иштелмеси өзгөрөт. Бул учурда педагог койгон максаттарына жараша бул материалдарды экиге бөлүп алса да болот. Андай болгондо графикалык жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү, фишкалар менен иштее экинчи сабакка өтүп кетиши мүмкүн. Же болбосо болгон материалдарды бөлүштүрүп, биринчи саатта да, экинчи саатта да кеп өстүрүүгө, тыбыш, тамгалар менен иштөөгө, графикалык жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө көңүл бурулат.

**Тема: «Өтүлгөн материалдарды жалпылоо жана кайталоо» (1 саат)**

Болжолдуу тематикалык планга ылайык, буга чейин сабат ачуу боюнча 12 саат өтүлгөн болот. Алар тилдин зарылчылыгы, оозеки жана жазуу кеби, сөз, сүйлөм, муун, үндүү, үнсүз тыбыштар, созулма үндүүлөр, жумшак жана каткалаң үнсүз тыбыштар, муунда тыбыштардын катар келиши сыяктуу темалар. Бул сабак мына ушул материалдарды жалпылоо жана кайталоо сабагы болуп саналат.

Сабактын максаты жана милдеттери: Жыл башынан бери өтүлгөн тилдин турмуштагы ролу, үндүү, үнсүз тыбыштар, созулмалар, каткалаң, жумшак үнсүздөр боюнча өтүлгөн материалдарды балдардын эсине салып, булар боюнча билгендерин тереңдетүү болуп саналат.

| № | Мазмуну | Бала эмнелерди аткарат | Педагог эмнелерди аткарат | Ресурстар, каражаттар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | **Кептин турмуштагы мааниси, ролу, зарылдыгы тууралуу түшүнүктөр бекемделет** | Балдар бул суроолорго жооп беришет, анда алар сүйлөшпөсөк, чогуу ойной албай калабыз, эмне айткыбыз келгенин айта албай калабыз деген сыяктуу өздөрүнө жакын жоопторду көбүрөөк колдонушу мүмкүн. | Педагог балдарга суроо менен кайрылат:<br>– Биз бири-бирибиз менен эмне үчүн сүйлөшөбүз, анын кандай зарылчылыгы бар экен?<br>Педагог балдар жооп бере албай, такалып, кыйналып калган болсо, бул тема мурда кандайча өтүлгөндүгүн эске салып же кошумча суроолорду берип, бир ойду, окуяны айтып берүү тууралуу тапшырма берсе да болот. Тапшырманы жомоктогу, мультфильмдердеги каармандардын атынан даярдоо балдардын кызыгуусун арттырат.<br>Жогоруда белгилеп кеткендей, материалдарды күз менен байланыштырууга туура келет. | Жомоктордогу, мультфильмдердеги каармандардын сүрөттөрү. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Мисалы, мындай суроолорду берип, аларга жооп алууга болот:<br>• Азыр кайсы мезгил?<br>• Айланада кандай өзгөрүүлөр болууда?<br>• Бул мезгил эмнеси менен жагат?<br>• Кайсы жашылчаны же жемишти сен жакшы көрөсүң?<br>• Кайсы жомокто же мультфильмде жашылча-жемиштер тууралуу сөз болот? ж.б.<br>Бул учурда бардык предметтер боюнча «Жыл мезгили – күз» өтүлүп жаткан болот. | |
| **2.** | **Балдар кеп бөлүктөрдөн: сөздөрдөн, сүйлөмдөрдөн турары тууралуу билгендерин бекемдешет.** | Балдар өз алдынча да, педагогдун кемектөшүүсү менен да суроолорго жооп беришип, биздин кебибиз бөлүктөрдөн турарын айтышат. Мисалы, биз сөздү, сүйлөмдү, тыбыштарды билебиз. Алар сездердү, андан кийин сүйлемдерду айтышат.<br>Сүрөттөрдү пайдаланып, жомоктордогу, мультфильмдердеги каармандардын сөздөрүн айтып, анын бөлүктөрдөн турарын айтышат. | Бул суроону талкуулап бүткөндөн кийин кийинки суроону берет: Биздин кебибиз эмнелерден турат экен?<br>Педагог суроого жооп алып жатып, анын сүйлөм, сөздөрдөн турарын, сөздерде тыбыштар бар экендигине багыттап турат.<br>Педагог балдарга сүйлөмдөн мурда сөздөрдү айттыруу, андан кийин сүйлөмдөргө өтүү, сүйлөм түздүрүү жеңилирээк экенин эске алып, ушул ырааттуулукту сактайт. Аны үчүн сүрөттөрдү пайдаланууга болот.<br>Бул иш-аракетти аткаруу үчүн ал буга чейин айтылган жомоктордогу, мультфильмдердеги каармандардын сөзүн пайдаланса болот. | Сүйлөмдүн, сөздүн, муундун чиймесин колдонууга болот. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **3.** | **Сөздөрдүн муундардан, муундардын тыбыштардан турары тууралуу билгендерин бекемдешет.** | Сөздөрдү муунга бөлүп айтышат. Сөздү айтып жатканда, анын канча муундан турганын билиш үчүн манжаларын ээгинин алдына коёт да, ар бир муунду айтканда алдыңкы ээги колго тийип турат. Аны менен сөздө канча муун бар экенин айтышат. | Педагог сүрөттөрдү пайдаланып, сөздөрдү, андан кийин аларды муунга бөлүп айттырат. Аны үчүн балдардын манжаларын ээгинин алдына коюп, ар бир муун айтылганда алдыңкы ээги колго тиерин түшүндүрөт. | Сүрөттөр. |
| **4.** | **Сөздөгү тыбыштардын орду, үндүү, үнсүз тыбыш тууралуу билгендерин кайталап, бышыкташат.** | Сөздөрдү муунга бөлүү менен, андагы тыбыштардын ордуна фишкаларды коюшат:<br>Үндүү тыбыштар – кызыл,<br>каткалаң үнсүз тыбыштар – көк,<br>жумшак үнсүз тыбыштар – жашыл фишка менен белгиленет. | Балдарды сөздөгү тыбыштардын ордун фишка менен белгилөөнү сунуш кылат. Бул иш-аракетте балдарга педагогдун жардамы абдан керек болот. Анткени тыбыштардын ордун белгилөө бул курактагы балдар үчүн абдан оор тапшырмалардын бири болуп саналат. | Фишкалар, сүрөттөр. |
| **5.** | **Муунда тыбыштардын катар келүүсү, алардын биригүүсү тууралуу билгендерин бышыкташат.** | Балдар үнсүз, үндүү айкалышынан турган муундарды айтышат. Үнсүз тамганы өзгөртпөй, кийинки үндүү тамганы алмаштырып айтышат. Мисалы: **«та»**, **«то»**, **«ту»**, **«ти»**, **«ка»**, **«ко»**, **«ку»**, **«ки»** ж. б.<br>Бул муундарды фишкалар менен белгилешет. | Педагог балдарга ачык муундарды, алардагы үндүүнү алмаштырып айттырып, тыбыштардын биригүүсүнө өзгөче көңүл бурат.<br>Үнсүз үндүү айкалышындагы ачык муундарды фишка менен белгилетет.<br>Тыбыштардын биригүүсүнө, алардын бир фишка менен белгиленүүсүнө балдардын көңүлүн бурат. Бирок бул материал кийин да кайталана тургандыктан, ага анчалык кеп токтолбойт. | Фишкалар, кыркма тамгалар, сүрөттөр. |
| **6.** | | | Педагог бүгүнкү өтүлгөндөрдү дагы бир жолу эске салуу менен, сабакты жыйынтыктайт. | |

*Эскертүү:* Мурдагы сабактын иштелмесинде белгиленгендей, бул материалдарды күз мезгили, айлана-чөйрө менен байланыштыруу зарыл.

2-вариант

**Тема: «Кептеги тыбыштар. Үндүүлөр жана үнсүздөр»**

| Программалык мазмуну | Балдардын ишмердиги | Педагогдун ишмердиги | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| **Сөздөгү тыбыштарды бөлүп айтуу, алардын санын аныктоо, тыбыштарды алар кандай угулса, ошондой айтууга үйрөтүү.**<br>**Үндүү жана үнсүз тыбыштарды айырмалоону үйрөтүү.**<br>**Майда моториканы өнүктүрүү.** | Балдар суроолорго жооп беришет, тыбыштарды айтышат. | Педагог көнүгүүлөрдү өткөрөт.<br>*Биз бүгүн таң каларлык саякатка күзгү токойго жөнөйбүз.*<br>*Күзгү токойду силер кандай элестетесиңер?*<br>*Силер эмнени айттыңар?* | Кептик көнүгүүлөр<br>*Паровоз бизди токойго алып келди:*<br>*Чух-чух-чух!*<br>*Мына ачууланган кирпи бара жатат:*<br>*П-ф-ф-ф, п-ф-ф-ф!*<br>*Мурдуң кайда? Түшүнбөйсүң:*<br>*Ф-ф-р! Ф-ф-р!*<br>*Мына көңүлдүү аары балдарга бал алып келди: З-з-з! З-з-з!*<br>*Биздин чыканагыбызга конду*<br>*З-з-з! З-з-з!*<br>*Мурдубузга учуп келди: З-з-з!*<br>*З-з-з!*<br>*Аарыны коделек коркутту:*<br>*Й-а-а! Й-а-а! Й-а-а!*<br>*Бут токой боюнча кыйкырды:*<br>*Й-а-а! Й-а-а! Й-а-а!*<br>*Каздар асманда учушат,*<br>*Каздар коделекке гуулдашат:*<br>*Г-у-у! Г-у-у! Г-у-у! Г-у-у!* |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Балдар тапшырмаларды атка-<br>рышып, суроолорго жооп беришет. | *Айлананын баары үнгө толгон.*<br>*Айткыла:*<br>*– Күзүндө шамал кантип улуйт?*<br>*– Бут алдындагы жалбырактар кантип шуудурашат?*<br>*– Коңуз кантип кыңылдайт?*<br>*– Кирпи ийининде уктоого камы-нып жатып кантип бышкырат?*<br>*Биз колдонгон сөздөр дагы ты-быштардан турат.* | **«Тыбышты айт» оюну.**<br>***Максаты:*** *көптин чыныгы ты-быштарын бөлүп көрсөтүү.* |
| | Балдар биринчи конверттен кар-тина алып чыгышат, тыбыштарды бөлүп көрсөтүп, сөздөрдү айтышат.<br>– тыбыштардын санын эсептешет.<br>– чийме менен таанышышат,<br>– сөздөргө чийме тандашат (ты-быштын санына жараша).<br>– тыбыштарды бөлүп көрсөтүшөт, алардын айтылышына байкоо са-лышат.<br>– үндүү тыбыштар менен таанышы-шат, күзгүдөн артикуляциясына байкоо салышат.<br>– үндүү тыбыштын ордун кызыл фишка менен белгилешет. | *Биз коёнду тосуп алабыз.*<br>*Ал конвертте бизге тапшырма алып келди.*<br>*Ар бир тыбышты бөлүп көр-сөтүп, сөздөрдү атагыла.*<br>*Ар бир сөздө канча тыбыш бар экенин эсептегиле.*<br>*Ар бир тыбыш «өз терезесинде жашайт».*<br>*Көптөгү тыбыштар ар түрдүү болушат. Аларды эки топко бөлүүгө болот.*<br>*Сөздү акырын, созуп айткыла.*<br>*Биринчи тыбышты айт.*<br>*Экинчи тыбышты айт.*<br>*Үчүнчү тыбышты айт.*<br>*Кайсы тыбыш айтууга жеңил, ырдаса болот?*<br>*Бул үндүү тыбыш. Ал үндүн жардамы менен гана айтылат.*<br>*Аны созуп айтса болот. Биз аны кызыл түстөгү фишка менен белгилейбиз.* | Коёндун сүрөтү, картина менен конверт жана сөздөрдүн чиймеси.<br>*Кызгалдак, үй, кит, токой, пияз, роза.*<br>Күзгү, кызыл түстөгү фишкалар. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Балдар сөздөрдү угушат, эгерде сөз үндүү тыбыштан башталса – кол чабышат, башталбаса – басышат. | Сөздөрдү айтат: даректар, жемиштер, козу карындар, четин, бай терек, көк чымчык, кирпи, бугу, аюу ж.б.у.с. | **Физкультминутка.**<br>***«Токойдон биз эмнени көрдүк»***<br>***Максаты:*** *үндүү тыбыштарды таанып-билүү.* |
| | Тыбыштарды атап, алардын айтылышына байкоо жүргүзөт. | **Үйгө кайтууга убакыт жетти**<br>– *«Там» деген сөздүн биринчи тыбышын, акыркы тыбышын атагыла, буларды үндүүлөр деп атаса болобу?*<br>– *Эмне үчүн? Аны созгонго эмне тоскоол болуп жатат? Мындай тыбыштар үнсүздөр деп аталат.* Аларды айтканда ооздогу аба тоскоолдукка учурайт.<br>– *Кайсылар?* | Күзгү. |
| | Балдар экиден картина алышат, картиналарды эки үйгө жайгаштырышат. Кызыл чатыры бар үйдө – үндүү тыбыш менен башталган предметтер, көк жашыл чатырдагы үйдө – үнсүздөр. | Педагог көрсөтмө берет. Жумушту көзөмөлдөйт. | **«Күзгү сөздөрдү үйгө жайгаштыр» оюну**<br>***Оюндун максаты:*** *тыбыштарды, алардын классификациясын таанып-билүү.*<br>Кызыл жана көк жашыл чатырлуу эки үй.<br>Предметтик картиналар «Күз» темасына (жалбырак, жемиш, козу карын, жамгыр, булут ж.б.у.с ). |
| | Манжалар үчүн көнүгүүлөрдү аткарат.<br>Күзгү жалбырактардын контурлары боюнча сызууну аткарышат. | Манжалар үчүн көнүгүүлөрдү жүргүзөт.<br>Өзүн түз алып жүрүүнүн, штрихтердин аткарылышынын тууралыгын байкайт. | Манжалар үчүн көнүгүүлөр.<br>Жумушчу дептер. |

**Тема: «Кептеги тыбыштар. Үндүүлөр жана үнсүздөр»**

| Программалык мазмуну | Балдардын ишмердиги | Педагогдун ишмердиги | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| **Балдардын үндүү жана үнсүз тыбыштар жөнүндө билимин бекемдөө; фонематикалык угумун, көңүл буруусун, эске тутуусун өнүктүрүү;** | Балдар вазадагы жалбырактарды үйлөшөт, алардын шуулдаганын угушат. | Педагог дем алуучу көнүгүүлөрдү жүргүзөт. | Күзгү жалбырактар салынган ваза. |
| | Балдар кол чабуунун санын аныкташат жана ушул сандагы муундары бар сөздөрдү бат табышат. | Педагог сөздөрдү муунга алакан чаап бөлөт. | **«Бир, эки, үч» оюну.**<br>***Максаты:*** *сөздүн муундук составын аныктоо.* |
| **Сөздөрдүн муундарга бөлүнүүсүндө тыбыштык-муундук анализине жана синтезине көнүгүү жасоо.**<br>**Майда моториканы өнүктүрүү** | Балдар кыймыл-аракеттерди көрсөтмө боюнча жасашат;<br>Үндүү жана үнсүз тыбыштардын белгилерин эстешет. | Сөздөр муундардан, муундар тыбыштардан турары тактала т.<br>*Бүгүн бизде өзгөчө коноктор.*<br>Табышмакты тапкыла.<br>Жандырмагын үндүн басымын ажыратып айткыла.<br>Муундап айткыла.<br>Тыбыштардын санын эсептегиле.<br>*Тыбыштар кандай болот?*<br>*Үндүүлөр үнсүздөрдөн эмнеси менен айырмаланышат?* | Табышмак<br>Краскасы, кыл калеми жок келип, бардык жалбырактарды боёп салды. |
| | Балдар оюнга катышышат;<br>Үнсүз жана үндүү тыбыштарга сөздөрдү ойлоп табышат; | Балдардан алардын аттарынын биринчи тыбышын атоону сурайт, аттары үндүү жана үнсүз тыбыштан башталган 2 баланы чакырат. Эки топ болуш үчүн аларга башка балдар да кошулушат. «Үндүүлөр», «Үнсүздөр». | **«Таанышып алалы» оюну**<br>***Оюндун максаты:*** *тыбыштарды, алардын классификациясын таануу.* |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Балдар тегерек болуп туруп, педагогду угушат. Эгерде гүлдүн аты үндүү тыбыштан башталса, «үндүүлер» бир кадам алга же артка болушат, эгерде үнсүздерден башталса, «үнсүздөр» мындай кыймылды жасашат; | Тегерек уюштуруп, гүлдөрдүн аттарын сурайт. | **Физкультминутка**<br>*«Күз үчүн гүл десте чогултабыз».* |
| | Балдар корзинадан картиналарды алышат, оюндун алып баруучусу чиймени алып чыгат, картинадагы чиймеге туура келген бала кол көтөрөт, чиймени картинанын жанына коёт, үндүү тыбыштын ордун кызыл фишка түшүндүрөт; | **Күз корзинага картиналарды салып келе жатты, бирок шамал болуп, аларды чачып салды.**<br>*– Келгиле, баарын өз ордуна коюу үчүн күзгө жардам берели.* | Корзина, предметтик картиналар, тыбыштардын санын билдирген сөздөрдүн чиймеси, кызыл фишкалар.<br>**«Түгөйүңдү тап» оюну**<br>***Максаты:*** *сөздүн тыбыштык курамын таанып билүү.* |
| | – Манжалар үчүн көнүгүүлөрдү аткарат;<br>– Даракттын контурун сызат, эки багытта штрихти аткарат, гүлдөрдү күзгө тиешелүү түстөргө боёйт, сызыкка чиймелерди жазат. | Манжалар үчүн көнүгүүлөрдү жасайт.<br>Жумушчу дептерге аткаруунун тартибин түшүндүрөт. | Манжалардын көнүгүүсү<br>жумушчу дептери. |

**Тема: «Кептин тыбыштары. Үндүүлөр жана үнсүздөр»**

| Программалык мазмуну | Балдардын ишмердиги | Педагогдун ишмердиги | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| **Балдардын үндүү жана үнсүз тыбыштар жөнүндө билимин бышыктоо; Фонематикалык угуусун өнүктүрүү, сөздөрдө тыбыштык-муундук анализге жана синтезге көнүгүү жасоо, майда моториканы өнүктүрүү** | Бош коюу-чыңалуу боюнча көнүгүүлөрдү аткарышат.<br>Жаңсоо менен аба ырайынын абалын түшүндүрүшөт. | Көнүгүүлөрдү жүргүзөт | Жаңсоолорду өнүктүрүүгө көнүгүүлөр. *Азыр күзгү күн чыгат деп өзүңөрче элестеткиле.*<br>Күнгө колуңарды көтөргүлө, бетиңерди тоскула. Силерге жылуу жана жагымдуу (бош коюу). *Күн жашынды, жамгыр башталды, шамал сокту.*<br>Баарыңар бир жерге топтолгула – суук (чыңалуу). |
| | Балдар күзгү аба ырайы жөнүндө сүйлөм түзүшөт. | *Күзүндө аба ырайы кандай болот? Аба ырайын сүйбөс жеңебиз күндү бекитип койду. Эгерде анын кызматынын бардык каталарын оңдосок, биз аны кайтарып алабыз.* | Күндүн картинасы, ал тапшырманы аткарып бүткөндөн кийин бөлүк боюнча ачылат. |
| | Табышмакты табышат.<br><br>Таблицада ар бир сапта ашыкча предмет болот. Тандоону түшүндүрөт, үндүү жана үнсүз тыбыштардын бири-биринен өзгөчөлөнтө турган белгилерин эстешет. | Табышмак айтат.<br><br>Оюн өткөрөт.<br>Тапшырманын аткарылышына байкоо жүргүзөт.<br>Ар бирине жекече баракча таркатат. | Туман жөнүндө табышмак.<br>***Короодогу куудай чоң ата, Баарынын көзүн бекитти.*** *(туман)*<br>Тапшырмасы менен жекече барак, карандаштар.<br>**«Эмне ашыкча?» оюну.**<br>***Максаты:*** *жалпы белгиден бөлүп көрсөтүү, тыбыштарды бөлүштүрүү.*<br>Сүрөттөрү менен таблица – предметтер:<br>*кызгалдак, ромашка, роза, каакым, дарбыз, ананас, банан, апельсин ж.б.у.с.* |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Балдар табышмактын жандырмагын табышат.<br><br>Бир окуучу сөз атайт, экинчиси сөздөгү үндүү тыбыштарды эсептейт, кийинки окуучуга өзүнүн сөзүн айтат.<br><br>Жекече барактарда чиймеге сүрөттер тандалат. Өздөрүнүн сөздөрүн тандашат. | Педагог табышмак айтат;<br><br>Оюн жүргүзөт;<br><br>Тапшырманын аткарылышына көз салат. | Табышмак<br>**Мени кел деп суранышып, күтүшөт,**<br>**Мен келе калсам эле,**<br>**Жашынып башташат.** *(Жамгыр)*<br>**«Үндүү тыбышты ук жана ата» оюну.**<br>***Максаты:*** *сөздөгү тыбыштарды бөлүү.*<br>**«Кайсы сөз жашынып калды?» оюну**<br>***Максаты:*** *сөздү чийме менен дал келтирүү, сөздүн тыбыштык курамын аныктоо.*<br>(Жекече барактарга үндүү тыбыштарды билгизген сөздөр жана чиймелер «төгүлгөн». Сөздөрдү жана чиймелерди сызыктар менен бириктириш керек.) |
| | Тегерек болуп, биринин артынан бири турат, тегерек болуп жылышат, ыр менен кошунасынын жонуна массаж жасоо аркылуу жылышат.<br>1. Алакандары менен жонуна чапкылашат.<br>2. Муштумдары менен койгулашат.<br>3. Манжалары менен черткилешет.<br>4. Алакандары менен сылашат.<br>180 градуска бурулушат жана тегеректе кыймылды кайталашат. | **Физкультминутка өткөрөт.** | **Физкультминутка**<br>1. Жамгыр, жамгыр!<br>Биз эми үйгө таркайлы.<br>2. Пушкадан атылгандай күн күркүрөп,<br>Бакалар чардап жыргашты.<br>3. Мөндүр тынбай төгүлүп,<br>Баары кетти жашынып.<br>4. Иним гана отурат,<br>Кечки тамакка балык кармайт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Табышмакты табышат.<br><br>Балдар кандай тыбыш жоголуп кеткенин угузуп аныкташат. Тыбышты атап, ал үндүүбү же үнсүзбү аныкташат. Туура жооп үчүн наклейка белек алышат. | Табышмак айтышат.<br><br>Фразаларды келтирет, кайсы тыбыш жоголуп кеткенин, ага мүнөздөмө берүүнү угузуп аныктоону айтат. | Табышмак<br>**Колу жок, буту жок, талаада жүрөт,**<br>**Ырдайт да, ышкырат,**<br>**Дарактарды сындырат,**<br>**Чөптөрдү жерге жапырат.**<br>*(шамал)*<br>**Оюн «Адашкан тыбыштар»**<br>***Максаты:*** *сөздөгү тыбыштарды дифференциялөө.*<br>*Асыл жакшы, экөө адан жакшы. (АСЫЛ-АКЫЛ)*<br>*Май Машага көп керек (МАША-КАША)*<br>*Айдан келет жүгүрүп. (АЙДАН-АЙБАН)*<br>*Сага не керек. (НЕ КЕРЕК-ТЕГЕРЕК)*<br>*Ийне эмес, кул тигет. (КУЛ-КОЛ)*<br>*Урушчаакка буу керек. (БУУ-СУУ)*<br>*Элпек болсоң балык кармайсың. (ЭЛПЕК-ЭМГЕК)*<br>*Ардагерден дарылан, акылдуудан үйрөн. (АРДАГЕР-ДАРЫГЕР)* |
| | Манжалар үчүн көнүгүүлөрдү аткарышат.<br><br>Жумушчу дептерде кол чатырдын контурун кайталап тартышат, жантык сызыктарды тартышат, сапка чиймелерди тартышат. | Манжалар үчүн көнүгүүлөрдү өткөрүшөт.<br><br>Жумушчу дептерине жумушту уюштурат.<br>Тапшырманын аткарылышына көз салат.<br>Балдардын иши жөнүндө түшүндүрүп, наклейка-белектерди таркатат. | **Манжалар үчүн көнүгүүлөр.**<br>*Бир тамчы, эки тамчы,*<br>*Алгач абдан эле жай.*<br>*Андан кийин мына, мына,*<br>*Жүгүрүп калды баары.*<br>*Кол чатырды ачтык биз,*<br>*Өзүбүздү каттык биз.*<br>Жумушчу дептер.<br>Түрдүү түстөгү наклейка-белектер. |

## «Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу (ЖМТК)/ Конструкциялоо»

**Тема: «Предметтерди классификациялоо»**

| Программалык мазмуну | Балдардын ишмердиги | Педагогдун ишмердиги | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| **Курчап турган чөйрөдө кайсы предметтер көп; кайсы предметтер бирден экенин айырмалоого үйрөтүү; күн желесинин негизги түсүн айырмалай билүүгө жана атоого үйрөтүү, түстүн предметке тиешелүүлүгүнө үйрөтүү.** | Балдар педагогдун суроолоруна жооп беришет (жашылчалар жана жемиштер чагылдырылган карточкалар боюнча жекече иштөө). | Балдар менен аңгемелешет, суроо берет:<br>Сүрөттө канча алма чагылдырылган?<br>Сүрөттө канча банан?<br>Дарактарда алардын канчасы өсөт?<br>Бадыраң, сабиз, капуста, бир сөз менен кантип аталат?<br>Жеектөрдө алардын канчасы өсөт? | Ар бир бала үчүн жашылча жана жемиштер тартылган карточкалар. |
| | Балдар жупташып иштешет, карточкаларды төмөнкү белгилери боюнча топтоштурушат:<br>– жашылча жемиштер;<br>– бир канча жана бирөө.<br>Тексттин мааниси боюнча кыймылдарды аткарышат. | Балдарга классы, саны боюнча бөлүштүрүүгө тапшырма берет, балдардын жоопторуна көз салат, тапшырманы аткаруусуна байкоо жүргүзөт, балдарга жардам берет.<br>Физкультминутка өткөрөт жана балдар менен биргеликте көнүгүүлөрдү аткарат. | **«КАПУСТА» физкультминуткасы**<br>Биз капустаны кесебиз, кесебиз,<br>Биз капустаны туздайбыз, туздайбыз,<br>Биз капустаны сүрөбүз, сүрөбүз,<br>Биз капустаны сыгабыз, сыгабыз. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Балдар табышмактарды табышат, педагогдун суроолоруна жооп беришет.<br><br>Жуп болуп күн желесин иреттешет, аны кагаздын барагына чапташат, өздөрүнүн иштери боюнча айтып беришет. | Педагог балдарга табышмактын жандырмагын табууну, табышмак ойлоп табууну сунуштайт (езү же бала).<br><br>Суроо берип, балдар менен аңгеме жүргүзөт:<br><br>Күн жөлеси качан пайда болот?<br><br>Силер күн жөлесинин кандай түстөрүн билесиңер?<br><br>Алардын баары канча?<br><br>Ар түрдүү түстөгү кагаздын кесиндилеринен күн желесин жасоону жана аны кагаздын барагына чаптоону, өзүнүн күн желеси жөнүндө айтып берүүнү сунуштайт.<br><br>Балдардын жоопторун угат, предметтерди топтоштурганына, күн желесин элестетип түзгенүнө көз салат, өзгөчөлөнгөн балдарды мактайт. | ***Түркүн түстөгү суу илгич,***<br><br>***Дарыяга илинди да, калды.***<br><br>*(Күн желе)*<br><br>Күн желесинин түсүне ылайык келгөн ар түстөгү кагаздардын кесиндилери. |

**Тема: «Көп», «аз» деген түшүнүк, төрт бурчтук, үч бурчтук геометриялык фигуралары»**

| Программалык мазмуну | Балдардын ишмердиги | Педагогдун ишмердиги | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| **Кабаттап коюу жолу менен кайсы топто предметтер көп (аз) же тең экенин көрүүнү үйрөтүү. Төрт бурчтук, үч бурчтук сыяктуу геометриялык фигуралардын айырмалоочу белгилерин аныктоо.** | Балдар жекече өздөрүнүн полотносунда 4 сары, 4 жашыл жалбыракты жайгаштырышат.<br><br>Педагогдун суроолоруна жооп беришет.<br><br>Ошондой эле балдар полотнодо жалбырактарды жуптары менен коюп иштешет, өздөрүнүн иш-аракеттерин сыпаттап айтып берет.<br><br>Балдар полотно менен иштешет, педагогдун көрсөтмөсүн аткарышат, кайсы жалбырак көп, кайсы жалбырак аз экендигине бүтүм чыгарышат. Балдар физкультминутка көнүгүүлөрүн аткарышат. | Педагог полотного 1 катарга 4 сары жана 4 жашыл жалбыракты, балдарга аларды алганда оң колу менен алыш керектигин айтып солдон оңго карай биринин үстүнө бирин жайгаштырат.<br><br>Балдарга суроо берет:<br><br>Бул эмне?<br><br>Жалбырактар канча?<br><br>Жалбырактар кайсы түстө?<br><br>Сары (жашыл) жалбырак канча?<br><br>Жалбырактардын кайсынысы көп, жашылбы же сарыбы?<br><br>Андан ары аларды жупташтырып коюуда зарылдыгына карай кайсы жалбырак көп экендигин билүүнү түшүндүрөт.<br><br>Балдарга өздөрүнүн аракеттерин сыпаттап айтып берүүнү сунуштайт.<br><br>Педагог балдарга бир жашыл жалбыракты алып коюуну сунуштайт жана балдарга кайсы жалбырак аз, кайсынысы көп экенин сунуштайт.<br><br>**Физкультминутка өткөрөт** | Полотно, 4 сары, 4 жашыл жалбырак.<br><br>Үч бурчтук жана төрт бурчтук геометриялык фигуралары.<br><br>**Физкультминутка. Жалбырактар**<br>Биз күзгү жалбыракпыз, *(Колду баштын үстүнө алып, жай термелүү)*<br>Бутактарда отурабыз.<br>Шамал сокту – учуп кеттик,<br>*(Колдор тараптарга созулат)*<br>Биз учабыз, биз учабыз,<br>Жерге акырын барып кондук.<br>*(Отурушат)*<br>Шамал кайра башталды,<br>Учурду бардык жалбырактарды.<br>*(Колду баштын үстүнө алып, жай термелүү)*<br>Айланып, учуп барып,<br>Кайра да жерге кондук.<br>*(Балдар орундарына отурушат)* |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Балдар жупташып ойношот. Балдардын алдында тарелкада кызыл жана сары түстөгү жалбырактар жатат, аларды корзинага жайгаштыруу керек. Жалбырактарды корзинага жайгаштыргандан кийин, кайсы корзинада жалбырак кеп, кайсынысында аз экенин алдын ала макулдашылган ыкманы пайдаланып, жупташтырып коюп аныкташат.<br><br>Балдар корзинанын бурчтарын эсептешет, өздөрүнүн ойлорун угузуп айтышат. | Педагог балдарга «Жалбырактарды жайгаштыр» оюнун ойноону сунуштайт, оюндун эрежесин түшүндүрөт, балдарга байкоо жүргүзөт, тапшырманын аткарылышынын тууралыгына кез салат.<br><br>Педагог балдарга корзинанын үч бурчтугунун жана терт бурчтугунун айырмасын табууну суроо берүү аркылуу сунуштайт.<br><br>Үч бурчтуу корзинада канча бурч бар?<br><br>Квадрат корзинанын канча бурчу бар?<br><br>Педагогдун максаты балдарды үч бурчтук менен терт бурчтуктун бири-биринен айырмасы бурчтардын санында экенин билүүгө жеткирүү. | Терт бурчтук жана үч бурчтук геометриялык фигура формасындагы 2 корзинка, сары жана кызыл түстөгү кагаздан жасалган жалбырактар (1 топтогу жалбырактар экинчисинен бирөөнө аз, мисалы, сары 8, ал эми кызылы 7).<br><br>**«Жалбырактарды жайгаштыр» дидактикалык оюну**<br><br>**Оюндун максаты:** балдарга терт бурчтуктан үч бурчтуктун айырмасы бурчтарынын саны боюнча экендигин үйретүү, эсепти бекемдөө, майда моториканы енүктүрүү. |

## «Көркөм өнөр чыгармачылыгы»

**Тема: «Сүрөтчү деген ким?»**

Сызыктардын жана чекиттердин (графика) дүйнөсүнө саякат. *Көркөм өнөр чыгармачылыгына киришүү. Чекиттердин, сызыктардын түрлөрү, алардын аталышы. Аларды тартуунун жолдору.*

| | |
|---|---|
| **Программалык мазмун** | • балдарды сүрөтчүнүн кесиби менен тааныштыруу;<br>• балдарды таза жана кылдат иштөөгө үйрөтүү, техника коопсуздугунун эрежелерин сактоону, өзүнүн жумуш ордун уюштурууну;<br>• балдарда көркөм ой жүгүртүүнү, эстөөнү, элестетүүнү өнүктүрүү;<br>• балдарда чыгармачыл эмгекке кызыгууну ойготуу. |
| **Жабдылышы** | Сүрөтчүлөр: В. М. Васнецов, Г. Айтиев, Б. Жумабаев, А. Биймырзаев ж.б. сүрөттөрүнүн иллюстрациялары; альбом, жөнөкөй жана түстүү карандаштар, өчүргүч. |
| **Усулдары жана ыкмалары** | аңгемелешүү, көрсөтүү, түшүндүрүү, педагог менен бирге жумушту катар бүтүрүү. |
| **Терминдерди түшүндүрүү боюнча жумуш** | чекит, сызык, пейзаж. |
| **Сабактын жүрүшү** | |
| **1. Уюштуруу учуру** | Педагог балдарга ыңгайлуу жана түз отурууну сунуштайт, келбетине көңүл буруп, балдарга иш аткарып жатканда тыкан болууну айтып берет. Теманын аталышын жана сабактын максатын түшүндүрөт. |
| **Педагог суроо берет** | • Кимди сүрөтчү деп аташат?<br>• Сүрөтчүнүн кесиби эмне үчүн керек? Ал эми азыр карап көрүп, сүрөтчүнүн колунан жасалган предметтерди тапкыла. (Балдардын жооптору)<br>• Балдар, биз бүгүн «Көркөм өнөр чыгармачылыгы» сабагындабыз, кайсы каражаттардын жардамынын негизинде сүрөт тартылары менен таанышабыз.<br>1. **Биздин альбомубузду эмне боёйт?**<br>**Албетте**…*(карандаш)*<br>2. **Сыйкырдуу таякчалар**<br>**Менде бар, досторум.**<br>**Ушул таякчалар менен**<br>**Короолорго тартабыз:**<br>**Мунара, үй жана самолёт,**<br>**Анан да чоң пароход!** *(Түстүү карандаштар)* |

| | |
|---|---|
| **Педагог балдарды көркөм-графикалык материалдар (жөнөкөй, түстүү карандаштар) менен тааныштырат, балдарга төмөндөгү суроолорду берет:** | – Силер сүрөт тартканды жакшы көрөсүңөрбү? Эмне үчүн?<br>– Силер эмнени тарта аласыңар? |
| **2. Жаңы теманы үйрөнүү** | |
| **Педагог** | Карандаштар жумшак, жумшак-катуу, катуу болуп бөлүнөт.<br>Жүргүзүлгөн сызыктын жоондугу карандашты учтагандын деңгээлинен көз каранды.<br>Эгерде карандаш ичке учталса, ал ичке сызык, эгерде жоон болсо, жоон сызык калтырат. (Карандаштарды көрсөтөт.)<br>Эгерде карандаш менен катуу бассаңар, анда сызыктар даанараак, а эгерде катуу баспасаңар, анча байкалбаган сызыкты сызса болот.<br>Азыр биз графикалык иштерди аткарабыз.<br>**«Графика»** деген сөз **«жазам», «чием», «тартам»** дегенди түшүндүрөт.<br>Карандаш, фломастер, тушь менен аткарылган жумуштар графикалык жумуштар деп аталат.<br>**Сызыктар төмөндөгүдөй болот:**<br>• горизонталдык сызык,<br>• вертикалдык сызык,<br>• кыйшык сызык, сейрек кыйшык сызык, үзүк-үзүк кыйшык сызыктар,<br>• кыйшык торчо сызык,<br>• тор сызык, багыты көрсөтүлгөн сызык, толкундуу сызык, тоголок сызык, чекиттер жана издер.<br>Педагог бул учурда колу менен абада сызыктардын багыттарын образдуу жүргүзөт.<br>Балдар педагогду кайталап абада сызыктарды сызышат. |
| **Физкультминутка** | Буратино созулду,<br>Бир – кыйшайды, эки – кыйшайды,<br>Колдорун кенен созду.<br>Ачкычын таба албай калды.<br>Ачкычты табыш үчүн,<br>Бутуңдун учуна тур да,<br>Буратино, бекем тур,<br>Алтын ачкычың мына! |

| 3. Балдардын чыгармачылык ишмердиги | |
|---|---|
| **Педагог балдарга жумушчу ордун уюштуруу жөнүндө эскертет** | Балдар, сүрөт тартуучу альбомду биз вертикалдуу абалда коёбуз жана карандашты туура кармап, альбомдо сызыктарды аткарууда ар түрдүү ыкмаларды пайдаланууну үйрөнөбүз.<br>Биринчи баракта балдар жумушту педагог түшүндүргөн жана сунуштаган үлгү боюнча иштешет. Балдар экинчи баракта колдорун көндүрүшөт; алар менен көнүгүп, алар чекиттин ар кандай түрүнө сызык чийип, элементтерин толукташат. Андан кийин педагог балдарга өздөрүнүн сүрөттөрү жөнүндө айтууну сунуштайт. |
| **Педагог** | Балдар менен А. Баймырзаевдин «Туулган жерде» сериясынан «Сары-Челек келү» картинасы боюнча аңгемелешет.<br>С. А. Чуйковдун «Түбөлүктүүлүккө кол тийгизүү» сүрөтү, көркөм өнөр искусствосу жанрларга бөлүнөрүн айтат жана «пейзаж» жанры менен таанышууну сунуштайт. Жаратылышты көркем каражаттар менен чагылдырган чыгарма **«пейзаж»** деп аталат. |
| **«Эки колдоп сүрөт тартуу» оюну** | |
| **Оюндун максаты** | Колунун манжаларынын моторикасын жана мейкиндик ойлоонуусун өнүктүрүү, кыймылдаткыч көндүмдөрүн иштеп чыгууга түрткү берүү. |
| **Оюндун жүрүшү** | Балдар эки колуна карандаш алып, гүл тартууга аракеттенишет. Балдар андан кийин өздөрүнүн иштери жөнүндө айтып беришет. |
| **Педагог балдарга пейзаж тартууну сунуштайт** | |
| **Жумуштун аткарылышы** | • Барактын ортосуна алгач асман менен жерди бөлүп туруучу горизонттун ичке горизонталдык сызыгы белгиленет. Андан ары горизонттун сызыгынын алды жагынан абайлап горизонттук сызыктар жүргүзүлөт, ачык, так көңүл коюп тартылат.<br>• Барактын төмөнкү бурчуна эң жакын турган пейзаждын элементтерин элестетип тартабыз. Мисалы: чөптөр, гүлдөр (түз, жантык – чекит сызыктар (пунктир) менен.<br>• Горизонт деп аталган ортоңку ичке сызыктын үстүнөн ичке сызыктар менен алыскы тоолордун элестери берилет.<br>• Алыста жайгашкан предметтерди, байкалбаган ичке сызыктар менен чиебиз; жакындарын – катуу жоон сызыктар менен чиебиз жана жумуштун жыйынтыгын чыгарабыз. |
| **4. Сабактын жыйынтыгын чыгарабыз** | |
| **Педагог** | – Карагылачы, силер кандай жакшынакай сүрөттөрдү тарттыңар. Кимдин сүрөттөрү силерге көбүрөөк жакты? Эмне үчүн?<br>Ал силерге эмнеси менен жакты? |

| | |
|---|---|
| **Сабактын темасын жалпылоо**<br>**Педагог балдар менен суроо берип аңгемелешет** | – Силер бул сабакта эмнеге үйрөндүңөр? Кандай жаңы сөз-терминдер менен тааныштыңар, жана алар эмнени түшүндүрөт экен?<br>– Өз жумуш ордуңарды тартипке келтиргиле. |
| **Үй тапшырмасы** | Эркин темада өз алдынча карандаш менен пейзажды тартуу. |

**Тема: «Чаптоо (скульптура)»**

Жемиштер менен жашылчаларды табигый өлчөмдө жасоо.

| | |
|---|---|
| **Программалык мазмун** | • балдарга скульптура боюнча кызыктуу маалымат берүү;<br>• элестетүү, образдуу ойлонуу чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү;<br>• табышмакты жандырууну үйрөтүү;<br>• колунун кыймылынын координациясын, майда моторикасын өнүктүрүү. |
| **Жабдылышы** | Скульптуралык чыгармаларды чагылдыруучу картиналар; Г. А. Айтиев «Т. Сатылганов». Т. С. Садыков «Манас», жашылчалардын муляждары, стектер, картон, клеёнка. |
| **Методдору жана ыкмалары** | Аңгемелешүү, педагог менен бир убакта аткаруу. |
| **Терминдерди түшүндүрүү боюнча иштер:** | Скульптура, пластилин, стектер. |
| **Сабактын жүрүшү** | |
| **1. Уюштуруучу учурлар** | Педагог балдарга жумуштун бардык түрлөрү кол менен жасаларын, сабакта өзүн алып жүрүүнүн эрежелерин сактоону жана чаптоодо жана кесүүдө (стектерди пайдаланууда, пластилин менен иштөөдө) техника коопсуздук эрежелерин сактоону түшүндүрөт. |
| **2. Жаңы теманы түшүндүрүү** | Бул сабакта балдардын көңүлүн көлөмдүү сүрөт болгондуктан, скульптура деген түшүнүккө буруу зарыл.<br>Скульптура чыгармаларын чагылдырган Г. А. Айтиевдин «Т. Сатылганов», Т. С. Садыковдун «Манас» картиналары боюнча аңгеме жүргүзет.<br>«Скульптура» деген сөз латын сөзүнөн «sculpo» алынган, бизче которгондо «кесип жазуу, оюп жазуу» дегенди түшүндүрөт деп айтат.<br>Скульптуралык чыгармаларды жасоодо пайдалануучу каражаттар болуп, бул – чопо, пластилин, гипс, жыгач, таш жана башкалар. |

| | |
|---|---|
| **Педагог скульптура боюнча балдардын билимин бышыктайт жана балдарга суроо берет** | • Айткылачы, кандай жемиштер жана жашылчалар силерге жагат? *(Алмалар, алмуруттар, алчалар, сабиздер жана башкалар)*<br>• Бул жашылчаларды жана жемиштерди өстүрүш үчүн адамдар көп эмгектенишет, алардын эмгегин баалаш, сыйлаш керек.<br>• А силер ата-энеңерге, чоң энеңерге, чоң атаңарга короодо иштегенде кантип жардам бересиңер? *(Балдардын жооптору)* |
| **Андан кийин педагог жашылчалардын жана жемиштердин көлөмүнө анализ жүргүзүүнү сунуштайт, суроо берет жана балдардын жоопторун жыйынтыктайт** | • Алмуруттун түзүлүшү алмадан эмнеси менен айырмаланат?<br>• Туурабы, алманын түзүлүшү тоголок, алмуруттуку сүйрү.<br>• Помидор менен алманын кандай окшоштугу бар? |
| **«Укмуштуу баштыкча» дидактикалык оюну** | |
| **Оюндун максаты** | Формасын кармап көрүп, аныктоо билгичтигин, логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү. |
| **Оюндун жүрүшү** | Педагог колунда жемиштердин муляждары жайгашкан баштыкты кармап турат. Балдар баштыктын ичине колдорун салып жемишти кармалап көрөт, андан кийин жемишти алып чыгышат. |
| **Педагог балдарга мурдараак таркатылган табышмакты табууну сунуштайт** | Таң калтырган кызыл мурун,<br>Жерге өсүп алыптыр.<br>Топтолушуп чыгып турат,<br>Жапжашыл болгон кеп чачы. *(Сабиз)*<br><br>Жайында короодо,<br>Жаңы да, жапжашыл.<br>Кышында бочкада,<br>Күчтүү да, туздуу да. *(Бадыраң)*<br><br>Тегерек да, кыпкызыл,<br>Светофордун көзүндөй.<br>Мындай таттуу жашылча жок,<br>Кудум анын езүндөй. *(Помидор)* |

| | |
|---|---|
| **Көбүрөөк витамин жейли –**<br>**Алма менен апельсинди!**<br>**Оору деген жоголот,**<br>**Ден соолук бекем болот!** | **Физкультминутка**<br>Көздү ачабыз – бир,<br>Жүлжүйтөбүз – эки,<br>Бир, эки, үч, төрт,<br>Көздү чоң ачабыз.<br>Эми кайра жумалы,<br>Көзүбүз да эс алды. |
| **Педагог айтып берет** | Чаптоо үчүн пайдаланылган негизги материал пластилин жылуулукту анча жакшы көрбөйт, аны колуңарга көпкө чейин кармасаңар ал өтө жумшак болуп силердин манжаларыңардын баары пластилин болуп калат. Ал бат жумшарып көпкө чейин коюуланбайт, ошондуктан аны муздак жерде сактоо керек. Пластилиндин тегерек бөлүктөрү менен чаптоонун техникалык усулдары бар, алар: бирдиктүү форманы жаратуу жана бекемдөө, жалпы форманын үстүн сылоо, ашыктарын кесип салуу. |
| **Эми биз пластилинден жемиштер менен жашылчалардын көлөмдүү формаларын жасоону карап көрөбүз** | |
| **3. Балдардын чыгармачылык ишмердиги** | |
| **Тапшырманын үстүндө иштөө:** | Пластилинден жемиштер менен жашылчалардын көлөмдүү формаларын жасоо.<br>Педагог жемиштер менен жашылчаларды чаптоо баскыч баскычы менен жүргүзүлөрүн көргөзөт. |
| **4. Сабактын темасын жалпылоо** | |
| **Педагог сабактын жыйынтыгын чыгарып, балдар менен аңгемелешет** | – Бул сабакта силер эмнеге үйрөндүңөр?<br>– Силер кандай жаңы терминдер менен тааныштыңар жана алар эмнени түшүндүрөт?<br>– Бүгүнкү сабак силерге эмнеси менен жакты? |
| **Балдар сабакты карап чыгышат жана анализ жасашат. Педагог балдардын байкагычтыгын, аракетин белгилейт. Балдардын эмгегинин көргөзмөсүн уюштурат жана балдар менен биргеликте жасалган нерселерди анализдейт, жумуш орундарын иретке келтирүүнү эске салат.** | |
| **Үй тапшырмасы** | Үйдөн каалаган жашылча же жемишти чаптап келүү. |

**Тема: «Күзгү жалбырактарды тартабыз. Жалбырактардын түрдүү формасын, түсүн табигый тартуу»**

<table>
<tr><td>Программалык мазмуну</td><td colspan="2">• Балдарга күзгү жалбырактарга мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү берүүнү үйрөтүү (жалбырактарды тизүү жана багыттоо);<br>• Чыгармачылыгын жана фантазиясын, образдуу ойлоосун өнүктүрүү;<br>• Балдарды байкагычтыкка, жаратылышка аяр мамиле кылууга тарбиялоо.</td></tr>
<tr><td>Жабдылышы</td><td colspan="2">Ар түрдүү формадагы татаал эмес күзгү жалбырактар, күзгү жалбырактарды чагылдырган иллюстрациялар, альбом, түстүү карандаштар, кыл калем, гуашь.</td></tr>
<tr><td>Усулдар жана ыкмалар</td><td colspan="2">Аңгемелешүү, окутуучу менен катар жумушту аткаруу.</td></tr>
<tr><td>Терминдерди түшүндүрүү боюнча иштер</td><td colspan="2">Ахроматикалык, хроматикалык, жылуу жана муздак, негизги жана курамдык түстөр.</td></tr>
<tr><td colspan="3">Сабактын жүрүшү</td></tr>
<tr><td>1. Уюштуруу учуру</td><td colspan="2">Саламдашуу, туура уюштурулган жумушчу ордуна балдардын көңүлүн буруу.</td></tr>
<tr><td>2. Теманы түшүндүрүү жана сабактын максаты</td><td colspan="2"></td></tr>
<tr><td>Педагог сейилдөөгө чыкканда чогултулган жалбырактар салынган кутучаны көргөзөт, аңгеме жүргүзөт</td><td colspan="2">– Күзгү жалбырактар жөнүндө силер эмне айта аласыңар?<br>– Алар кандай түстө?<br>– Алардын формалары кандай, алар бирдейби?</td></tr>
<tr><td>Андан кийин балдар ырларын угузуп окушат</td><td colspan="2">Баары окшош болсун деп,<br>Жалбырактарды жаадырдык.<br>Бардык балдар үчүн,<br>Жалбырактар айлансын да, учсун!<br>Е. Шульга.</td></tr>
<tr><td>Педагог</td><td colspan="2">Көркөм өнөр искусствосунда түстөр өз ара эки түргө бөлүнөт: ахроматикалык жана хроматикалык. Ахроматикалык түстөр – түссүз түстөрдүн тобу, кошумча (ак, боз, кара) түстөрү жок.</td></tr>
<tr><td></td><td>Аппак<br>Аппак кар,<br>Аппак бор,<br>Ак коён да ак болот.<br>Ал эми тыйын чычкан<br>Ак эмес. Болгон да эмес!</td><td>Капкара<br>Капкара түн.<br>Кара мышык<br>Секирди кара моруга.<br>Морунун ичи капкара,<br>Эми мышыкты тап кана!<br>Е. Измайлов.</td></tr>
</table>

<table>
<tr><td>Хроматикалык түстөр – түсү жана кошумча (кызыл, көк, сары, жашыл, күрөң ж.б.) түсү бар түстөрдүн тобу</td><td>Кызыл редиска<br>Чырмалып өстү,<br>Жанында помидорлор –<br>Кыпкызыл жашылчалар.<br>Кыпкызыл тюльпандар<br>Терезеге көрк берет,<br>Кызыл туулар терезеден көрүнөт.</td><td>Сары күн жерди карайт,<br>Сары алмурут бутакта турат.<br>Сары күн карама күндү карайт<br>Сары жалбырактар дарактан учат.</td></tr>
<tr><td>Педагог</td><td colspan="2">Түстөрдүн баары эки түргө бөлүнөт: жылуу жана муздак.<br>Оттун түсүнө жакын түстөр жылуу түстөр деп эсептелет, адамдарга жылуу сезим тартуулайт.<br>А муздак түстөргө көк жана жашыл түстөрдүн кошумчалары кирет. Алар кар, музду элестетип, салкынды соктурат.<br>Бүгүнкү сабактын жүрүшүндө биз негизги түстөрдүн жардамы менен кошумча түстөрдү алууну үйрөнөбүз.<br>Негизги түстөр – кызыл, сары, кек. Бул түстөрдү аралаштыруу жолу менен курамдык (кошумча) түстөрдү алабыз.<br>Мисалы: эгер кызыл түстү сары түс менен аралаштырсаңар, кызгылт сары пайда болот,<br>көк кызыл менен кошулса, кызгылт көк түс пайда болот,<br>сары кек менен кошулса, жашыл пайда болот.<br>Ушинтип биз түстөр жөнүндө кенен маалымат алдык.</td></tr>
<tr><td>3. Балдардын чыгармачылык ишмердиги. Тапшырманын үстүндө иштөө</td><td colspan="2">Кагаз менен баракта,<br>Куйругун ал булгалайт.<br>Жөн булгалабай,<br>Кагазды майлайт.<br>Түркүн түскө айлантат,<br>Мына эмесе, кооздук. (Кыл калем, краскалар)</td></tr>
<tr><td>Педагог</td><td colspan="2">Акварель – назик боёктор, сууда жеңил аралашат.<br>Гуашь – коюу боёк, клей менен белила аралашкан. Ак боёкту аралаштырып, бир красканын үстүнө экинчи красканы куюп иштесе болот.<br>Палитра – бул кереги жок, же керектүү түстү же кошумча түстү алуу максатында боёкторду аралаштыруу үчүн атайын каражат.</td></tr>
<tr><td>Педагог балдарга жумушту этап-этабы менен аткарууну көрсөтөт: түрдүү формадагы күзгү жалбырактарды тартуу</td><td colspan="2">Алгач барактын негизги узун орточо сызыгын жүргүзөбүз, анын бутагынын елчөмүн белгилейбиз.<br>Андан ары елчөмүн кайталап, жарым барактын сырткы сызыгын жүргүзөбүз жана ички тармакталган сызыкты элестетип анын толук формасын сызабыз.<br>Биз азыр акварель менен гуашты пайдаланып, кагаздын ак барагында аларды боёйбуз.<br>Кагаздын барагына тартылгандарды палитрада тандап алган барактын зарыл түсүн акварель боёктору же гуашь менен ичке кылып боёгонго аракет кылыш керек.</td></tr>
</table>

| | |
|---|---|
| **4. Сабактын жыйынтыгын чыгаруу** | Жумуш бүткөндөн кийин, педагог балдар тарабынан аткарылган жумуштарды оригиналдары менен б.а. балдар өздөрү тандаган жалбырактарды салыштырып баалайт. |
| **Педагог балдар менен төмөнкү суроолорду берип, аңгеме жүргүзөт** | – Бүгүнкү сабакта биз мурда укпаган кайсы жаңы сөздөр менен тааныштык? |
| **Биз бүгүн чыгармачылык менен иштедик, карагылачы, биздин жалбырактарыбыздын ар түрдүүлүгүн, бири-бирине окшошпогондугун.** | |
| **Үй тапшырмасы** | Ар түрдүү керкем каражаттарды пайдаланып, жалбырактарды тартуу. |

**Тема: «Жыл мезгили – күз. Күзгү жалбырактар. Аппликация»**

| | |
|---|---|
| **Программалык мазмуну** | • балдарда пейзаж женүндө түшүнүктү, горизонттун сызыгын бышыктоо, фон жана композиция женүндө түшүнүк берүү;<br>• балдарга дарактардын ар түрүн тартууну үйретүү.<br>• балдарда жаратылыштын керкем коздугун кабыл алуу сезимин ойготуу. |
| **Жабдылышы** | Ата мекен, жаратылыш темасында мызыкалык чыгармалар; Сүймөнкул Чокморовдун «Фазан менен пейзаж» чыгармасын, Пётр Михайлович Куринскийдин «Жыпар жыттуу мезгил»; башка акындардын ырлары. Негизги, кошумча, жылуу, муздак түстердегү аткарылган мазоктор; альбом, гуашь, кисточка, палитра. |
| **Усулдар жана ыкмалар** | Педагог менен катар аткарылган жумуштарга аңгеме.<br>Терминдерди түшүндүрүү боюнча жумуштар: эскиз, композиция, фон. |
| **Сабактын жүрүшү** | |
| **1. Уюштуруу учуру** | Сабакка керкем каражаттарды даярдоо, балдардын көңүлүн жумушчу ордун уюштурууга буруу. |
| **2. Сабактын максаты жана теманы түшүндүрүү** | |
| **Педагог** | «Композиция» латын тилинен которгондо түзүлүш дегенди түшүндүрөт. Предметтердин тегиздикте (кагазда) туура жайгашышы.<br>Силер байкагандай жаратылышта баары ез түстөрүне ээ, бул түстөр жаратылыштын ар түрдүү абалынан кез каранды. |

| | |
|---|---|
| Педагог балдарга дарактын сүрөтүн тартууга, кагаздын барагын жабыштырып коюуну сунуш кылат жана аларга аппликацияны этап-этабы менен аткарууга кеңеш берет. | 1. Даракты туура элестетиш үчүн, кагаздын барагын тигинен жайгаштырыш керек.<br>2. Биз тараптан тарткан дарактын жалпы бийиктигин ичке сызык менен белгилейбиз.<br>4. Белгиленген чекиттерди бириктирип, дарак тартабыз. Муну композиция түзүү деп атаса болот.<br>5. Ар түстөгү кагаздардан (кызгылт сары, сары, ачык-жашыл) кичинекей квадраттарды кесебиз, бул квадраттарды карандаштын учуна оройбуз жана андан кийин тартылган дарактын бутагынын ортосуна жайгаштырабыз.<br>6. Кайсы жерде жоон сызыктарды, ал эми кайсы жерде ичкелерин пайдаланууга көңүл бургула.<br>7. Бизден алыс турган предметтердин күн тарабын ичке сызык менен карандашты баспай чийиш керек. А жакында тургандарын, предметтин көлөкө жакта тургандарын жумшак карандаш менен жоон сызык жүргүзүп, катуурак басып ажыратыш керек. |
| **Физкультминутка** | Шамал бетке согуп,<br>Дарактар термелди.<br>Шамал, акырын, акырын болуп,<br>Дарактар өөдө, өөдө созулду. *(Колдорду көтөрүп, ыргалуу керек.)*<br>Токойдогу бул дарактардан, *(Колду бүгүп, манжаларды силкели.)*<br>Шамал алды шүүдүрүмдү.<br>Тараптарга колду акырын созобуз.<br>Бул бизге чымчык келатат.<br>Көрсөтөлү кантип алар конорун,<br>Канаттарын жыйышты да, отурду. |
| Балдар дарактарды тартышат. Тартып бүткөндөн кийин, бири-биринин жумуштары менен таанышышат. | |
| **Сабактын жыйынтыгын чыгаруу** | 1. Каалаган жаккан жумуш женүнде айтып бергиле.<br>2. Бул жумушта кандай чыгармачыл материал пайдаланылгандыгын карагыла жана атагыла?<br>3. Сүреттү көңүлдүү, сергек деп айтса болобу жана эмне үчүн? |
| **Педагог** | – Силер бүгүнкү сабакта жакшы иштедиңер. Азаматсыңар! |
| **Үй тапшырмасы** | Ар түрдүү керкем каражаттарды (женекөй карандаш, түстүү карандаштар, боёктор) пайдаланып, дарак тартуу. |

## «Күз» темасы боюнча оюн тыныгууга болжолдуу оюндар

### Предмет: Айлана-чөйрө менен таанышуу

| | |
|---|---|
| **Ар түрдүү түстөгү сандык** | |
| **Максаты** | Балдарды аялдарга тиешелүү түрдөгү зат атоочторду ат атоочтор менен туура келтирүүдө сөздүн мүчөсүнө ориентир кылууга үйрөтүү. |
| **Материал** | Шкатулка, балдардын санына жараша күзгү жалбырактарды чагылдырган предметтик картиналар. |
| **Оюндун жүрүшү** | |
| **Педагог** | Мен салдым сүреттөрдү,<br>Түркүн түстө сандыкка.<br>Кана, Мира, кара да,<br>Сүрөттү алып, атай сал. |
| **«Кадамдар» оюну** | |
| **Максаты** | Сөздүк запасын кеңейтүү, кеп өстүрүү. |
| **Оюндун жүрүшү** | |
| Оюнчулар катар турушат, финиш кайда болорун (8-10 кадам) макулдашышат. Кадамдардын темасын сүйлөшүп алышат. Мисалы, «Күздүн аба ырайынын көрүнүштөрү». Ар бир бала кандайдыр бир көрүнүштү айтып, кадам таштаса болот. Ойлонгонго 1 минута убакыт жана андан кийин «Старт» деген команда берилет. | |

### Предмет: Кеп өстүрүү жана көркөм адабият

| | |
|---|---|
| **«Тоголоктолгон кар» оюну** | |
| **Оюндун максаты** | Кебин, эс тутумун, ой жүгүртүүсүн естүрүү, сөздүк запасын толуктоо. |
| **Оюндун жүрүшү** | Алып баруучу сөз айтат, оюнчулар кезек менен сөздү кайталашат жана ага берилген тапшырма боюнча өзүнүн сөзүн кошуп айтышат. |
| **Мисал** | **«Сейилдөөгө даярданабыз»**<br>Алып баруучу: «Биз токойго сейилдееге даярданабыз. Мен резина өтүк кием».<br>Бала: «Биз токойго сейилдөөгө даярданабыз. Мен резина өтүк кием, колума себет алам». Кийинки оюнчу бул фразаны кайталайт жана зарыл деп эсептеген бир нерсени кошот ж.б. |

**«Сабат ачуу жана жазуунун графикалык көндүмдөрүн өнүктүрүү»**

| «Телеграф» оюну | |
|---|---|
| **Оюндун максаты** | Сөздүн муундук курамын бышыктоо, угуусун өнүктүрүү. |
| **Оюнга материал** | Телеграфисттин фуражкасы, балка. |
| **Оюндун жүрүшү** | телеграфист (анын ролун алгач педагог аткарат) балка менен столду бир жолу тыкылдатат, эки же үч жолу тыкылдатат жана ал телефондон кандай сөздү айтканын сурайт. Балдар бир, эки , үч татаал сөздөрдү атайт. Сөздөрдү издөөнүн багытын чектөө үчүн, педагог оюндун башталышында телеграмма үчүн теманы көргөзөт: «Күз» ж.б. |
| Оюндун мындай варианты да болушу мүмкүн: | Балдар сөз айтышат, телеграфист балка менен сөздөрдүн муундук составын тыкылдатат – телеграмманы «жиберет». |
| **«Шалгам» театрлаштырылган оюну** | |
| **Оюндун максаты** | Жөнөкөй сүйлөмдөрдү түзүүнү үйрөтүү. |
| **Ойнолуучу материал** | Фланелеграф жана «Шалгам» жомогуна атрибуттар, коён. |
| **Оюндун жүрүшү** | Педагог фланелеграфка персонаждардын фигураларын коёт, алгач жомок айтып берет. Жомоктун каармандарын койгонуна жараша балдар жомокту айтышат. |
| | Андан кийин балдарга өз алдынча окуяны өнүктүрүү сунушталат. |

**«Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу (ЖМТК)»**

| «Сыйкырдуу кубик» | |
|---|---|
| **Максаты** | Балдардын геометриялык фигура катары кубик жөнүндө билимин бекемдөө, балдарды классификациялоого үйрөтүүнү улантуу. |
| **Ойноочу материал** | Ар тарабына сүреттер тартылган кубиктер. |
| **Оюндун жүрүшү** | |
| **Бала педагог менен бирге айтат** | «Айлан, тегерен, бооруңа жатып кал», – деп кубикти ыргытат.<br>Анын жогорку жагына же жашылчалар, же жемиштер тартылган. |
| **Педагог сурайт** | «Бул эмне жана андан эмне даярдалат?» |
| Кубиктин башка кырлары да ушундай эле ойнотулат. | |

| «Мисалдардын чынжырчасы» | |
|---|---|
| **Максаты** | Жөнөкөй арифметикалык кыймылдарды жасоо билгичтигине көнүгүү. |
| **Ойноочу материал** | Топ. |
| **Оюндун жүрүшү** | |
| Чоң киши балага топту ыргытат жана жөнөкөй арифметикалык кыймылды атайт, мисалы, 3 + 2. Бала топту тосуп алат, жоопту айтат жана топту кайра ыргытат ж.б. | |

## «Үй жана жапайы жаныбарлар» темасындагы сабактардын болжолдуу конспектилери

### Жумалык тема: «Жапайы жаныбарлар жана канаттуулар»

**«Айлана-чөйрө менен таанышуу»**

**Тема: «Түлкү – жапайы жаныбар»**

| | |
|---|---|
| **Программанын мазмуну** | Балдардын жапайы жаныбарлар жөнүндө билимин кеңейтүү – түлкү, анын кылыктары, жашоосу, тышкы көрүнүшү жөнүндө. Макал-лакаптардын маанисин түшүнүүгө үйрөтүү; жапайы табият жөнүндө балдардын түшүнүктөрүн кеңейтүү, аларды жаныбарлардын балдарынын аталыштарын сөзүндө пайдаланууга көнүктүрүү; сүрөт тартууда негизги каарман – түлкүнү сюжеттик композицияда көрсөтүүгө үйрөтүү; түстүү карандаштар менен сүрөт тартуу көндүмдөрүн бышыктоо; балдарды табиятка кызыгууга, таанып-билүүгө тарбиялоо. |
| **Усулдук ыкмалар** | Табышмак айтуу, оюндар, физкультминуткалар, балдарга суроолор, сюрприздик маалдар, дидактикалык оюндар: «Эмненин куйругу, тап». |
| **Сөздүк иши** | Сымбаттуу, тыкан, үңкүр, бачикилер, үй жана жапайы жаныбарлар. |
| **Жабдылышы** | Түлкү тартылган картиналар, түлкү балдары менен, ак кагаздар, түстүү карандаштар. |
| **Сабактын жүрүшү** | |
| **Педагогдун айтканын видеофильм менен коштоо** | |
| **Педагог** | Илгери-илгери дүйнөдө Патрикей деген падыша жашаптыр. Ал амалдуулугу жана тапкычтыгы менен даңкталган. Ошол падышанын атынан куу түлкү Патрикеевна болуп калган. |

Түлкү башка жаныбарларга караганда элдик жомокто көп кездешет. Түлкүгө кандай гана ат койбогон: куу түлкү, ууру түлкү, калпычы түлкү.

Түлкү жапайы жаныбар, ал токойдо жашайт, адам менен жакын жашабайт.

*Келгиле эстейли, кандай тааныш жомоктордо кездешет?*

Макалдарда айткандай: «Түлкү жасаганын куйругу менен жаап коёт», «Карышкыр күч жумшап, кужүрмөндүгү менен жасаса, куу түлкү амалданып жасап коёт».

Түлкү аябагандай сулуу, ***сымбаттуу*** жаныбар. Сымбаттуу деген – кыймылы салмактуу, кооз, көрктүү. Түлкүнүн коюу сары тону, барпыраган куйругу, тикчейген кулагы, акылдуу, жандуу көзү бар. Барпыраган куйругу изин калтырбаганга жардам берет.

*Силер билесиңерби, түлкү кайда жашайт, үйүнүн аты кандай? (Балдардын жооптору)*

Түлкү үңкүрүн таштуу жерден, же бактын тамырынын жанында, же эки дөңдүн ортосунан казат. Бирок түлкү көп учурда башкалардын үңкүрүн ээлеп алат. Өзгөчө кашкулактын тыкан үңкүрү жагат.
*«Тыкан» деген сөздү силер кандай түшүнөсүңөр?* (Балдардын жооптору)

Ошентип, түлкү кашкулактын жанына жайгашып, жаңжал чыгарып, үңкүрдүн жанына таштандыларды ыргыта баштап, тыкан кашкулакты жүдөтөт. Тыкан кашкулак чыдабай, үйүн таштап качып кетет, ошол замат түлкү тыкан чоң үйдү ээлеп калат. Жазында түлкүнүн 5-6 бачикиси пайда болот. Ооба, түлкүнүн балдарын бачики дешет. Дагы кайсы жаныбардын балдары бачики деп аталат? (Балдардын жооптору) Түлкү менен ит – жакын туугандар. Алардын үндөрү окшош, алар иттей болуп үрөт, кыңшылашат.

Жаңы туулганда түлкүнун балдарынын кулагы укпайт, көзү көрбөйт. Кичине чоңоё баштаганда куйруктары «ачылып», узун жана барпырак боло баштайт. Түлкүнүн бачикилери аябай тамакты көп жешет, ошондуктан балдарынын курсагын тойгузуш үчүн атасы да, апасы да кеп аракеттерди жасайт. Жай келгенде, апа-түлкү балдарын алып мергенчиликте эмнени, качан кармаш керектигин, желе турган тамакты, коркунуч мезгилде кантип жашынышты же качыш керектигин керсөтет. Жайдын аягында бачикилер өз алдынча оокат кылууну баштайт.

*«Өз алдынча оокат кылуу» деген эмне?*

*Түлкүлөр* кеп учурда караңгыда деңиз бойлоп жүрүшөт, анткени толкун менен ыргытылган балыктарды табышат, суудагы таштарды таманы менен аңтарып, крабдарды алышат.

Ошондой эле түлкүлөр жемиштерди, ит мурунду жакшы көрет. Бирок кеп учурда чычкандар менен азыктанышат.

| Азыр болсо оюн ойнойбуз: «Тапкыла, бул эмненин куйругу?» | |
|---|---|
| **Оюндун максаты** | Түлкүнүн тулку боюнун өзгөчөлүктөрү жөнүндө билимдерин бышыктоо. |
| **Жабдылышы** | Карточкада түлкү, карышкыр, коён, аюунун куйругу жок сүрөттөрү жана жогоруда аталган жаныбарлардын куйруктары өзүнчө тартылган. |
| **Оюндун жүрүшү** | Балдар ар биринин куйруктарын табат. |
| **Педагог** | Эми, эстейли, бүгүн түлкү жөнүндө кандай жаңы маалыматтарды билдик?<br>*Балдарга суроо:*<br>1. Түлкү үй же жапайы жаныбарбы? Эмне үчүн?<br>2. Эмне үчүн түлкүнү Патрикеевна дейт?<br>3. Эмне үчүн түлкүнү сулуу кымча бел жаныбар деп эсептешет?<br>4. Түлкү кайда жашайт?<br>5. Түлкү езүне кандай үй курат?<br>6. Түлкүнүн үйүнүн туура аталышы кандай?<br>7. Түлкүнүн балдарынын аталышы кандай?<br>8. Түлкүнүн эне-аталары балдарын кантип тарбиялайт жана тамактантат?<br>9. Түлкүлөр эмне жешет? |
| **Педагог** | Эми түлкүнү тартабыз. Ойлонгула, түлкү силердин сүрөтүңөрдө эмне кылат. Мүмкүн силер түлкүнүн мергенчилик жасаганын, же бачикилерин тойгузуп жатканын, же деңизди бойлоп, балык издегенин, мүмкүн үңкүр казып жатканын тартасыңар. |
| **Көркөм сөз (түлкү жөнүндө табышмак)** | (1) Бактардан, бир түптөн<br>Тез көрүндү от.<br>Жалт көрүнүп, чуркады<br>Же түтүн жок, от да жок.<br><br>(2) Сары тоокчу тооканага келди,<br>Бардык тоокту санады,<br>Өзү менен<br>Алганын алып кетти.<br><br>(3) Карагылачы, кандай<br>Күйүп турат Алтындай.<br>Кымбат тону үстүндө<br>Барпырайт чоң куйругу.<br><br>(4) Бою ейде мышыктан<br>Жашайт токой үңкүрде,<br>Сары куйрук – барпырап<br>Анын эмне экенин билебиз... |

**Тема: «Курт-кумурскалар: көпөлөктөр»**

| | |
|---|---|
| **Программанын мазмуну** | Курт-кумурскалар жөнүндө билимин көңөйтүү. Кээ бир көпөлөктөрдүн түрлөрү менен тааныштыруу. Балдардын курт-кумурскалардын касиеттери, алардын өнүгүүсү боюнча билимин бышыктоо. Айлана-чөйрө жөнүндө табигый билимин калыптандыруу. |
| **Сөздүк иши** | Тоостун көзү көпөлөгү; Адмирал көпөлөгү; кокон; куурчак, Кызыл китеп. |
| **Жабдылышы** | Көпөлөктөрдүн көбөтөси тартылган же көпөлөк тартылган сүреттер. |
| **Сабактын жүрүшү** | |
| **Педагог** | Бүгүн биз укмуштуу курт-кумурскалардын дүйнөсү, жашоосу менен таанышууну улантабыз. Табышмакты таап, эмне экенин билгиле:<br>**Гүл уйкудан ойгонуп,**<br>**Уктагысы келбеди.**<br>**Кыймылга кирип, серпилип,**<br>**Учуп кетти асманга.** (Көпөлөк) |
| **Педагогдун аңгемеси** | – Биздин өлкөдө көпөлөктүн көп түрү бар. Көпөлөктөр күндүзү аябай активдүү, алар ачык түстүү келишет, анткени гүлгө конгондо билинбей калышат. Көпөлөктүн канаттары майда кабыкчалардан турат, алар боёлуучу нерселер менен жабылган. Ошолор – көпөлөктүн канатына кооз түстү берет. Бирок түстүү кабыкчалар аябай назик болот. Ошондуктан көпөлөктү колго алганда, ошол кабыкчаларды бузуп койсо, көпөлөктөр өлүп калат. |
| | – Көпөлөктүн оозу бар – ал узун, ичке тумшук. Жөнөкөй маалда ал катуу пружинка болуп оролгон, гүлгө отурары менен пружинкасы ачылып, гүлдүн ширесин алууга терең матырылат. Ошондой эле көпөлөктүн мурутту бар, аны менен жыт билет. Көпөлөктүн муруту жытты алыстан сезет.<br><br>Келгиле, балдар, курт-кумурсканын балдарынын жашоосу кандай өтөрүн көпөлөктүн мисалында көрөлү.<br><br>Башында көпөлөк жалбырактардын астына майда жумурткаларын таштайт. Жумурткалардан көпөлөктүн курту пайда болот. Алар өсүмдүктөрдүн жалбырактары менен азыктанат. Кээ бир курттар аябай тамаксоо болушат, алар чөп-чардын жалбырактарын жеп коюшат.<br>Курттардын курсактары тойгондон кийин, ичинен ичке жип чыгара баштaшат. Аны менен оронуп, кокон болот. Кокон бактын сыртына жабышып, жалбырактын астына жашынат да, кыймылдабай жата берет.<br>Ал тирүү эместей жатканы менен, ичинде курт-кумурска өсө берет.<br>Кийин кокондон көпөлөк болуп чыгат. |

| | |
|---|---|
| **Педагог** | – Балдар, биртке ойной турган убакыт келди. |
| **Динамикалык тыным «Көпөлөктөр»** | Ойгонуп эртө көпөлөк,<br>Жылмайыңкы созулду.<br>«Бир» деди, шүүдүрүм менен жуунуп,<br>«Эки» деди, кооз айланып.<br>«Үч» деди, эңкейип, анан отуруп,<br>«Терт» дегенде, учуп кетти. |
| **Педагогдун аңгемеси** | – Табиятта кандай гана көпөлөк жок. Мына, карагылачы сүрөтү. *(Көпөлөктөр тартылган түстүү сүрөттөрдү көрсөтөт.)* Табиятта ар кандай көлөмдөгү көпөлөктөр учурайт. Аябай чоң көпөлөктөр болот же аябай кичине болот. Алар менен бүгүн таанышабыз.<br><br>Көпөлөктөр абдан кооз болот. Мисалы, Адмирал деген көпелөк. (Сүрөттү көрсөтет.) Анын аталыш тарыхы аскерий-деңиз адмиралынын шымындагыдай канатында кызыл сызыктар болгондугу менен байланыштуу. Ал көпөлөк тамактын даамын буту менен билет. Муруту, оозу же тумшугу менен эмес, арткы же ортоңку буту менен.<br><br>Көпөлөктүн канча буту бар болду экен? (Балдардын жообу).<br><br>Көпөлөк курт-кумурскага кирет, алардын баарысынын алтыдан буту болот. Адмирал көпөлөгүнүн буту тилдин ордуна иштейт, ал тамактын даамын таткандан кийин гана тумшугун чыгарып жөй баштайт.<br><br>Мына дагы бир кооз көпөлөк – Тоостун чоң көзү деп аталат. *(Сүрөттү көрсөтөт.)* Ойлонуп көргүлөчү, эмне үчүн андай аталган? *(Балдардын жообу.)* Тоостун чоң көзү – бул күндүзгү көпөлөк, өзүнүн түсүнө жараша аябай көрүнүктүү, канатында эки «көздү» алып жүрөт. Гүлдүн ширеси менен азыктанат.<br><br>Көпөлөктөр иши жок эле гүлдөн гүлгө учуп жүрөт деп айтыш туура эмес. Кээде кайдыгер, жалкоо адам жөнүндө «көпөлөкчө жөнү жок эле учуп жүрөт» дешет. Андай салыштыруу бардык көпөлөктөрдү таарынтып, шек келтирет. Жашоосу кыска болот, бирок ошол мөөнөттө көп нерселерди жасаганга жетишет: жем-чөптү табат, көбөйүүгө өзүнө шерик табат, кыштан чыгууну ойлонот, жумуртка таштайт. Ошондой эле ал мезгилде жырткычтардан сактанууну дагы ойлонуш керек.<br><br>Билесиңерби, көпелек менен эмне азыктанат? *(Балдардын жообу.)* Канатуулар, жаныбарлар, жөргөмүштөр жана башка чоңураак курт-кумурскалар. Демек, түйшүгү жок учуп жүрүү эмес, күнүмдүк оор иш экен да. |
| **Оюн: «Канатуулар жана көпөлөктөр»** | |
| **Оюндун максаты** | *Жагымдуу эмоционалдуу фон түзүү* |

| | |
|---|---|
| **Оюндун жүрүшү** | 4 ойноочу тандалат, колдорунан кармашып, канаттуулар болуп кыялданат.<br><br>Калган балдар – көпөлөктөр.<br><br>«Көпөлөктөр, көпөлөктөр талаага учтук» деген сөзгө көпөлөк – балдар жеңил чуркашат, колдору менен шилтешет.<br><br>«Канатуулар учушту» деген сөзгө балдар - канаттуулар колдорун кармашып, колдорду бириктирип, тегеректешип, көпөлөктөрду кармаганга аракет жасашат . Кармалган балдар оюндан чыгышат. Бир жолку оюнда бир көпөлөк кармалат. |
| **Педагог** | Дагы көп ар түрдүү көпөлөктөр бар. Алар жөнүндө толук баарын айта албайбыз. Азыр алардын аталышы жөнүндө угуп, ойлонуп, эмне үчүн андай аталганып билгиле: жабышкак, капуста, лимон, мурундуу, парус, аюу. (Балдардын жооптору)<br><br>Биздин жер планетасында жашагандардын ичинен курт-кумурскалардын саны аябай көп. Албетте, көпөлөктөр көп, бирок өзүнүн коздугунан алар көп кырсыкка учурашат, аларды адамдар кармашат, жөн эле кармагысы келет. Чоңдор, балдар кооз көпөлөктөрдү көрүп, ошол замат аны кууп кармаганга аракеттенишет. Ошон себептен көп көпөлөктөр Кызыл китепке түшүп калган.<br><br>Бул эмнени түшүндүрөт? *(Педагог түшүндүрөт.)* Көпөлөктөр аз санда калганы үчүн аларды сактап коргоп калыш керек. Кээ бирөөлөр каршы чыгышы мүмкүн: «Мейли, көпөлөктүн курттары бизге зыян келтиришет дейли, алар чөптү, жалбырактарды, мөмөлөрдү жеп коюшат». Биринчиден, андай зыяндуулар аз болот. Экинчиден, бардык көпөлөктөр гүлдү чаңдатуучулар, алар пайдалуу. Эгерде өсүмдүктөрдү чаңдатпаса, алар мөмө бөрөби? *(Балдардын жообу)* Жок. |
| **Балдарга тема боюнча берилүүчү суроолор** | 1. Силер бүгүн кандай көпөлөктөр менен тааныштыңар?<br>2. Көпөлөктөрдүн канаттары эмне менен жабылган? Эмне үчүн?<br>3. Көпөлөктүн муруну жөнүндө айтып бергиле. Анын муруту жөнүндө дагы.<br>4. Дүйнөгө көпөлөктөр кантип келет?<br>5. Кандай көпөлөктөр бар?<br>6. Кандай көпөлөк тамактын даамын буту менен билет?<br>7. Көпөлөктүн канча буту бар?<br>8. Адмирал деген атты көпөлөк эмне үчүн алган?<br>9. Тоостун көзү деген атты көпөлөк эмне үчүн алган?<br>10. Күн ачыкта көпөлөктөр эмне менен алектенишет?<br>11. Көпөлөктөр эмне менен тамактанат?<br>12. Адам көпөлөккө кандай зыян алып келет?<br>13. Көпөлөктүн канатындагы оймолор кандай геометриялык фигураларга окшош? |
| Педагог сабакты жыйынтыктап, балдарга үйдөн көпөлөктөрдүн сүрөтүн геометриялык фигураларды пайдаланып тартып же конструкциялап келүүнү сунуштайт. | |

## «Кеп өстүрүү жана көркөм адабият»

***Эскертүү:*** Кеп өстүрүү жана көркөм адабият предмети боюнча 2 вариантта сабактардын иштелмелери берилди. Педагог алардын ичинен өзүнө жакканын алып пайдаланса болот же алардын материалдарын пайдалануу менен өзүнүн вариантын иштеп чыга алат.

**1-вариант**

### Тема: «Жапайы жаныбарлар жана канаттуулар» (2 саат)

Жапайы жаныбарларга жана канаттууларга байланышкан бул сабактар болжолдуу тематикалык планга ылайык, ноябрь айынын аягына туура келет.

Сабактын максаты жана милдеттери: Балдарды жапайы жаныбарлар жана канаттуулар, алардын жалпылыктары, өзгөчөлүктөрү менен тааныштырып, балдарды аларга мүнөздөмө берүүгө үйрөтүү жана темага байланыштуу чыгармалар, табышмактар менен тааныштырып, аларга карата көз карашын билдирүүгө, тапкычтыкка үйрөтүү.

| № | Мазмуну | Бала эмнелерди аткарат | Педагог эмнелерди аткарат | Ресурстар, каражаттар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | **Сүреттөргө, муляждарды карап, суроолорго адекваттуу жооп берүүгө үйрөнүү** | Балдар педагогдун суроолоруна жооп беришет. Билген жапайы жаныбарларды жана канаттууларды аташат. Алар педагогдун жардамы менен буларды аташы мүмкүн: аркар, кулжа, эчки, теке, элик, бугу, коён, суур, кашкулак, тыйын чычкан; аюу, жолборс, арстан, илбирс, карышкыр, түлкү; бүркүт, ителги, шумкар, бөдөнө, чил, карга, сагызган, көгүчкөн, улар ж.б. | Сабак педагогдун жапайы жаныбарлардын жана канаттуулардын сүрөттөрүн, муляждарын, оюнчуктарды көрсөтүп, аларга байланыштуу суроолору менен башталат:<br>– Бул кайсы жаныбар?<br>– Бул кайсы канаттуу?<br>– Ал жөнүндө эмнелерди билебиз?<br>– Буларды жалпысынан кантип атасак болот?<br>Аларды жалпы атоодо педагог балдарга жардамга келет. | Сүрөттөр. Муляждар. Оюнчуктар. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **2.** | **Жаныбарларга мүнөздөмө берүүгө, аларды салыштырууга, алардын өзгөчөлүктөрүн, белгилерин айырмалай билүүгө үйрөнүү.**<br>**Чакан топтордо иштеп, башкалар менен мамиле кылып, чогуу иштөөгө көнүгүү** | Балдар чакан топтордо иштешет. Педагог улам бир сүрөттү көрсөткендe, ал жаныбар же канаттуу кайсы топко тиешелүү болсо, ошол топ ага мүнөздөмө берет. Аны үчүн алар төмөнкү суроолорго жооп беришет:<br>Алар андай болот?<br>Кайда жашашат?<br>Эмне менен тамактанышат?<br>Адамдар үчүн алардын пайдасы барбы?<br>Мисалы, педагог эликти көрсөтсө, «жапайы жаныбарлар» командасындагы балдар кол көтөрүп, «Биз аны билебиз» дешет да, эликтин кандай болору, кайда жашагандыгы, эмне менен тамактанары, адамдар үчүн кандай пайдасы бар экендигин айтышат. | Педагог **«Биз аны билебиз»** дидактикалык оюнун өткөрөт.<br>Аны үчүн балдарды төрт топко бөлөт: жапайы жаныбарлар, жапайы канаттуулар жана жырткыч жаныбарлар, жырткыч канаттуулар. Ар бир топко сүрөт берет.<br>Мисалы, ал бугунун, жолборстун, бүркүттүн жана көгүчкөндүн сүрөтү болушу мүмкүн. Ал команданын аты болот.<br>Ал улам бир сүрөттү көрсөтүп, тиешелүү суроолор боюнча жооп берүүнү суранат. Ал сүрөт кайсы топко тиешелүү болсо, ошол топтогулар ага жооп берет.<br>Бул топтогулар жооп берип бүткөндөн кийин, эгерде башка топтордо кошумча бар болсо. Аларга да мүмкүнчүлүк берсе болот. | **«Биз аны билебиз»** дидактикалык оюну, сүрөттөр, сөздөр, суроолор. |
| **3.** | **Жаныбарлардын жалпылыктарын. Айырмачылыктарын билип, аларды салыштырып, балдардын логикалык ой жүгүртүүсү өсөт** | Балдар педагог айткан сөздөрдү кунт коюуп угуп, кайсы сөз ашыкча экендигин, эмне үчүн ушинтип ойлоп жатышканын айтышат.<br>Мындай тапшырманы балдар да ойлоп таба алышат. | Педагог **«Кайсынысы ашыкча?»** оюнун өткөрөт. Ал бир нече сөздү атайт да, булардын кайсынысы ашыкча экендигин аныктоо керектигин айтат. Мисалы, бүркүт, ителги, коён, көгүчкөн. Же ал улам татаалдашып: кекилик, улар, took, ителги дедет. Биринчиде коён ашыкча болсо, экинчиде took ашыкча болот. | Сүрөттөр. Муляждар. Оюнчуктар. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4. | **Чыгарманы көңүл коюп уга билүү, андагы айтылган ойго маани бере алуу, көркөм окуу тууралуу билгендерин тереңдетүү** | Балдар чыгарманы угуп, ага карата суроолорду бере алышат.<br>Түшүнбей калган жерлери, сөздөр, сүйлөмдөр болсо, алар тууралуу сурай алышат. Эгерде жакшы түшүнбөй калышса, кайталап окууну сурана алышат. | **Лев Толстойдун «Карышкыр менен эчки»** чыгармасын окуп берет.<br>Карышкыр бийик аскада оттоп жүргөн эчкини көрүп, шилекейин чууртту. Бирок бийик аскага чыгуу мүмкүн эмес эле. Анан эчкиге: «Төмөн келип оттобойсуңбу? Жери да түз, чөбү да ширин», – деди.<br>Эчки ага: «Ырахмат, карышкыр, сен мени тойсун деп чакырбай эле, өз курсагыңдын камын жеп жатпайсыңбы», – деди.<br>*Эскертүүлөр:* педагог бул ырды биринчи саатта, жапайы жаныбарлар менен канаттууларга байланыштуу табышмактарды экинчи саатта окуп берсе да болот. Балдардын жалпы деңгээлин эске алуу менен, алардын бирин эле өтүшү же ал ылайыктуу деп эсептеген башка чыгарма тапса, булардын ордуна ошону өтүшү мүмкүн. Буга жол берилет.<br>Балдар ырды жакшы түшүнө албай жатса, сөздүк иштерин жүргүзүп, андан кийин шашпастан ырды кайра да көркөм окуп берсе болот. | Чыгарманын тексти, сүреттөр. |
| 5. | **Суроолорго адекваттуу жооп берүү, жаныбарлардын турган ордуна, абалына, ички туюмдарына карата өз пикирин билдирүү** | Балдар педагогдун жардамы, колдоосу менен ал берген суроолорго жооп беришет. | Педагог суроолорду берип, аларга жооп алат:<br>• Карышкыр кайда эле, эчки кайда эле?<br>• Карышкыр эмне деди?<br>• Эчки эмне деди?<br>• «Сен өзүңдүн курсагыңдын камын жеп жатпайсыңбы» дегенди кандай түшүндүң?<br>*Сөздүк иштери:*<br>Курсагынын камын жеп – курсагын тойгузсам деп ойлонуп жатат. | Чыгарманын тексти, суроолор. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **6.** | **Жагдайга жараша педагог жана башкалар менен толук кандуу мамиле кылууга үйрөнүү, кырдаалга баа бере билүү, тапкычтыкка үйрөнүү** | Балдар табышмактарды угуп, эгер зарылчылык болсо, тактоо максатында аларга карата суроолорду бере алышат.<br>Түшүнбөй калган жерлери, сөздөр, сүйлөмдөр болсо, алар тууралуу сурай алышат. Эгерде жакшы түшүнбөй калышса, кайталап окууну сурана алышат. | Жапайы жаныбарлар менен канаттууларга байланыштуу табышмактарды окуу.<br>**«Мамалак деп айтышат,<br>Момун экен карачы.<br>Шашпай басат момпоюп,<br>Бул эмненин баласы?»**<br>**«Жазда келип үйлөрдүн,<br>Шыбына үй жасаган.<br>Адамдардан чочубай,<br>Күзгө чейин жашаган».**<br>**«Куйругу жок бир уй бар,<br>Келдиң беле кашына?<br>Айт, бул кайсы жаныбар<br>Бутак өнгөн башына?»**<br>*Сөздүк иштери:*<br>Келдиң беле кашына – жанына, маңдайына келдиң беле?<br>*Эскертүү:* Бул табышмактар Абдылда Карасартовдун 2008-жылы басылып чыккан «Табышмактар» аттуу китебинен алынды. Анда булардан башка да абдан кеп кызыктуу табышмактар бар.<br>*Эскертүү:* Бул табышмактардын же «Карышкыр менен эчки» аттуу чыгарманын ордуна Алыкул Осмоновдун «Куштар кетти» аттуу ырын етсе да болот.<br>**«Чабалекей жакшы эле,<br>Жарышып чуркап ойносок.<br>Бүгүн келип карасак,<br>Уясы турат, өзү жок.** | Табышмактардын тексти, сүрөттер, сөздер. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | **Кара чыйырчык жакшы эле,**<br>**Жарышып күлүп ойносок.**<br>**Кайда кеткен балдары**<br>**Уясы калган, өзү жок.**<br><br>**Күз келгенде бардыгы**<br>**Жалпы кеткен алыска.**<br>**Кышкы кийми жок экен,**<br>**Болбойт экен калышка.»** | |
| **7.** | **Суроолорго адекваттуу жооп берип, салыштыра алууга, тапкычтыкка үйрөнүү** | Балдар табышмактардын жандырмагын табышат. | Педагог табышмактарды кайталап, алардын жандырмагын сурайт. Биринчиси – аюунун баласы, экинчиси – чабалекей, үчүнчүсү – бугу. | Табышмактардын тексти, суроолор. |
| **8.** | **Чыгармачылыкка багыт алышып, билимдерин жалпылоо тууралуу билгендерин тереңдетишет** | Балдар жооп бере алса, суроого жооп беришет. Бул суроого дароо эле жооп берүүнүн зарылчылыгы жок. Бул суроо улам балдардын көңүлүнө орной бермекчи. | Педагог: «Мына ушундай чыгармаларды, табышмактарды силер да жактыңар келеби?» деген суроону берип, балдар жооп берсе, жоопторду угат. Балдар жооп бере албаса: «Анда бул маселени кийин да талкуулайбыз», – деп, сабакта өтүлгөндөрдү, жапайы жаныбарлардын жана канаттуулардын аттарын дагы бир сыйра эске салып, анан сабакты жыйынтыктайт. | |

*Эскертүүлөр:*

- Бул иштелме эки саатка берилди. Педагог ал сааттарды катар етсе же берилген материалдарды ыңгайына жараша эки саатка бөлүштүрүп алса да болот.
- Бул теманы өтүү учурунда башка предметтер: сүрөт, чаптоо, айлана-чөйрө менен тааныштыруу, математика предметтери менен байланыштырууга кеңири мүмкүнчүлүк болот.

**Тема: «Канаттуулар жана жапайы жаныбарлар кышында»**

| Программанын мазмуну | Балдардын иш-аракети | Педагогдун иш-аракети | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| **Кыска маалымат түзүүгө, сүйлөмдөгү сөздөрдү туура бышыктоого, өз-гөртүүгө үйрөтүү, татаал грамматикалык формаларды түзүүгө көнүктүрүү** | Тыбыштарды дем чыгаруунун ичинде кайталашат, канаттууларды аташат. | Педагог туура атоосуна көз салат, кептик көнүгүү өткөрөт. | Кептик көнүгүү.<br>*Күзүндө чымчыктар жолугушуп, токойдогу ачык жерде сүйлөшүп калышат. Тапкылачы, буларды эмне айтат?*<br>• **карр-карр** *(карга)*<br>• **чик-чирик** *(таранчы)*<br>• **кыр-кыр** *(турна)*<br>• **ку-кук** *(кукук)*<br>• **чак-чак-чак** *(сагызган)* |
| | Балдар келгин куштарды аташат, «келгин куш» деген сөздү түшүндүрүшөт.<br>Бала курбуларына бир нече суроо берет, анын себеби кимде кандай маска кийилгенин билгиси келет. *Мен кичинеминби же чоңмунбу? Кандай табыштарды чыгарам? ж.б.у.с.*<br>Отургандар атын атабай, аны сүрөттөшөт. | Педагог предметтик сүрөт менен аңгеме өткөрөт:<br>*Сагызган куйругунда жаңылык алып келди.* **«Кыш жакындады! Жолго чыгыш керек!»** *Кайсы канаттуулар түштүккө учушат, кайсылары кыштагаңга калышат?*<br>*Жылуу жакка учуп кеткен куштар кайсылар? Атагыла.*<br>*Педагог оюн уюштурат, балага маска кийгизет, бирок ал кандай жаныбардын маскасын кийгенин билбейт.* | Канатуулардын предметтик сүрөтөрү.<br>**«Мен киммин?» оюну**<br>**Максаты:** диалог кебин өнүктүрүү, суроо берүүгө, предметтерди сүрөттөгөнгө көндүрүү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | ***Атрибуттар: тыйын чычкандын, кирпинин, аюунун, карышкырдын, коёндун*** маскасы. |
| | Үйдүн ичинде басуу, колдорду эки жакка жаюу, колдорду оң, сол жакка чыгарып, көздөрү менен байкашат, «фонарик» кыймылдары, өйдө карап, отурушат, секирет, колдору белде, эки жакка ийилет, отуруп жашынат, уктаганды туурайт, канаттуулардын учушун туурашат, колдорун эки жакка жайып, өздөрүнүн ордуна отурушат. | **Физкультминутка.** | **Түлкүнүн сүрөтү**<br>*Кышкы токойго келдик.*<br>*Айлана баары керемет!*<br>*Оңдо – ак кайың турат тон кийип.*<br>*Солдо – бизди карайт балаты.*<br>*Абада учат кар бүртүк,*<br>*Жатат жерде кооз болуп.*<br>*Мына коён чуркап кетти-*<br>*Түлкүдөн качты сыягы.*<br>*Кек карышкыр күркүрөп-*<br>*Тамак издеп жүрөбү!*<br>*Баарыбыз азыр жашынып.*<br>*Эч ким бизди таба албайт.*<br>*Аюу гана чээнде уктап,*<br>*Жазга чейин ойгонбойт.*<br>*Боз чымчыктар учушат.*<br>*Мынча алар татына!*<br>*Токой кооз да, тынч да,*<br>*Биз кетели шашыла!* |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Экиден бөлүнүшөт.<br>1. Жаныбарларды (түсү, көлөмү, салмагы ж.б. боюнча) салыштырат. *(Карышкыр чоң, кирпи кичине) Жуптар алмашышат*.<br>2. Тегеректеп турушат. Жанындагы балдардын кулагынан, колунан, бутунан кармашат. Бири-бирине суроо беришет. Аларга жооп беришет. Мисалы, «Кимдин кулагы, буту?»<br>3. Тегеректен өздөрүнүн «үй мүчөлөрүн» аташат, кийгөн маскага тете *(түлкү – бачики ж.б.у.с.)*. | Оюн уюштурат. | Оюндар:<br>**1. «Бири-бириңерди салыштыргыла»**<br>***Максаты:*** *кебинде антонимдерди пайдалануу.*<br>**2. «Кимдин атасы?»**<br>***Максаты:*** *кебинде таандык сөздөрдү, сын атоочторду пайдалануу.*<br>**3. «Үй-бүлөңдү айтып бер»**<br>***Максат:*** *жаңы сөздөрдү жасоого көнүктүрүү.* |
| | Балдар кышындагы жаныбарлардын жашоосу жөнүндө сүйлөм түзүшөт. | Педагог жаныбарлардын кышында эмне кылары жөнүндө айтып берүүлөрүн суранат. Эгерде балдар билбесе, өзү айтып берет. | Жаныбарлар жөнүндө сюжеттүү сүрөттөр. |
| | Токойдо жүрүү эрежелерин иштеп чыгышат. | Алдын алган суроолорду берет, эрежелерди плакатка жазат... | Таза барак, фломастер. |

**Тема: «Г. Скребицкий боюнча «Тыйын чычкандар кантип кыштайт» деген адабий чыгарманы кайра айтып берүү»**

Г. Скребицкий жана В. Чаплин **«Тыйын чычкандар кантип кыштайт».**

Тыйын чычканга кышында суук да, шамал да коркунучсуз. Бороон чапкын башталса, тыйын чычкан уясына киргенге шашат. Тыйын чычкандын уясы канаттуулардыкындай, бутактардан тизилген. Ушунча маштык менен жасалган – езүнче эле чоң тегерек шар, анын боорунан кирет.

Уянын ичи кургак, жумшак нерселер менен салынган, анын ичи жылуу жана жайлуу. Уясына кирип, суук шамал кирбес үчүн тешикчени бекитет, анан барпыраган куйругуна оролуп, жабынып уктап калат.

Эшикте болсо муздуу суук шамал улуйт, майда кар жаайт. Жаан-чачын басылгандан кийин тыйын чычкан уясынан чыгып, силкинип, бактан бакка секирип, тамак издей баштайт, тобурчак, кургаган козу карынды табат, анткени езү жайында бактын бутактарына илип кургатып койгон. Бирок эң негизги тамакты күздөн баштап эски бактын үңкүрүнө чогултуп катып коёт. Катылган тамактар: жаңгак, эмендин уругу – ал азыктар кыш чыкканга дейре жетет.

| Программанын мазмуну | Балдардын иш- аракеттери | Педагогдун иш-аракеттери | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| **Тексттерди кайра айтып берүүгө үйрөтүү, кептеги интонация аркылуу берилген көркөмдүктү өркүндөтүү, айтып бергенде мазмундун ырааттуулугун сактоого, сөздүк иште этиш, синонимдерди колдонууга өркүндөтүү** | Тили менен тез, акырын, катуу, аста шакылдатат. Табышмакты табышат. | «Кайсы жаныбар мындай дабышты чыгарат?» – деп балдардан сурайт. Табышмак таптырат. Сүрөттү көрсөтөт. | Тил үчүн көнүгүү.<br>Табышмак:<br>Жаныбарды биз эки белгиси менен тааныйбыз: ал кышында боз тон киет, жайында сарыга алмашат.<br>«Тыйын чычкан» предметтик картинасы. |
| | Тыйын чычкан жөнүндө эмнелерди билерин эстешет. Оюнга катышышат: ашык сөздөрдү, жаңы сөз айкаштарын табат.<br>Ылайыктуу сын атоочторду, этиштерди тандашат (тегеректен бирден сөз аташат). | Тыйын чычкан жөнүндө эмне билесиңер?<br>Эмне үчүн ал терисин кышында алмашат?<br>Тыйын чычкан, тыйын чычкандыкы, нан, тыйын чычкандын баласы. Кайсы сөз ашык? | **«Фото көз» оюну**<br>**Максаты:** сөз тизмегинде «ашык сөздү» көрүү.<br>**«Ким көп атайт» оюну**<br>**Максаты:** бир зат атоочко көп сын атоочторду, этиштерди табуу. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Керектүү сөздөрдү танда (тон тыйын чычкандыкы…)<br>Тыйын чычкандын 1 баласы, тыйын чычкандын 2 баласы, 3, 4, 5, -?<br>Силер тыйын чычканды кандай элестетесиңер? Алар эмне кылышат? | |
| | **Кыймылдарды аткарат** | **Физкультминутка өткөрөт.** | **Физкультминутка**<br>Кар улам-улам учат,<br>Терезеден балатылар көрүнөт.<br>Асман кепкек болуп,<br>Бутактар тарбаят.<br>Аларда тыйын чычкандар отурат.<br>Балатыдан балатыга секирип,<br>Тобурчак алар чогултат.<br>Алар ийнеден коркпойт -<br>Тыйын чычкандар ете шамдагай. |
| | Угушат. | *Тыйын чычкан кантип кыштайт, билгиңер келеби? Текстти окуйт.* | Аңгеме<br>Г. Скребицкий, В. Чаплин «Тыйын чычкан кантип кыштайт?» |
| | Балдар суроолорго жооп беришет, сүрөттөрдү көрүшөт. | – Окулган чыгарма боюнча аңгеме.<br>– Аңгеме кантип башталат?<br>– Тыйын чычкандын уясы кантип жасалган?<br>– Уянын ичи кандай?<br>– Тыйын чычкандын уясынын астына эмне үчүн бир нерсе салат? | Слайддар же картинкалар:<br>Тыйын чычкан, тыйын чычкандын уясы, тыйын чычкан уяда, тыйын чычкан токойдо. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | – Жаан-чачында тыйын чычкан өзүн кантип алып жүрөт?<br>– Жакшы мезгилдечи?<br>– Кышкы токойдо тыйын чычкан тамакты кайдан табат?<br>– Тыйын чычканга автордун мамилеси кандай?<br>– Эмне үчүн авторлор бизге тыйын чычкандардын кыштоосу жөнүндө айтып беришкиси келди?<br>– Силер кандай түшүндүңер, тыйын чычкандардын жашоосу кышында жеңил бекен? Эмне үчүн? | |
| | Сөздүн маанисин түшүндүрөт, көрсөтөт. | Педагог сөздүк ишти жүргүзөт.<br>Шамдагай, тешикче, томолонуп, оролуп (көрсөтөт). | |
| | Балдар текстти угуп, бөлүк-бөлүк боюнча кайра айтып берет. | Биринчи бөлүктү окуйт. Эмнени эстеп калдыңар, айтып бергиле. *Так айтылган кайра айтып берүүгө тыйын чычкандан белек аласыңар. Экинчи бөлүктү окуйт, балдардын аңгемесин угат. Жакшы айтып бергендерди белек менен сыйлайт.* | Козу карын - белек. |
| | Тексттин баары айтылат. | Угуп, каталарды оңдоп, сыйлык берет. | |

## «Сабат ачуу жана жазуудагы графикалык көндүмдөрдү өнүктүрүү»

**Тема: «Тамгалар менен оюндар. Өтүлгөн материалдарды жалпылоо жана кайталоо» (1 саат)**

Бул теманы өтүү болжолдуу тематикалык планга ылайык, болжолдуу түрдө ноябрь айынын аягына, бардык предметтерге тиешелүү болгон жалпы темада «Жапайы жаныбарлар, канаттуулар жана курт-кумурскалар» аттуу темага туура келип, балдар буга чейин дээрлик он жума окуп калышкан болот.

Бул сабакка чейин КЫТтын экинчи таблицасындагы тамгалар (а, о, е, ю), алардын созулмалары (аа, оо, өө) өтүлгөн. Болжолдуу тематикалык планда КЫТтагы ар бир таблицадан кийин, б.а. андагы тамгалар өтүлүп бүткөндөн кийин 1 саат тамгалар менен оюндар берилген.

Сабактын максаты жана милдеттери: КЫТтын экинчи (биринчиси – усулдук көрсөтмө) таблицасындагы тамгалар боюнча балдардын билгендерин жалпылап, тереңдетип, аларга байланыштуу балдардын кебин, кыялдануусун, изденүү аракетин өстүрүү.

| № | Мазмуну | Бала эмнелерди аткарат | Педагог эмнелерди аткарат | Ресурстар, каражаттар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | **КЫТтын экинчи таблицасындагы тамгалар (а, о, е, ю) боюнча билгендерин өнүктүрүшөт** | Балдар КЫТтагы экинчи таблица менен иштешет, андагы тамгаларды жасашат.<br><br>Балдар педагог улам айткан тамганы таблицадан жасап, көрсөтүшөт. | Балдардын колунда КЫТ таблицасы жок болсо, педагог тиркемедеги үлгүдөн ксерокөчүрме аркылуу көбөйтүп, аларды пайдаланганга ылайыктап алат.<br><br>Педагог тамганы атап, балдардын ошол тамганы жасап, көрсөтүүсүн сунуш кылат. | КЫТтын экинчи таблицасы. |
| 2. | **КЫТтын экинчи таблицасындагы тамгалардын кандай бөлүктөрү менен бири-биринен айырмаланары боюнча билгендерин бышыкташат** | Бул тамгалар бири-биринен кандай бөлүктөрү менен айырмаланарын айтышат. | Бул тамгалар бири-биринен кандайча айырмаланарын айттырат. | КЫТтын экинчи таблицасы. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3. | **Балдар тамгалардын элеси турмушта эмнеге окшош экендигин издеп, алардын салыштыра билүүсү, элестетүүсү, кыялдануусу, чыгармачылыгы өркүндөйт** | Балдар педагогдун айткан тамгасы турмушта эмнеге окшош экендигин айтышат.<br>Бул тамгаларды колдо бар буюмдардан жасашат.<br>Өздөрү тамга болуп, тамганын элесин беришет. Мында жалгыздап көрсөтсө да, экөө же үчөө биригип иштесе да болот. | Педагог балдардын кандайча иштеши керектигин түшүндүргөндөн кийин, бул таблицадагы улам бир тамганы атайт да, анын элесин колдо бар буюмдарды, пластилинди ж.б. пайдаланып жасоону балдарга сунуш кылат, балдардын өздөрү тамга болуп көрсөтүүсүн айтат. | КЫТтын экинчи таблицасы, пластилин, калем, ручка, маркер ж.б. колдо бар буюмдар, сүрөттер. |
| 4. | **КЫТтагы тамгаларга байланыштуу ырларды угуп, талкуулап, ага карата ойлорун айтуу менен, балдардын кеби өсөт** | Балдар педагог окуп берген ырларды угушуп, аларда кайсы тыбыштарды угуп жатышкандыктарын айтышат, алардын тамгаларын таблицадан көрсөтүшөт. Бул тамгалар катышкан сөздөрдү айтышат.<br>Бул тамгалардын айрымдарынын сүреттөрүн тартып көрсөтсө да болот.<br>Мисалы,<br>Бир таякка бир «**О**»ну,<br>Байлап койсом «**Ю**» болду.<br>Муну балдар тартып көрсөтүп берсе болот. | Педагог бул ырларды улам бир куплеттен окуп берип, балдар менен бирге аларды талкуулашат:<br>«**О**т» десем, «**о**г**о**нь» деп,<br>Юля курбум талашат.<br>«**О-о**» деп уйду чакырсак,<br>**О**русча деле жарашат.<br>**Ө**рүк десем, айталбай,<br>Оля кепке такалат.<br>«**Ө**»нү үйр**ө**т**ө**м деп жатып,<br>С**ө**зд**ө**р **ө**зү жыйналат.<br>(Педагог бул сөздөрдү пайдаланса болот:<br>**ө**рүк, **ө**рд**ө**к, **ө**түк, **ө**н**ө**р, **Ө**мүр ж.б.)<br>**А**лма менен **а**кч**а**ны,<br>**А**лбай кээде кортутат.<br>«**А**н**а**р» десем, **а**кырын,<br>«Гр**а**н**а**т» деп коркут**а**т.<br>Бир таякка бир «**О**»ну,<br>Байлап койсом **Ю** болду.<br>**Ю**ля, **Ю**ра, **Ю**рий деп,<br>Короодо достор топтолду. | Тамгаларга байланыштуу ырлар, сүрөттөр. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **5.** | **Балдардын ой жүгүртүүсү, кыялдануусу, чыгармачылыгы өсөт** | Балдар тамгаларга байланыштуу ырларды, кызыктуу окуяларды ойлоп тапканга аракет кылышат. Мында аларга педагог жардамга келет. | Педагог бул тамгаларга байланыштуу ырларды, окуяларды ойлоп табууну сунуш кылып, бул иш-аракетте балдарга жардам берип турат.<br><br>Эгерде балдар бул ишти жакшылап аткара албай жатса, ага кармалып туруп алуунун кереги жок. Анткени балдар мындай иш-аракетти мындан кийин да бир нече жолу аткарышат.<br><br>Окуяларды ойлоп табууда «Жапайы жаныбарлар, канаттуулар жана курт-кумурскалар» деген тема менен байланыштыруу зарыл. Анткени бул мезгилде бардык предметтер боюнча ушул жалпы тема өтүлүп жаткан болот.<br><br>Мисалы: «Юрий колундагы чоң шарды учуп кетпесин деп, короодогу турниктин бир жагына байлап койду. Короодогу короз анан тооктор келип караса, турниктин бир жагы менен ага байланган шар тамгага окшоп калыптыр. Болгондо да, кайсы тамгага дебейсиңерби?.. элестетип көрөлүчү...<br><br>Анан да тамгага окшошкону го кызык экен, бирок шарга жолборстун сүрөтү тартылганы коркунучтуу болот тура...» | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Ормон кечинде уюн айдап келгени **«о-о-о»** деп аны чакырды. Кызык, Оля да уюн **«о-о-о»** деп чакырып жатат. Эмне, Олянын уюу да кыргызча түшүнөбү?.. ж.б. | |
| 6. | **Сөздөгү тыбыштардын, тамгалардын ордун билишет** | Балдар педагог сунуш кылган сөздөрдөгү тамгалардын ордуна фишкаларды коюшат.<br>Мында аларга педагог жардамга келет. | Педагог сабакта пайдаланылган сөздөрдү пайдаланып, алардагы тамгаларды фишкалар менен белгилөөнү сунуш кылат. | Фишкалар, кыркма тамгалар, сүрөттөр. |
| 7. | | | Педагог өтүлгөн бөлүктөргө балдардын көңүлүн дагы бир жолу буруу менен сабакты жыйынтыктайт. | |

*Эскертүү:*

- Мурдагы сабактын иштелмесинде белгиленгендей, бул материалдарды жапайы жаныбарлар, чымчыктар жана курт-кумурскалар, сүрөт, музыка жана айлана-чөйрө менен байланыштыруу абзел.

**Тема: [П] тыбышы жана «П, п» тамгасы (2 саат)**

Бул КЫТтын экинчи таблицасындагы тыбыш жана тамга болуп саналат. Ал болжолдуу тематикалык планга ылайык, бул таблицадагы тыбыш, тамгалардын ичинен биринчи болуп өтүлөт. Бул таблица аркылуу алты тамганы жасоого болот.

Сабактын максаты жана милдеттери: «п» тыбышынын сөздөрдөгү ордун аныктатып, бул тамганын элесин балдардын аң-сезимине бекем чагылдырып, балдардын графикалык жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү менен, алардын кебин, чыгармачылыгын, кыял чабытын өстүрүү.

| № | Мазмуну | Бала эмнелерди аткарат | Педагог эмнелерди аткарат | Ресурстар, каражаттар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | **Өзүнчө тургандагы, сөздөгү тыбыштардын ордун аныктоого үйрөнүшөт** | Балдар педагогдун суроосуна жооп беришип, кайсы тыбыш, тамга тууралуу сөз болору тууралуу ойлорун айтышат.<br>Алар **«п»** тамгасы катышкан сөздөрдү айтышат. | Педагог **«п»** тамгасы катышкан бир нече сөздү айтат да, балдарга:<br>«Азыр кайсы тыбыш, тамга жөнүндө сөз кылышыбыз мүмкүн?» – деп суроо берет.<br>Балдар тамганы атагандан кийин, бул тамга катышкан сөздөрдү атоону сунуш кылат. Анда сөздүн башындагы гана эмес, сөздүн ортосунда, аягында келерине да көңүл бөлөт.<br>Мисалы: а**пп**ак, о**п**-**п**а, топ деген сыяктуу сөздөрдү да айтат. | Сүреттөр. |
| 2. | **«П» тыбышы менен бирге эле анын тамгасы менен да таанышышат** | Балдар КЫТтагы экинчи таблицаны пайдаланып, **«п»** тамгасын жасашат. | Педагог таблицадан **«п»** тамгасын көрсөтүүнү суранат.<br>Эгерде балдар таблицадагы башка да тамгаларды жасап кирсе, аларды урушуп, буга тыюу салуунун кереги жок. Аларга бул иш үчүн бир аз убакыт берүүгө болот. Алар колунан келген тамгаларын жасашат. Бирок педагог ал тамгаларды балдар менен бирге атайын талкуулап отурбайт. | КЫТтын экинчи таблицасы |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Бул тамгаларды кийинки сабактарда өтүше турганын, азыр көңүлдү **«п»** тыбышына, тамгасына буруу керектигин жөн гана эскертет. | |
| **3.** | **Тамганын элеси балдардын эсинде бекем сакталып, турмуштагы тамгага окшош буюмдарды табуу аркылуу алардын салыштыруу жөндөмү, өзүнө болгон ишеними, чыгармачылык шыктануусу артат** | Балдар **«п»** тамгасынын элесин класстын/тайпанын ичинен, айлана-чөйрөдөн издешет.<br>Бул тамгага окшош буюмдар өтө эле көп болгондуктан, балдар аларды зор кызыгуу менен аткара тургандыгын жана көптөгөн буюмдарды табарын практика көргөзгөн.<br>Балдар калемди, ручкаларды пайдаланып **«п»** тамгасынын элесин жарата алышат.<br>Эки же үч бала биригип, **«п»** тамгасынын элесин жаратышат. | Педагог **«п»** тамгасынын элесин айлана-чөйрөдөн, класстан/тайпада табууну тапшырат.<br>Педагог бул тапшырмага убакытты көбүрөөк берет, анткени балдар улам бир буюмду аташып, аларда сабакка болгон кызыгуу да, өзүнө болгон ишеним да артат.<br>**«П»** тамгасынын элесин колдо болгон нерселерден жасоону балдарга тапшырат.<br>**«п»** тамгасынын элесин өздөрүнүн жаратуусун балдарга сунуш кылат. | Сүрөттүү тамгалар, колдо болгон буюмдар, пластилин ж.б. |
| **4.** | **КЫТтагы тамгаларга байланыштуу ырларды угуп, талкуулап, ага карата ойлорун айтуу менен, балдардын кеби өсөт** | Балдар педагог окуп берген ырларды угушуп, аларда кайсы тыбыштарды угуп жатышкандыктарын айтышат, алардын тамгаларын таблицадан көрсөтүшөт. Бул тамгалар катышкан сөздөрдү айтышат.<br>Ырлардагы сөздөрдү педагогдун тапшырмасы боюнча улантышат.<br>Мисалы: нан – нанын, машина – машинаң, китеп – китебиң, дептер – дептериң, оюнчук – оюнчугуң, шоколад – шоколадың ж.б. | Педагог бул ырларды жалпы окуп берет, бирок анын ар бир куплетине токтолбойт. Бул ыр кийинирээк дагы өтүлөрүн айтып, андагы «Турниктей тамга **«П»** болот» деген сапка көңүлдү өзгөчө бурат:<br>Бул нан болсо меники,<br>Наның десе сеники.<br>Иши кылып,<br>Куйругу жогу меники,<br>Куйруктуу болсо сеники.<br>(Машина – машинаң,<br>куурчак – куурчагың ж.б.)<br>Турниктей тамга **«П»** болот,<br>Буту чологу **«Ч»** болот.<br>Чатакташса бул экөө,<br>Чаташып бары жоголот. | Тамгаларга байланыштуу ырлар, сүрөттөр. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Турниктей тамга **«П»** болот,<br>Буту чологу **«Ч»** болот.<br>**Ч**атакташса бул экөө,<br>**Ч**аташы**п** бары жоголот.<br>Желекчеде бармын деп,<br>**«К»** тамгасы **к**ой**к**оёт.<br>Э**к**и **ж**еле**к** бири**к**се,<br>**Ж**оон бир **«Ж»** болот.<br>**«Ж»** башкача да **ж**азылат,<br>Үч тик таяк ортосунан кошулат (**Ш**).<br>Ортосунда таякчаны тү**ш**үрүп,<br>**Ш**а**ш**малары **«Ш»** кылат. | |
| 5. | **Балдардын салыштыруу жөндөмү, элестетүүсү, изденүүсү, чыгармачылыгы артат** | Балдар **«п»** тамгасына окшош буюмдардын сүрөттөрүн тартышат.<br>Маселен, турниктин, терезенин, эшиктин, үйдүн, китептин сүрөтү ж.б. Сүрөттөрдөн **«п»** тамгасынын элесин табышат. | Педагог бул тамгага окшош буюмдардын сүретүн тартуу, сүтеттерден анын элесин табуу боюнча тапшырма берет. | КЫТтын экинчи таблицасы, сүрөттер. |
| 6. | **Балдардын ой жүгүртүүсү, кыялдануусу, чыгармачылыгы өсөт** | Балдар тамгаларга байланыштуу ырларды, кызыктуу окуяларды ойлоп тапканга аракет кылышат. Мында аларга педагог жардамга келет.<br><br>Балдар колдон келишинче окуяларды ойлоп тапканга, педагог токтотуп койгон окуяны улантууга аракет кылышат. | Педагог бул тамгаларга байланыштуу ырларды, окуяларды ойлоп табууну сунуш кылат.<br>Бул иш-аракетте көбүреек убакыт берип, балдарга жол керсетсө, бул багытта ийгиликтерге жетүүгө болот.<br>Педагог **«п»** тамгасынын элесине байланыштуу бир жөнекей окуяны айтып келип, аны кызыктуу жеринен токтотуп, андан ары улантууну балдардан суранса болот. Же болбосо окуяны толук айтып, эми аны езгертүүнү, башкача кылып айтууну сунуш кылууга болот.<br>Сүреттөр менен аңгеме түздүрүүгө да болот.<br>Мисалы: «Аппак ак куу көлдө сүзүп келе жатты. Анын ары жагында бир нерсе капкара болуп турду. Бул эмне болушу мүмкүн эле?» ж.б. | КЫТтын экинчи таблицасы, сүрөттөр. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Балдарга төмөнкүдөй суроолорду да берүүгө болот:<br>• Кайсы куштар аппак?<br>• Кайсы курт-кумурскалар капкара?<br>• Эмне үчүн ак куу аппак да, курт-кумурскалар капкара болуп калган деп ойлойсуңар?<br>• Кайсы жапайы жаныбарлар аппак да, кайсылары капкара?<br>• «Жапайы» деген сөздүн «П»га кандай тиешеси бар? ж.б. | |
| 7. | **Сөздөгү тыбыштардын, тамгалардын орду тууралуу билгендери бекемделет** | Балдар педагог сунуш кылган сөздөрдөгү тамгалардын ордуна фишкаларды коюшат.<br>Мында аларга педагог жардамга келет.<br>Балдар сүрөттөрдү боёшот, штрихтер боюнча бириктиришет, сызышат. | Педагог сабакта пайдаланылган сөздөрдү пайдаланып, алардагы тамгаларды фишкалар менен белгилеенү сунуш кылат.<br>Тиешелүү сүрөттөрдү пайдаланып, аларды боётуп, штрихтер аркылуу сыздырып, балдардын графикалык жазуу көндүмдөрүн өстүрөт. | Фишкалар, кыркма тамгалар, сүрөттөр. |
| 8. | | | Педагог өтүлгөн бөлүктөргө балдардын көңүлүн дагы бир жолу буруу менен сабакты жыйынтыктайт. | |

*Эскертүүлөр:*

- Бул материалдар бардык предметтер үчүн жалпы темада «Жапайы жаныбарлар, чымчыктар жана курт-кумурскалар» деген темага туура келгендиктен, педагог мисалдарды келтиргенде, сүйлөм, текст түзүүдө материалды алар менен байланыштырат. Аларга байланыштуу ырларды айттырса, ырларды ырдатса, сүрөттөрдү пайдаланып тарттырса, айлана-чөйрө менен да байланыштырса болот.
- Бул иштелме катар эки сабакка карата берилди. Эгерде, жогоруда мурдагы сабактардын иштелмесинде айтылгандай, сабат ачуу боюнча сааттар катар коюлбай, эки башка күндөргө туура келсе, анда бул сабактын иштелмеси өзгөрөт. Бул учурда педагог койгон максаттарына жараша бул материалдарды экиге бөлүп алса болот. Андай болгондо графикалык жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү, фишкалар менен иштөө экинчи сабакка өтүп кетиши мүмкүн. Же болбосо болгон материалдарды бөлүштүрүп, биринчи саатта да, экинчи саатта да кеп өстүрүүгө, тыбыш, тамгалар менен иштөөгө, графикалык жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө көңүл бурулат.

## «Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу (ЖМТК)/ Конструкциалоо»

**Тема: «Оң, сол жактарды белгилеп, багыттуу катнаштарды түзүү»**

| Программанын мазмуну | Балдардын иш-аракеттери | Педагогдун иш-аракеттери | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| Оң, сол жактарга тиешелүү мейкиндик катнаштарды аныктоо, атоо жана айырмалоого үйрөтүү. Буюмдардын касиеттерин туура белгилөө, узундугун ченөө, башкалар менен салыштыруу аркылуу түшүнүктөрүн калыптандырууга үйрөтүү (мисалы, көк тасма кызылга караганда узун) | Балдар педагогдун суроолоруна жооп беришет.<br><br>Балдар сол колуна кызыл, оң колуна көк тасмаларды алышат. Команда боюнча оң, сол колдорун көтөрүшөт.<br><br>Педагогдун кыймылын туурабай, балдар сөз командасын аткарышы керек, анткени педагог атайлап ката кетирет. Балдар педагогдун катасын оңдошу керек. | Педагог балдарга кайрылат: Бежек менен коёнек токойдон конокко келиптир, акылдуу балдардан жардам алалы дешет, педагог сюрприздик маалды пайдаланат. Алар оң, сол жакты билишпейт экен, атайлап бөжек менен коёнек оң, сол жакты талашып жатканын сценка кылып көрсөтөт. Андан кийин оюнчук бөжөктү терезенин сол жагына, коёнекти оң жагына отургузуп, урушкан болбойт, бизге балдар жардам берет дейт. Суроо берип аңгемелешет:<br>– Бежек менен коёнек кайда отурушат?<br>(*Жанында, астында, артында* деген сөздөр менен багыттык мамилелерди эстетет.)<br>Бөжек менен коёнектин терезеге карата абалдарын түшүндүрөт, терезенин оң жагында, терезенин сол жагында. Андан кийин коёнек менен бежекке кайрылып, балдар менен ойноосун суранат.<br>Оюндун эрежесин түшүндүрөт, колуна коёнекти же бөжөктү алып, аларга команда берет.<br>Коёнек, бөжек команданы аткарууда атайлап пландаштырылган каталарды кетирет. | Балдардын баарына жете турган коён, аюу оюнчуктары, эки түстүү тасма, ар башка узундукта (мисалы, кызыл түстөгүсү көк түскө караганда кыска).<br><br>**«Оң жак, сол жак» оюну**<br>***Максаты:*** балдардын сол жак, оң жак түшүнүктөрүн бышыктоо.<br>***Оюндун жүрүшү:*** балдар колдоруна түстүү тасмаларды алат, педагогдун командасы менен «оң», «сол» дегенде колдорун көтөрүшөт. Педагог атайлап ката кетирет. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Балдар тексттин мааниси боюнча аракет жасайт. | **Педагог физкультминутка өткөрөт.** | **Физкультминутка**<br>Бул оң манжалар,<br>Бул сол манжалар<br>*(Балдар биринчи оң колун астыга сунуп, алаканын өйдө каратат, андан кийин сол колун.)*<br>Мен топту басып,<br>Зарядка жасаймын.<br>*(Балдар текстке жакын кыймылдарды жасайт.)*<br>*Оң жагым күчтүү болот,*<br>*Сол жагым андан калбайт*<br>*(Балдар алмак-салмак оң, сол чыканакты бүгөт.)* |
| | Балдар экиден иштешет, тасмаларды салыштырып, өздөрүнүн жообун сунуш кылышат. | Педагог коёнек менен бежектүн чырын көрсөтөт, кимисинин тасмасы узун, балдарга кайрылып коёнек менен бежөк жардам берүүсүн суранат, кызыл тасма узунбу же кек тасмабы, узундугун белгилеп берүүлөрүн етүнет.<br>Педагог балдардын жоопторун жалпылап, балдарга кайрылат, кайсы тасма узун экендигин билиш үчүн тасмаларды бири-бирине жакын коюп салыштырыш керектигин айтат. Коёнек менен бежөктүн атынан балдарга жардам бергени үчүн алкыш айтат.<br>Коёнек менен бежөк балдар менен «коштошушат». | |

**Тема: «Аралыкка багыт алуу. «Астында», «үстүндө» деген байламталар»**

| Программанын мазмуну | Балдардын иш- аракеттери | Педагогдун иш-аракеттери | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| **Аралыкта багыт алуу көндүмдөрүн бышыктоого, «астында», «үстүндө» деген байламталарды айлана-чөйрөдө пайдаланууну, айырмалоону, айланадагы буюмдардын окшоштугун көрүп, билүүсүн улантуу** | Экиден ойноп, педагогдун командасына жараша тапшырманы аткарышат. | Педагог балдарды сабактын темасы менен тааныштырат, балдар силерге конок келди: алар: **астында, үстүндө** деген сөздер. | Демонстрациялоочу куралдар «Үй жана жапайы жаныбарлар», жаныбарлар жана канаттуулардын сүрөтү тартылган карточкалар, «астында», «үстүндө» деп жазылган сөздер. |
| | | Оюнду ойноону сунуш кылат, оюндун жүрүшүн жана эрежесин түшүндүрөт. | **«Астында, үстүндө» оюну**<br>***Оюндун максаты:*** «астында», «үстүндө» деген байламталарды пайдалана билүүсүн өнүктүрүү, аларды айырмалоо.<br>***Жабдылышы:*** 2 балага бирден бактын 1 макети же тартылган бактын сүрөтү.<br>***Оюндун жүрүшү:***<br>Педагог («үстүндө», «астында») деген карточканы көрсөтөт, анан команда берет. Мисалы, таранчы бутактын үстүндө отурат. Педагогдун айткан командасына жараша балдар жаныбарларды, канаттууларды бактарга жайгаштырышат. |
| | Ырдын мазмунуна жараша кыймыл-аракетти жасайт. | Физкультминуткаларды кыймыл менен көрсөтөт. | **Физкультминутка**<br>Көтөрүп колду булгаладык<br>Токойдогу бактарга окшоп.<br>Чыканакты бүгүп алып,<br>Манжаларды силктик.<br>Акырын шамал шуулдап.<br>Булгалайбыз колубузду ийкемдүү<br>Учуп чымчык келатат.<br>Отурганын көрөбүз<br>Канаттарын чогултуп. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Табышмактарды табат,<br>Карточкалардагы кайсы канаттуулар жөнүндө табышмакта сөз болуп жатса, аны көрсөтөт. | Педагог табышмактарды табууну сунуш кылат. | *Ыр түрүндө табышмак:*<br>**Кара бешмант,**<br>**Кызыл берет,**<br>**Балтадай мурун,**<br>**Тирөөдөй куйрук** *(Тоңкулдак)*<br>*Ырчы боз чымчык*<br>Тоңот суукта бутактар<br>Балаты, кызыл терек да<br>Бул эмне шумдук?<br>Кайыңда алма бышыптыр<br>Жакын барып карайын<br>Ишенбей турам көзүме:<br>Көрсө чымчык үйүрү<br>Бакка толуп алыптыр. |
| | Жекече ойношот. | Педагог оюн сунуш кылат:<br>«Канаттуулар менен жаныбарларды жайгаштыр», алардын тапшырманы туура аткарышын текшерет. | **Оюн: «Канаттууларды жана жаныбарларды жайгаштыр»**<br>***Оюндун максаты:*** «астында», «үстүндө» деген түшүнүктөрдү бышыктоо.<br>Бактын макети, канаттуулардын макети ар бир балага.<br>***Оюндун жүрүшү:*** педагог сүйлөм окуйт: мисалы, балатынын үстүнөн тоңкулдак учуп баратат. |
| | | Сабакты жалпылайт. Тапшырманы туура аткарган балдарды мактайт. | Ырчы боз чымчыктар кайыңдын бутагында алмадай отурушат ж.б.у.с. Ак коён үңкүрдүн жанында, кайыңдын көлөкөсүнүн астында отурат. Балдар сүйлөмдүн маанисине карап, канаттууларды, жаныбарларды жайгаштырат. |

## «Көркөм адабий чыгармачылык»

**Тема: «Менин жакшы көргөн жаныбарларым» (ийлеп чаптоо)**

Анималистикалык скульптура жанрында топтолгон эскиздерден көлөмдүү композицияны түзүү.

| | |
|---|---|
| **Программанын мазмуну** | Балдарды бүтүн кесим пластилинден ийлеп чаптоого үйрөтүү, стеканы колдонуп, оюндагыдай эки фигураны чаптоо, буюмдардын формаларын, пропорциясын сезип, жаныбарлардын езгечеленген белгилерин керсеткенге үйретүү, балдардын көңүл буруусун, ой жүгүртүүсүн жана кебин өрчүтүү. |
| **Жабдылышы** | Пластилин, канаттуулар жана жаныбарлар тартылган сүреттөр. |
| **Усулдар жана ыкмалар** | Аңгеме, педагог менен катар иш аткаруу. |
| **Терминдерди түшүндүрүү иши** | Анималистикалык жанр. |
| **Сабактын жүрүшү** | |
| **1. Уюштуруу мезгили** | *Тема менен тааныштыруу, максаттарын түшүндүрүү* |
| **Педагог иш орунду уюштурууну эске салат, балдарга ырларды эстөөнү сунуштайт** | **Түз отур, досум,**<br>**Даярсыңбы сабак баштоого?**<br>**Карагыла кунт коюп.**<br>**Досум, тез чогулт өзүңдү,**<br>**Баштоо керек сабакты.** |
| **«Жапайы, үй жаныбарлары жана канаттуулар» деген темада панно түзүү жөнүндө аңгемелешет** | • Кандай жаныбарлар тартылган ал жерде? (Жапайы жана үй жаныбарлары.)<br>• Жапайы жаныбарлар эмнеси менен үй жаныбарларынан айырмаланат? (Үй жаныбарлары адамдын жанында жашайт жана адам аларга кам керет.) |
| **Андан кийин табышмак айтат** | **Барпыраган тон кием,**<br>**Жашайм калың токойдо.**<br>**Карган четин уямда**<br>**Жаңгак чагып отурам.**<br>*(Тыйын чычкан)* |
| **Педагог балдардын жоопторун жалпылап, балдарга анималистика жанры жөнүндө айтып берет** | Керкем искусстводо дагы бир жанр анималистика жанры болот. Жаныбарлар катышкан сүреттөр анималистика жанрына кирет. Жаныбарларды тарткан сүрөтчүлөр анималисттер деп аталат. |

| | |
|---|---|
| **Педагог балдарга физкультминутка сунуш кылып, балдарды эс алдырат** | Токойдо аюу басып жүрөт<br>*(балдар аюуну туурап басышат).*<br>Отуруп алгысы келет<br>Андай орун каякта<br>*(колдорун эки жакка жаят)*<br>Отуруш үчүн аюуга?<br>Дүмүр бийик<br>*(оң колдорун көкүрөккө такашат)*<br>Чын суулуу жер<br>*(эки колдорун эки жакка жайышат)*<br>Же кургап калганы чын<br>*(эки алакандарын түрүшөт)*<br>Же дарыя *(колдорун оңго, солго жайышат)*<br>Жакшы орун көрүнбөйт*. (баштарын кармашат)*<br>Бул жомок аюу жөнүндө<br>Аюу – тандай бергич жөнүндө. |
| **2. Практикалык иштерди аткаруу** | Педагог жаныбарларды кантип чаптоого болорун түшүндүрөт: «Балдар колубузга бир кесинди пластилин алабыз, керектүү түстү тандайбыз, аны жумшак, ийкемдүү болуш үчүн ийлейбиз, жаныбарлардын бирөөнүн чуркаганын, турганын, жатканын элестетип, чаптай баштайбыз. Алаканыбыз менен тулку боюн овал кылып ийлеп, андан кийин 4 кичине овал ийленет – алар буттары. Ошондой эле ыкма менен тегерек баш ийленет. Андан кийин бардык бөлүктөрдү бириктиребиз, бириккен жерлери билгизбей жакшылап сыйпалат. Жаныбардын турпатына ылайыктап астыңкы жана арткы буттарын бүгөбүз. Кичине бөлүкчөлөрдөн кулагын, куйругун жабыштырабыз. Чоюу ыкмасы менен тумшуктарын керектүү формага келтиребиз».<br>Сабак маалында педагог балдарга жардам берет. |
| **3. Сабакты жыйынтыктоо** | Педагог балдардын иштерин анализдеп, ар бир баланын жетишкендигин белгилейт, көргөзмө уюштурууну сунуш кылат. |
| **4. Үй тапшырмасы** | Өз алдынча каалаган үй жаныбарын чаптап келүү. |

**Тема: «Аппликация «Менин сүйүктүү балыктарым»**

| | |
|---|---|
| **Программанын мазмуну** | Тыкандык менен апликациянын элементтерин кесип чаптоого үйрөтүү, керектүү иретте жайгаштыруу; композиция жана түстү сезүүсүн өөрчүтүү; эстетикалык табитин калыптандыруу, сапаттуу жыйынтыкка жетүүгө, кызыгууга тарбиялоо. |
| **Жабдылышы** | Балыктардын сүрөтү тартылган иллюстрациялар, майда кум, таштар, балырлар, түстүү кагаз, кайчы, желим. |
| **Усулдар жана ыкмалар** | Аңгеме, педагог менен катар ишти аткаруу. |
| **Негизги түшүнүктөрдү билдирүү** | Аппликация, кебете-кешпирлер. |
| **Сабактын жүрүшү** | |
| **1. Уюштуруу. Педагог кайчы менен иштөө эрежелерин балдардын эсине салат** | Тамаша кылба кайчыны<br>Жөнү жок колдо айлантпа!<br>Курч жагынан кармап<br>Бербе андай досуңа! |
| **Желим менен иштөө** | Желимди этияттык менен колдонуп иштөө зарыл, ашыктарын алып коёт. Кез менен оозго тийбесин байкаш керек. |
| **2. Тема менен тааныштыруу, сабактын максатын түшүндүрүү** | |
| **Педагог табышмак айтат** | Балдар менен эне-ата<br>Кийимдери тыйындан.<br>(Балыктар) |
| ***Балдардын жоопторун жалпылап, аквариумду кароону сунуштайт, анда эмнелер бар (кум, таш, балыр), алар эмнеге керек? Балык кайда жашынып калышы, укташы мүмкүн?*** | |
| **Адабий сөз** | **«Кайда уктайсың сен, балык?»**<br>Түнде караңгы, түндө тынч<br>Кайда уктайсың сен,  балык?<br>Түлкүнүн изи үңкүргө барат,<br>Иттин изи үйүндө,<br>Тыйын чычкан изи бак үңкүрдө,<br>Чычкандыкы жерди тешет.<br>Суу менен дарыяныкы аянычтуу<br>Изи калбайт эч жерде.<br>Караңгыда гана бейкуттук, тынчтык,<br>Кайда уктайсың сен, балык?<br>*И. Токмакова* |
| **Педагог** | Ыр окулгандан кийин мазмуну боюнча аңгеме түзүлөт. Ар түрдүү балыктар тартылган иллюстрацияны көрүүнү сунуштайт. |

| | |
|---|---|
| **Манжа гимнастикасы** | **Балыктар**<br>Балыктар күлүп ойношот<br>Таза, жылуу сууда,<br>Бир биригип, ачылып,<br>Же кумга калат жашынып.<br>*(Балдар тексттин мазмуну боюнча кыймыл аткарышат.)* |
| **3. Практикалык ишти аткаруу** | |
| **Педагог** | Бүгүн ез колубуз менен апликация жасайбыз. Аппликация – бул ар кайсы материалдардан кесилген буюмдарды, нерселерди чаптоо (кагаз, табияттын материалдары ж.б.). |
| **Практикалык ишти аткаруу** | Педагог түстүү катуу кагаздан кебете-кешпирлерди кесүүнү суранат. Майда деталдарын тартып койсо болот, анткени белгиленген контур боюнча балага жеңил болгудай (жетиштүү жагдай түзүү үчүн), балыктарды тез эле барак-аквариумга чаптоо кажети жоктугун балдарга эстетип койсо болот. Биринчиден, аларды жайгаштырып алыш керек. Ар бири кебетени кагаз үстүнде жайгаштырып, керектүү орунду табат. Ошондон кийин гана чаптаса болот. Андан кийин педагог өздөрүнүн аквариуму, балыктары боюнча сүйлеп берүүсүн балдардан суранат (бардыгы канча балык, кандай формада, канча таш бар ж.б.у.с.) |
| **4. Сабакты жыйынтыктоо** | Педагог ырларды эстеенү суранат, иш орундарын тазалоого үндөйт.<br>**Мына сабак бүттү,**<br>**Баарын жыйноо керек.**<br>**Таштандыны тез чогулт,**<br>**Сал сумкага буюмду.** |
| ***Балдардын аткарган иштеринин көргөзмөсү уюштурулат, балдардын баарынын жетишкендиги белгиленет.*** | |
| **Үй тапшырмасы** | Үйдөн аквариумдагы балыктарды тартып келүү. |

**Тема: «Сүрөт тартуу: «Өрдөк чыкты сейилге»**

<table>
<tr><td>Программанын мазмуну</td><td colspan="2">Өрдөктү жана анын балдарын (жөжөлөрүн) тартууга үйрөтүү, сюжеттик композиция түзүү; майда деталдарды тартууну калыптандыруу, тыкан тартуу көндүмдөрүн бышыктоо; жаныбарларга аяр мамиле жасоого тарбиялоо.</td></tr>
<tr><td>Жабдылышы</td><td colspan="2">«Үй, жапайы жаныбарлар жана канаттуулар» панносу, калем, түстүү карандаштар, альбом.</td></tr>
<tr><td>Усулдар жана ыкмалар</td><td colspan="2">Аңгеме, педагог менен параллель ишти аткаруу.</td></tr>
<tr><td>Негизги түшүнүктөрдү тактоо</td><td colspan="2">Анималистикалык жанр.</td></tr>
<tr><td colspan="3">Сабактын жүрүшү</td></tr>
<tr><td>1. Уюштуруу</td><td colspan="2">Тема менен таанышуу, сабактын максатын түшүндүрүү.</td></tr>
<tr><td>Педагог табышмак айтат</td><td>Чаарала какылдак<br>Баканы кармайт,<br>Майпаңдай басат.<br>(Өрдөк)</td><td>Жанында эмнелер жүрөт, шашып сууга?<br>Түктүү матросик,<br>Калактай тумшук.<br>Буттары кыска –<br>Ботинкеси кызыл.<br>(Өрдөктүн жөжөсү)</td></tr>
<tr><td colspan="3">Жөжөлөрү менен сууга бараткан өрдөктүн сүрөтү боюнча педагог аңгеме жүргүзөт.</td></tr>
<tr><td>Физкультминутка (сөз оюну)</td><td colspan="2">Карагылачы келатат?<br>Таргыл өрдөк.<br>Ал эмнелерди ээрчиткен?<br>Жөжөлөрүн өзүнүн?<br>Алар барат каякка?<br>Аянтчага көлмөгө.<br>(Балдар ырдын мазмуну боюнча суроого жооп беришет, өрдөктөрдү тууралашып эки жакка кыйшайып, педагогдун артынан басышат; андан кийин өрдөктөрдүн сүзгөнүн туурашат, колдору менен тегеректи чийишет.)</td></tr>
<tr><td>Педагог оюн маалында ырды айтып берет</td><td colspan="2">– Чабынды жердин, боз талаанын өрдөгү<br>Түнөдүң кайда?<br>Түндү кыскарттың кайда?<br>Өрдөк (бир бала):<br>– Бир түп талдын астында,<br>Кайыңдын астында.<br>Өзүм ердек, жүрөмүн<br>Балдарымды жетелеп.<br>Ар кайсыны көрсөтүп.<br>Мына ушинтип келге да жеттик (педагог балдарды столго жакындатып, ал жерде көк түскө боёлгон альбомдун барактары). Бул жерде ердек кайда?</td></tr>
</table>

| | |
|---|---|
| **2. Практикалык ишти аткаруу** | Педагог өрдөктү жөжөлөрү менен тартууну суранат, калем менен тартканда сызыктар ичке болуусун эстетет, ичке болуш үчүн калемди катуу баспаш керек. Андан кийин балдарга ишти аткарууну түшүндүрүп, үлгүлөрдү көрсөтөт. Педагог балдардын көңүлүн өрдөктүн тулку боюна бурат – ал овалга (жумурткага) окшош, башы болсо тегерек (алчага окшош). Балдар суроолорго жооп берүүсүн суранат.<br>• Башы кандай формага окшош? (Башы кичине тегерекке окшош.)<br>• Тулку боючу? (Тулку бою овалга, жумурткага.)<br>Өрдөктөрдүн контурлары тартылгандан кийин түстүү боёктор, карандаштар менен боёо эрежесин эске салат. (Түстөрдү балдар өздөрү тандайт.) |
| **3. Сабакты жыйынтыктоо** | Иш орундарды тазалашат. |
| Ар бир баланын жетишкендигин чагылдырган көргөзмө уюштуруу. | |
| **Үй тапшырмасы** | Каалаган үй канаттуусун тартуу. |

## «Үй жана жапайы жаныбарлар» темасындагы ойноо тыныгуусуна пайдаланылуучу болжолдуу оюндар

**«Айлана-чөйрө менен тааныштыруу»**

| «Жубуңду тапканга жардам бер» оюну | |
|---|---|
| **Оюндун максаты** | Жаныбарлардын балдарын туура атаганга, аларды бөлүштүргөнгө, жаңы сөздөрдү атоого, сөздүгүн кеңейтүүгө, жуп сүрөттөрдү кошууга, колдун майда моторикасын өрчүтүүгө үйрөтүлөт. |
| **Оюндун жүрүшү** | Балдар карточкадагы сүрөткө карай жипти тегерекчеден өткөрөт, кийинки жупту түзөт. Ким биринчи беш жупту жип менен бириктирсе, жеңүүчү болот. |
| | **1-карточка.** Балдар апаларына балдарын таап бергенге жардам берет, аларды атайт.<br>**2-карточка.** Балдар жаныбарлардын жашаган жерин билип, алардын аталышы менен таанышышат.<br>**3-карточка.** Балдар жаныбарлар эмне менен азыктанарын билишет. |
| **Педагогдорго сунуш** | Эгерде балдар сөз табуудан кыйналса, аларга жардам берүүчү суроолор менен жардамдашып койгула. Аларды туура сүйлөгөнгө, бардык кыймылдарды аткарууга түрткү кылгыла. Сүйлөөгө үйрөнгөн бала ойлонгонго үйрөнөт. Оюн бүткөндөн кийин балдарды мактаганды унутпагыла. Боорукер, чыдамдуу болгула. |
| **«Мышыкты ойгот» оюну** | |
| ***Оюндун максаты*** | Балдардын кебинде жаныбарлардын баласынын аттарын пайдаланууну активдештирүү керек. |
| ***Материалдар*** | Жаныбарлардын костюмунун элементтери (шапкеси) |
| ***Оюндун жүрүшү*** | Балдардын бирөө мышыктын ролун алат, ал көзүн жумуп, стулга тегерекченин борборуна отурат (уктаган сыяктуу), калгандары өз каалоосу боюнча жаныбарлардын балдарын тандашат, тегерек түзөт. Педагог колу менен көрсөткөн жаныбар өз үнүн чыгарат. |
| ***Мышыктын максаты*** | Ким ойготконун айтат (короз, бака ж.б.) Эгерде персонаж туура табылса, ойногондор орун алмашышат, оюн уланат. |

**«Кеп өстүрүү жана көркөм адабият»**

| «Кадам» оюну | |
|---|---|
| **Оюндун максаты** | Кепти өстүрүү, сөздүктү кеңейтүү. |
| **Оюндун жүрүшү** | Ойноочулар тизилип, финиш кайда болорун сүйлөшүп (алыстыгы 8-10 кадамда) турушат. Ар бир кадамга тема коёт, мисалы, « Жаныбарлар», «Канаттуулар». Ар бир бала бир сылык сөз айтып гана бир кадам жасайт. Ойлонгонго бир минута берилет, анан «Старт!» берилет. |
| **Оюндун варианты** | Балдар жуп болуп, биринин тушуна бири турушуп, алдыга кадам жасашат. Оюндун шарты ошол эле, бир сөз айтып туруп, кадам жасалат. |

**«Сабат ачуу жана жазуунун графикалык көндүмдөрүн өнүктүрүү»**

| «Уй баратат» оюну | |
|---|---|
| **Максаты** | Көңүл буруусун, фонематикалык угуусун өнүктүрүү, сөздүн тыбыштык түзүлүшүн табуу. |
| **Оюндун жүрүшү** | Ойноочулар үчтен кем эмес болушу керек. Баары отурушуп оң колунун алаканы ылдый карап, сол жагы өйдө карайт, кошуналардын алакандары менен бириктиришет. Кезек-кезеги менен бирден сөз айтышат. Айтылган сезгө жараша сол алакандар чабылат.<br><br>**«Уй баратат», сөз айтылат.**<br>**Кандай сөз айтты уй?**<br><br>Жооп берүүгө ким туш келсе, каалаган сөздү атайт, мисалы, **«чөп».** Анын кошунасы чабылган колдун үнү менен сөздүн биринчи тыбышын атайт **«Ч»,** кийинки – экинчини, анан кийинкиси. Акыркы оюнчунун максаты – уктап калбай акыркы айтуучунун сөзүн угуп, колун чаптырбаганга аракеттениши керек. |

**Театралдаштырылган оюн**

| «Карышкыр жана жети улак» драмалашкан оюнунун жаңыланган түрү | |
|---|---|
| **Программанын мазмуну** | Балдарды кичине сценкаларда чыгармачылык менен ойноого үйрөтүү. Өзүнүн кеңүлүн интонация аркылуу көрсөтүүгө түрткү берүү. Жекече ойноого үйрөтүүнү улантуу. Сүйүнүчтү көрсетүү, майрамдын маңызын өздөштүрүү. Музыкалык жана сценалык жендөмдүүлүктү өнүктүрүү, музыканын мүнөзүн сезүү, балдардын коммуникативдик жүрүм-турумун инсценировкалоо чыгармачылыгын өрчүтүү. Эмоционалдык кайрымдуулукту, оозеки кебин енүктүрүү. |
| **Оюнга катышкандар** | Эчки, улактар, карышкыр. |
| Токойдогу аянтчада өтөт, кичине үй, музыканын үнү акырын чыгат. | |

| | |
|---|---|
| **Эчки** (үйдүн ичинде): | Айланайын балдарым, мен токойго барып, силерге тамак алып келем. Силер болсо эшикти жаап, бири-бириңер менен урушпай-талашпай, менин үнүмдү укмайынча эч кимге эшикти ачпагыла. *(Үйдүн жанында карышкыр пайда болот, ал үйгө жашынып жакындап тыңшайт.)*<br>Келерим менен ыр ырдайм, силер мени тааныйсыңар. Мына минтип:<br>**Балдарым, улактарым,**<br>**Ачкыла эшикти.**<br>**Силердин апаңар келди**<br>**Сүт алып келди.**<br>**Дагы ал силерге**<br>**Оозуна толгон чөп берет.**<br>Эстеп калдыңарбы? |
| **Улактар** (чогуу): | Эстеп калдык! Эстеп калдык! *(Улуусу, ортончусу секирип, апасынын айткандарын кайталайт.)*<br>**Оозу толгон жаңы чөп.**<br>**Эки мүйүз ортосу гүлгө толгон.** |
| **Эчки:** | Жакшы калгыла, кичинекейлерим, эшикти жакшы жапкыла, ырды унутпагыла. |
| **Кичинеси:** | Жакшы болот! Жакшы бар, апаке! |
| *(Эчки кетет, улактар эшикти жабат.)* | |
| **Улактар:** | Келгиле, жашынмак ойнойлу! Улактар, келгиле, келгиле! |
| *(Баары жашынышат, бадалдын арасынан карышкыр чыгат.)* | |
| **Карышкыр:** | Эми менин убактым келди. А-у-у-у-у! Улактын этин жегим келди! *(Терезеден киргиси келет.)* Жок, батпайт экемин. *(Эшикти түртөт.)* Карасаң жаап алыптыр. Кана катуурак! *(Эшикти дагы түртөт.)* Анда эмесе, ыр ырдайын. Эчки ырдайт, ачар бекен эшикти? Кхе-кхе-кхе... *(Эчкинин үнүн туурап ырдайт.)*<br>Балдарым, улактарым,<br>Ачкыла эшикти.<br>Силердин апаңар келди,<br>Сүт алып келди.<br>*(Биринчи сөздөрүнө улактар тура калып, эшиктин астына тизилишет.)* |
| **Улуусу:** | Кана, балдар, тез эшикти ачкыла! |
| **Ортончусу:** | Балдар, тез ачкыла. Апабыз келип, бизге тамак алып келди. |
| **Кичинеси** *(эшикти оозу менен тосуп):* | Жок, балдар, ачпагыла, бизге жаман болот. Бул биздин апабыз эмес. Мен үнүн тааныйм. Апамдын үнү мындай эмес, аныкы уккулуктуу, ичке. (Улактар токтоп калат.) |

| | |
|---|---|
| **Карышкыр** (тынчсыздa-нып): | Ай, улактар, эмне үчүн ачпай жатасыңар? |
| **Кичинеси:** | Жогол бул жерден! Сен биздин апабыз эмессиң. Сен – карышкырсың, сенин үнүңдү тааныйбыз. |
| **Карышкыр:** | Ай, чунактар, таанып калган турбайбы, эмне кылыш керек? Аябай улактын этин жегим келип жатат. Ойлондум! Темир устага барайын. |
| **Улуусу:** | Кептен бери апабыз жок. |
| **Ортончусу:** | Апабыз кайда, эмне үчүн келбейт? Мүмкүн алдынан тосуп чыгалыбы? |
| **Кичүүсү:** | Жок, болбойт. Апабыздын тилин угушубуз керек, ал айткан эшикти ачпай, эшикке чыкпай отургула деп. Күтө тургула. Азыр өзү келет. Сүт алып келет. |
| *Аянтчага чыга калып, карышкыр эчкинин үнү менен ырдайт:* | |
| | **Балдарым, улактарым,**<br>**Ачкыла эшикти.**<br>**Силердин апаңар келди,**<br>**Сүт алып келди.** |
| **Улуусу:** | Уктуңарбы? Апабыз эмей ким деп турасыңар, менин деле кулагым бар. Барып ачам. |
| **Ортончусу:** | Ач, ач эртерээк. |
| **Кичинеси:** | Шашпагыла, туугандар. Ырды аягына чейин ырдасын… |
| **Карышкыр (өзүнчө):** | Андан ары кандай ырдачу эле? Унуттум… кайра баштайын (ырдайт).<br>**Балдарым, улактарым,**<br>**Ачкыла эшикти.**<br>**Силердин апаңар келди,**<br>**Сүт алып келди.** |
| **Улуусу:** | Күтпейм. *(Кичинесин түртүп.)* Жолдон тур! |
| **Ортончусу:** | Тур жолдон! *(Эшикти ачат. Карышкыр үйгө кирет. Улуусун кармап жутуп коёт, ортончусу менен кичинеси жашынып калышат.)* |
| **Карышкыр:** | Ох, аябай таттуу улак экен. Менин угушумча дагы үндөр угулгандай болду эле, же жерге кирип кетиштиби! Кайда болду экен! Издейин! *(Карышкыр үйдү кыдырып издей баштайт, ортончусун табат.)* Баракелде. Дагы кимиси бар, жооп бер же андан жаман болот. Жок, башка эч ким жок… *(Аны жутат.)* Үйге барып бир аз уктайын. |

| | |
|---|---|
| *Ошол маалда эчки үйүнө келет.* | |
| **Эчки** *(кирип ырдайт):* | **Балдарым, улактарым,**<br>**Ачкыла эшикти.**<br>**Силердин апаңар келди,**<br>**Сүт алып келди.**<br>*(Үйдөн кичинеси чуркап чыгат.)* |
| **Кичинеси:** | Апа! Апаке! Карышкыр келип, сенин үнүң менен ырдады!<br>Бир туугандарым менин тилимди укпай, эшикти ачып беришти.<br>Карышкыр аларды жеп алды.<br>Мен жашынып, жалгыз калдым. (Ыйлайт) |
| **Эчки:** | Шорум! Тил албагандар. Эчтеке эмес, ыйлаба. Тезирээк чуркап, карышкырды кармап, улактарды чыгарыш керек. *(Эчки менен кичинеси чыгышат.)* |
| **Аянтчада карышкыр турат.** | |
| **Карышкыр:** | Эх -хе -хе, улактар жакшы экен. Ха -ха - ха. Азыр барып жатып уктайм үйгө. *(Эчки менен улакты байкабайт)* |
| **Эчки:** | Сен менин улактарымды жедиң? *(Сүзөт.)* Бер улактарымды! |
| **Карышкыр:** | Сүзө көрбө! |
| **Эчки:** | *(Сүзүп). Бер дейм.* |
| **Карышкыр:** | Жакшы, жакшы! *(Улактар чуркап чыгышат).* |
| **Улуусу жана ортончусу:** | Апа, апаке! Бир туугандар! Рахмат! Биз эми антпейбиз, эми апамдын гана тилин алабыз. |

| | |
|---|---|
| **Оюн: «Жучканы тойгузалы»** | |
| **Максаты** | Майда моториканы енүктүрүү, сенсордук, мейкиндикте багыт алуу, коммуникация, кеп, кыялданууну өрчүтүү. |
| **Оюн материалы** | Кыпчыткычтар, 15 см картондун тиликтери (сөөктөр), балдардын санына жараша табак. |
| **Оюндун жүрүшү** | Балдардан суранат, бирден табак, бирден сөөктү сол колго алып, оң колдо ар бир баланын колунда кыпчыткыч – ал «Жучка». Оң кол сол колго жакындайт, кыпчыткыч «сөөктү» кармайт.<br>**Тамакты кийин жыйнадык,**<br>**Табакта калды сөөктөр.**<br>**Сөөктөрдү чогултуп**<br>**Кармады Жучка сөөктү**<br>**Тиши менен тиштеди.** |

| «Акылсыз карга» оюну | |
|---|---|
| **Максаты** | Майда моториканы, сенсордук жана мейкиндикте багыт алуусун, коммуникациясын, кебин, кыялдануусун ерчүтүү, |
| **Оюн материалы** | Кыпчыткычтын күңүрт түстерү, момпосуйга, фантикке окшош 5 см кем эмес узундукта оролгон (балдардын санына жараша). |
| **Оюндун жүрүшү** | Ар бир баланын астына бирден фантик коюлган, аны кыпчыткыч менен алып кетөрүү ж.б.у.с.<br>**Акылсыз карга тумшугун ачты,**<br>**Акылсыз карга фантикти алды.**<br>**Момпосуй деп ойлонуп**<br>**Аны балдар жеп койду!**<br>**Ап! Ап! Ап!**<br>**Эч кимге бербейм!** |

**«Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу (ЖМТК)/ Конструкциялоо»**

| «Жашынмак» оюну | |
|---|---|
| **Оюндун максаты** | Мейкиндикте багыт алууну өнүктүрүү, **астында, жанында, арасында, оң жагында, сол жагында** деген байламталардын мейкиндикте жайгашуусунун маанилүүлүгүн түшүндүрүү. |
| **Оюн материалы** | Үй жаныбарларынын майда оюнчуктары. |
| **Оюндун жүрүшү** | |
| Алдын ала жасалган оюнчуктарды педагог класстын/тайпанын ичинде ар кайсы жерге катат, андан кийин балдарды езүнүн жанына чогултуп жарыялайт: «Мага айтышты, биздин класста/тайпада чакырылбаган коноктор пайда болуптур. Из тапкыч, аларга байкоо жүргүзгөнүн жазат, алар биздин оюнчуктарды класстын/тайпанын ичинде ар кайсы жерге катып кетиптир». | Столдун жогорку ящигинин оң жагында бир нерсени катып коюптур.<br>Шкафтын ылдыйкы жагына биреөнү катып коюптур.<br>Кешегөнүн артына театрдык ишмердүүлүк боюнча катып коюптур.<br>Терезеден оң жакта турган столго бир нерсе катып коюптур ж.б.у.с.<br>Балдар оюнчуктарды издешет, үй жаныбарларын аташат, кайра короого ордуна кайтарат. |

| «Оюнчукту танда» дидактикалык оюну | |
|---|---|
| **Оюндун максаты** | Бирдей сандагы оюнчуктарды табууга үйрөтүү, аталган сандагы буюмдарды саноо, аларды эстеп калууга көнүктүрүү. |
| **Оюн материалы** | Жапайы жаныбарлардын майда оюнчуктары. |
| **Педагог балдарга түшүндүрөт** | Канча сан айтылса, ошончо оюнчуктарды саноого үйрөнүшөт.<br><br>Балдарды ирети менен чакырып, тапшырма берилет, белгилүү сандагы оюнчуктарды алып келип, столдун үстүнө коюу керек.<br><br>Педагог башка балдарга дагы иш тапшырат, берилген тапшырма так аткарылганын алар текшериши керек, ал үчүн оюнчуктарды санап бериши кажет, мисалы: «Абай, 3 жолборсту алып келип столго кой.<br><br>Жылдыз, текшер, Абай канча жолборс алып келди». Жыйынтыгында бир столдо – 2, экинчиде – 3, үчүнчүдө – 4, төртүнчүдө – 5 оюнчук туруп калат.<br><br>Андан кийин балдарга кийинки тапшырма берилет, белгилүү сандагы оюнчуктарды санына жараша столдун үстүнө коюп, алар барабар экенине күбө болушат. Тапшырманы аткарып, бала эмне кылганын айтып берет. Башка бала тапшырманын туура аткарылганын текшерет. |

# «МЕНИН МЕКЕНИМ – КЫРГЫЗСТАН» ТЕМАСЫНА БОЛЖОЛДУУ САБАКТАРДЫН КОНСПЕКТИСИ

## Жуманын темасы: «Менин мекеним – Кыргызстан»

**«Айлана-чөйрө менен таанышуу»**

**Тема: «Менин өлкөм, менин Кыргызстаным»**

| | |
|---|---|
| **Программалык мазмуну** | Кыргыз элинин көрүнүктүү инсандары, элдик баатырлары, өлкөнүн тарыхы менен тааныштырууну улантуу; өзүнүн шаарынын кызыктуу жерлери менен тааныштыруу; балдарда Кыргызстандын символикасы жөнүндө билимди бышыктоо; баланын көркөм тилин өнүктүрүү, Бишкек шаарынын сүрөттөрү боюнча анча чоң эмес аңгеме түзүү; көркөм өнөр чыгармачылыгын өнүктүрүү; өзүнүн Мекенине, өзүнүн шаарына патриоттук сезимди тарбиялоо. |
| **Сөздүк жумуштар** | Үй-бүлөлүк альбом, үй-бүлөдө түшүнүүчүлүк, комплимент, салт, санжыра. |
| **Усулдук ыкмалар** | Аңгемелешүү, иллюстрацияларды кароо, оюндар, физкультминутка, балдарга суроолор, сюрприз учуру. |
| **Сөздүк жумуштар** | Ата Мекен, символика, шамчырак, керегe. |
| **Алдын ала иштер** | 1. Кыргызстандын символикасы жөнүндө аңгемелешүү.<br>2. Мамлекеттин картасын үйрөнүү.<br>3. Бишкек шаары жөнүндө аңгемелешүү.<br>4. Гимнди угуу.<br>5. Улуттук кийимдерди, турмуштук предметтерди карап чыгуу.<br>6. Көрүнүктүү адамдардын сүрөттөрүн карап чыгуу. |
| **Жабдылышы** | КРдин картасы, желек, герб, түстүү картон, гербдин жана желектин элементи, Бишкек шаарынын сүрөттөрү, КР гимнинин аудиожазуусу, улуттук музыка, «Боз үй» дидактикалык колдонмосу. |
| **Сабактын жүрүшү** | |
| **Балдар класска/тайпага киришип, Кыргызстандын картасынын бет маңдайына турушат. Кыргыз Республикасынын гимни жаңырат.** | |
| **Педагог** | – Кайсы мамлекеттин гимни жаңырды?<br>– Биздин мамлекеттин гимни.<br>– Бүгүн биз силер менен биздин Мекенибизге саякатка чыгабыз. Биздин мамлекеттин өткөнү жөнүндө билебиз.<br>– Мекен деген эмне? Бул биз төрөлүп, жашаган жер. |

| | |
|---|---|
| **Балдар ыр окушат** | Мекен – бул атаң менен энең.<br>Мекен – бул досуң жана тууганың.<br>Мекен – бул борбор шаар менен аймактар.<br>Мекен – бул айылдар менен шаарлар.<br>Чоң, кичине мамлекет көп дүйнөдө,<br>Бирок Мекен бирөө эле.<br>Канча алыска кетсек да,<br>Сагынабыз дароо эле. |
| **Педагог суроо берип, аңгеме жүргүзөт** | Ар бир мамлекет өзүнүн символикасына ээ.<br>– Символикага эмне кирет? Атагыла.<br>– Символикага герб менен туу кирет.<br>– Гербди көңүл коюп карап, айткылачы, кайсы предметтер силерге тааныш.<br>– Силер кандай ойлойсуңар, туудa эмне үчүн түндүктүн сүрөтү чагылдырылган?<br>– Ал боз үйдүн куполун символдоштурат.<br>– Боз үй – бул кыргыз элинин байыркы улуттук очогу.<br>– Балдар, биз дагы эмнени айткан жокпуз?<br>– Гербдин ортосундагы бүркүттү.<br>– Ал эмне үчүн Кыргызстандын гербинде чагылдырылган?<br>– Бүркүт эрдикти, баатырдыкты жана сыймыкты билдирет.<br>– Бийик тоолордон чыгып келе жаткан күн эмнени түшүндүрөт?<br>– Бул жарык, тазалык жана эркиндик. |
| **Балдар ырларды айтышат** | Жүрөгүңдү кубанткан,<br>Мында өлкө аты бар.<br>Баарыбызга кымбат бул,<br>Сыймыктуу ат: "Кыргызстан!" |
| **Педагог аңгемени улантат** | – Балдар, ошондой эле туу да символикага кирет.<br>– Тууда эмне тартылган? Атап чыккыла. Ал эмнени символдоштурат?<br>– Туу кайсы түстө?<br>– Ачык кызыл түстөгү кездемедеги түндүк эмнени түшүндүрөт? (Педагогдун түшүндүрмөсү). |
| **Педагог балдарга ойноону сунуштайт.** | |

| **«Герб менен тууну жыйна» оюну** | |
|---|---|
| **Оюндун максаты** | Биздин Республика, герб жана туу жөнүнде балдардын билимин бышыктоо. |
| **Жабдылышы** | Гербдин жана туунун чагылдырылышы. |
| **Оюндун жүрүшү** | Балдар тууну жана гербди мурдатан даярдалып коюлган пазлдардан даярдашат. |
| **Физкультминутка** | Кана эмесе, балдар, турдук.<br>Өзүбүз боз үй тигебиз.<br>Дубалдар - бул керегe,<br>Келгиле, аны жаялы.<br>Шамчырактын илели,<br>Текчелерди коёлу.<br>Жабалы да! Тарталы!<br>Мына боз үй тигилди.<br>*(Балдар боз үйдү куруудагы кыймылдарды жаңсап көрсөтүшөт)* |
| **Педагог балдарды эки командага бөлүнүп, кыргыздын элдик макалдары жазылган кесилген тасмаларды чогултууну сунуштайт . Андан кийин макалдарды окуп чыгыш керек болот. Тапшырманы бат жана ынтымактуу аткарган команда жеңишке ээ болот.** | 1-команда: Канча бут кирсе, ошончо кут кирет.<br>2-команда: Атың барда – жер тааны, атаң барда – эл тааны.<br>3-команда: Мекеним – алтын бешигим.<br>4-команда: Мекени жок адам – үнү жок булбул. |
| **Педагог сабакты жыйынтыктап, 1 бала жаттаган Кыргызстан жөнүндөгү ырды угууну сунуштайт.** | Мекеним мейкин күндүн нуру төгүлгөн,<br>Тоолору бийик, бүркүт учуп жол жүргөн.<br>Жарышып жазда, күрөшүп күздө,<br>Элибиз эмгек менен эрденип күлгөн. |

**Тема: «Үй-бүлө»**

| | |
|---|---|
| **Программалык мазмуну** | Балада өзүнүн үй-бүлөсүнө карата сыйлоо жана кызыгууну калыптандыруу; бири-бири менен сүйлөшкен кишилердин жакшы жана сылык мамилеси – жакшы болуунун белгиси экендиги женүнде түшүнүктү орнотуу; сөздүн кошумча маанилерин айырмалай алуу билгичтигин (апа, апаке, апакебай; диалогдук кепти өнүктүрүүнү улантуу; сөздерду туура тандап, сүйлөмдү туура түзүү билгичтигин калыптандырууну улантуу; туугандык байланышты баалоону, жакын адамына жагымдуу бир нерсе жасоону каалоону тарбиялоо; улууларды сыйлоо жана аларга жардамдашуу. |
| **Сөздүк жумуш** | Үй-бүлөлүк альбом, үй-бүледөгү ынтымак, комплимент, салт. |
| **Усулдук ыкмалар** | Табышмак айтуу, үй-бүле сүрөттерүн карап чыгуу, оюндар, физкультминутка, балдарга суроо, сюрприздик учур. |
| **Алдын ала жумуштар** | Үй-бүлө женүнде аңгеме; *макалдарды жаттоо;* ысымдардын мааниси менен балдарды тааныштыруу. |
| **Сабакка жабдуулар** | Сүреттөр, кат, топ. |
| **Педагогдун аңгемеси** | – Балдар, карагылачы, биз бүгүн класста/тайпада канча көппүз. Мен бүгүн езубүздү туура тааныштырууну жана таанышууну үйрөнүүнү каалайт элем. А силер каалайсыңарбы? Анда мен силерге езүмдүн атымды атоону сунуштап жана бири-бирибизге көп жакшы нерселерди каалайм. Угуп тургула, муну мен кантип жасаарымды. Мен, Айгуль Бакировна, менин атым – гүл деген сөздөн келип чыккан. Мен баарыңарга гүл жана сүйүү каалайм. (Балдар ездерүнүн атын атап, таанышууну үйрөнүшет.)<br><br>Балдар, силерди үй-бүлө деп айтса болобу? Ооба, эмне үчүн?<br><br>Биз бир күн толугу менен чогуу жүрөбүз, биздин арабызда жакшы мамиле, сыйлоо бар, биз бири-бирибизди жакшы көрөбүз. Бирок бул чыныгы үй-бүлебү же жокпу? Албетте, жок.<br><br>Чыныгы үй-бүлө болгондо кимдер болуш керек? (ата, апа, чоң эне, чоң ата ж.б.) |
| **Табышмактар** | Абдан эле ак көңүл,<br>Дайыма баарын кечирет.<br>Кытыратып бат эле,<br>Пирожки бизге бышырат.<br>*(Чоң эне)*<br><br>Муруту бар, унчукпайт,<br>Кээде бир аз ачуулуу.<br>Узун сакалы бар –<br>Бул кайсы кары адам?<br>*(Чоң ата)* |
| **Педагог** | – Туура, бул табышмактар чоң эне жана чоң ата женүнде. А силер чоң атаңардын жана чоң энеңердин ысымдарын билесиңерби? |

| | |
|---|---|
| ***– Балдар, мен силерге айткан сөздөрдү уккула, алар бири-биринен эмнеси менен айырмаланарын айткыла.*** | Апа, апаке, апакебай. |
| | – Силер чоң энеңерди, чоң атаңарды, атаңарды эркелетип айтып көргүлөчү? |
| | – Эмне үчүн биз эркелеткен сөздөрдү пайдаланабыз? (Адамдын көңүлүн көтөрүш үчүн, аны кубантыш үчүн.) |
| | – Мен Айдайга эркелеткен сөз айткым келет. Айдай – менин күнүм.<br>– Сага менин эркелеткен сөзүм жактыбы?<br>– Келгиле, бири-бирибизге эркелеткен сөздөрдү же комплимент айтабыз.<br>– Комплиент деген эмне, сен кандай түшүнөсүң? (балдардын жооптору) |
| | – Азаматсыңар! Дароо эле көрүндү, биз бир чоң үй-бүлө экендигибиз.<br>– Азыр болсо, мен мобул сүрөттү көрүүнү сунуштайм. Анда эмне чагылдырылган, силер эмне деп ойлойсуңар? (Балдардын жооптору – чоң, ынтымактуу үй-бүлө) Эмне үчүн силер мынтип ойлойсуңар? |
| ***– Ой, балдар, мен сүрөттүн артынан кат таптым, аны бизге Бакыт деген бала жиберген экен, келгиле окуп көрөлү, эмне жөнүндө жазыптыр?*** | «Кымбаттуу балдар! Бул менин үй-бүлөм, мага тактаганга жардам бергилечи. Мен адашып калдым. Ким кимге кимиси болот?»<br>– Жардам берелиби? Үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүн, андан кийин кимге ким кимиси болорун атагыла. |
| **Педагог суроо берет** | • Балдар жана кыздар чоң эне жана чоң атага ким болушат? (небере балдар, небере кыздар)<br>• Кыз бала үчүн ким болот? (эже)<br>• Балдар атасы жана апасына ким болушат? (балдары)<br>• Апам атама ким болот? (аялы)<br>• Апам таятам менен таенеме ким болот? (кызы)<br>• Атам чоң атам менен чоң энеме ким болот? (уулу)<br>• Атандым жана апамдын эжесин биз кантип атайбыз (эже, таеже)<br>• Атамдын жана апамдын агасын биз эмне деп атайбыз (байке, таяке) |

| | |
|---|---|
| **Педагог** | Балдар, силер баарын туура айттыңар, биз Бакытка сөзсүз жооп кат жазабыз жана ага баарын түшүндүрөбүз. Азыр мен бир аз тыныгууну сунуш кылам жана үй-бүлөлүк көнүгүү жүргүзөбүз. Биз силер менен ынтымактуу үй-бүлөбүз. |
| **Физкультминутка** | Күз менен кышында, жай менен жазында<br>Бүтүндөй үй-бүлөбүз менен<br>Биз короого чыгабыз.<br>Туруп алып тегерек *(тегерек туруу)*<br>Ар ким зарядка кылат.<br>Апам колун кетерет *(колду жогору жана ылдый)*<br>Атам бир аз отуруп керет *(жарым отуруу)*<br>Оңго-солго бурулуп,<br>Иним Бакыт кошулат *(кол белде – бурулуу)*<br>А мен бачым жүгүрүп *(ордунда жүгүрүү)*<br>Башымды да чайкаймын *(башты буруу).* |
| **Педагог суроо берип, аңгеме жүргүзөт** | • Силердин үй-бүлөңөрдө апаңар, чоң энеңер эмне жумуш жасашат?<br>• Чоң атаңар эмне менен алектенет?<br>• Силер үйдө улууларга кантип жардам бересиңер?<br>• Ата-энеңер менен биргеликте силер кандай оюндарды ойнойсуңар? |
| **«Сөз айкашын түз» оюну** | |
| **Максаты** | Балдарды үй-бүлө деген зат атоочтон сын атоочту, сөз айкаштарын түзгөнгө үйрөтүү, сын атоочту род, сан боюнча зат атоочко ылайык келтирүү. |
| **Оюндун жүрүшү** | Балдар тегерек болуп турушат, педагог топту ыргытып сөз айтат, балдар тарабынан айтылган «үй-бүлөлүк» деген сын атооч сөзгө сөз айкашын түзүшү керек (мисалы , түшкү тамак (үй-бүлөлүк түшкү тамак), эртең мененки тамак (үй-бүлөлүк эртең мененки тамак), альбом (үй-бүлөлүк альбом). |
| **Педагог «Үй-бүлө альбому» деген темада аңгеме өткөрөт** | Үй-бүлөлүк альбом деген эмне?<br>Эмне үчүн аны түзүшөт? |
| Үй-бүлөлүк сүрөттөрдүн көргөзмөсүн көрүп, өзүнүн үй-бүлөсү жөнүндө айтып берүүнү сунуштайт. | |
| **Педагог үй-бүлөдө көп макалдар бар экенин, балдарга үйдө жатталган макалдарын айтып берүүнү эскертет.** | **Ырыс алды – ынтымак.**<br>**Ата-эне сөзү – ардактуу.**<br>**Чогулуп ичкен тамак таттуу.**<br>**Ар бир энеге баласы артык.** |
| *Макалдарды окугандан кийин, мааниси боюнча аңгеме жүргүзөт. Балдардын жоопторун салыштырып, педагог үй-бүлө – бул ар бир киши үчүн таяныч, колдоо болуп эсептелинет деп жыйынтык чыгарат.* | |

## «Кеп өстүрүү жана көркөм адабият»

***Эскертүү:*** Кеп өстүрүү жана көркөм адабият предмети боюнча 2 вариантта сабактардын иштелмелери берилди. Педагог алардын ичинен өзүнө жакканын алып пайдаланса болот же алардын материалдарын пайдалануу менен өзүнүн вариантын иштеп чыга алат.

**Тема: «Мекеним – Кыргызстан» (2 саат)**

Мекенге, Кыргызстанга байланыштуу бул сабактар болжолдуу тематикалык планга ылайык, май айынын экинчи жумасына туура келет.

**Сабактын максаты жана милдеттери:** Балдардын Мекен, Кыргызстан, мамлекетибиздин символикалык белгилери тууралуу түшүнүктөрүн тереңдетүү, аларды Мекенди сүйүүгө шыктандыруу.

| № | Мазмуну | Бала эмнелерди аткарат | Педагог эмнелерди аткарат | Ресурстар, каражаттар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | **Суроолорго адекваттуу жооп берүүгө үйрөнүү** | Балдар педагогдун суроолоруна жооп беришет.<br>Түшүнбөгөн учурлары болсо, ал суроолорун педагогго берсе болот. | Сабак педагогдун күзгө байланыштуу суроолору менен башталат:<br>– Кыргызстан тууралуу эмнелерди билебиз?<br>– Мекен дегенди кандай түшүнөбүз?<br>– Эмне үчүн биз Кыргызстанды Мекенибиз деп айтабыз? | Сүрөттөр: Герб, Туу ж.б. |
| 2. | **Текстти кунт коюп угуп, анын маанисин түшүнүүгө аракет кылуу** | Балдар ырды кунт коюп угуп, түшүнбөгөн жерлери болсо, сурашат, айрым жерлерин кайра окууну сурана алышат. | Педагог бул суроолорго жоопту уккандан кийин (балдар жакшылап жооп бере албашы мүмкүн), аларга түшүндүрмө берип отурбастан, Сайнидин Ишеновдун «Мекеним» аттуу ырына өтөт.<br>Мекеним – деген өз жерим,<br>Апакем мени тереген.<br>Мекеним – деген өз элим,<br>Мени өстүрүп кам керген. | Ырдын тексти, сүрөттөр. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Мекеним – деген баскан жер,<br>Ата-энем терин агызып.<br>Мекеним – деген өскөн жер,<br>Кепелек менен жарышып.<br><br>...Мекеним менин – ыйык жер,<br>Бабалар бизге калтырган.<br>Мекенди коргоо, урматтоо,<br>Илгертен кыргыз салтынан. | |
| 3. | **Суроолорго адекваттуу жооп берип, сөздүк менен иштөөгө көнүгүү** | Балдар педагогдун жардамы, багыттоосу менен бул суроолорго жооп беришет:<br>– Мекен деген эмне экен?<br>– Эмне үчүн Мекенди илгертен эле коргошот экен?<br>– Ыйык жер дегенди кандай түшүндүңөр? | Педагог жогору жактагы суроолорго кайра кайрылат.<br><br>*Сөздүк иштери:*<br>Бабалар – ааларыбыздын аталары.<br>Салт – дайыма сакталуучу эреже. | Суроолор, сүреттер, картиналар. |
| 4. | **Кыргызстандын мамлекеттик символикалары: туусу, гимни, герби тууралуу түшүнүк алуу, аларга карата өз пикирлерин билдирүү** | Балдар Кыргызстандын туусу, гимни, герби тууралуу билгендерин, туу менен гербдин кандай экендигин мүнөздөп айтышат.<br>Туу менен гербдин эмне үчүн ушундай жасалгандыгы боюнча ез ойлорун билдиришет. | Педагог балдардан Кыргызстандын туусу, гимни, герби тууралуу эмне билишерин сурайт.<br>Андан кийин герб менен тууну керсетүп, анын кандай экендигин айттырат, эмне үчүн алар ушундай жасалгандыгын сурайт. | Сүрөттер: герб, туу ж.б. |
| 5. | **Сүрөттөрдү карап, аларга байланыштуу ырларды угуп, текстке маани берип, салыштырууга, алардын майда деталдарына көңүл бурууга көнүгүү** | Балдар ырды көңүл коюп угуп, ырдагы ойлорду өздөрү айткан ойлор менен салыштырышат. Ыр саптарына, андагы сөздөргө көңүл бурушат. Түшүнүксүз жерлери болсо, аны педагогдон сурай алышат. | *Сайнидин Ишеновдун* **«Кыргыз желеги»** деген ырынан окуу.<br>Желбирейт эркин бийикте,<br>Кыргыздын кызыл желеги.<br>Түндүгү нурга беленген,<br>Орундап элдин тилеги. | Ырлардын тексти, сүрөттер: герб, туу ж.б. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Мисалы, «канат сермеп», «ойду термеп», «ырыскыны күндө себет» ж.б. | Анын **«Кыргыз герби»** аттуу ырынан окуу.<br>Ак шумкар ай-асманда канат сермеп,<br>Ысык-Көл чалкып жатат ойду термеп.<br>Тоолордун чокусунан Күн нур чачып,<br>Кыргызга ырыскыны күндө себет.<br>*Эскертүү:* Бул ырлар Сайнидин Ишеновдун 2008-жылы жарыкка чыккан «Мекеним» аттуу китебинен кыскартылып алынды. | |
| 6. | **Суроолорго адекваттуу жооп берүү, сүрөт менен текстти салыштырууга көнүгүү, буюмдарга, кубулуштарга карата өз пикирин билдирүү, сөздүк менен иштөө көндүмдөрүн тереңдетүү** | Балдар педагогдун көмөгү, колдоосу менен жана тууну, гербди (же сүрөтүн) карап туруп, бул суроолорго жооп беришет. | Педагог суроолорду берип, аларга жооп алат:<br>• Кандай экен Кыргыз желеги (Туусу)?<br>• «Түндүгү нурга беленгөн» дегенди кандай түшүндүңөр?<br>• Кандай экен Кыргыз герби?<br>• Эмне үчүн герб жөнүндө ырда Ак шумкар, Ысык-Көл, тоолордун чокусун нур чачкан Күн жөнүндө сөз болууда?<br>• «Кыргызга ырыскыны күндө себет» дегенди кандай түшүндүңөр?<br>*Сөздүк иштери:*<br>**Түндүгү нурга бөлөнгөн** – түндүгүнөн нур төгүлүп турган. Бул жерде тууга тартылган түндүктүн нур чачып турганы тууралуу сөз болууда.<br>**Кыргызга ырыскыны күндө себет** – кыргызга күндө жакшылык, береке, ырыскы берип, чачып турган деген мааниде.<br>*Эскертүү:* Мурда **«желек»** термини такай колдонулчу. Кийинки кезде көбүрөөк **«туу»** термини колдонулууда. Туу деген көбүрөөк туура келет. Анткени «желектин» орусчасы «флаг», «желекче» – «флажок» болуп калат. Ал эми «туу» деген «знамя» болуп которулат. Жогорудагы ырда «желек» делип калган. Негизинен «туу» деп сүйлөө керек. | Ырдын тексти, суроолор, сүреттер: герб, туу ж.б., сөздүк. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **7.** | **Суроолорго негиздеп жооп берүү, логикалык ой жүгүртүүнүн өсүшү** | Балдар педагог көрсөткөн сүрөттөр эмненин сүрөтү экендигин айтышат да, алардын мекенге кандай тиешеси бар экендиги тууралуу өз ойлорун билдиришет.<br>Балдар экинчи, үчүнчү суроолор боюнча ойлорун толук, так бере албашы мүмкүн. Ага анчалык басым жасаштын кереги жок, бул анчалык коркунучтуу эмес, эң негизгиси – балдардын бул багытта ой жүгүртүүсү маанилүү. | Педагог жаратылыштын кооз сүрөттөрүн, Кыргызстандагы белгилүү кооз жайлардын, ири мекемелердин (мисалы, Ак үй, филармония, Сулайман тоосу, Ысык-Көл, Сары-Челек ж.б.) сүрөттөрдү көрсөтөт да, «Булар эмне?» же «Булар кайсы жерлер?» деген суроону берет да, андан кийин «Алардын мекенге кандай тиешеси бар?» деп сурайт.<br>Андан кийин «Мекеним – алтын бешигим» дегенди кандай түшүнөсүңөр?» деп суроо берет. | Сүрөттөр, суроолор. |
| **8.** | **Текст куруп, баяндап айтууга көнүгүү, Кыргызстан тууралуу билгендерин тереңдетүү** | Педагогдун жардамы менен Кыргызстан тууралуу баяндап айтышат.<br>Жогорудагыдай эле, балдарга жардам берип туруу зарыл, эгерде алар ойдогудай айта албай жатса, ага токтолуп туруп алуунун зарылчылыгы жок. Алардын бул багытта ой жүгүртүүсү, аракети маанилүү. | Педагог кооз, кызыктуу сүрөттөрдү кайра көрсөтөт да, Кыргызстан тууралуу баяндап берүүнү, аңгеме жаратууну балдарга сунуш кылат. | |
| **9.** | | | Педагог өтүлгөндөрдү эске салып, мүмкүнчүлүк болсо, Кыргыз гимнин уктуруу менен сабакты жыйынтыктайт. | |

*Эскертүүлөр:*

- Бул иштелме эки саатка берилди. Педагог ал сааттарды катар өтсө же берилген материалдарды ыңгайына жараша эки саатка бөлүштүрүп алса да болот.
- Бул теманын материалдары сүрөт, айлана-чөйрө менен тааныштыруу менен түздөн-түз байланышып турат. Аны чаптоо, математика предметтери менен байланыштырууга да кеңири мүмкүнчүлүк бар.

**Тема: «Шаардагы транспорт»**

| Программалык мазмуну | Балдардын ишмердиги | Педагогдун ишмердиги | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| **Сөздүн жаңы формасын түзүү, сөздөрдү жалпылоо жана классификациялоо.**<br>**Педагог тарабынан сунушталган сюжет боюнча өз алдынча баяндоочу аңгеме түзүү, угулган аңгемеге карата жамааттык талкууга катышуу** | От алган мотордун үнүн беришет. Дөңгөлөктүн асфальттагы шуулдаган үнүн угузушат. | Көнүгүү жүргүзөт. | Көнүгүүлөр. |
| | Табышмакты табышат, бир сөз менен бир катар предметтерди аташат. | Трамвай, автомобиль, катер, теплоход, самолёт, поезд женүнде табышмак айтышат.<br>Таап жаткан мезгилде предметтик картиналар коюлат. Аларды бир сөз менен атоо сунушталат. | Табышмактар, предметтик картиналар. |
| | Суроолорго бири-бирине оюнчук машиналарды берип, эстафетадай жооп беришет. | – Өтө тез деп кайсы автомобиль жөнүндө айтса болот?<br>– Керектүү жерге эмнеде бат жетесиң – велосипеддеби же мотоциклдеби?<br>– Эмне бат жүрөт – парустук кайыкпы же катерби?<br>– Кайсынысы акырын кыймылдайт – поездби же трамвайбы?<br>– Автомобилдер кандай болот?<br>– Ким автобусту, автомобилди көрүп турду?<br>– Ким поездди башкарат?<br>– Ким ракетада учат?<br>– Ким трамвайды көрүп турат?<br>– Ким корабльди башкарат?<br>– Ким мотоциклде жүрөт?<br>– Ким велосипедде жүрөт?<br>– Ким вертолётто учат? | **«Блиц-суроо» оюну**<br>**Максаты:** так, кыска жооп берүүгө үйрөнүү.<br><br>Оюнчук – автомобиль. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Сүрөттөр үч топко бөлүнүп берилет, топтун жалпы белгисин аташат. | 3 топко сүрөттөрдү жайып коюуну сунуштайт, өзүнүн тандоосун түшүндүрөт. | Жаңы сөздөр.<br>Транспорттун түрлөрү – жер алдындагы, жер үстүндөгү, суудагы, абадагы. |
| | Суроолорго жооп беришет. Биздин шаарда танспорттун кайсы түрүн кездештирсе болот, атап беришет. | Педагог аңгеме жүргүзөт.<br>*Жер алдындагы транспорт эмне үчүн керек?*<br>*Биздин шаарда транспорттун мындай түрү барбы?.*<br>*Шаардагы жол кыймылын эмне жөнгө салып турат?* | |
| | Ырды кайталашат, кыймылды аткарышат<br>**Кызылда** – токтоп турушат,<br>**Сарыда** – кол чабышат,<br>**Жашылда** – ордунда басышат.<br>(Үч бала баштарына кружка көтөрүшүп, светофорду чагылдырышат.) | **Физкультминутка.** | Светофор (үч кружка: кызыл, сары, жашыл)<br><br>**Кызыл түс** – *өтүүгө болбойт,*<br>**Сары** – *жолго даярдан,*<br>*Ал эми* **жашыл түс** – *жөнө!* |
| | Балдар жаңы сөздөр менен таанышышат. | Жол кыймылынын эрежесин бузуу – өмүр үчүн коркунучтуу! Ошондуктан жол коопсуздугун автоинспектор катуу көзөмөлдөйт, зарыл болгон мезгилде жол кыймылын жөнгө салат. | Сүрөттөр «Тескөөчү», «автоинспектор». |
| | Өзүнүн болгон окуясын айтат, досторунун айткандарын угат. Тарыхты талкуулашат, өздөрүнүн баасын беришет (Беттин элесин (смайлик) көргөзүшүп, өздөрүнүн тандоосун түшүндүрүшөт). | Педагог балдарга өзүнүн жашоосу жөнүндө же «Жолдогу окуя» деген тема боюнча сюжет айтууну сунуштайт жамааттык талкууну уюштурат:<br>– *Силерге аңгеме жактыбы? Ким өз оюн айткысы келет?*<br>Эң жакшы аңгемелер сыйланат. | Светофор.<br>Баалоо үчүн беттердин элестери. |

**Тема: «Таяныч сөздөр менен аңгеме түзүү»**

| Программалык мазмуну | Балдардын ишмердиги | Педагогдун ишмердиги | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| **Байланыштуу кепти өнүктүрүү (диалог жана монолог).**<br>**Өз алдынча баяндоо мүнөзүндөгү аңгемени түзүү, угулган аңгемени жамааттык талкуулоого катышуу.**<br>**Сөздүк запасты байытуу** | Бири-бирине суроо беришет, ага жооп беришет. | Мурдагы сабактын темасын эстөөнү сунуш кылат жана бири-бирине суроо бердиртет. | Микрофон.<br>Туу жана герб жөнүндө интервью. |
| | Балдар табышмакты жандырышат, сүрөт-табышмакты табышат.<br>Предмет жөнүндө билгенин айтышат, аңгемени толукташат. | Табышмак айтат.<br>Сүрөт-табышмакты табууну сунуштайт.<br>Суроо берет, ар бир сүрөт боюнча анча чоң эмес аңгеме жүргүзөт.<br>*– Кыргызстандын картасы эмне үчүн күрөң түскө боёлгон?*<br>*– Терезеден биз кайсы тоолорду көрүп турабыз?*<br>*– Алмалар кайда өсүшөт? Биздин өлкөнүн бактарында дагы эмне өсөт?*<br>*– Кыргызстандын талааларында эмне өсөт?*<br>*– Силер Ысык-Көл жөнүндө эмне айта аласыңар?*<br>*– Кыргызстандын элинин составын кайсы улуттун элдери түзүшөт?*<br>*– Биздин мамлекетте элдер кандай жашашат?* | Табышмактар, сүрөт-табышмактар, «Кыргызстандын картасы» демонстрациялык колдонмосу, тоолор, дарыянын жанындагы тюльпандар, токой, Ысык-Көл, илбирс, алма, пахта, дидактикалык колдонмо: «Боз үй», шаар, улуттук кийимчен балдар, майрам. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Текстке карап кыймыл жасашат: басышат, оңго бурулат, солго, колдорун ажыратышат, аны менен булгалашат, канаттуунун учканын туурап көрсөтүшөт. Эңкейишет, колдорун жогору көтөрүшөт, колдорун чапкылашат. | **Физкультминутка өткөрөт.** | **Физкультминутка.**<br>Жерибизде баратабыз чогуу,<br>Оң жакта – бийик тоолор,<br>Солдо – дарыя менен токойлор,<br>Бул токойдо укмуштар көп.<br>Мына куштар учуп жүрөт,<br>А бул изи түлкүнүн,<br>Асманда күн жаркырайт!<br>Балдар да, чоңдор да кубанат! |
| | Картинага таянып, мамлекет жөнүндө аңгеме түзүшөт, аны курчап тургандарга сунушташат.(Мамлекеттин өкүлү болгон бала Кыргызстандын символикасы менен бейджик тагынат.)<br>Мурда жаттаган ырын айтат. | «Презентация» жөнүндө кыскача айтып берет, «башка мамлекеттин жашоочуларына» мамлекетти тааныштырууну сунуштайт. | **«Презентация» ролдоштурган оюну**<br>Максаты: монолог кебин өнүктүрүү, өзүнүн аңгемесин угуучуларга «сунуштоо» билгичтиги.<br>(Указка, ар түрдүү мамлекеттердин символикасы менен бейджиктер) «Менин жерим жакшы» ыры. |
| | – өздөрүнүн каалоосун айтышат,<br>– мамлекеттин картасынын четиндеги чоң плакатка өздөрүнүн алакандарын чийишет, аттарын жазышат. | Биз өзүбүздүн мамлекетибизге эмне каалай алабыз? Каалоону аткаруу биздин ар бирибизден көз каранды. | Мамлекеттин картасы бар плакат, фломастерлер. |

## «Сабат ачуу»

***Эскертүү:*** Сабат ачуу предмети боюнча 2 вариантта сабактардын иштелмелери берилди. Педагог алардын ичинен өзүнө жакканын алып пайдаланса болот же алардын материалдарын пайдалануу менен өзүнүн вариантын иштеп чыга алат.

**1-вариант**

### Тема: «[Р] тыбышы жана «Р, р» тамгасы» (1 саат)

Бул сабактар болжолдуу тематикалык планга ылайык, май айынын экинчи жумасынын аягына, жалпы предметтер боюнча «Мекеним – Кыргызстан» аттуу темага туура келет. Бул тамга КЫТтагы акыркы сегизинчи таблица болуп саналат. Анда беш тыбыш жана тамга (з, в, р, ф, я) бар. Бирок буга чейин **«з», «в»** тыбыштары, тамгалары өтүлүп, **«ф», «я»** тыбыштары, тамгалары ушул **«р»** тыбышынан, тамгасынан кийин өтүлмөкчү.

**Сабактын максаты жана милдеттери: «р»** тыбышынын сөздөрдөгү ордун, айтылуу өзгөчөлүгүн аныктатып, бул тамганын элесин балдардын аң-сезимине бекем чагылдырып, балдардын графикалык жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү менен, алардын кебин, чыгармачылыгын, кыял чабытын өстүрүү.

| № | Мазмуну | Бала эмнелерди аткарат | Педагог эмнелерди аткарат | Ресурстар, каражаттар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | **Тыбыштын, тамганын сөздөгү ордун аныктай алышат** | Балдар педагог көрсеткен сүрөттөрдү пайдаланып, **«р»** тыбышы башында, ортосунда, аягында келген сөздөрдү айтышат. | Педагог сүрөттөрдүн жардамы менен **«р»** тыбышы катышкан сөздөрдү айттырат. Ал эмне үчүн сүрөттөрдү пайдаланат. Анткени кыргыз тилинде бул тамга менен башталган сөздөр жок. Алар башка тилдерден кирген сөздөр. Мисалы: **р**акета, **р**ельс ж.б. Педагог бул тыбыш ортосунда, аягында келген сөздөрдү да айттырат: та**р**ак, ка**р**а, са**р**ы, ка**р**, ы**р**, ба**р** ж.б. Анан да «**Т**ракто**р** т**р-р-р** деп тыты**р**ады» деген сыяктуу сүйлөмдөрдү да колдонот. | КЫТтын сегизинчи таблицасы, сүрөттөр. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **2.** | **Балдардын аң-сезиминде тамганын элеси калыптанат** | Балдар КЫТтын акыркы сегизинчи таблицасы менен иштешет. Анын жардамы менен **«р»** тамгасын жасашат. | Педагог КЫТ менен **«р»** тамгасын жасаттырат.<br><br>Балдар өтүлө элек башка да тамгаларды жасап кириши мүмкүн.<br><br>Бул учурда педагог балдардын бул ишине бир аз убакыт берет, балдар башка тамгаларды жасап көрүшсүн. Бирок бул тамгалар талкууга алынбайт. Балдар бул тамгалар кийин өтүлөрүн эздөрү деле билишет. Ошентсе да, бул тууралуу эскертүү менен, көңүлдү **«р»** тамгасына бурууну сунуш кылат. | КЫТтын сегизинчи таблицасы. |
| **3.** | **Балдардын салыштыруу жөндөмү, изденүүсү, кыял чабыты өсүп, өз алдынчалыгы өркүндөйт** | Балдар айлана-чөйреден, турмуштан **«р»** тамгасына окшош буюмдарды табышат.<br><br>Балдар пластилинди, колдо бар буюмдарды пайдаланып, **«р»** тамгасын жасашат. | Педагог балдарга айлана-чөйрөдөн, турмуштан **«р»** тамгасына окшош буюмдарды табууну сунуш кылат. Бул багытта ал балдарга багыт берип, көмөк көрсөтөт.<br><br>КЫТ комплектинде баскетболдун тегерегин жасоо үчүн тик тактага велосипеддин ортосундагы темирлери түшүп калган дөңгөлөгүн кагып жаткан сүрөт берилген. Ал **«р»** тамгасына окшоп калган.<br><br>Педагог пластилинди, колдо бар буюмдарды (калем, ручка, айлана ж.б.) пайдаланып, **«р»** тамгасын жасоону сунуштайт. | Пластилин, калем, ручка, айлана ж.б. буюмдар, сүрөттөр. |
| **4.** | **Балдар сөздөгү тыбыштарды, алардын ордун аныктап, бул боюнча билгендерин бышыкташат** | Балдар сөздөрдөгү тыбыштарды фишкалар менен белгилешет.<br><br>Балдар сүрөттөрдү боёп, сызыктарды кайталашат, эки сызыкты ортосу менен сызышат, чекиттер боюнча туташтырып чийишет. | Педагог сөздөрдөгү тыбыштардын ордуна фишкаларды коюуну сунуш кылат.<br><br>Тиешелүү сүрөттөрдү пайдаланып, аларды боётуп, штрихтер аркылуу сыздырып, балдардын графикалык жазуу көндүмдөрүн өстүрөт. | Фишкалар, кыркма тамгалар, сөздөр, сүрөттөр. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **5.** | | *Эскертүү*: Балдар тамгалар менен кандай тартипте иштөөнү жалпысынан билип калышат. Андыктан мурдагы сабактарга караганда бул иш-аракеттерди аткаруу улам мурдагыга караганда жеңилирээк боло берет. | | |
| **6.** | **Балдардын ой жүгүртүүсү, кыялдануусу, чыгармачылыгы өсөт** | Балдар тамгаларга байланыштуу ырларды, кызыктуу окуяларды ойлоп тапканга аракет кылышат. Мында аларга педагог жардамга келет.<br><br>Балдар колдон келишинче окуяларды ойлоп тапканга, педагог токтотуп койгон окуяны улантууга аракет кылышат. | Педагог бул тамгаларга байланыштуу ырларды, окуяларды ойлоп табууну сунуш кылат.<br><br>Бул иш-аракетте кебүреөк убакыт берип, балдарга жол керсөтсө, бул багытта ийгиликтерге жетүүгө болот.<br><br>Педагог **«п»** тамгасынын элесине байланыштуу бир жөнекей окуяны айтып келип, аны кызыктуу жеринен токтотуп, андан ары улантууну балдардан суранса болот. Же болбосо окуяны толук айтып, эми аны езгертүүнү, башкача кылып айтууну сунуш кылууга болот. Сүрөттер менен аңгеме түздүрүүгө да болот.<br><br>КЫТ комплектинде төмөнкү ыр сунуш кылынган:<br><br>Тик таякка **О**ну ассам **Р** болду,<br>Куржун кылып теңдеп койсом **Ф** болду.<br>Экөөнү тең бир жагына коюп койсом **В** болду,<br>Бул эмне, **8**би деп көргөндөр да таң болду.<br><br>Муну да пайдаланууга болот. Мында етүле элек **«ф»** тамгасына атайын токтолбойт. Аны кийинки сабакта карайбыз деп эскертип кетет. | КЫТтын акыркы сегизинчи таблицасы, сүрөттөр. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Педагог колунда бар болсо, Нурпаис Жаркынбаевдин **«Кар тилеген каргалар»** аттуу ырын колдонсо болот. Анда карды сагынып, кар тилеп **«кар-р, кар-р»** деген каргалар тууралуу сөз болот. | |
| **7.** | **Балдардын элестетүүсү, бөлүктөрдөн тамга куроо билгичтиги артат** | Балдар таякчаларды, тегерекчелерди пайдаланып, жогорку тамгаларды жасашат. | Педагог кагаздан тик таякча, тегерек сыяктуу фигуралардан көп кыркып алып, аларды пайдаланып, бул тамгаларды жасатса болот. | Тик таякча, тегерек сыяктуу фигуралар. |
| **8.** | | | Педагог өтүлгөн бөлүктөргө балдардын көңүлүн дагы бир жолу буруу менен, сабакты жыйынтыктайт. | |

*Эскертүү:*

- [Р] тыбышын, тамгасын өтүү бир топ кыйынчылыктар менен коштолот. Биринчиден, «р» тыбышы менен башталган Рысбай деген сыяктуу сөздөр эле болбосо, кыргыз тилинде андай сөздер дээрлик жокко эсе. Экинчиден, бул куракта бул тыбышты айта албаган балдар болушу мүмкүн. Бул учурда педагог бул тыбышты айттыруу боюнча алар менен жекече иш алып барса болот. Ал эми, балдардын кезүнчө алардын тыбышты айта албасына басым жасап туруп алууга, бул балдарга «р» тыбышын кайра-кайра кайталатып айттыра берүүгө болбойт.
- Мурдагы сабактын иштелмесинде белгиленгендей, бул материалдарды «Мекеним – Кыргызстан», сүрөт, музыка, айлана-чөйрө жана математика (0, 1, 10 сандары) менен менен байланыштыруу зарыл.

**Тема: «Ф тыбышы жана Ф ф тамгасы» (1 саат)**

Балдар тамгалар менен кандай тартипте иштөөнү жалпысынан билип калышат. Андыктан мурдагы сабактарга караганда бул иш-аракеттерди аткаруу улам мурдагыга караганда жеңилирээк боло берет. Бирок мурдагы **«р»,** бул **«ф»** тыбыштары, тамгалары, кийинки «я» тамгасы да башкаларга салыштырмалуу иштегенге бир топ кыйыныраак болот. Анткени **«ф», «я»** тыбыш, тамгалары катышкан сөздөр кыргыз тилинде жок, алар башка тилдерден кирген. Ошондуктан булар катышкан сөздөр аз. **«Р»** тыбышы, тамгасы сөз башында Рысбай дегенден башка учурларда келбейт. Ал эми, **«я»** тамгасы тыбышсыз тамга деп эсептелип, ал эки тамгадан турат. Албетте, бул өзгөчөлүктөр окутууда кыйынчылык жаратпай койбойт.

**Сабактын максаты жана милдеттери:** сөздөгү, кептеги **«ф»** тыбышынын ордун аныктап, бул тамганын элесин, анын башка тамгалардан айырмачылыгын балдардын аң-сезимине чагылдырып, алардын графикалык жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүп, балдардын кебин, изденүүсүн, чыгармачылыгын, ой чабытын, кыялын өстүрүү.

| № | Мазмуну | Бала эмнелерди аткарат | Педагог эмнелерди аткарат | Ресурстар, каражаттар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | **Балдар тыбыштын сөздөгү ордун аныктаганга үйрөнүшөт** | Балдар **«ф»** тыбышы кеткен бумдарды аташат. | Педагог **«ф»** тыбышы катышкан буюмдарды айттырат. Аны үчүн ал сүрөттөрдү (**ф**онарь, **ф**ишка, **ф**акел, ко**ф**е, ка**ф**е ж.б.) пайдаланса болот. «Акыл сасык жыт келгенде, **«фу-у»** деп тетири карап, **«тфу»** деп түкүрүп жиберди» деген сыяктуу сүйлөмдөрдү колдоно алат. | Сүрөттөр. |
| 2. | **Тамганын элеси, анын башка тамгалардан айырмасы балдардын башында калыптанат.** | Балдар КЫТты пайдаланып, **«ф»** тамгасын жасашат. | Педагог КЫТтагы акыркы сегизинчи таблица менен иштетип **«ф»** тамгасын жасатат. | КЫТтын акыркы сегизинчи таблицасы, кыркма муундар. |
| 3. | **Балдардын аң-сезиминде тамганын элеси бекемделүү менен, алардын элестетүүсү, салыштыруу жөндөмү, кыял чабыты, чыгармачылыгы өсөт** | Педагог кыркып, даярдап койгон ар кандай фигураларды, пластилинди пайдаланып, **«ф»** тамгасын жасашат. | Педагог таякчаларды, тегеректелерди кыркып коюп, алардын жардамы менен, пластилинди пайдаланып да **«ф»** тамгасын жасата алат. | Ар кандай фигуралар, таякчалар, тегеректелер, пластилин. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Педагогдун керсетмесү менен тамгалардын бөлүктөрүн пайдаланып, тамгаларды жасап, езгертүп ойношот. | Педагог бул тамгаларды, алардын бөлүктөрүн кагаздан же башка материалдан кыркып алат да, бул тамгаларга байланыштуу оюндарды ойното алат. Мисалы, **«Р»** тамгасын тескерисинен айлантып, анын бир таякчасын алып (кыркып) койсо, **«Я»**га окшоп калат. Же ошол **«Р»** тамгасынын сол жагына бир тегерекчени кошсо, **«Ф»** болуп калат. Педагог бул тапшырмаларды аткарууда балдарга болушунча эркиндик берип. Алардын өз алдынчалуулугун арттырууга басым жасайт. Анткени, туура багыт, жардам берилсе, балдар бул тапшырмаларды өз алдынча ийгиликтүү аткара алышат. | |
| **4.** | **Балдардын кыял чабыты, чыгармачылыгы өркүндөйт** | Балдар жалгыздан, экиден болуп, **«ф»** тамгасынын элесин чагылдырышат. Практика көрсеткөндей, балдар көпчүлүк учурда эки колун эки бөйрөгүнө алган баланы чагылдырышат. | Педагог тамгалардын элесин жасоону, аларды турмуштагы буюмдардан табууну сунуш кылат.<br>Ал **«ф»** тамгасына байланыштуу ырларды таба алса, аларды да пайдалана алат. | Сүреттөр, ырлар. |
| **5.** | **Балдар сөздөгү тыбыштардын ордун аныктай алышат, үндүү, үнсүз, каткалаң, жумшак үнсүздөр тууралуу билимдерин, билгичтиктерин бекемдешет** | Балдар сөздөрдү муундарга бөлүп, муундагы, сөздөгү тыбыштарды фишкалар менен белгилешет. | Педагог балдарга сөздөрдү муундарга бөлүү жана алардагы тыбыштарды фишкалар менен белгилөө тууралуу тапшырма берет.<br>Педагог балдарга бул багытта багыт, көрсөтме берип турат. | КЫТтын акыркы сегизинчи таблицасы, муундар, сөздер, сүреттер. |
| **6.** | **Балдардын ойлоп табуусу, изденүүсү, чыгармачылыгы өсөт** | Педагогдун көрсөтмөсү, көмөгү менен, балдар бул тамгаларга байланыштуу окуяларды, ырларды, жомокторду ойлоп табууга аракет кылышат. | Педагог балдарга бул тамгаларга байланыштуу окуяларды, ырларды, жомокторду ойлоп табууну сунуш кылат. Ар бир айтылган ойду колдоп, балдарды чыгармачылыкка шыктандырып турат. | КЫТтын акыркы сегизинчи таблицасы, сүреттөр, ырлар. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Бул багытта КЫТта төмөнкү ырлар берилген:<br>Зпү десем **«З»** экен,<br>**І** таяк кошсом **«В»** экен.<br>Айланып анан **«Р»**, **«Я»**га,<br>**«Ф»** болгон фокус тамга экен.<br>Педагог буларды да пайдалана алат. Ошондой эле мурдагы сабакта колдонгон бул ырды да пайдалана алат:<br>Тик таякка **О**ну ассам **Р** болду,<br>Куржун кылып теңдеп койсом **Ф** болду.<br>Экөөнү тең бир жагына коюп койсом **В** болду,<br>Бул эмне, **8**би деп көргөндөр да таң болду.<br>Педагог бул сабакты бардык предметтер үчүн жалпы тема болгон «Мекеним – Кыргызстан» менен байланыштырып, төмөнкүдей ыкманы сунуш кылса болот. Аны үчүн чоң кагазга **«Ф»** тамгасын чоң кылып жазып, аны кыркып алат. Кийин аны ортосунан тигинен бөлөт, ошондо эки **«Р»** тамгасы пайда болот. Аларды туунун фонунда кармап, эмнеге окшош экендигин суроого болот же аны улантып, айлантып тартуу менен, педагог туунун сүрөтүн тарта алат. Андан кийин алардан сураса болот:<br>• **«Р»** тамгасы менен туунун кандай окшоштугу, жакындыгы бар экен?<br>• Кыргызстандын туусун кайсы жерден кере аласыңар?<br>• Туу жөнүнде эмнелерди билесиңер?<br>• Анын түсү кандай? ж.б. | |
| **7.** | | | Педагог етүлген белүктерге балдардын көңүлүн дагы бир жолу буруу менен сабакты жыйынтыктайт. | |

*Эскертүү:*

- Мурдагы сабактын иштелмесинде белгиленгендей, бул материалдарды «Мекеним – Кыргызстан», сүрөт, музыка жана айлана-чөйре менен байланыштыруу зарыл.

**Тема: «Я» тамгасы. Ёттошкон тамгалар» (1 саат)**

Буга чейин ёттошкон тамгалар боюнча жалпы түшүнүк берилип, алардын **«я»** тыбышы, тамгасынан башкасы өтүлүп бүткөн болот.

Сабактын максаты жана милдеттери: сөздөгү, кептеги «я» тамгасынын ордун аныктап, бул тамганын элесин, анын башка тамгалардан айырмачылыгын балдардын аң-сезимине чагылдыруу, алардын графикалык жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү, балдардын кебин, чыгармачылыгын, өз алдынчалуулугун өстүрүү.

| № | Мазмуну | Бала эмнелерди аткарат | Педагог эмнелерди аткарат | Ресурстар, каражаттар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | **Тамганын сөздөгү ордун аныктоо боюнча билгичтиктерин бекемдешет** | Балдар **«я»** тамгасы менен таанышып, ал катышкан сөздөрдү айтышат, анын сөздүн кайсы жеринен орун алгандыгын аныкташат. | Педагог **«я»** тамгасы катышкан сөздөрдү айттырат, ал сөздүн кайсы жеринде келгендигине көңүл бурат. «Кыял, **«ыя»,** – деп Марат тарапты карады» деген сыяктуу сүйлөмдөрдү да колдоно алат. | Сөздөр, сүрөттөр. |
| 2. | **Ёттошкон тамгалар тууралуу билимдери бекемделет** | Балдар **«я»** тамгасынын кайсы тамгалардан турарын (й+а) аныкташат, бул тамгалар кандайча аталарын (ёттошкон тамгалар) айтышат. | **«Я»** тамгасы кайсы тамгалардын биригүүсүнөн турарын аныктоо боюнча тапшырма берет. | **«Я»** тамгасы боюнча чийме (я=й+а). |
| 3. | **Тамганын элеси, анын башка тамгалардан айырмасы жана аларга жакындыгы балдардын башында калыптанат** | КЫТ комплекти менен иштеп, андан **«я»** тамгасын жасашат. | КЫТ комплекти менен иштеп, **«я»** тамгасын жасоону тапшырат. | КЫТтын акыркы сегизинчи таблицасы. |
| 4. | **Тамганын элеси балдардын аң-сезиминде бекемделет** | Балдар пластилиндин, ар кандай фигуралардын (таякчалар, айланалар, тегерекчелер ж.б.) жардамы менен **«я»** тамгасын жасашат. | Пластилинден, ар кандай фигуралардан **«я»** тамгасын жасоону тапшырат. | Пластилин, ар кандай фигуралар. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 5. | **Сөздөрдөн тамгаларды табууну үйрөнүшөт** | Балдар педагог сунуш кылган материалдардан, сөздөрдөн «я» тамгасын табышат. | Педагог класстагы/тайпадагы, балдар китептериндеги, алфавиттеги, жарнактардагы, езү жазган сөздөрдөгү ж.б. материалдардан **«я»** тамгасын табууну сунуш кылат. | Сөздер, китептер. |
| 6. | **Балдардын тамганын элесин элестете алуусу, изденүүчүлүк жөндөмү артат** | Балдар тамганын элесин айлана-чөйрөдөн, турмуштагы буюмдардан издешет. | Педагог тамганын элесин езүнүн айлана-чөйресүнен, турмуштагы буюмдардан, сүреттөрдөн табууну сунуш кылат. | Сүреттөр, ар кандай буюмдар. |
| 7. | **Буюмдардын, тамгалардын кебете-кешпирин сүрөттөп айтып берүүгө үйрөнүшөт. Алардын кеби өсүү менен, элес-тетүү жөндөмү, кыял чабыты, чыгармачылыгы өсөт.** | Балдар **«я»** тамгасынын элеси кандай экендигин сүреттеп айтышат. Аны менен байланыштырып ар түрдүү окуяларды, ырларды айтканга аракет кылышат.<br><br>Педагог сунуш кылган, КЫТтан алынган ырларга карата өз ойлорун айтышат. Бул ырларды езгертүп түзүп, ага кошумчаларды киргизе алышат. | Педагог **«я»** тамгасын мүнездеп айтып берүүнү, ага байланыштуу окуяларды ойлоп табууну, ырларды айтууну сунуш кылат.<br><br>«КЫТ» комплектинде **«я»** тамгасына карата теменкүдей ыр сунуш кылынган. Педагог бул ырды пайдалана алат.<br><br>**Я тамга**<br><br>**Л** тамга абдан балбанбы,<br>**О**ну кетерүп алганы.<br>Заматта **Я**га айланып,<br>Менменсинип калганы.<br><br>Ошондой эле мурдагы сабакта сез болгон бул ырды да пайдалана алат.<br><br>Зпү десем **«З»** экен,<br>**І** таяк кошсом **«В»** экен.<br>Айланып анан **«Р»**, **«Я»**га,<br>**«Ф»** болгон фокус тамга экен. | КЫТ комплекти, андагы тамгаларга байланыштуу ырлар. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Бул ырлар КЫТ комплектинен алынды. КЫТ комплекти тууралуу маалымат, андагы ырлар тиркемелерде берилди.<br><br>Педагог аны улантып, жогорудагы ыр менен байланыштырып, төмөнкүдөй суроолорду берсе болот:<br>• Балбан адамдардын Кыргызстанга кандай жардамы тиет деп ойлойсуң?<br>• Кыргызстандык кандай балбандарды билесиң?<br>• Билимдүү адамдарды балбан дегенге болобу? Алардын Мекенге кандай пайдасы тиет?<br>• Сен Мекениң – Кыргызстанды сүйөсүңбү? Ага кантип жардам беришиң мүмкүн? ж.б. | |
| **8.** | | | Педагог етүлген бөлүктөргө балдардын көңүлүн дагы бир жолу буруу менен сабакты жыйынтыктайт. | |

*Эскертүү:*

- Мурдагы сабактын иштелмесинде белгиленгендей, бул материалдарды «Мекеним – Кыргызстан», сүрөт, музыка, математика (фигуралар, таякчалар, сандар ж.б.) жана айлана-чейре менен менен байланыштыруу зарыл.

Болжолдуу тематикалык планды пайдалануу менен, сабат ачуу боюнча тогуз сааттын иштелмесинин үлгүсү берилди. Педагог койгон максат, милдеттерине ылайык, жергиликтүү шартты, балдардын деңгээлин эске алуу менен, бул иштелмени езгертүп түзе алат, айрым жерлерин алып салып, башка жерлерине кошуп, кээ бир материалдарды алмаштырып, езүне ылайыктап алганга толук укуктуу. Ал бул иштелмелерди негиз кылып алып, сабактын үлгүсүн толугу менен башкача да түзе алат. Бул иш-аракет педагогдун өз ишине кызыгуусуна, чыгармачылыгына, жоопкерчилигине, өз балдарын канчалык билгенине жараша болмокчу.

Жаңы чыйыр салынып жаткан жолдо ишиңизди ийгилик коштосун, урматтуу ПЕДАГОГ!

**2-вариант**

**Тема: «Өтүлгөн тамгаларды пайдаланып муундар, сөздөр, сүйлөмдөр менен иштөө. Табышмактар, жаңылмачтар, кроссворддор» (бышыктоо)**

| Программалык мазмун | Балдардын ишмердиги | Педагогдун ишмердиги | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| **Мурдагы сабактардан алынган көндүмдөрдү бышыктоо: сөздөргө анализ жана синтез жасоого көнүгүү; сөздү окуп жана сүйлөмдөр менен кеп өстүрүү.**<br>**Майда моториканы өнүктүрүү** | Балдар тамгалардан Мекен деген сөздү коюп чыгышат, сөздүн чиймесин чийишет. | Биздин мамлекет кантип аталат?<br>Сен туулуп жана жашаган жер Ата Мекен деп аталат.<br>Бүгүн биз туулган жерге саякатка чыгабыз. | Кыргызстандын картасы, шаардан шаарга стрелка керсеткүч.<br>Балдарда тапшырмасы менен жекече кагаздар. |
| | Транспорттун түрү тандалат.<br>Ыр ырдашат. | Кыргызстан боюнча эмне менен саякаттоо ыңгайлуу? | «Ромашковадан паровоз» мультфильминин ырынан аудиожазуу. |
| | 1. Тамгаларды бөлүкчөлөрдөн чогултушат.<br>2. «Жоголгон» тамгаларды сөзге коюп окушат.<br>3. Картинадагы предметтердин аталышынын биринчи тамгасы боюнча картинадан сөздү табышат.<br>4. Балдардын көкүрөгүнө сөз жазылган тактай бекитилет. Окуучулар сөздөрдөн сүйлөм түзүшөт, тиешелүү жерге коюшат. | Карта менен жылып баратып, ар бир шаарга «токтоо» жана оюн ташырмаларын аткаруу сунушталат. Тапшырманын аткарылышын көзөмөлдөө. | Жекече баракчалардагы оюн:<br>**1. «Чачылган тамгалар»**<br>**Максаты:** *тамганын графикалык образын калыбына келтирүү.*<br>**2. «Тамганы ордуна коюп, сөздү оку»**<br>**Оюндун максаты:** *сөздү ордуна коюу*<br>**3. «Шифрделген сөздөр»**<br>**Максаты:** *керектүү тамганы же сөздү табууда оюн топтоштура билүүнү, байкагычтыкты, көңүл буруучулукту өнүктүрүү.*<br>**4. «Сөздөрдөн сүйлөм кур»**<br>**Максаты:** *деформацияланган сүйлөмдөрдү ордуна коюу (сөздөр жазылган тасмалар, төөнөгүчтөр).* |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Эсеп менен гимнастикалык көнүгүүлөрдү аткарышат. | **Физкультминутка өткөрөт.** | **Физкультминутка**<br>1, 2 – башты жогору,<br>3, 4 – колду кенен,<br>5, 6 – акырын отур. |
| | 5. Макалдарды стрелка боюнча окушат, анын маанисин түшүндүрүп беришет.<br>6. Кроссворд толтурушат. | Макалдардын түшүндүрмөсүн угушат, ал жөнүндө аңгеме жүргүзөт.<br>Кроссворду толтуруунун эрежесин түшүндүрөт. | Макал: Эмгек эрезеге жеткирет.<br>Кроссворд:<br>1. Кыргыздарда эркектердин баш кийими (калпак).<br>2. Кыргызстандын токойлорунда жашаган, мышыктар уруусуна кирген жаныбар (сүлөөсүн).<br>3. Тоолордо жашаган, сейрек кездешүүчү чоң мышык (илбирс).<br>4. Бою бийик, жылдызга чейин жетчүдөй (тоолор).<br>5. Бээнин сүтүнөн суусундук (кымыз).<br>6. Ысык-Көл – бул…(көл).<br>7. Кыргызстандын гербинде чагылдырылган канаттуу (шумкар).<br>8. Көчүп жүрүүчү жылуу үй (боз үй).<br>9. Баткен областында өсүүчү, сейрек кездешүүчү гүл (Айгүл).<br>10. Кыргыздардын улуттук эпосундагы баатыр (Манас). |
| | «Менин Мекеним – Кыргызстан» сүрөтүн боёо. | Саякаттын жыйынтыгы чыгарылат, сүрөттү боёо сунушталат. | Боёмо – сүрөт. |

**Сабактын темасы: «Й» тамгасы, жумшак үнсүз тыбышты түшүндүрүү [й]»**

| Программалык мазмун | Балдардын ишмердиги | Педагогдун ишмердиги | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| **[Й'] тыбышын туура айтууну калыптандыруу; фонематикалык угуусун, көңүл буруусун жана эске тутуусун өнүктүрүү; сөздөрдүн анализи менен синтезине көнүгүү; «Й» тамгасы менен таанышуу.** <br><br> **Майда моториканы өнүктүрүү** | Так айтма (чистоговорка) айтышат <br> Ай-ай-ай — жакында май. <br> Уй-уй-уй — сүттен куй. <br> Ой-ой-ой — жакында той. <br> Эй-эй-эй — суу ич эй. | Балдар менен так айтма айтышат. | Так айтма. |
| | Сүрөттөрдү карашат. <br> Сүйлөмдү окушат, кайсы тыбыш жоголгонун аныкташат. | Балдарга сүрөттү көргөзүп, фразаны окууну сунушташат.. <br> Кыргызстан – менин сүүктүү өлкөм! <br> Кайсы тыбыш жоголду? | «Менин Кыргызстаным» темасына балдардын сүрөттөрү. |
| | Балдар сүрөттү карашат, эгер сөздө [й] тыбышы болсо, кол чабышат. <br> Предметтерди аташат, сөздөрдү муундарга бөлүшөт, сөздөгү тыбыштын ордун аныкташат. | Педагог балдарга тыбыш жөнүндө айтат: <br> *Бул тыбыш силерге тааныш. Биз* **«е», «я», «ё»** *тамгаларын окуганыбызда, аны жолуктурабыз.* <br> Предметтик картиналар көрсөтүлөт, **«Й»** тыбышы менен картинаны доскада калтырышат, сөздө кайсы жерде тыбыштын бардыгын балдардан сурайт. | **«Тыбышты тап» оюну** <br> **Максаты:** *сөздөгү тыбышты таануу.* <br> Предметтик картиналар: майка, чымын, китептер, үй, чай, сарай, ак чардак, уйгак, суу куйгуч. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Күзгүдөн [й] тыбышынын ай-тылышын байкашат, ага мүнөздөмө беришет. | *[й] тыбышын айтабыз. Көңүл бургула: бул тыбышты айтканда биз жылмаябыз, тил такалып, тиштер ачылат.*<br>*1. Тыбышка мүнөздөмө бергиле (далилдегиле).*<br>*2. Кулагыңарды жаап, тыбышты айткыла. Эмнени уктуңар?*<br>*3. Жыйынтык чыгаргыла: катка-лаң же жумшак.*<br>*4. Катталаң же жылчыкчыл, анык-тагыла.*<br>*5. Кайсы түстөгү фишка менен биз аны түшүндүрөбүз?*<br>*Тыбышка мүнездөмөнү кайтала-гыла.* | Күзгү. |
| | Тамга менен таанышышат, анын эмнеге окшош экенин түшүн-дүрүшөт, тамгаларды таякча-лардан жана жиптерден коюшат, бири-биринин далысына баш тамга Й-ды, кичинекей тамга й-ды жабыштырышат. Тамга жөнүндө ырды кайталашат. | Балдарды жаңы тамга менен таа-ныштырат:<br>*Й тамгасы эмнеге окшош?* | Й тамгасы, эсептегич таякчалар жана жиптер.<br>Ыр:<br>**Мына кыска И-ни карачы.**<br>**Үч ийне, Үстүндө жип.** |
| | Ырдашат жана педагогдун артынан кыймылын туурашат. | **Физкультминутка.** | **Оюн: «Эгер сага жакса, анда мындай жаса…».**<br>**Максаты:** *булчуңдун бардык жерле-риндеги чарчоону жазуу.*<br>Педагог кыймыл менен көрсөтүп, ыр ырдайт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | *Эгер сага жакса, муну жаса.*<br>*(башына 2 ирет чертүү)*<br>*Эгер сага жакса, муну жаса*<br>*(алаканга 2 ирет чертүү).*<br>*Эгер сага жакса, муну жаса.*<br>*(бутуң менен 2 ирет тепкиле).*<br>*Эгер сага жакса, анда айт: «Жакшы!»*<br>*Эгер сага жакса, анда баарын жаса.* |
| | **Муундар коюлат:**<br>*ой, ай, ый, ий*<br>*жана сөздөр:*<br>*май, чай, чайнек.*<br>Кесме тамгадан тамгаларды окуйт, фишка менен тыбыштарды белгилеп, тыбыштык анализ жүргүзөт. | Көрсөтмө берет, жумушту көзөмөлдейт, жардамдашат. | Кесме тамгалар. Түрдүү түстөгү фишкалар. |
| | Сөз – белгилерди тандап, акыркы тыбышты созуп айтат. | Өзүңөрдүн сүрөттү карап жана сүйлөмдү бүтүш үчүн сөз белгилерди тандагыла,<br>Менин Кыргызстаным (кандай?)… | Балдардын сүрөттөрү. |
| | **Жумушчу дептерине тапшырманы аткарат.** | Тапшырманы түшүндүрүп, анын аткарылышын көзөмөлдейт. | Жумушчу дептери. |

**Сабактын темасы: «Й» тамгасы, жумшак үнсүз тыбыш [й]-ды түшүндүрөт»**

| Программалык мазмун | Балдардын ишмердиги | Педагогдун ишмердиги | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| **[Й] тыбышынын туура айтылышын бышыктоо; [и], [й] тыбыштарынын угулушун айырмалоого үйрөнүү; көңүл буруuда жана эске тутууда фонематикалык угууну өнүктүрүү; сөздөрдүн тыбыштык анализине жана синтезине көнүгүү.**<br>**Майда моториканы өнүктүрүү.** | Балдар суроолорго жооп беришет. | Педагог жооп берүүнү сунуштайт:<br>• Тыбыш тамгадан эмнеси менен айырмаланат;<br>• Тыбыштар кандай болушат (үндүү, үнсүз);<br>• Эмне үчүн алар үндүүлөр деп аталышат;<br>• Ким биринчи тыбышы үндүү сөздү айтат;<br>• Үнсүз тыбыштар жөнүндө айтуу;<br>• Үнсүз тыбышка сөз ойлоп табуу. | Кайталоо үчүн суроолор. |
| | Балдар ырдын текстине ылайык кыймылдарды аткарышат. | Педагог физкультминутка өткөрөт. | Биз эс алган – физкультминутка.<br>Кана эмесе, баштагын.<br>Оң бут, сол бут – ордубузда басабыз,<br>Бир-эки, бир-эки!<br>Бойду түз кармайбыз,<br>Бир-эки, бир-эки!<br>Буттун алдын карабайбыз,<br>Бир-эки, бир-эки! |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Балдар кесилген тамгаларды чыгарышып, аларды өзгөртүшөт.<br>• Байпак-бапак, каймак-камак, тайга-тага. | Педагог кесилген тамгалардан байпак деген сөздү чыгарууну сунуштайт жана сыйкырдуу сөздү айтат:<br>Бир, эки, үч – Й тамгасы жок.<br>Анын мааниси өзгөргөн сөздү окугула (Бапак). | **«Сыйкырчылар» оюну**<br>**Максаты:** сөз жасоо билгичтигин бышыктоо.<br>Оюндар үчүн каражаттар: сыйкырдуу таякча, кесилген тамгалар. |
| | Балдар сунушталган сөздөрдү пайдаланып, мүмкүн болушунча көп сүйлөм түзүшөт. | Биз чыныгы сыйкырчыларбыз, жакшы иштедик, эми биз жайлоого барсак болот. Педагог балдарга карточкадагы сөздөрдү окууну жана аларга сүйлөм түзүүнү сунуштайт. | Карточкадагы сөздөр:<br>Айгул, Айбек, жайлоо, каймак, айран. |
| | Жумушчу дептерде иштөө. | Тапшырманын аткарылышын көзөмөлдөйт. | Жумушчу дептери. |

## «Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу (ЖМТК)/ Конструкциялоо»

**Тема: «Предметтерди бийиктиги боюнча салыштыруу, геометриялык фигуралар айлана жана сүйрү (овал)»**

| Программалык мазмун | Балдардын ишмердиги | Педагогдун ишмердиги | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| **Предметтерди бийиктиги боюнча салыштыруу билгичтигин калыптандыруу, балдардын геометриялык фигуралар жөнүндө билимин бекемдөө** | Балдар жуп болуп иштешет, өздөрүнүн ойлорун айтышат.<br>Балдар топко бөлүнүп алышып, гүлдөрдүн санын салыштырышат, жети гүл бар анятчадан 1 гүлдү алып, аны 5 гүл бар аянтчага жайгаштырат. Мындай жол менен эки аянтчада тең гүлдөрдүн саны бирдей болуп калат. | Педагог балдарга биздин Республикада токойлор көп экендигин түшүндүрөт, балдарга жардам сурап келген токойчу менен тааныштырат, ысык шамалдын тапшырмасын аткаруу зарыл, антпесе ал токойдун баарын күйгүзүп салат.<br>Балдарга тапшырма берет.<br>Балдардын жоопторун анализдейт, оюндун жыйынтыгын чыгарат.<br>Куурчак токой коргогуч ар бир жолу балдардын берилген тапшырманы аткарганына кубанат. | Токой кайтаргыч куурчак. |
| | Тапшырманы аткарышат. | 1-тапшырма:<br>Кайсы дарак эң бийик, кайсы дарак эң кыска экенин аныктоо? | Тапшырмалар менен карточкалар:<br>Ар түрдүү бийиктиктеги дарактарды сүрөттөгөн картиналар (жуп болуп иштөө). |
| | Доскада коллективдүү иштөө. | 2-тапшырма:<br>Гүл кайсы аянтта көп? Эки аянтта тең гүлдөрдүн санын бирдей санда кылыш керек. | 5 жана 7 гүл менен 2 аянтча (фланелеграф). |
| | | 3-тапшырма:<br>Геометриялык фигуралардан жаныбарларды жасоо. | (Ар бир балага геометриялык фигуралардын топтомун берүү) Колобок жомогун айтып берүү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Балдар тексттин маанисине карай кыймылдарды жасашат. | **Физкультминутка өткөрүшөт.** | **Физкультминутка**<br>Ар кандай жол менен<br>Токойго жазда барабыз.<br>Кайың, четин алдынан<br>Козу карын алабыз. |
| | Тапшырманы аткарышат.<br>Балдар өздөрү ойлогондой иштешет. | Андан кийин токойчу балдарга жаңгактын кабыгын берет. Педагог балдарга кандайдыр бир нерсе жасагыла деп сунуштайт.<br>Педагог жасалган нерселерден кергезме уюштурат. Токойчу ыраазычылык билдирип, балдар менен коштошот. | Жаратылыш материалы: грек жаңгагынын кабыгы.<br>Пластилин, түстүү кагаз, клей, кайчы, салфетка. |

**Тема: «7 саны жана цифрасы»**

| Программалык мазмун | Балдардын ишмердиги | Педагогдун ишмердиги | Ресурстар |
|---|---|---|---|
| **7 деген сан жана цифра менен таанышуу.**<br>**Балдарга 7 күн (сутка) бир жуманы түзөрүн түшүндүрүү, жуманын ар бир күнүнүн өз аты бар, 7 күндүн ирети дайыма бирдей.** | Манастын осуятын эрте жаттаган балдар айтып беришет.<br>Педагогдун суроосуна жооп беришет, өз ойлорун айтышат. | Педагог балдарга Манастын жети осуятын эстөөнү сунуштайт, суроо берип, аңгеме жүргүзөт:<br>Осуятта 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7 жөнүндө эмне айтылат?<br>Алардын баары канча?<br>Осуятты айтып берген балдарга эсептегенди сунуштайт.<br>Кыргызстандын жети областы боюнча анча чоң эмес саякат жүргүзөт. | Эсептегич таякчалардын тобу; 7 цифрасы менен карточка, Манастын 7 осуяты менен текст.<br>Кыргызстандын жети областынын борборун чагылдыруу. |
| | Педагогдун суроосуна жооп беришет, өз ойлорун айтышат.<br><br>Балдар «Өз ордуна кой» оюнун ойношот. | Педагог иллюстрацияны кароону сунуштайт жана суроо берип, балдар менен аңгемелешет:<br>Силер картинадан эмнени көрүп турасыңар?<br>Балдардын жоопторун жалпылап, педагог бүтүм чыгарат, жуманын ар бир күнү өз атына ээ, ал эми ар бир жуманын ирети дайыма бирдей эле;<br>Балдарга «Өз ордуна кой» оюнун ойноону сунуштайт. | Ар түрдүү калпакчадагы гномиктердин иллюстрациясы, жети күндү элестеткен светофордун спектрине ылайык.<br><br>**«Өз ордуна кой» кыймылдуу оюну**<br>***Максаты:*** балдардын күндөрдүн ирети жөнүндө билимин бышыктоо.<br>***Жабдылышы:*** жети гүлдүн калпакчасы, жуманын күндөрүнүн аталышындагы чоң медалдар.<br>***Оюндун жүрүшү:*** 7 бала 7 гүлдүн калпагын кийишет, жуманын күндерүнүн атындагы медалдар жана катар эмес, баш аламан турушат, калган балдарды ирети менен коюш керек. |

## «Көркөм өнөр чыгармачылыгы»

**Тема: «Менин Мекеним – Кыргызстан (пейзаж). «Күн желеси».**
*Асман, жер жана горизонттун сызыгы*

| | |
|---|---|
| **Программалык мазмун** | Балдарга жаратылыштын кооз көрүнүштөрүн ар түрдүү көркөм чыгармачылык каражаттар менен, өзүнүн элестөөлөрүн өз алдынча чыгармачылык менен чагылдырууну үйрөтүү; күн желесин тартууга кызыктыруу; балдарды өзүнүн жерин, жаратылышын сүйүүгө, ага аяр мамиле кылууга тарбиялоо. |
| **Жабдуулар** | Иллюстрациялар, Кыргызстандын жаратылышын чагылдырган слайддар, негизги, кошумча, ахроматикалык жана хроматикалык түстөр үчүн таблицалар жана көрсөтмө куралдар, альбом, палитра, акварелдик боёктор, гуашь, кисточкалар. |
| **Усулдар жана ыкмалар** | Аңгемелешүү, педагог менен жумушту бир учурда аткаруу. |
| **Негизги түшүнүктөрдү түшүндүрүү** | Жаратылыш кубулуштары. |
| **Сабактын жүрүшү:** | |
| **1. Уюштуруу учуру** | Саламдашуу. Жумуш ордун уюштуруу эрежесин эске салуу. |
| **2. Тема менен таанышуу жана сабактын максатын түшүндүрүү** | |
| **Кыргызстандын жаратылышын чагылдырган слайддарды көрсөтүп жаткан педагогдун сөзү** | – Жер жүзүндө өзүнүн кооздугу менен таң калтырган укмуштуудай жерлер кеп. Мындай кооз, кайталангыс жерлердин бири болуп Кыргызстан эсептелет. Тоодогу абанын жыты чөптөрдүн жыпар жытына толгон. Кыргызстандын бардык жеринде өтө кооз гүлдөр өсөт. Гүлдөрдүн сулуулугуна суктануу чын жүрөктөн болгондуктан, биздин ата-бабаларыбыз гүлдөрдү турмуштук буюмдарда, кийимдерде чагылдырышкан. |
| **Андан кийин педагог балдардын бири жаттаган ырды угууну сунуштайт** | **Жаратылышты сүйөлү-**<br>**Көлдөр, токой, талаалар.**<br>**Ушунун баары биздин**<br>**Бир тууган жерибиз.** |
| **Педагог аңгемесин уланта берет, буларды айтат:** | Көптөгөн сүрөтчүлөр жаратылышты сүрөткө тартканды жакшы көрүшкен. Алар өтө кооз жерлерди тандашкан, ага суктанышкан, андан кийин, пейзаж деп аталган сүрөттөрдү тартып, бул сулуулукту, кооз сүреттөрдү тартып биз менен бөлүшүшкөн. |
| **Педагог** | **Сүрөттө турса дарыя,**<br>**Бактар, булут, дарактар.**<br>**Кар жамынган талаа-түз.**<br>**Пейзаж делип аталат.** |

| | |
|---|---|
| **Педагог балдарды сүрөтчүлөр Ж. Үмөтовдун «Суусамырда булут», С. Ишенованын «Түбөлүк күзөтчү» чыгармалары менен тааныштырат, табышмактын жандырмагын табууну сунуштайт.** | Кантип аталарын айтчы,<br><br>Ийилип асманга илинди,<br><br>Жети түсү билинди. *(Күн желеси)* |
| **Күн желеси жөнүндө суроо берип, аңгеме өткөрөт:** | Ким чыныгы күн желесин кергөн?<br><br>Ал кайда болгон?<br><br>Ал качан болгон (кайсы мезгилде болгон)? |
| **Андан кийин педагог балдар менен биргеликте жыйынтык чыгарат** | Балдардын күн желеси женүндө түшүнүгүн атмосфералык көрүнүш катары бекемдейт, күн желесин асмандан жылуу мезгилде, майда, бат-бат, жылуу жааган жамгырда байкаса болорун билдирет, бул мезгилде булуттардын же кара булуттардын арасынан күн чыгат; күн нурлары жамгыр тамчыларынан өтет жана күн желеси пайда болот. |
| **Физкультминутка** | Күн желеде жети сызык, жети түстүү курбулар!<br><br>Кызыл сызык – кызгылт сарыга курбу!<br><br>Сары сызык – жашылга курбу!<br><br>Кегүш сызык – көкке курбу!<br><br>Сыя сызык – баарына курбу!<br><br>Кучакташып кетишет,<br><br>Жети түстүү курбулар.<br><br>Аралашып кетишет,<br><br>Баары эле ак түске!<br><br>Жети түстүү бул эмне – бул Күн желе!<br><br>*(Балдар ырдын маанисине карай кыймылдарды аткарышат)* |
| Педагог балдардан күн желесинин түстерү женүнде сурайт. Жооптордон кийин күн желеси чагылдырылган көрсөтмө куралды көрсөтөт жана жогорку жаасынан баштап түстөрдү атоону сурайт. Андан кийин колдонмону жыйнап (жаап), түстүү жаалардын иретин эстеену сурайт. | |
| **Андан кийин күн желесинин түстөрүнүн жайгашуу иретин эстеп калуу үчүн тамашалуу текстти эстөөнү сунуштайт** | «Ар бир мергенчи кыргоолдун кайда отурганын билгиси келет». |

| **3. Балдардын практикалык ишмердиги** | |
|---|---|
| Педагог балдарга күн желесин тартканды сунуштайт. Балдарга бир жаанын экинчи жаага ийилип турганын (кызылды сарыга, сарысы кекке, кызылы көкке) мольбертте көрсөтет жана жыйынтыгында жаңы түстөр пайда болот – кызгылт сары, жашыл, кызгылт кек. | |
| **Сабактын жүрүшүндө педагог балдарга кеңеш, көрсөтмө берет** | • Форматта тартуу, сүрөттөрдү толуктоо.<br>• Алыскы жана жакынкы түрдегү горизонттун сызыктарын туура салыштыруу.<br>• Боёкторду туура жууп жана аралаштыруунун ыкмалары. |
| **4. Жыйынтык чыгаруу** | |
| **Педагог боёктор жөнүндө ыр окуйт** | **Краскалар бүгүн абдан чарчашты.**<br>**Алар асмандагы күн желени тартышты.**<br>**Краскалар катуу эмгектеништи,**<br>**Күн желе жомоктогудай кооз болду.**<br>**Ар түркүн түс, кандай жыргал!**<br>**Түстөрдү дагы бир карап ал.** |
| **Балдардын жасаган иштерине көргөзмө уюштуруу, ар бир баланы ийгилиги үчүн макташ керек.** | |

**Тема: «Тоолор» пейзаждын аппликациясы»**

| **Программалык мазмун** | Кыргыз сүрөтчүлөрү менен тааныштырууну улантуу; *кагаздын барагынан тоонун келбетин, булуттарды кесүүнү үйрөтүү ж.б.:* кагаздын түсүн өз алдынча тандап, сүрөттөрдү ар кандай бөлүктер менен толуктоого; тыкан, чыдамдуу, аракетчил болууга үйрөтүү. |
|---|---|
| **Жабдылышы:** | Тоолорго арналган Ж. Үмөтовдун **«Суусамырда булут»,** С. Ишеновдун **«Түбөлүк кароолчу»** чыгармалары; ырлар, слайддар, альбом, палитра, акварелдик боёктор, гуашь, кисточкалар. |
| **Окутуунун усулдары жана ыкмалары** | Сүреттөрдү көрсетүү; аңгемелешүү, педагог менен катар иштөө. |
| **Негизги терминдерди түшүндүрүү** | Колорит |
| **Сабактын жүрүшү** | |
| **1. Уюштуруу учурлары** | Балдарды сабакка даярдоону кеземелдөө. |

| | |
|---|---|
| **2. Сабактын максатын жана темасын түшүндүрүү.** | |
| **Педагог** | Бийик тоолордон суулар агылып чыгып, капчыгайларда таштан-ташка урунуп, көбүктөнүп агышат. Бул суулар ушунчалык таза, дарыянын түбүндөгү ар түркүн таштар алаканга салгандай көрүнөт.<br>**Асман мелжиген Ала-Тоо,**<br>**Дарыялардын Мекени,**<br>**Жашыл, сары бул чөлкөм -**<br>**Менин экинчи Мекеним.** |
| **Ырдын мазмуну боюнча аңгеме жүргүзөт** | Пейзаж – биз мурда айткандай, искусствонун түрүнүн бири. Негизинен пейзаж жаратылышты чагылдырат: тоолор, деңиздер, шалбаалар, токойлор, шаарлар, айылдар жана башкалар. Силерге мен бүгүн колорит женүндө айтам. Колорит – чыгармадагы түстөрдүн айкашынын көркөмдүгү жана живопистүүлүгү. |
| **Андан кийин педагог тоолорго арналган сүрөтчүлөрдүн сүрөттөрүн көрсөтөт Ж. Үмөтов «Суусамырда булут», С. Ишенова «Түбөлүк кароолчу».** | |
| **Картиналарды көрсөткөндөн кийин аңгемелешүү үчүн педагог төмөнкү суроолорду сунуштайт** | • Силер көргөн сүрөттөрдө эмне чагылдырылган?<br>• Бул сүрөт женүнде эмне айтса болот?<br>• Сүрөтчү кандай түстөрдү пайдаланган? |
| **Физкультминутка** | Биз бир аз эс алалы,<br>Туруп, терең дем алалы.<br>Колдорду капталга, алдыга.<br>Токойдо коён күтүүдө,<br>Коён бадалга секирди,<br>Үйүнө бизди чакырды.<br>Колду ылдый, белге, жогору,<br>Биз баарынан качып кетели,<br>Тезинен класска/тайпага кирели,<br>Анан аңгеме угалы. |
| **3. Балдардын чыгармачылык ишмердиги** | Педагог балдарга өздөрү түстүү кагазды тандап, тоонун, булуттун, жыгачтын, боз үйдүн, гүлдөрдүн контурун сызууну сунуштайт (эгер бала кыйналса, сүрөттүн деталдарынын контурун жасоосу зарыл). Пейзаждын үстүнөн иштөөдө ишти горизонт сызыгын өткөрүүдөн баштоо керектигин эскертет, балдарга жардам берет, зарылчылык болсо, түстү тандоодо, ыкманы издөөдө жардам берет, кесүү ыкмаларын керсетөт, кеңеш берет. |
| **4. Жыйынтык чыгаруу** | Жумуш орундарын иретке келтирүү. |
| **Балдардын жасаган майда нерселеринен көргөзмө уюштуруу. Ар бир ийгилигин белгилеп, ар бир баланы сыйлоо.** | |
| **Үй тапшырмасы** | Өзү билген темада аппликация жасоо. |

## «Менин Мекеним – Кыргызстан» темасы боюнча оюн тыныгуусу үчүн болжолдуу оюндар

### «Айлана-чөйрө менен таанышуу»

| **«Колумда эмне бар, таап алчы?» оюну** | |
|---|---|
| **Максаты** | Балдардын тактилдик эстеп калуусун өнүктүрүү. |
| **Ойноочу материал** | Жашылча-жемиштердин 2 даанадан муляжы. |
| **Оюндун жүрүшү** | Педагог биздин Мекенибиз кандай гана түшүмдүү экенин айтып берет жана балдарга бизде кандай жашылча-жемиштер өсөөрүн эстөөнү сунуштайт.<br>Андан кийин балдар тегерек болуп турушуп, колдорун артына алышат.<br>Педагог балдардын колуна жемиштердин муляжын салат. Андан кийин жемиштердин биреөсүн көрсөтөт.<br>Өзүнүн колунан ушундай жемишти аныктаган окуучу, белги боюнча педагогго жүгүрүп барат. Колунда турган предметти карабаш керек, аны сыйпалап көрүп тааныш керек. |

### «Кеп өстүрүү жана көркөм адабият»

| **«Көпүрө» оюну** | |
|---|---|
| **Максаты** | Байланыш кебин өстүрүү, сүйлөм түзүп көнүгүү. |
| **Ойноочу материал** | «Менин Кыргызстаным» темасы боюнча предметтик сүреттөрдөн карточкалар. |
| **Оюндун жүрүшү** | Карточкалар столдо сүреттөрү ылдый карап жайгаштырылат. 2 окуучу чакырылат, алар карточканы болжолдоп алып, аны ошол эле учурда калган оюнчуларга көрсөтөт. Калган окуучулардын милдети тандалган предметтердин арасында «Өтүүчү көпүрө» болуучу сөз ойлоп табышат.<br>Мисалы, «тоолор», «тюльпан» деген сөздөр. «Өтүүчү көпүрө» болуп төмөнкү сөздөр болушу мүмкүн: «өсөт» (Тюльпан тоолордо өсөт), «капталган» (Тоолор тюльпандар менен капталган) ж.б. |

### «Сабат ачуу»

| **«Сөздү чогулт» оюну** | |
|---|---|
| **Максаты** | Тамгалардан сөз чогултуу, баштапкы окуунун көндүмдөрүн бышыктоо, коммуникативдик көндүмдөрдү, көңүл бурууну өнүктүрүү. |

| | |
|---|---|
| **Ойноочу материал** | «Мекен», «тоолор», «Бишкек», «боз үй» ж.б. сездер тамгаларга бөлүнгөн, скотч. |
| **Оюндун жүрүшү** | Тамгалар бирден баланын көкүрөгүнө жабыштырылат. Балдардын милдети, жылып биригип бири-бирин колдон алышып, сөз жасашат. Бир сөздүн тамгаларын бир түскө боёсо болот.<br><br>Оюндун татаал түрү: тамгалар балдардын далысына жабыштырылат, алар бир да сөз айтпастан, сөз түзүшү керек. |

| | |
|---|---|
| **«Көңүлдүү достор» драмалаштырылган оюну** | |
| **Программалык мазмуну** | Балдарга оюнду керкем ойноого, интонация аркылуу өзүнүн маанайын билдирүүгө түрткү берүү, кубанычты чагылдырууну үйрөтүү, майрамдын маанисин өздөштүрүү.<br><br>Оозеки кепти, эмоционалдык жактан жардамдашуу сезимин өстүрүү. Бири-бирине достук мамилени тарбиялоо. |
| **Катышкан жактар**<br><br>**Окуя токойлуу, гүлдүү аянтчада өтөт, көпөлөктөр учуп жүрөт, күн чыгып турат, жакшынакай музыка жаңырып турат, алып баруучу чыгат.**<br><br>Театр – Актан бала, Акылдуу Василиса, Айгүл апа, Айбек ата, мишка, өрдөктүн балапаны, көпөлек, мышык, чычкандын баласы, бегемот, эне чычкан. | |
| **Алып баруучу:** | Терезеден учуп кирди<br>Жалбырагы кайыңдын,<br>Ага биреө жазыптыр,<br>Таң калыштуу тамганы.<br>Ал тамгалар кыйшык-мыйшык.<br>Жазылыптыр: өрдөктүн, чычкандын балапаны,<br>Бегемотик, мышык, чычкан.<br>Эң башына жазылыптыр,<br>«Чакыруу билет» деп.<br>Анда эмесе, окуюн:<br>«Бардык досторго бизден салам»! |
| **Актан бала:** | Эң жакшы бала Менмин,<br>Баарынан акылдуумун,<br>Чоңу да, жашы да<br>Актан деп чакырышат.<br>Кандай гана суроо болбосун<br>Тамашалап жооп бере алам.<br>Актан деп баары чакырышат,<br>Мен баарынан акылдуумун. |

| | |
|---|---|
| **Акылдуу Василиса:** | Баарынан акылдуу мына Менмин,<br>Дүйнөдөгү баарынан акылдуумун.<br>Чоңу да, жашы да<br>Акылдуу Василиса деп чакырышат.<br>Ар кандай суроого жооп берем,<br>Чоңу да, жашы да<br>Акылдуу Василиса деп чакырышат.<br>Мен баарынан акылдуумун. |
| **Жамал апа:** | Саламатсыңарбы, менин кичинекей досторум жана да балдар! Менин атым Жамал апа, ал эми бул Айбек ата.<br>Чын дилден каткырып,<br>Тамашалап, эс алууга болот.<br>Кээде бир аз талашып,<br>Мушташууга таптакыр болбойт! |
| **Айбек ата:** | Көңүл бөлүп уккула. Акылдуу, шайыр достор тууралуу жомок башталууда.<br>*(ата менен апа кетишет).* |
| (Музыка менен Мишка келет) **Мишка:** | Саламатсыңарбы, мен мамалак Мишкамын, мен музыканы сүйөмүн, уккула балдар, бубенди (дап) кандай катуу урамын. |
| (Музыка менен өрдөктүн балапаны пайда болот) **Өрдөктүн балапаны:** | Саламатсыңарбы, мен Өрдөктүн балапаны. Менден чечкиндүү, менден ак көңүл эч ким жок. Мен досторума дайыма жардамга келе алам.<br>*(Музыка менен көпөлөк келет)* |
| **Көпөлөк:** | Мен күндүн алдында учуп, бардык жерден гүл издедим, канаттары оордоп, араң учуп калдым. |
| **Өрдөктүн балапаны менен Мишка:** | Кепелек сен бизге учуп кел, баарыбыз дос болобуз! |
| (ердектүн балапаны, Мишка жана көпелек кетишет, музыка менен мышык келет) | |
| **Мышык:** | Саламатсыңарбы, балдар! Мяу! Силер жомокту жакшы көрөсүңөрбү? Мен да жомок укканды жакшы керем, бирок баарынан жакшы көргөнүм – досторум менен ойноо. Мына менин эң жакын досум чычкандын баласы келе жатат. |
| (Музыка менен Чычкандын баласы келет) **Чычкандын баласы:** | Баарыңарга салам, албетте, досум Мышыкка да.<br>*(Чычкандын баласы менен мышык куйруктарын тийгизип учурашат, бийлешет, көңүл ачышат, кайгырган бегемот кирет).* |
| **Чычкандын баласы:** | Саламатсыңбы, бегемотик, эмнеге сен мынча капасың? |
| **Бегемот:** | Мен бегемотик, бегемот, менин ичим ооруйт, кечээ досумкунда конокто болуп, жүз пуд тортту жайлапмын. |
| **Мышык:** | Мен билем, ким сага жардам бере алат. Кечээ менин да ичим ооруган. Мени Чычкан эже дарылады. |

| | |
|---|---|
| **Чычкандын баласы:** | Кеттик үйгө чуркадык, бегемотиктин ичи ооруп жатат.<br>*(мышык менен чычкандын баласы кетишет, ал эми бегемот онтоп жатат, Эне чычкан кирет)* |
| **Эне чычкан:** | Саламатсыңбы, бегемотик, эмне болду? Сенин ичиң ооруп жатат деп мага айтышты (ичин ушалап, таблетка берет). |
| **Бегемот:** | Мен өзүмдү жакшы сезип калдым, ырахмат. Мен Сизге бул гүлдөрдү белекке берем! |
| **Эне чычкан:** | Ырахмат! Мындан кийин мынча көп жебегин.<br>*(Эне Чычкан кетет)* |
| **Бегемот:** | Кандай жакшы, кандай сонун күнөстүү аба ырайы, көпөлөктөр учуп жүрөт, гүлдөрдүн жыты аңкыйт. Мен барып, бардык досторумду чакырам. Биз ынтымактуу, көңүлдүү ойнойбуз. |
| **Музыка менен жомоктун бардык каармандары киришет, бийге түшүп, көңүл ачышат.**<br>**Жамал апа Актанга жана Акылдуу Василисага кайрылат.** | |
| **Жамал апа:** | Мына, көрдүңөрбү, ким баарынан акылдуу деп талашыштын кереги жок. |
| **Айбек ата:** | Эң башкысы, ынтымактуу болуп, көп досторго ээ болуу, бири-бирине жардам берүү. |

**«Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу (ЖМТК)/Конструкциялоо»**

| **«Өзүңдүн оймоң жөнүндө айтып бер» оюну** | |
|---|---|
| **Оюндун максаты** | Мейкиндик түшүнүктөрдү: солго, оңго, жогору, ылдый деген түшүнүктөрдү билүүгө үйрөтүү. |
| **Ойноочу материал** | Көркөм өнөр чыгармачылык сабагында даярдаган ар бир балада шырдак бар. |
| **Оюндун жүрүшү** | Ар бир балада сүрөт (оймосу менен шырдак). Балдар оюунун элементтери кандай жайгашканын айтышы керек:<br>оң жактагы жогорку бурчта – тегерек, сол жактагы жогорку бурчта – квадрат.<br>Сол жактагы ылдыйкы бурчта – овал, оң жактагы төмөнкү бурчта – үч бурчтук, ортосунда – айлана.<br>Сүрөт сабагында тарткан оймолорду пайдаланып тапшырма берсе болот. Мисалы, ортодо чоң айлана – андан гүлдүн ар бир бурчуна нурлар таркайт. Жогоруда жана төмөндө, оңдо жана солдо – жалбырактар менен бирден толкун сызык ж.б. |

| **«Кечээ, бүгүн, эртең» оюну** | |
|---|---|
| **Оюндун максаты** | Оюн формасында мезгил түшүнүктөрүн активдүү ажыратуучу **«кечээ», «бүгүн», «эртең»** көнүгүүсү. |
| **Ойноочу материал** | Класс/тайпа бөлмөсүнүн бурчунда үч үйдүн макети турат. Бул **«кечээ», «бүгүн», «эртең».** Ар бир үйдө конкреттүү мезгил түшүнүгүн чагылдырган бирден жайык модель. |
| **Оюндун жүрүшү** | Балдар тегеренип басышат жана тааныш ырдан терт сап ырдашат. Бүткөнден кийин токтошот, педагог айтат: «Ооба, ооба, ооба, бул болгон … **кечээ** (бүгүн, эртең)!» Балдар **«кечээ»** *(«бүгүн, «эртең»)* деп аталган үйгө чуркашат. Андан кийин тегерекке кайтышат, оюн уланат. |

# IV бөлүм

## Ийгиликтүү педагогикалык программанын эл аралык тажрыйбасы

## 4.1. «Кадам артынан кадам» программасынын ыкмаларын колдонуу боюнча усулдук сунуштар

**«Кадам артынан кадам» программасы** Европанын жана АКШнын көрүнүктүү окумуштуулары тарабынан иштелип чыккан жана ал чыгаан педагог окумуштуулар жана психологдор Жан Пиаженин, Эрик Эриксондун, Лев Выготскийдин теорияларына негизделет.

«Кадам артынан кадам» программасынын философиясы кичинекей балдар менен иштөөнүн негизги принциптеринин негизинде түзүлгөн, тактап айтканда, алар:

- баланын өнүгүү деңгээлине ылайык окутуу;
- балага багытталган окутуу;
- үй-бүлөнүн катышуусу;
- демократия практикасы;
- «Кадам артынан кадам» эл аралык билим берүү технологиясын өздөштүрүү үчүн педагогдорго кеп-кеңештик жана усулдук жардам берүү, тренинг/семинарларды өткөрүү.

Программа балдарга буларды берет: ишмердикти тандоо мүмкүнчүлүгү, изилдөө ишмердиги үчүн убакыт, маселени коюу жана аны чечүү мүмкүнчүлүгү, чыгармачыл жана тапкыч болуу.

***«Кадам артынан кадам» программасын*** ишке ашыруудагы маанилүү учур этаптуулук жана аны жайылтуунун белгилүү бир уланмалуулугу. Бала чоң кишинин артынан кайталаганда эмес, **таанып билүү процессине тартылганда билим алат,** анткени дүйнө тууралуу өз билгендерин толуктоодо өздүк тажрыйбасына жана заттар менен өз ара катышына, айлана-чөйрө менен тааныштыруу дүйнөнүн кубулуштарына таянат.

Бул болсо өзгөчө жол менен уюшулган заттык-өнүктүрүүчү чөйрөнүн аркасы менен ишке ашат. Бардык жабдуулар жана материалдар «активдүүлүк борборунда» жайгаштырылган, алардын негизгиси:

- ***Искусство,***
- ***Илим жана жаратылыш,***
- ***Кум жана Суу,***
- ***Адабият,***
- ***Драмалаштыруу,***
- ***Курулуш,***
- ***Манипулятивдүү оюндар.***

Бул борборлордо бала ишмердиктин ар кандай түрлөрү менен алектене алат. Бала өзү тандай алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусу, кайсы борбордо, эмне менен алектене ала тургандыгын билүүсү өтө маанилүү. Борбордогу тапшырмалар ар бир бала ийгиликке жете тургандай болуп түзүлгөн.

«Кадам артынан кадам» программасынын методологиясы жекелештирүүнүн негизги принциби болуп саналат:

- ал болсо мектепке даярданып жаткан класстын/тайпанын кызыкчылыктарын жана талаптарын;
- ишмердигинин иш күнүн эске алат дегенди билдирет, мында ал өзү ишмердиктин түрүн;
- активдүү иш-аракетти же эс алууну тандап алат.

**Окутуу** балдар айлана-чөйре менен аралашып, дүйнөнү түшүнүүгө аракет кылып калганда башталат. Балдар дүйнөнү таанып же куруп башташат. Алар болуп жаткан нерсени түшүнүшүп, жаңы тажрыйбаны мурункусу менен синтездешет. Окутуу бала өзү, башка балдар, чоң кишилер айлана-чөйрө менен таанышууга тартылган интерактивдүү процесс болуп калат.

Педагогдун классты/тайпаны мектепке даярдоого болгон бардык ишмердиги баланын өнүгүү өзгөчөлүгүн билүүгө негизделет, б.а., бардык балдар өнүгүүнүн бардык этабынан өтөт жана мындай шартта ар бир бала жекече жана уникалдуу болот. Педагогго балдардын кызыкчылыктарына жооп берген, алардын когнитивдик функционалдашуусунун деңгээлине, социалдык-эмоционалдык жетилүүсүнүн даражасына туура келген ишмердиктин түрлөрүн колдонуу сунушталат. Ишмердиктин мындай түрлөрү балдардын жаратылыштык кызыкчылыктарына, ырахат алуусуна, өздүк идеяларын практика жүзүнө ашыруусуна арналган. Билим берүү андан аркы жашоого даярдык эмес, жашоонун өзү катары каралат.

Прогрессивдүү окутуунун усулдары өнүгүү жана конструктивизм принциптерине таянат. Өзгөчө көңүл жөндөмдүүлүктү өнүктүргөн жана ар бир баланын кызыкчылыгына жооп берген, ошол эле убакта кичи топтордо окутуу жумуштарын, балдарды окутуунун кош тараптык маанилүүлүгүн жөнгө салууга, класста/тайпада жагымдуу кырдаалды түзүүгө багытталат.

Билим берүүнүн мазмуну ар бир бала үчүн өзүнчө тандалып алынат. Ал анын жалпы, атайын жөндөмдүүлүктөрүнөн, жагдайлык учурлардан – анын маанайынан, каалоосунан, конкреттүү кызыкчылыгынан кез каранды болот. Бул болсо, албетте, өнүгүү процесси башаламан жана баланын өзү тарабынан аныкталат дегенди билдирбейт. Педагогдун милдети баланы өзүнүн өнүгүү траекториясына багыттоо болуп саналат.

Албетте, реалдуу жашоодо билим берүүнүн мазмунунун индивидуалдуулугуна ар бир бала үчүн басым жасалбайт. Эреже болгондой, эгер балдар туура өнүксө, анда магистралдык нук пайда болот жана ага мазмундун ар бала үчүн кызыктуу болгон варианты киргизилет. Программага ылайык темалар педагог менен бардык балдар тарабынан бирге түзүлөт, мында кызыкчылыктын деңгээли көп эсе жогорулайт.

**Балдар өз тандоосун ишке ашыруу жана ишмердигин пландаштыруусу үчүн класстарда/тайпаларда активдүүлүк борборлору түзүлөт, алар изилдөөлөрдү, балдардын ишмердигинин өз алдынчалуулугун жөндөйт.**

***Курулуш борборунда*** балдар түрдүү курулуш элементтеринен фантастикалуу, ошондой эле реалдуу куралдарды жасоого мүмкүнчүлүк алышат.

Курулуш математикалык жендөмдүүлүктердү өнүктүрүүгө, социалдык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө, проблемаларды чечүүгө жардам берет.

Бул борбордо чыгармачыл катышты көрсөтүүгө жана аткарылып жаткан ишти берилүү менен жасоого үйрөнүүгө болот.

***Адабият борборунда*** балдар тынч отуруп, китеп барактай алышат, педагог аларга үн чыгарып окуп берет. Балдарга колго жасалган китепчелерди сунушташат, сюжетти ойлоп табуу, аңгеме угуу сунушталат.

Сюжеттүү-ролдук оюндарда костюмдар жана башка заттар жайгашкан жана алар балдардын реалдуу турмуштан сценка аткаруу каалоосун ойготот.

Бул алардын айланада эмне болуп жатканын жакшы билүүгө, бул жашоодогу өз милдетин, ролун жакшы билүүгө жардам берет.

***Манипуляция борборунда*** балдар баш катырма конструкторлорду чогултуп, чача алышат, ошондой эле бирдей нерсени салыштырууну, түрдүү нерсени классификациялаганга, саноого үйрөтүшөт. Бул борбордогу сабактар интеллектуалдык жендемдүүлүктү, майда моториканы, координацияны өнүктүрөт.

Материалдар менен бөлүшүү зарылдыгы, проблеманы келишип, чечүү социалдык көндүмдөрдүн өнүгүүсүнө алып келет.

***Илим борбору*** балдардын жаратылыштын кубулуштарына болгон кызыкчылыгын, көчөдө табылган заттарды, ошондой эле бул кичине «байлыкты» изилдөө үчүн колдонулат. Активдүүлүк борборлору түрдүү аталыштарга ээ болгонуна карабай, ар кандай ишмердик менен алектенишет, түрдүү материалдар менен жабдылган, алардын ар бири балага социалдык, эмоционалдык, интеллектуалдык өнүгүү мүмкүнчүлүгүн берет.

### *Педагогдун ролу*

Педагог фасилитатордун функциясын ишке ашырат, б.а., ал ар бир баланын билим алуусун оптималдаштырат жана багыттайт. Педагог балдарды окууга мотивдештирет жана алардын айлана-чөйре менен таанышуусуна, дүйнөнү изилдөөсүнө, жекече билим алуусуна мүмкүнчүлүк берет. Педагогдор үчүн кесиптик өнүгүү ар дайым өз усулдук көндүмүн жаңыртуу жана аларды балдардын реалдуу талаптарына ыңгайлаштыруу үчүн керек.

### *Окутуу чөйрөсү*

Балдар эмеректери, материалдары балдардын өнүгүүсүнө шайкеш келген окуу борборлорунда окушат. Түрдүү окуу – жазуу, окуу, математика, искусство жана табият таануу (илимдер) борборлорунда билим алуу үчүн материалдар бар. Класста/тайпада окутулган материалдардан сырткары балдардын “байлык үкекчесү” бар. Өздөрү жасаган

өсүмдүктөрдү, аквариумду тажрыйбанын негизинде окутуунун процессин байытуу үчүн колдонууга мүмкүнчүлүк бар. Топтук сабактар (топтук талкуулоолор, аңгемелерди айтып берүү, кечки жана эртең мененки чогулуу) килемдин үстүндө өткөрүлөт. Класстын/тайпанын ичине балдардын колу менен жасалган буюмдар көз көрүнөө жерге илинет.

### *Пландаштыруу*

Балдар менен иштөөнү пландаштыруудагы убактылуу чектөөлөр ийкемдүү жана ар бир баланын жекече талаптарына шайкеш өзгөрөт. Класста/тайпада балдар тарабынан түзүлгөн ар бир күндүн жана ар бир жуманын сабактарынын тизмеси илинет. Эртең мененки жана жыйынтыктоочу талкууда балдар эмнени билгендигин, эмне кылгандыгын айтып беришет, ошондой эле класстагы/тайпадагы сүйлөшүүнүн жана сабактагы жүрүм-турум эрежелерин бекитишет. Окутуу түрдүү тематикалык долбоорлорду аткаруу менен, түрдүү контексттеги иштердин кызыктуу усулун колдонуу менен жүргүзүлөт. Балдар өз колу менен китепчелерди жасашат, түрдүү инсцепировкаларга жана ролдуу оюндарга катышышат – бул болсо балдар үчүн таанып билүү процессин чыгармачыл, жагымдуу кылат, мындан сырткары балдардын коммуникативдик көндүмүн өнүктүрөт. Активдүүлүк борборундагы иштер жуптарда же бирдиктүү иштердин усулун колдонуу менен жүргүзүлөт, бул болсо социалдык жүрүм-турумдун принциптерине окутууда чоң мааниге ээ. Балдардын жеке өнүгүүсүнө түрдүү типтеги сабактарды өткөрүү таасир тийгизет: балдар милдеттүү түрдөгү сабактарга катышышат, тандоо мүмкүнчүлүгү бар, тандама сабактарга катышышат. Мында иштер дифференцирленген жана жекече болот.

### *Баалоо*

Баалоо балдарга үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүүгө негизделген, алар жеке планды иштеп чыгуу үчүн негиз катары кызмат кылат жана ар бир баланын талаптарын эске алат. Түрдүү сабактар (окуу, жазуу, балдарды социалдаштыруучу сабактар) балдардын өнүгүү деңгээлин эске алуу менен жүргүзүлөт, педагогго өз ишмердигин андан ары улоо үчүн маалымат топтоого жардам берет. Конкреттүү учурларды жазып алуу, текшерүүчү суроолордун тизмесин баалоону жүргүзүү, папкаларды жасоо, бала менен баарлашуу, ошондой эле өзүн-өзү баалоону жүргүзүү класстагы/тайпадагы эффективдүү коммуникациянын болушун шарттайт. Баалоо позитивдүү кайтарым байланышка негизделет, эч кандай баа же упай коюлбайт. Ар бир баланын өнүгүүсү башка балдар менен эмес, анын гана өздүк жетишкендиктери менен салыштырылат. Балдардын өзүн-өзү баалоосу баалоодо маанилүү роль ойнойт жана өзүнө кылган иштери үчүн жоопкерчиликте болуусуна жардам берет.

### *Үй-бүлөнү катыштыруу*

Мектеп менен ата-энелердин карым-катышы үчүн негиз ишеним болуп эсептелет. Педагогдун жана ата-эненин балага колдоо көрсөтүүсү өзүн маанилүү сезүүсүнө мүмкүнчүлүк берет. Ата-энелер мектептин турмушуна жана иш-чараларга топ менен тажрыйба алмашуу, балдарды тарбиялоо үчүн тартылат. Окутуунун маселелери өз ара тыгыз байланышта болот.

## «Кадам артынан кадам» программасы боюнча болжолдуу конспектилери

### Темасы: «Идиштер»

**Педагогго жардамга**

| | |
|---|---|
| **Ишти үч борбордо жүргүзүүгө туура келет:** | • Окуу жана жазуу борбору;<br>• Математика борбору;<br>• ИЗО борбору |
| **Активдүүлүк борборундагы сабакка педагогдун даярдануусу** | |
| **Педагог тапшырмаларды алдын ала даярдайт** | 1. «Идиштер» темасы;<br>2. Бала окуу жана жазуу борборунда эмне кылышы керек;<br>3. Математика борборунда эмне кылышы керек;<br>4. ИЗО борборунда эмне кылышы керек. |
| **Тапшырмаларды даярдоо программадагы тематикалык планга негизделет** | |
| **Активдүүлүк борборлорунда окутуу процессин уюштурууда (бардык сабактар үчүн талаптар бирдей) бул эрежелерди сактоо зарыл:** | 1. Маркировкалоо менен үч борборду түзүү;<br>2. Ар кандай деңгээлдеги тапшырмаларды түзүү;<br>3. Балдарды активдүүлүк борборлорун тандаганга үйрөтүү;<br>4. Ар бир борборду керектүү ресурстар жана тапшырмалар менен жабдуу, материалдарды тез-тез жаңылоо;<br>5. Тапшырманы аткарууда иш процессин жекече, топтук кылып бөлүштүрүү;<br>6. Педагогдун кызматы: байкоо, багыттоо, жардам берүү;<br>7. Балдарды иштегенге, регламентти сактаганга үйрөтүү;<br>8. Балдарды бир борбордон экинчисине өтүүгө үйрөтүү;<br>9. Бардык борборлордо иштөө ырааттуулугун сактоо;<br>10. Өзүнөн кийин жумуш ордун тартипке келтиргенге балдарды үйрөтүү;<br>11. Бардык материал балдардын иштөөсү үчүн жеткиликтүү жана тандоо мүмкүнчүлүгү болушу керек;<br>12. 12 мүнөттөн кийин сезсүз түрдө 3 мүнөткө чейин физкультминутка өткөрүү;<br>13. Топ болуп иштөөдө жетишпей жаткан же пассивдүү балдарга сылык көңүл буруу;<br>14. Балдарды колдоону унутпоо;<br>15. Волонтерду тартуу (өзгөчө расписаниеде сабат ачуу жана математика болгондо);<br>16. Балдардын жекече жана топто иштөөсү үчүн таркатма материалды даярдоо боюнча алдын ала иштер өткөрүлөт: сөздү тыбыштык талдоо үчүн үч, төрт, беш алты терезечеси бар карточкалар, демек, ага ылайык тыбыштарды белгилөө үчүн түрдүү түстөгү (кызыл, көк жана жашыл) фишкалар. |

***Сабактын максаты:***

- [И] тыбышына тыбыштык талдоо жасоону үйрөтүү;
- [И] тыбышы жана тамгасы менен тааныштыруу;
- «И» тамгасынын контурларын кайталап сызганга үйретүү;
- Калемди, кыл калемди туура кармоого үйретүү, кыял чабытын өстүрүү;
- Касиеттери жана белгилери боюнча оюнчуктарды топтоштурууга үйрөтүү;
- Геометриялык фигураларды түсү, чоңдугу жана көлөмү боюнча айырмалоого үйрөтүү;
- Предметтердин топторун салыштырганга үйретүү: көп, аз, тең.

***Активдүүлүк борборлору үчүн керектүү ресурстар:***

- Түрдүү оюнчуктар (сөзсүз түрдө коён же аюу);
- А. Бартонун ырлар жыйнагы;
- Жусуевдин «Оюнчуктар» ыры;
- Эсептөө үчүн майда оюнчуктар;
- Жаратылыш материалдарынан түрдүү эсептөө материалдары: желудь (эмен жыгачынын уругу), каштан, таштар, буурчак, төө буурчак;
- Түрдүү түстөгү жана өлчөмдөгү геометриялык фигуралар;
- Краскалар, түстүү карандаштар, майда түстүү фломастерлер, кыл калемдер, кагаз, салфеткалар, суу куюлган баночка.
- [И] тыбышы башында, ортосунда, аягында келген предметтик сүрөттер;
- «И и» тамгасы менен карточка;
- Үч түстөгү: кызыл, жашыл, көк фишкалар;
- «И» тамгасынын контурлары.

**Сабактын жүрүшү**

| Педагогдун ишмердиги | Балдардын ишмердиги | Педагог үчүн түшүндүрмөлөр |
|---|---|---|
| Балдар активдүүлүк борборлорун тандашат. Ар бир борбордо 6-7ден көп эмес бала. 3 борбор: сабат ачуу, математика, ИЗО. Активдүүлүк борборлорун балдардын иштешине даярдоо. Күндүн темасын, алар эмне менен алектенерин балдарга айтат. | Балдар тандалган борборлорго отурушат. | Урматтуу педагог! Балдар активдүүлүк борборлоруна кандай отурганына көз салыңыз. |

| | | |
|---|---|---|
| Темасы: Оюнчуктар. Биринчи борбор боюнча тапшырма. **Окуу жана жазуу. «Идиш» аттуу тыбыштык-муундук талдоо.** | Активдүүлүк борборлорундагы тапшырмаларды аткарышат. | Урматтуу педагог! 10-12-минутада физкультминутка өткөрүүнү унутпаңыз. |
| • Сүйүктүү оюнчугуң жөнүндө айтып бер; | | |
| • А. Бартонун «Мишка» деген ырын окуу. | Балдар оюндарды, оюнчуктарды аташат. | |
| **Мишканын колу үзүлүп,**<br>**Мишка полдо жатты.** | | |
| **Ошентсе да аны ыргытпайм –** | Балдар суроолорго жооп беришет. | |
| **Анткени ал абдан жакшы.**<br>• Бул оюнчуктар менен кандай оюндарды ойноого болот? (топ, скакалка, Мишка). | Балдар педагогдун тапшырмасын аткарышат. | |
| • «Идиш» сөзүндө канча муун барын айткыла. | Биринчи тыбышты интонация менен бөлүп көрсөтөт. | |
| • Биринчи муунду атагыла.<br>• Экинчи муунду атагыла.<br>• ИДИШ сөзүн айт, ИДИШ сөзү кандай тыбыштан башталарын айткыла. | | |
| • Биринчи тыбыш жакшы угулгандай кылып, ИДИШ сөзүн айткыла (интонация менен бөлүп көрсөткүлө) | Биринчи тамганы аташат. | Алар туура бөлүп көрсөткөнүн караңыз. Ким муктаж болсо, ага жардам бериңиз. |
| • Биринчи тыбышты атагыла. | Кызыл фишка менен белгилешет. | |
| • Аны фишка менен белгилегиле. | Экинчи тыбышты бөлүп көрсөтүшөт. | |
| • Экинчи тыбышты бөлүп көрсөткүлө. | Экинчи тыбышты аташат. | |
| • Экинчи тыбышты атагыла. | Көк фишка менен белгилешет. | |
| • Тыбышты фишка менен белгилегиле. | Үчүнчү тыбышты белүп керсөтүшөт. | |
| • Үчүнчү тыбышты бөлүп көрсөткүлө. | Үчүнчү тыбышты аташат. | |
| • Үчүнчү тыбышты атагыла. | Үчүнчү тыбышты кызыл фишка менен белгилешет. | |
| • Үчүнчү тыбышты белгилегиле. | Төртүнчү тыбышты бөлүп керсетүшет. | |

| | | |
|---|---|---|
| • Төртүнчү тыбышты бөлүп көрсөтүңүз.<br>• Төртүнчү тыбышты атаңыз.<br>• Төртүнчү тыбышты белгилеңиз. | Төртүнчү тыбышты аташат.<br>[и] тыбышын и тамгасы менен белгилешет. | Педагог, балдар тамга менен белгилегенине кез салыңыз. |
| Педагог ИДИШ сөзүндөгү биринчи тыбышка дагы бир жолу көңүл бурат да, «И» тамгасын көрсөтөт.<br>Балдарды биринчи [и] тыбышын «И» тамгасына алмаштырууну суранат;<br>«И» тамгасын аркан, шнурча, таякча ж.б. жаратылыш материалдары менен жасоо. | Балдар тапшырманы аткарышат.<br>Балдар оюн тапшырманы аткарышат. | Оюн ишмердиги үчүн материалдарды берет. |
| [И] тыбышы бар «сөздү айт» оюну.<br>Педагог төмөнкү тапшырманы берет: Карточкадагы сөздөгү [и] тыбышынын ордун аныктагыла: башында, ортосунда же сөздүн аягында. | Балдар сөздүн башында, ортосунда жана аягында [и] тыбышы келген сөздөрдү айтышат.<br>Балдар тапшырманы аткарышат. | Бардык балдарды оюнга катыштырат.<br>Педагог кыйналып жаткандарга же башка балдардан жардам сурагандарга жардам берет. |
| Жазуу дептери менен иштөө. Педагог жазуу дептерин алууну жана тапшырмаларды аткарууну суранат. | Балдар тапшырманы аткарышат. | Балдардын кыйшайбай түз жүргөнүнө жана калемди кандай карасганына кез салат. Алар тапшырманы аткаргандан кийин балдарга ыраазычылык билдирип, башка борборго өтүүнү суранат. |
| Танапис, «Аюу менен токойдо» кыймылдуу оюну. | | Аюунун атрибутун же беткабын даярдоо. |
| **Экинчи активдүүлүк борбору – Математика** | | |
| • Өзүңдүн оюнчуктарыңды сана.<br>• Алар канча, алар кандай?<br>• Аларды жазуу дептерине тарткыла, фигуралар менен белгилегиле. | Балдар тапшырманы аткарышат.<br>Балдар ар бир оюнчукту белгилер менен тартат. | Көп ар түрдүү оюнчуктарды даярдоо керек.<br>Балдар тапшырманы кандайча аткарып жатканына кез салыңыз. |

| | | |
|---|---|---|
| • Кайсы оюнчуктар силерде көп?<br>• Оюнчуктар жумшак, пластмассадан, жыгачтан, мобилдүү болот.<br>• Белгилери боюнча аларды капка топтоштуруп салгыла (транспорт, куурчактар, кубиктер ж.б.).<br>• Ар бир түрүн санагыла.<br>• Дидактикалык оюн:<br>Чоңдугу боюнча танда.<br>Түсү боюнча танда.<br>Формасы боюнча танда. | Балдар топто иштешет.<br><br>Оюнчуктар эмнеден жасаларын балдар аташат.<br><br>Балдар топто белгилери боюнча оюнчуктарды чогултушат.<br><br>Балдар оюнчуктарды санашат, ар бири анда канча оюнчук бар экенин айтат. | Бул борбор үчүн түрдүү түстөгү жана өлчөмдөгү кагаздан геометриялык фигураларды тандаңыз. |
| **Танапис, «Мергенчи менен коёндор» кыймылдуу оюну** | | |
| **Үчүнчү активдүүлүк борбору – ИЗО (сүрөт тартуу)** | | |
| 1. Сүйүктүү оюнчугуңарды тарткыла.<br>2. Тартылган оюнчуктардан коллаж түзгүлө. | Балдар тапшырманы өз алдынча аткарышат.<br>Балдар топто иштеп, коллаж түзүшөт.<br>Иштегенден кийин жумуш ордун тартипке келтиришет. | Педагог краскаларды тандоого жана тапшырмаларды аткарууга киришпейт.<br>Педагог болгону багыт берет. Балдар сүреттерүн өз алдынча жайгаштырышат. Педагог иш бүткөндөн кийин балдардын өз алдынчалуулугу үчүн аларга ыраазычылык билдирет. |
| Педагог балдарга сейилге чыгып, айлана-чөйрөгө байкоо жүргүзүүнү жана каалоосу боюнча оюндарды ойноону сунуш кылат. | Балдар аба ырайына байкоо жүргүзүшөт, ойношот. | Калган убакытта тапшырмаларды аткара албаган балдарга жардам берет. |

## Темасы: «Жапайы жаныбарлар, канаттуулар, курт-кумурскалар»

### Сабактын максаты

- Жапайы жаныбарлар, канаттуулар жана алардын балдары менен тааныштыруу;
- Жаныбарлардын, канаттуулардын балдарынын аттарын үйрөтүү;

- Жаныбарларды алардын сырткы белгилери боюнча сыпаттоого үйрөтүү, байланыштуу кепти өстүрүү, өз көз карашын негиздөө;
- Балдарды канаттууларга кам көрүүгө кызыктыруу;
- Чыгарманын сюжетин кабыл алууга, ырларды эмоционалдуу кабыл алууга үйрөтүүнү улантуу;
- Геометриялык фигураларды 2 жана 4 тең бөлүккө бөлүүнү үйрөтүү;
- 10го чейинки сандарды ирети менен жана артына саноо көндүмдөрүн бекемдөө;
- Мейкиндикте ориентир алууга үйрөтүү, «үстүндө», «алдында», «жанында» түшүнүктөрүн бекемдөө.
- Овал жана тегерек формадагы кагаздардан жаныбарлардын жана канаттуулардын элесин кыркууну үйрөтүү;
- Кайчы, клей менен иштөөгө үйрөтүү.

**Активдүүлүк борборлору үчүн ресурстар**

- Жаныбарлардын, канаттуулардын жана курт-кумурскалардын оюнчуктары жана сүрөттөрү (сюжеттик, предметтик);
- М. Жангазиевдин «Канаттууларды аягыла» ыры;
- Эсептөө үчүн майда оюнчуктар жана жаратылыш материалдары: желудь (эмен жыгачынын уругу), каштандар, таштар, буурчак, төө буурчак.
- Түрдүү түстөгү жана өлчөмдөгү геометриялык фигуралардан жасалган таркатма материал;
- Түстүү кагаздар, карандаштар, салфеткалар, кайчы, альбом.

| Педагогдун ишмердиги | Балдардын ишмердиги | Педагог үчүн түшүндүрмөлөр |
|---|---|---|
| Балдар активдүүлүк борборлорун тандашат. Ар бир борбордо 6-7 баладан көп эмес болот. 3 борбор: кеп өстүрүү, математика, ИЗО (аппликация). Активдүүлүк борборлорун балдардын иштөөсүнө даярдайт. Балдарга күндүн темасын, эмне менен алек болушарын айтат. | Балдар тандаган борборлоруна отурушат. | Урматтуу педагог, балдар активдүүлүк борборлоруна кандай отуруп жатканына көз салыңыз. |
| **Тема: Жапайы жаныбарлар, канаттуулар жана чымын-чиркейлер.** | | Жаныбарлар, канаттуулар жана алардын балдары менен предметтик сүрөттөрдү даярдаңыз. |

| | | |
|---|---|---|
| Биринчи борбор боюнча тапшырма (кеп өстүрүү)<br>• Жаныбарлардын жана канаттуулардын сүреттөрүн таап, аларды өз-өзүнчө топтоштургула.<br>• «Ким адашты?» дидактикалык оюну.<br>• Жаныбарлар менен канаттуулардын балдарын табуу.<br>• Алардын балдарынын атын айткыла.<br>• Жаныбарлардын жана канаттуулардын сырткы кебетелерин сыпаттагыла.<br>• Жаныбарлардын жана канаттуулардын денеси эмне менен капталган?<br>• Тыйын чычкан мышыкка көп окшошпу же корозгобу? Эмне үчүн сен мындай деп ойлойсуң? | Балдар тапшырманы аткарышат. | Балдардын жаныбарлардын, канаттуулардын балдарын жеке жана көптүк түрдө атаганына көз салыңыз.<br><br>Педагог балдардын өзгөче (ординардуу эмес) жоопторун колдоого алат. |
| **Танапис, таза абада «Үкү» кыймылдуу оюну** | Балдар ойношот. Оюндун эрежеси: үкү күндүзү уктайт, чымын-чиркейлер учат. Түнү үкү учат, тамак издейт, ал эми чымын-чиркейлер укташат. | Үкүнүн атрибуту. |
| Экинчи борбор боюнча тапшырма (математика)<br>• Жапайы жаныбарларды жана канаттууларды эсептеңиз;<br>• Тескери тартипте эсептеңиз;<br>• Кимиси көп – жаныбарларбы же канаттууларбы, аныктаңыз;<br>• Канча чымын-чиркей жана канаттуу экенин санаңыз;<br>• Кимиси көп – канаттууларбы же чымын-чиркейби, аныктаңыз;<br>• «Бардык канаттууларга чымын-чиркейлер жетеби?» дидактикалык оюну. | Балдар тапшырманы аткарышат. | Педагог балдардын өзгөче (ординардуу эмес) жоопторун колдоого алат. |

| | | |
|---|---|---|
| • Квадратты 2ге бөлүңүз, кандай фигура пайда болду? Канча бөлүк болду?<br>• 4 бөлүккө бөлүңүз, кандай фигура пайда болду? Канча бөлүк болду?<br>• Ушундай эле тапшырма тегерек, тик бурчтук менен да берилет. Ал эми үч бурчтукту бөлүктөргө бөлүүгө болобу?<br>• «Жаныбарларды» столдун алдына, «чымын-чиркейлерди» столдун жанына, «канаттуулар-ды» столго жайгаштырыңыз. | | Педагог балдардын өзгөче (ординардуу эмес) жоопторун колдоого алат. |
| **Танапис, таза абада «Токту сурамай» кыймылдуу оюну** | Балдар ойношот. | Оюнга баары катышканына көңүл буруу керек. |
| Үчүнчү борбор боюнча тапшыр-ма (аппликация) | | |
| • Квадрат менен тик бурчтуктун бурчтарын кесиңиз;<br>• Кесилген форма кандай фи-гураны эске салат;<br>• Бул геометриялык фигура-лардан жаныбарларды жана канаттууларды клейлеңиз, барактагы жетишпеген детал-дарын карандаш же краска менен боёңуз.<br>• Жасалган жаныбарлардан жана канаттуулардан коллаж түзгүлө.<br>• К. Чуковскийдин «Муха-цо-котуха» («Цокотуха чымын») жомогун окугула;<br>• А. Токомбаевдин «Аары» ырын окугула; | Балдар тапшырманы аткарышат.<br><br>Өз алдынча коллаж түзүшөт. | Педагог балдардын өзгөче (ординардуу эмес) жоопторун колдоого алат. |
| Педагог сейилдеп чыгып, «Зоопарктагы жаныбарлар» кыймылдуу оюнун ойноону сунуш кылат. | Балдар эрежелерди сак-тоо менен ойношот. | Калган убакытта иш учурунда тапшырманы аткара алба-ган балдарга жардам берүү керек.<br>Педагог балдарды колдойт. |
| Педагог активдүү катышканы үчүн бардык балдарга ыраа-зычылык билдирет жана кийин-ки күндүн темасын талкуулайт. | | |

# Тема: «Транспорт»

## Сабактын максаты

- Транспорттун түрлөрү менен тааныштыруу;
- Транспорттун түрлөрү: жер, аба, суу транспорту тууралуу түшүнүктөрүн кеңейтүү;
- Транспорттун келип чыгышы тууралуу балдардын түшүнүктөрүн кеңейтүү;
- 10 санынын чегинде сандык жана иреттик эсепти билүү көндүмдөрүн өркүндөтүү;
- Сандарды түз жана артка (оозеки эсеп) саноого, кийинки, мурунку санды атоого, айтылбай калган санды аныктоого үйрөтүү;
- Балдарды убакытка ориентир алууга үйрөтүү: жуманын, айлардын бардык күндөрүнүн ирети (жыл мезгилине ориентир алуу керек);
- Чаптоонун жардамы менен балдардын чыгармачылыгын өстүрүү, негизги бөлүккө форма берүүгө, колдун манжаларынын кыймылы менен форманын үстүңкү бетин иштеп чыкканга үйрөтүүнү улантуу.

## Активдүүлүк борборлору үчүн керектүү ресурстар

- Түрдүү оюнчуктар жана транспорттун сүрөттөрү (сюжеттик, предметтик);
- А. Бартонун «Самолет», «Жүк машина» ырлары, транспорттун башка түрлөрү тууралуу ырлар;
- «Жөнгө салуучу» (жезл, жол белгилери, светофор) оюну үчүн атрибуттар;
- Эсептөө үчүн майда оюнчуктар жана жаратылыш материалдары: желудь (эмендин уругу), каштандар, таштар, төө буурчак, буурчак;
- Сандардан жасалган таркатма материал;
- Демонстрациялоочу материал: жыл мезгилдери, календарь (жумалык);
- Пластилин, чопо, камыр, чаптоо үчүн доска, түстүү карандаштар, кыл калемдер, краскалар, түстүү кагаз, кайчы, клей, салфеткалар.

| Педагогдун ишмердиги | Балдардын ишмердиги | Педагог үчүн түшүндүрмөлөр |
|---|---|---|
| Балдар активдүүлүк борборлорун тандашат. Ар бир борбордо 6-7 баладан кеп эмес болот. 3 борбор: математика, ИЗО (чаптоо), илим. Активдүүлүк борборлорун балдардын иштөөсүнө даярдайт. Балдарга күндүн темасын, эмне менен алек болушарын айтат. | Балдар тандалган борборлорго отурушат. | Урматтуу педагог, балдар активдүүлүк борборлоруна кандай отуруп жатканына кез салыңыз. |

| | | |
|---|---|---|
| **Тема: Транспорт**<br>**Биринчи борбор (математика) боюнча тапшырмалар.**<br>• Транспортту түрлөрү боюнча топтоштургула.<br>• Топтор боюнча транспорттун санын санагыла.<br>• Транспорттун түрлерүн атагыла. Эмне үчүн ушундай деп ойлойсуңар, негиздегиле.<br>• «Эмне ашыкча?» дидактикалык оюну.<br>• «Мурунку, кийинки айтылбай калган санды ата», «Көңүлдүү эсеп» дидактикалык оюндары.<br>• Кайсы жыл мезгили экенин кандай белгилери аркылуу биле алдыңар?<br>• Бул жыл мезгилинин айларын атагыла. | Балдар тапшырманы аткарышат.<br><br>Балдар ашыкча транспортту табышат, аларды атап, эмне үчүн ашыкча экенин түшүндүрөт. | Транспорттун түрлерү менен оюнчуктарды, предметтик картинкаларды даярдаңыз.<br><br>Балдардын транспорттун түрлерүн туура атаганына көз салуу керек.<br><br>Транспорттун түрлерү менен алдын ала предметтик картинкаларды даярдаңыз.<br>**«Эмне ашыкча?» оюну** үчүн алдын ала картинкаларды (автобус, жүк машина, жеңил машина жана самолет) ж.б. даярдаңыз. Андан ары ушуларга окшоштуруп, балдар ушундай оюндарды ойлоп табышат.<br><br>Чыгармачылыгы жана өзгөчө жооптору үчүн балдарды колдоону унутпаңыз. |
| **Танапис, таза абада «Самолеттор» кыймылдуу оюну.** | Балдар самолеттун моторун от алдырышат, колун айлантып, самолеттун учканын туурашат, «учтук» – колдорду эки жакка созуп, түрдүү багыттарда учушат, анан өз ордуларына конушат. | Балдардын баары кыймылды аткарганына көз салыңыз. |
| **Экинчи борбор (илим) боюнча тапшырмалар** | | |
| Педагог транспорттун түрлеру тууралуу ырларды окуйт<br>• Силер түшкен транспорттун түрлөрүн атагыла.<br>• Транспорттун кайсы түрү менен тез жетүүгө болот? Эмне үчүн?<br>• Жүк машина эмнеге багытталган?<br>• Жеңил автомашина эмне иш кылат? | Суроолорго жооп беришип, тапшырмаларды аткарышат. | Бардык балдарды угуу керек.<br><br>Балдардан жоопторун күтүңүз. |

| | | |
|---|---|---|
| • Темир жол транспорту эмнеге арналган?<br>• Эмне үчүн аба транспорту деп аталат?<br>• Дарыялар, деңиздер аркылуу кантип өтүүгө болот?<br>• Дагы кандай транспорттун түрлөрүн билесиңер?<br>• Айга жетүүгө болобу, болсо эмне менен барууга болот?<br>• Мурда транспорт жок кезде адамдар эмне менен катташкан?<br>• Чоң чарага суу алып, балдардын алдына коюп, аларга кагаз, пластмасса, жыгач, темир материалдарды берүү керек, балдар кораблдерди, самолетторду жана башка транспорттун түрлерүн жасашсын. Анан практикада сынап көрүшсүн, сууда кандай материал чөкпейт, эгерде чөксө, эмне үчүн? | Балдар өздөрү каалаган материалдарды тандап алышып, ар кандай материалдардан ар нерсе жасашат. Андан кийин эмне жасаганын айтып беришип, жыйынтык чыгарышат. | Транспорттун келип чыгуу тарыхын айтып бериңиз.<br>Балдар кыйнала турган болсо, анда аларга жардам берүү керек. |
| **Танапис, таза абада «Кичинекей таранчылар жана автомобиль» кыймылдуу оюну.** | Балдар канаттуулардын учканын туурап, ойношот, жүгүрүшөт, дандарды чокушат. Автомобиль жүрүп баратып, сигнал берет, балдар орундарына качып кетишет. | Автомобилдин рулунун атрибутун даярдоо керек. |
| **Үчүнчү борбор (ИЗО) боюнча тапшырмалар,** топ болуп иштөө.<br>Дүкөндүн текчелерин транспорт менен толтургула. | Балдар тапшырманы аткарышат. | Педагог материалды тандоодо чектелбейт, балдардын чыгармачылыгын колдойт. |
| Педагог ишке активдүү катышканы үчүн бардык балдарга ыраазычылык билдирет жана кийинки күндүн темасын талкуулайт. | Балдар жасалган майда-барат буюмдар менен дүкөндүн текчелерин жасалгалашат. | |

## 4.2. Вальдорф педагогикасынын ыкмаларын колдонуу боюнча усулдук сунуштар

**Вальдорф педагогикасы** дүйнөлүк атаандаш педагогикадагы алдыңкы кыймылдардын бири болуп саналат, ал баланын ден соолугун сактоо, ар бир балага жекече өнүгүү жолун тартуулоо маселелерин максималдуу чечүү үчүн педагогикалык жолду табууга аракет кылат. Вальдорф педагогикасынын ийгиликтери ЮНЕСКОнун консультация берүү кеңеши менен тыгыз кызматташуунун негизинде белгилүү болууда. ЮНЕСКО менен биргеликте Эл аралык Вальдорф кыймылы көптөгөн он жылдыктардан бери ар башка маданиятына, бала жашаган өлкөнүн социалдык жана экономикалык шарттарына карабастан, ар бир балага комплекстүү, бүтүндөй жана тең салмакталган өсүү кепилдиги берилишине күч жумшоодо.

Вальдорф мектебинде баланы тарбиялоо, бул искусство, чыгармачыл процесс, ага ар бир конкреттүү баланын келечеги жана ден соолугу кез каранды. Балага байкоо жүргүзөт, анын эмнеге жөндөмдүүлүгүн, темпераментин, кызыкчылыктарын, жеке сапаттарын жана мүмкүнчүлүктөрүн билишет, ошондон кийин булардын негизинде окутууга карата педагогикалык мамилени калыптандырат.

Ритм баланы енүктүрүүнүн негиз салуучу фактору катарында Вальдорф мектеби боюнча окутууда да негизги аспектилердин бири болуп саналат, ал балдарды оорулуу жана бакубат деп бөлбейт. Ошондуктан бүгүнкү күнде Вальдорф мектептеринде колдонулуп жаткан «доор» боюнча окутуу, ритм – улуу окутуучу баланын назик жана оңой жаралануучу жан дүйнөсүнө жагымдуу таасир этүүчү принцип деген менен байланыштуу. Ал адамдын тирүү организминде бар, ал музыкада жана кепте, сабактарды образдуу окутуунун мазмунунда жашайт. Өз жендемдүүлүгүнө жана мүмкүнчүлүктөрүнө жараша бала өзү үчүн бүгүнкү сабактан эң аз белүктү алганда да, эртең ал етүлгөн теманы ритмикалуу кайталоодо алынган билимди бекемдеп, жаңы билимдерди өздөштүрөт.

Вальдорф педагогикасы тарбиялоо маселесине карата салттык улуттук усулдарды жана мамилени сактоону колдойт. Түрдүү элдердин эпосторунда жана жомок, ылакаптарында тарбиялоонун бардык мүмкүн болгон принциптери берилет. Мисалы, «Манас» эпосу башкы каарман Манастын жана жакын досу Алмамбеттин мисалында баланын өсүү баскычтарын жана тарбиялоонун байыркы элдик акылман салттарын керсетмөлүү жана майда-баратына чейин сыпаттап берет.

Вальдорф методикасы боюнча окуу материалын берүү сабактын салттуу түзүлүшүнөн айырмаланат. Педагог өз ишинде, биринчи кезекте, бул курактагы баланын психологиясын жана физиологиясын билгенине таянат, бул, өз кезегинде, тигил же бул теманы окутууну баланын түшүнүгүнө жеткиликтүү образ аркылуу жеткирүүнү талап кылат.

Теориялык билимдер менен катар балдар ошондой эле жүндү иштетүү (боёо, жуумай, ийрүү, токуу); бакта иштее (себүү, сугаруу, отоо чөптөрден арылтуу, түшүмдү жыйноо); нанды жана май токочту (пирогду) даярдоо (себүү иштери менен тааныштыруудан баштап үрөндү тартуу жана унду даярдоо) ж.б. сыяктуу адамдын продуктивдүү ишмердигинин ар кандай түрлөрү тууралуу билишет.

Вальдорф педагогикасынын теориясына ылайык, оюн материалы да ар кандай болушу, кыял чабытка жана чыгармычылык ой жүгүртүүнү өстүрүүгө түртүшү мүмкүн.

Ошондуктан класста (тайпада) колдонулган көпчүлүк оюнчуктар жөнөкөй жана жеткиликтүү болушу кажет. Дарактардын тамырлары жана кабыктары, майда такталар, кесиндилер баланын колунда алгачкы курулуш материалына абдан туура келет.

**Тууроо жана үлгү.** Р. Штайнер: «Кичине баланын айлана-чөйрө менен тааныштыруу чөйрөсүнө болгон мамилесинин маңызын ачып көрсөткөн эки ачкычтуу сөз бар, алар: тууроо жана үлгү», – деп жазган. Балада дененин аспектисин тууроо өтө күчтүү таасир тийгизет, керек болсо түз турууну туурайт. Жаныбарлар арасынан табылган *«Маугли»* балдардын феноменин эстегилечи. Түз турууга шайкеш келген арка скелетинин өзгөчөлүктөрү бул балдарда таптакыр башкача болгон. Алардын көрүүсү, угуусу, сезүүсү укмуш өнүккөн. Балдар түнкүсүн жортуп, күндүзү укташкан. Бардык мимикасы, жүрүш-турушу айлана-чөйрө менен тааныштыруу нерселердин, жүрүм-турум формаларынын жыйынтыгы болгон. Ошентип, баланын тууроо активдүүлүгү баланын пластикалык денесинде жана психикасында берилген.

Вальдорф педагогдору тууроо принцибин окутуунун жана тарбиялоонун маанилүү каражаты катары эсептешет.

Өзүң жасабаган нерсени баланын аткаруусун сурануу пайдасыз. Бала жөн гана кантип жасаларын билбейт.

Алты жаштагы кыздан педагог: «Боонуу байлоону кайдан үйрөндүң?» – деп сурады.

Кыз ойлонбостон: «Мен ар дайым байкемдин боо байлаганын карап жатып үйрөндүм», – деди.

Эгер класста/тайпада таза эмес болсо, бала оюнчуктарды ордуна коюп жыйнабайт. Балдарга чоңдордун ишмердигин байкоого мүмкүнчүлүк берүү жашоого багыт алуусуна жардам берет. Жаратылыштын жашоосу бала үчүн, эгер сиз гүлдөрдү отургузуп, канаттууларды тоюндуруп койсоңуз ачылат.

**Бaанын жоктугу.** Вальдорф педагогикасынын өзгөчөлүктөрүнүн бири – баланын дептеринде бaанын жоктугу. Баланын иши үчүн коюлган баада чоң кишинин жашыруун бийлиги катылган. Баа алууга кенген бала кимдир бирөөгө кез каранды болуу менен жашап калат. Бул болсо жыйынтыгында бир ишти жакшы көргөнүнөн эмес, жакшы баа алуу үчүн жасап калууга алып келет. Бул баалоого болгон тыюуну Вальдорф педагогикасы олуттуу колдойт. Бала таза кагаз эмес, биз каалаганыбызды жаза бергидей. Бала – жеке инсан, ага кеп нерсе камтылган, биз, чоңдор, бул жекечеликти ачууга жардам берүүбүз керек, бирок баа коюу менен эч нерсени өзгөртпөшүбүз керек.

**Вальдорф педагогдору балага «жок», «болбойт» деген сөздү чанда айтышат.**

Балага «болбойт» деген сөздү айтууга негиз болгон үч себеп:

- Эгер баланын каалоосун аткаруу бала үчүн зыян болсо (мисалы, кечеге начар аба ырайы болуп жатканда жылуу кийимсиз чыгуу);
- Эгер анын иш-аракеттери башкаларга жолтоо болсо (мисалы, башкалар окуп жатканда ызы-чуу салуу);
- Эгер кандайдыр бир буюмдарга залалы тийсе (мисалы, дубалга, партага сүрөт тартуу.

**Оюндун философиясы.** Баланын жөндөмдүүлүктөрүн ачууга баарыдан мурда оюн таасир этет. **Оюн – бул баланын талабы.** Оюнду бүтүндөй билим берүүчүлүк сабактар менен алмаштырууга болбойт. Кеп жана кызыктуу ойногон балдар жалпы өнүгүү боюнча мыкты көрсөткүчтөрдү көрсөтүшөт, ошондой эле эмоционалдуу социалдык чөйрөдө артыкчылыгын көрсөтүшөт. «Кызыл топучан кыз» жомогун ойноо менен бала башкы каарманга, чоң энеге эмоционалдуу жан тартат, аягында жомокто жамандыкты жакшылык жеңет, кыз чоң апасы менен куткарылат, ал эми карышкыр жазаланат.

Күндүн жүгүртмөсүндө 1–2 саатка созулган **«эркин оюн»** сөзсүз түрдө болот.

**Бул эмне?**

Бул педагогикалык системанын принципиалдуу маанилүү учуру. Бул убакта бала педагогго жардам бере алат, гүлге суу куят, оюнчуктардын ордун жыйнайт, бир нерсени оңдойт, китеп чаптайт, оюнчукту балдар менен же жалгыз ойнойт (бул педагог тарабынан көзөмелгө алынат, бирок убакыт чектелбейт).

**Бул учурда бала эмне болот?**

Педагогду туурап жатып, гүлгө суу куюп жатып, жалбырактарды этияттап кармаганга үйрөнөт. Ошону менен бирге экологиялык тарбия маселелери чечилет. Бала бир нерсе куруп жатып (дубал, үй, дарбаза, тепкич) кирпичке кирпичти кынаганды, курулуштун бийиктигин жана туурасын дал келиштирүүнү үйрөнөт.

Бул учурда анын бардык чыгармачыл күчтөрү ачылат, инсандык, демилге, өз алдынчалуулук, активдүүлүк сыяктуу сапаттары калыптанат. **Бала өзүн көрсөтүү үчүн эмне кылат деген суроого Р. Штайнер: «Ал өз эркин иш жүзүнө ашырат, ачып берет», – дейт.**

**Күнүмдүк жашоону байкоодон пайда болгон ой-пикир канчалык жаркын болсо,** балдардын оюну ошончолук мазмундуу болот. **Оюн – бул баланын табигый керектөөсү, талабы.** Эреже боюнча ойнолгон бардык оюндардан сырткары (кыймылдуу, музыкалык, манжа оюндары) күн сайын бала чоңдордун катышуусусуз топтолгон тажрыйбанын негизинде «жашоону ойнойт».

**«Апасы-кызы» оюнун** ойноодо, бала куурчакты этияттык менен оройт, тамак берет, уктатат. Бала айлана-чөйре менен тааныштыруу нерселерди көчүрүп алат: эгер сүйүүнү жана кам көрүүнү көрсө, ал дагы камкор мамиле жасайт, эгер аны кайдыгерлик, оройлук курчап турса, анда, албетте, оюнга дагы бул нерсе таасирин тийгизет.

**«Оорукана» ойнун** ойноп жатып бала жашоодо туш келген жагдайды аткарат: ооруканага келип, дарыгер менен оорулуунун карым-катышын көрөт.

**Оюн – баланын ден соолугунун көрсөткүчү, ал ооруп калганын ойнобой калганынан эле билсе болот.**

Бала өз алдынча ойнобосо жана билбесе, бул жакшы нерсе эмес. Чоң кишинин жардамысыз кандай ойноону билбейт, ички активдүүлүгү басаңдайт.

Ыксыз эркелетүү, тыюу, баланын ички активдүүлүгүн басууда, бала үчүн бардыгын чечүүдө, ойноого тыюу салуу, интеллектуалдуу оюндарга басым жасоо жогоруда

айтылып өткөн терс сапаттарга алып келет. Ар убак бала үчүн чечим кабыл алуу, анын эмне кыларын, кандай оюн ойногонуна чейин киришүүгө болбойт, анын ишмердигин эркин коюу керек.

- Ойноону жакшы керген балдарда негизги коркуу, кайгыруу, кубануу, кыжырлануу сезимдери жакшы, тең салмакта өнүккөн.
- Чоңдорду чыгармачылык менен тууроо менен балдар тамак даярдаганды, идиш-аяк жууганды, бакчада иштөөнү, бөлмөнү иретке келтирүүнү үйрөнүшөт.
- Оюн гана балдарды мектепте окутуу үчүн, өнүгүү үчүн зарыл болгон сапаттарды өнүктүрүүнү женгө салат.
- Ролдошкон оюндарды ар дайым ойноодо бала туруктуулукка үйрөнөт; ролду тандап, аны логикалык жактан чегине жеткирүү менен бала жоопкерчиликтүү болууга үйрөнөт...

**Оюнчуктун философиясы.** Вальдорф педагогикасында оюнчукка болгон мамиле өзгөчө. Мында табигый заттан жасалган женекей оюнчуктарга басым жасалат (кийиз, жүн, жыгач, жибектин айрындылары, пахтанын, кездеменин кесиндилери), алар жумшак, кошулмасыз болот, бала фантазиясына жараша белгилүү бир образ жаратат. Оюндагы женекей эле таякча бир эле убакта самолет, кашык, машина боло алат, ал эми майда таштар жаныбарларга айланат, мисалы, жайлоодогу койлорго, каштан – жылкыга, тобурчактар балатыга айланат ж.б.у.с. Кек кездеме дарыя, ал эми тамыр же бутак – кепүре, түстүү топчу – ай боло алат. Бирок булар бүгүн эле ушундай, ал эми эртеңки күнү ушул эле нерселер башка оюнчуктун милдетин аткарып калат. Мындай оюн сөзсүз түрдө баланын чыгармачыл жөндемүн ойготуп, өнүктүрөт.

**Айлана-чөйрө менен тааныштыруу.** Баланын денелик жана рухий өнүгүүсүнүн биринчи жети жылдыгында ал өсүп жаткан чөйрөнүн туура уюштурулушу анын калыптанышына жана өсүшүнө зор салым кошот. Класстын/тайпанын интерьерине боёктордун жагымдуу түстөрү жана жагымдуу материалдар колдонулат (жыгач, жүн, пахта, кийиз). Бул жагымдуу жагдай үй-бүлөлүк атмосфера түзүүгө жардам берет.

**Искусство менен алектенүү.** Живопись, сүрет, ийлеп-чаптоо, музыка, ыр окуу, драмаларды коюу бардык предметтерге тиешелүү. Мүмкүнчүлүккө жараша, өтүлгөн материал «календардык майрам» мезгилинде анча чоң эмес үзүндүлөр аркылуу берилиши керек. Кайсы гана искусство менен алектенбесин, анын фантазиясы күчтүү болсо, баланын тибине, темпераментине жооп берет. Педагогдон чачылган импульс, анын ар баланын ишмердик процессине катышуусу андан да жаңы, башка чыгармачыл ишмердигинин жаралышына шарт түзет.

**Ийлеп-чаптоо** өтө пайдалуу жумуш, аны менен алектенүүгө логопеддер, психологдор кеңеш беришет. Ийлеп-чаптоо майда моториканын өнүгүүсүн шарттайт, арка сөөктүн түз болушуна өбөлгө болот, нерв системасына жакшы таасир тийгизет. Балдар ийлеп-чаптаганды өтө жакшы көрүшөт, анткени жасалган нерселер көлөмдүү болуп, сүрөттөгүдөй сыйда болбойт жана аны менен ойноого да болот.

**Музыка** баланын эмоционалдык, акыл-эс өнүгүүсүнө таасир этет, интеллектуалдык, рухий өнүгүүсүн шарттайт. Ошондуктан сабактарда музыкалык аспаптарда ойноо

сунушталат (флейта, урма аспап, триагель ж.б.у.с.) жана булар программалык маселелерди чечүүгө тоскоолдук жаратпашы керек. Угуу аркылуу кабыл алуу бардык денеден өтөт жана мээнин өнүгүүсүнө таасир этет. Комада жаткан адамдын баш мээсине музыка таасир этип, үндү уккан учурлар кездешет. Эгер адам тааныш, сүйүктүү музыканы укса, айыгат. Ырдоо анын ички органдарына кайсы бир деңгээлде масаж да болот. Сезсүз түрдө фортепиано менен ырдоо керек эмес. Балдар кыска, өздөрүнө жакшы тааныш ырларды үндөрүн бийиктетип, ылдыйлатып ритмикалуу ырдаса болот.

Балдардын музыкалык өнүгүүсү үчүн балдардын музыкалык аспаптары болушу маанилүү (урма, барабан, кашыктар, шалдырактар, кезөнектер, металлофон ж.б.у.с.). Балдар оркестрин түзүү менен алардын барабанда ойноосу, кашыктар менен шакылдатышы, шалдырактар менен шалдыратуусу өтө маанилүү, б.а., өздөрүн бир организм катары сезүүлөрү керек. Жомокту коюуда каардуу жез кемпир пайда болгон учурда көрүүсү начар балдар музыка аркылуу жез кемпирдин образын сезгендей болушу зарыл жана ал коркунучтуу темпте болушу керек (барабан катуу урулат, шалдырак шалдырайт ж.б.у.с.), ал эми боорукер фея пайда болгондо музыка акырын, мелодиялуу чыгышы керек.

***Айырмалоочу жөндөмдөрдүн бири – «эпоха» боюнча окутуу.*** Вальдорф методикасы боюнча программалык **предметтерди окутуу «эпохалар» боюнча түзүлөт,** мында бир предмет (мисалы, математика же жазуу) үч жуманын аралыгында күн сайын негизги сабак катары өтүлөт. Эпоха балага жаңы материалды толугу менен кабыл алууга, өздөштүрүүгө, кийинки сабактарда бекемдөөгө жардам берет.

Балдарды тыбыштар, тамгалар, тыныш белгилери, сандар, эсеп, математикалык белгилер менен Вальдорф педагогикасы боюнча тааныштыруу жомок аркылуу жүргүзүлөт, анда сандардын образдары келөмү менен дал келет (же тамганын образы анын угулушу менен дал келет). Жомоктор айтылат, андан соң педагог тарабынан тактага жана дептерге бала өзү ойлоп тапкан сыяктуу болуп жазылат. Тамга эмне үчүн так ушундай болуп жазылат деп балдар ойлонгудай болушу керек жана баланын сезимине негизделиши зарыл.

**Эмне үчүн жомоктор?** Анткени 6 жаштагы балдар дагы эле жомоктогу каармандардын арасында жашашат, алардын айлана-чейресүндөгү дүйнө – сыйкырдуу дүйнө, анда балдар жамандыкты жакшылык жеңерине ар дайым ишенишет.

**Вальдорф педагогикасынын методикасын колдонууну чечкен педагогдор ар бир сабакка чыгармачылык менен изденип, даяр конспект менен иштебей, даярданат.**

Педагогдун мындай ишинин маанилүүлүгү тамганын, сандын, арифметикалык төрт белгинин образын издөө жолунда болот, ал образдар ойлоп гана табылбастан, физикалык жактан да текшерилиши керек.

Мисалы, балдарды **«Д»** тыбышы жана тамгасы менен тааныштыруу үчүн педагог эски, кичине, төбөсү жок үйдө жашаган үй-бүлө жөнүндө жомок айтып берет. Баласы падыша болуп, өз ата-энеси үчүн эбегейсиз чоң үй салып бергендиги тууралуу сөз болот.

Мында тамгалардын образы үйдүкү менен дал келет, ошондой эле сөз **«Д»** тамгадан башталат. Айтылган окуя педагог жана балдар тарабынан сүрөткө тартылат. Сүрөткө карап, балдар дароо эле бул кайсы тамга экендигин билишет жана кайдан чыккандыгы тууралуу суроо пайда болбойт.

Барабардык, кошуу, кемитүү ж.б. белгилер сандар менен математика эпохасында жаралат. Окутууга болгон катышта **бирдик – бул бир бүтүндүк жана өзүнө көптүктү камтыйт.** Мисалы, бир бүтүн алманы экиге, үчке, тертке ж.б. белүүгө болот. Бирок бул бөлүктөр бир алманын кесиндилери болот.

Вальдорф педагогикасынын методикасын колдонуу өсүп жаткан баланын ден соолугуна жагымдуу таасир тийгизет, ал эми окутуунун кызыктуу катыштарын ар бир балага карата колдонсо болот.

## 4.3. Монтессори педагогикасынын ыкмаларын колдонуу боюнча усулдук сунуштар

**«Муну өзүм жасаганга жардам бер» – Монтессори системасы боюнча билим берүүнүн девизи.**

Мария Монтессори – XIX кылымдын аягындагы XX кылымдын башындагы белгилүү педагог жана дарыгер. Анын системасы боюнча иштөө баланын техникалык, сенсордук жана интеллектуалдык деңгээлин өнүктүрүүнү билдирет. Монтессоринин программасы менен окуп жатып, балдар практикалык жана турмуштук көндүмдөрдү өздөштүрүшөт, алар эне тилди, математикалык түшүнүктөрдү, сезүү органдарын өнүктүрүүгө багытталган түрдүү көнүгүүлөрдү аткарышат. «Космикалык тарбиялоону» өзгөчө бөлүп көрсөтүү керек, ал өзүнө астрономия, география, биология, физика менен алгачкы тааныштырууну камтыйт, балдарды бул татаал илимдер менен тааныштырат.

Монтессори теориясына ылайык, негизинен балдар дүйнөнү өз алдынча таанышат. Монтессори педагогикасы педагогдордун музыкалык аспаптарда – гитарада, флейтада, скрипкада, комузда ойноосун колдойт. Сабакты уюштуруунун натыйжалуу формасы болуп «тегерек» же күн сайын балдарды чогултуу эсептелет, анда жалпы сүйлөшүү башталып, ал кээде абдан татаал темаларды талкуулоого өтүп кетет. Монтессоринин системасынын талапкерлери анын программасын «укмуш программа» деп атап, ал балдарды табигый-илимий билимдердин негиздерине, окууга, жазууга, чет тилге болушунча батыраак окутууга жөндөмдүү, ошол эле учурда алардын шамдагайлыгын жана өз алдынчалыгын өстүрөт дешти. Монтессори системасынын чыныгы максаты – баланы вундеркиндге айландыруу эмес, болгону анын табигый өз алдынчалуулугун, аны менен бирге башка жөндөмдөрүн өстүрүү.

***Монтессори чөйрөсү***

**Монтессориде баланын ишмердигинин негизги формасы** класстагы/тайпадагы атайын уюштурулган предметтик чөйрөдөгү **эркин иш болуп саналат.**

Бул баланы түрдүү чөйрөлөрдө максималдуу өсүүгө шыктандырат. Сабак учурунда көңүл иштин жыйынтыгына эмес, ишмердик процессине: баланын ишке эмоционалдуу киришүүсүнө, көйгөй кырдаалдарда чечимди өз алдынча издөөсүнө бурулат.

**Мындай мамиле балада өз алдынчалуулуктун өсүүсүн, чыдамкайлыкты, көңүл бурууну, таанып билүү активдүүлүгүн камсыз кылат. Бул сапаттар келечекте бардык ишмердикте ийгиликке жетишүүнү камсыз кылат.**

Монтессори классында/тайпасында парталар, доска жок, жеңил столдор гана бар, аларды иштөө үчүн эки бала керектүү жерге көтөрүп кете алышат. Дубалды бойлой текчелер турат, аларда Монтессоринин дидактикалык материалдары – сабак учурунда балдар иштей турган материалдар жайгаштырылган.

Монтессоринин классы/тайпасы үчүн **кеңири мейкиндик орун абдан маанилүү.** Бул мейкиндикте балдар өздөрүнүн иштери үчүн полго эле жайгаша алат, аны үчүн чоң эмес килемчелерди пайдаланышат.

Класста/тайпада эркин орун которуп жүрүү менен бала аны кызыктырган текчедеги материалдарды өзү тандайт, иштөө үчүн ылайыктуу жерди өзү табат. Эгерде бала жалгыз болгусу келсе, ал жалпы комнатадан бөлүнүп тосулган жумшак кресло менен кептеген китептер бар «тосмого» бөлүнүп кете алат.

Монтессори философиясынын дагы бир тартиби башаламан дүйнөдө жол тапканга балага, биринчи кезекте, сырткы тартип жардам берери тууралуу. Ал адамдын буюмдардын үстүнөн бийлик жүргүзөрүн негиздеп гана тим болбойт, анын негизинде бала 6 жаш куракта өзүндө ички тартипти орнотот. Бул кадимкидей эле сырткы тартиптин ички тартипке кайрылуусунун негизинде ишке ашат. Адамдын кийинки турмушунда ички тартип ал 6 жашында айлана-чөйрө иретке келтирилгендей өнүкпөйт.

Балага үч чөйрөдө тартип керек:

- аны курчап турган чөйрөдө (бөлмөдө);
- убакытта;
- ага карата чоң адамдардын жүрүм-турумунда.

Педагог баланын айлана-чөйрөсү негизги мыйзам ченемдүүлүктөргө туура келгендей аны ишке ашырышы керек: идиш-аяк – ашканада, бут кийим – кирген бөлмөдө, кийим – шкафта, оюнчуктар – дайыма атайын текчелердеги өзүнүн ордунда, ошентип, өзүнчө **«даярдалган чөйрө»** түзүлөт.

Монтессори педагогикасынын «бала жаңылууга жана баарын тажрыйба аркылуу тааныганга укуктуу» деп бекемдегени абдан маанилүү.

***М. Монтессори методикасы төмөнкүдөй курулган, анда бала:***

- угуп, көрүүнүн, жыттоонун жардамы менен түстүн, жыттын назик нюанстарын айырмалайт, геометриялык фигураларды жана формаларды билет, буюмдардын өлчөмү, узундугу, калыңдыгы жана башка касиеттери тууралуу көрсөтмө түшүнүктөрдү алат;
- практикалык турмуштун көндүмдөрүнө ээ болот: чай куйганды, топчуланганды, бут кийимине боо өткөргөндү, идиш-аяк

**М. Монтессори айтат: «Ооба, ал, мүмкүн, өзүнүн бут кийимин анчалык жакшы тазалай албайт – гуталинди өзүнө жугузуп, полду да булгайт. Бирок, Сиз экспериментти токтотууну баладан талап кылсаңыз, баладагы бут кийимин кароого болгон каалоосун биротоло жок кыласыз. Жөн гана балага муну кандай жасоо керектигин көрсөтүңүз. Аны мактаңыз – сөзсүз ал бул ишти жакшы аткара алат. Анын канатын кеспестен, өз алдынчалуулугун колдоо керек».**

жууганды, тиккенди, үтүктөгөндү, гүл өстүргөндү, түрдүү кулпуларды ачканды, жапканды үйрөнөт;

- буюмдарды жалпылаганга жана классификациялаганга үйрөнөт, жакшы сүйлөйт, иретке келтирет, ченейт, математикалык билимдерге ээ болот, болгондо да, математика аны үчүн өз кеби сыяктуу жакын жана табигый болуп калат;
- дүйнөдө жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн көптөгөн түрлөрү бар экендигинен, асманда жылдыз бар, ал эми суу агат да, тоңот да дегенден баштап, адамдар тарабынан искусствонун көптөгөн мыкты чыгармалары жаралган деген менен аяктап, көптөгөн ачылыштарды жасайт;
- өз алдынча, максатка ылайык аракеттенге үйрөнөт, башталган ишти аягына жеткирет;
- майда булчуңдарын өнүктүрүп, колун жазганга, ал эми ой жүгүртүүсүн абстракттуу түшүнүктөрдү кабыл алганга даярдайт;
- өз алдынча жазганга жана окуганга үйрөнөт.

***Монтессоринин материалдары***

Монтессоринин материалдары ар кандай өлчөмдөгү, салмактагы, формадагы, түстөгү, балдар үчүн коопсуз табигый материалдардан жасалган, түрдүү нерселерди жасоого боло турган тамгалардын, сандардын, предметтердин атайын иштелип чыккан жыйындысын билдирет.

Монтессоринин материалдарына ошондой эле жаратылыш материалдары да (кум, суу, буурчак, күрүч, төө буурчак ж.б.) кирет, аларды пайдалануу баланын сенсордук өсүүсүн өнүктүрөт. Монтессоринин материалдары менен иштөө баланын андан аркы өнүгүүсү үчүн маанилүү бир канча маселени дароо чечкенге жардам берет.

Мисалы, кашык менен акталган таруунү (крупаны) бир табактан экинчи табакка салып жатып, бала буларга үйрөнөт: кашыкты туура кармайт; окуу, жазуу жана эсептөө үчүн солдон – оңго кыймылын өздөштүрөт. Дагы бир милдет – бул балада көрүп кеземелдөө функциясын, көрүү-мотордук координацияны; колдун манжаларынын булчуңдарын өстүрүү ишке ашат, алар калемди жана калем сапты кармоо үчүн пайдаланылат.

Мындай көнүгүүлөр балада эркти, көңүл бурууну, көңүлдү топтоону өнүктүрүү үчүн зарыл. Монтессоринин материалдары менен иш-аракеттерди көп жолу кайталоо мүмкүнчүлүгү балага сабактарда алган билгичтиктерин жакшыртканга жардам берет.

***Монтессори педагогикасынын принциптери:***

- илимди жалпылоо жана талдоо, илимге жетишүү;
- жакшы сүйлөө, кооз кыймылдоо;
- музыканы сүйүү;
- башкаларды урматтоо, башкалар башка экенин түшүнүү;
- башкаларды окутуу.

# V бөлүм

# Ден соолук мүмкүнчүлүктөрү чектелген (ДМЧ) балдар менен иштөө боюнча усулдук сунуштар

**Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын өзгөчөлүгү**

Бул балдарда өзгөчө билим алуу талаптары байкалат, анткени психикалык өнүгүүнүн спецификалык бузулуусу окуу-тарбия процессинин түзүлүшүнүн өзгөчө логикасын талап кылат, ал билим берүүнүн мазмунунун түзүлүшүндө өз чагылуусун табат. Буга байланыштуу **мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга зарыл болгон өзгөчө шарттардын талабын бөлүп көрсөтүүгө болот:**

- нормалдуу өнүгүп жаткан балага караганда окутууну жогорку деңгээлде индивидуалдаштыруу зарыл;
- өзгөчө убактылуу билим алуу чөйрөсү менен камсыздоо;
- билим мекемесинен тышкары билим алуу мейкиндигин максималдуу түрдө кеңейтүү.

**Бул категория менен иштөөдө төмөнкү принциптерди эске алып, коррекциялык иштердин эрежелерине таянуу зарыл:**

- ар бир балага жеке карам-катыш жасоо;
- 6 жаштагы балдардын таанып-билүү ишмердигин активдештирген усулдарды такай колдонуу, жазуу, сүйлөө кебин жана зарыл болгон окуу көндүмдөрүн калыптандыруу;
- педагогикалык тактты системалуу түрдө билдирип туруу;
- кичине ийгилик болсо дагы аны сыйлоо, ар бир балага тактикалык, ез убагындагы жардам көрсөтүү, ез күчүнө ишенүүнү енүктүрүү.

**Мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын таанып-билүү жана эмоционалдык чөйрөсүнө коррекциялык жактан таасир этүүнүн эффективдүү ыкмалары төмөнкүлөр:**

- оюндук жагдайлар;
- дидактикалык оюндар, заттардын түрдүк, белгилик сапаттары менен байланышкан оюндар;
- башкалар менен байланышып, сүйлөшүүнү өнүктүрүүгө шарт түзген оюн-тренингдери;
- булчундун түйүлүүсүн жана бүгүлүүсүн, айрыкча бет түзүлүшүндөгү, колдун манжаларындагы ооруларды басаңдата турган релаксация жана психогимнастика.

Жуурулуштуруу процесси үй-бүлө менен билим берүү мекемелеринин аракети коррекциялап окутуу жана тарбиялоого гана эмес, коомдун мүчөлөрүнүн гумандуу мамилесин калыптандырууга да багытталышы керек жана баланын өзгөче билим алуу талаптарын, анын жашоосундагы бардык чөйрөгө конкреттүү жардам берүүсү зарыл. Эгер тайпада ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген бала болсо, педагог биринчи кезекте башка окуучулар, алардын ата-энелери менен ал балдардын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү, пикир алышуунун эрежелери, жүрүм-туруму, жардам берүү тууралуу аңгемелешүү жүргүзүүсү керек. Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга билим берүү жана тарбиялоо тарбиянын жалпы программасына таянышы керек, ошентсе да анын мазмуну балдардын түрдүү жеке жана типологиялык талаптарына адаптацияланышы керек. Бул биздин мектептерде аз тажрыйбаланган, жаңы иш, ошентсе да педагогдун ар бир балага жардам берүү ниети жеке программасыз ишке

ашпайт. Педагогдор, окуучулар жана алардын ата-энелери жуурулуштурууга максаттын өзү катары карабашы керек, аны биринчи кезекте мүмкүнчүлүк катары, баланын өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарт түзүү жолу катары кароо керек. Берилген сунуштар педагогдорго мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын жалпы билим берүүчү чөйрөгө жуурулушуу процесси менен таанышууга, проблемага терең сүңгүп кирүүгө, өзгөчө муктаждыкка ээ болгон балдардын билим алуусун, тарбиялануусун ишке ашыруунун жолдорун издөөгө жардам берет.

- Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген бала жаңы бир нерсени билүүгө умтулууда башка балдарга караганда көпчүлүк учурда жолу болбойт.
- Ушуга байланыштуу бала өз алдынча аракет кылуунун кажети жок экендигине ынанып калат.
- Ошондуктан ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген бала көндүмдөрүн иш жүзүнө ашырышы үчүн коопсуз жана алдыга үндөгөн жай менен камсыз кылуу өтө маанилүү.

**Төмөндө бул нерсени кантип ишке ашыруу керектиги, баланын жаңы материалды үйрөнүүсүндө кыйынчылыктар менен дал келүүсүндө эмне кылуу керектиги тууралуу кеңештер:**

1. Чыдамкай болуңуз. Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балага, мүмкүн, бир нерсени туура жасоодон мурун, зат менен көбүрөөк убакыт таанышышы керектир;
2. Ийгиликтүү ар бир кадам үчүн, баланын аракети үчүн мактаңыз;
3. Зарылдык болгон учурда, маселени жеңилдетиш үчүн өзгөртүңүз. Мисалы, бала үчүн анча чоң эмес карандашты кармоо кыйын болсо, калың маркерди сунуштоо керек. Максат тапшырманын аткарылышы болот, ошондуктан бул нерсенин башка ыкмалар менен аткарылышы маанилүү эмес;
4. Балага практикалык ишмердик үчүн көбүреөк мүмкүнчүлүк бериңиз;
5. Балага тапшырманы аткарар аракеттеринен мурда бир нече жолу кандай аткарыларын көрсөтүп бериңиз;
6. Мейли бала ката кетирсин, ал туура эместигин айтпоо керек. Бул жакшы аракет экендигин жана дагы бир жолу кайталаса, жакшы болорун айтуу керек.

## Жалпы билим берүүчү уюмдарда начар уккан балдарды окутуу боюнча усулдук сунуштар

Жалпы билим берүүчү мекемелерде угуусу боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды окутуу өзгөчө татаалдыкты жаратат.

**Угуунун бузулушу** – өнүгүүдөгү эң бир татаал бузулуу, ошондуктан баланын угуусундагы кемчиликти байкаган учурдан баштап ал коррекциялык-өнүктүрүүчү процесске тартылышы керек, ата-энеси, үй-бүлө мүчөлөрү, курдаштары менен пикир алышуу аркылуу анын маанилүү, башкы булагы – сүйлөө речи өнүгөт.

Угуусу начар балдарда **сүйлөө речинин төмөнкүдөй кемчиликтери** кездешет:

- сүйлөөдөгү кемчиликтер – тилдин булдуруктоосу, үндүү менен үнсүз тыбыштардын аралашып кетүүсү, көпчүлүк тыбыштардын «т» тамгасына алмашылып айтылышы;
- сөздүк корунун чектелүүсү;
- сөздөрдү туура эмес түшүнүү жана туура эмес колдонуу;
- окулуп жаткан текстти түшүнүүнүн чектелүүсү.

Угуунун бузулуусунда сүйлөөнүн бузулуусунан тышкары абстракттуу – таанып-билүү ишмердигинин өзгөчөлүктөрү байкалат. Бул балдар үчүн ой жүгүртүүнүн конкреттүү формасын сактоодо сөздүк-логикалык аң-сезимдин кечеңдеши мүнөздүү. Алар татаал конструктивдик тапшырмаларды мыкты аткара алышат, ал эми сүйлөөнү талап кылган жумуштар кыйынчылыкты жаратат. Угуунун бузулушу адатта борбордук нерв системасынын инфекциялык кабылдоосунун жыйынтыгында жаралгандыктан, балдарда такай төмөнкүдөй белгилер байкалышы мүмкүн: ар дайым чарчаңкы абалда болуу, сөз көтөрө албоочулук, шалдыроо, көңүл бууунун төмөндүгү, эс тутумдун начардыгы ж.б. Бул болсо баланын эмгекке жарамдуулугу менен ишмердигине таасир этет.

**Педагогго сунуштар:**

1. Эгер класста/тайпада угуусу начар бала болсо, ал ар дайым педагогдун жүзүн класста/тайпада басып жүргөн, тактага жазып жаткан учурда дагы көрүп турушу керек, таблица менен иштее, сүрөт менен иштееде да бул окуучу педагогдун кез жаздымында калбоосу керек. Ошондуктан мындай баланы педагог оң жагынан биринчи партага, терезенин жанына отургузуш керек. Бул жерден көпчүлүк классташтардын, педагогдун жүзү, такта көрүнөт;
2. Угуусу начар бала класстагы/тайпадагы иштерге активдүү катышышы керек, бирок сабактын жүрүшүн кармабашы керек. Ошол эле убакта аларга түшүнүксүз болуп калбашын кеземелге алуу зарыл;
3. Эгер иштин жаңы түрү биринчи жолу өткөрүлүп жатса, балага тапшырманы ез алдынча аткаруусуна мүмкүнчүлүк берүү жана бул тапшырманы башка балдар кантип аткарып жатканына байкоо жүргүзүү керек. Бул учурда аны жооп берүү үчүн биринчи чакырбоо керек;
4. Эгер класста/тайпада угуусу начар бала болсо, мүмкүн болсо маал-маалы менен ар бир иш-аракет боюнча сурдопедагогдон консультация алып туруу керек;
5. Педагогдор угуусу начар балдардын актуалдуу коммуникативдик мүмкүнчүлүктөрүнүн ишке ашырылышы үчүн окутуунун жеке формасын издөөсү жана окутуу, пикир алышуу, сабак, сабактан тышкаркы учурдагы кыйынчылыктарды жеңүүсү керек.

**Угуунун бузулуусу – бул инсан ортосундагы байланышты тарыткан социалдык дефект, ал өз кезегинде социалдык пикир алышуунун жакырлануусуна алып келет.** Социумга байыр алууда жардамга педагог-психолог, педагог келет. Иш-аракеттер коммуникативдик компетенттүүлүктү енүктүрүүгө, боорукерликтин деңгээлин естүрүүгө, конфликтти төмөндөтүүгө, жамаатты ынтымакка чакырууга багытталган.

Бул нерсеге угуусу начар балдар менен музыканын элементтери, кыймыл терапиясы, топтук жана коррекциялык-өнүктүрүүчү релаксациялык сабактарды өткөрүү аркылуу жетүүгө болот. Угуусу жайында болгон балдардын арасында дайыма болуу менен бирге ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдар жаңы социалдык, эмоционалдык тажрыйбага ээ болот жана ал алардын пикир алышууга болгон умтулуусун, айлана-чейре менен тааныштыруу дүйне менен мазмундуу алака түзүү тажрыйбасына ээ болушат.

## Жалпы билим берүүчү уюмдарда көрүүсү начар балдарды окутуу боюнча усулдук сунуштар

Адам айлана-чейрөсүндөгү дүйне тууралуу көптөгөн маалыматты көрүүнүн жардамы аркылуу алат.

Ылдамдыгы жана кабыл алуусу боюнча кез адамдын башка сезүү органдарынан алдыда турат.

Көрүү функциясынын бузулуусу адамдын жашоосуна терс таасирин тийгизгендей, баланын дагы психикалык жактан өнүгүүсүнө олуттуу таасир тийгизет. Биринчи кезекте жогорку деңгээлде **кабыл алуу** жабыркайт. Көрүүнүн бузулушунда көрүү кабыл алуусу көрүүсү нормада болгон адамдардан чагылуу ылдамдыгы жактан кескин айырмаланат. Көрүүнүн дефектиси объектилердин етме белгилери гана көрүнүп, чыныгы сөлөкөтү көрүнбөй, көпчүлүк учурда башка зат катары көрүнөт.

Көрүүсү начар балдар үчүн туура жана тез кабыл алуусу үчүн көрүү менен аңдап билүүнүн карым-катыштыгы болуш керек. **Так эмес, болжолдуу көрүү аркылуу айлана-чөйрө менен тааныштыруу предметтер, кубулуштар начар көрүүнүн негизинде туура эмес кабыл алынып, алар жөнүндө элестетүүлөрдүн калпыстыгын жаратат.**

Элестетүүлөрдүн айлампасы бир катар объектилердин кабыл алынышынын мүмкүн эместигинен кескин түрдө кысылган. Кабыл алуунун бузулуусу көрүүсү начар балдарга мейкиндикте олуттуу кыйынчылыктарды жаратат.

Айлана-чейре менен тааныштыруу предметтерди баалоодогу ири кыйынчылыктар мейкиндиктеги элестетүүлөрдү татаалдаштырат, ошондой эле моториканын өнүгүүсүн жайлатат.

- Көрүүсү бузулган балдарды окутуунун башында окуу жана жазуу көндүмдөрүнө ээ болууда спецификалык кыйынчылыктар пайда болот.
- Балдар саптарды көрүшпөйт, тамгаларды чаташтырып жазышат, бул болсо, албетте, окуу техникасына, текстти түшүнүүгө терс таасирин тийгизет.
- Сандарды аралаштырып жазуу эсептөө жана маселе чыгаруу көндүмдөрүн ээ болууга бөгөт болот.
- Жөнөкөй шарттарда окутууда балдар тактага жазылган нерсени көрүшпөйт, алардын иштөө жөндөмдүүлүгү кескин түрдө төмөндөйт жана бат чарчашат.

**Педагогго сунуштар:**

1. Бала үчүн орун дарыгер-окулисттин көрсөтмөсүнө шайкеш аныкталышы керек;
2. Бала иштей турган столдун үстү жылмакай болбоосу керек;
3. Көрүү ишинин нормалдуу уланышы үчүн маанилүү шарттарынын бири болуп иш столуна жарыктын берилиши эсептелет (400 – 500 лк);
4. Маңыздуу негиз болуп көрүү убактысын узартуу саналат (максимум – 15 мин.), көздөр үчүн гимнастика;
5. Көрүүсү начар балдар класста/тайпада тактада жазылган нерселерди кабыл алуусу үчүн ал маалыматтардын бардыгын карточкага сабак башталгычакты даярдап коюу керек; бардык көрсөтмө куралдар менен баланы жекече тааныштыруу зарыл. Бул нерсени дагы сабакка чейин даярдап коюу абзел;
6. Көрсөтмөлүүлүккө болгон талаптар төмөндөгүчө болуусу керек:
   - берилген объектилердин контурлары даана билиниши зарыл;
   - кабыл алуу үчүн объекттин жалпы аянты – 500 кв. см, өзүнчө бөлүктөрү – 13 мм болушу керек.
   - объекттин чекесинин калыңдыгы көрүүнүн курчтугунан көз каранды болот. (0,5тен 5 мм чейин);
   - боёктор түрдүү, сары – күлгүн кызыл, жашыл жана күрөң өңүттө, мүмкүн болсо табигый өңдөргө жакын болуусу керек.
7. Педагогдун кеби так, түшүнүктүү, эмне кылып жаткандыгынын бардыгын, жазып жаткандыгын, сүрөт тартып жаткандыгын айтып туруусу керек;
8. Графикалык жазуу көндүмдөрү үчүн кара өң, ал эми астын сызуу үчүн жашыл өң колдонулат;
9. Жазууда жана окууда балдардын өзгөчөлүктөрү жөнүндө унутпоо керек. Окулган материалдын мазмунуна түшүнөбү, текст боюнча берилген суроолорго жооп бере алабы, окулган нерсени кайра айтып бере алабы, ушуларга көңүл буруу абзел. Графикалык жазуу көндүмдөрү иш-аракеттеринде баракка кайсыл жерден баштоо керектигин белгилеп коюу керек;
10. Кээ бир темаларды өздөштүрүүдө материалды түшүнүү үчүн алдын ала даярдануу керек;
11. Тифлопедагогдун үзгүлтүксүз консультациясы керек жана анын милдетине төмөнкүлөр кирет:
    - Баланын нормалдуу өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн, көзү азиз балдар менен иштөөдө тажрыйбага ээ болуусу керек;
    - Баланын физикалык жактан өнүгүүсүн жана таанып-билүүсүнүн өнүгүүсүн баалоону билүүсү керек жана көздүн функциясы менен көз оорулары тууралуу кабардар болуусу абзел;

- Көзү азиз балдар үчүн жекече программаларды түзүүнү, ыңгайлаштырууну билүү керек;
- Керүүсү начар жана көзү азиз балдар менен иштөөдө алардын ар бирине жекече карым-катыш жасай билүүсү керек;
- Көзү азиз баланын чөйрөсүндөгүлөргө: ата-энелерге, педагогдорго, балдарга консультация берүү керек;
- Кезү азиз баланын мобилдүүлүгүн өнүктүрүү керек;
- Көрүүнүн депривизация шартында окууну үйрөтүү;
- Коомду көзү азиз баланын потенциалдык мүмкүнчүлүктөрү менен тааныштыруу максатында бардык мүмкүн болгон формаларды колдонуу менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

Жалпы билим берүүчү уюмдарында көрүүсү начар балдарды окутуу тажрыйбасынын анализи төмөнкү бир катар проблемалардын рационалдуу чечилишин талап кылды:

- Массалык мектептин педагогдору езүнүн билимин өркүндөтүүсүн колго алуусу керек жана медициналык, психологиялык, педагогикалык билимге, ошондой эле көрүүсү бузулган баланын өнүгүүсүндөгү тарбиялоо, окутуунун атайын педагогикалык езгечелүктөрү тууралуу маалыматка ээ болушу зарыл;
- Жуурулуштуруп окутууну уюштуруу үчүн көрүүсү бузулган балдарга педагогигалык жардам көрсөтүү үчүн педагогдор, ата-энелерге консультация берүү үчүн тифлопедагог-консультанттын жардамы керек;
- Көрүүсү бузулган балдарды окутуудагы проблемаларды чечүүдө езгече билим алуучу талаптарга ээ балдарга адекваттуу мамилени калыптандыруу зарылчылыгы коомчулук тарабынан, педагогдор тарабынан, ошондой эле ата-энелер жактан да жаралат;
- Жалпы билим берүүчү уюмдарда окуган көрүүсү бузулган балдар чоңойтулган шрифт менен жазылган таркатма куралдар, атайын колдонмолор менен камсыз болуусу керек;
- Педагог балага боорукер мамиле жасоосу, ар дайым жардам берип туруусу, балдар жамаатында нормалдуу психологиялык климат жаратып туруусу керек.

Өзгөчө билим алуучу талаптарга ээ жактар үчүн билим берүүнүн түрдүү мейкиндигин кеңейтүүнүн моделин иштеп чыгууда азыркы убакта көрүүсү бузулган балдардын контингенти көрүүсү өтө начар балдар тарабына ооп бара жаткандыгы жана көрүүсү депривацияланган (начар кергөн) балдардын саны көбөйүп бара жаткандыгы байкалат. Ошентип, билим берүүдөгү демократиялык езгерүүлөр менен катар ар бир жаран билим берүү кызматтарынын формаларын тандоого, көрүүсү начар балдарды жуурулуштуруп окутууну өнүктүрүүгө болгон тенденциясын жогорулатууга укуктуу.

## Жалпы билим берүүчү уюмдарда жөлөк-кыймыл аппараты бузулган балдарда окутуу боюнча усулдук сунуштар

Жөлөк-кыймыл аппаратынын бузулуусунун кенен жайылган жана изилденген түрү балдардын **церебралдык шал оорусу эсептелет.** Бул баш мээнин органикалык бузулуусунун негизинде сүйлөөсү жана психикалык жактан бузулуудан жаралган психопатологиялык белгилер тобу.

- Бул балдардын психикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгү кыймыл чөйрөсүнүн жабыркоосу, сүйлөөнүн бузулуусу менен байланышкан.
- Кеп учурда угуунун начарлашы кездешет.
- Бул болсо жазууга, окууга үйрөтүүдө кыйынчылыкты жаратат.
- Балдардын шал оорусу менен ооруган балдардын мейкиндикте багыт алуусу бузулган.
- Бул болсо мейкиндикте өз денесинин бөлүктөрүн аныктоого, заттардын абалын билүүгө, түшүнүктөрдү калыптандырууга, геометриялык фигураларды таанууга, бөлүк-бөлүк нерселерден бүтүн нерсени чогултууга бөгөт болот.
- Жазуу убагында тамгалардын графикасы менен тартууда каталар аныкталат (асимметрия, чагылышуу).
- Балдар дептерге сызык менен жаза алышпайт, оң жана сол тарабын айырмалай алышпайт, альбомдо же дептерде каалаган жеринен баштап жазышат же сүрөт тартышат, ортосунан баштап деле окуй беришет.
- Көңүл буруу менен эс тутумдун бузулуусу жогорулатылган алагдылануудан, көрүүдөн угуу эс тутумунун жогору болуусунан байкалат.

Эмоционалдык жактан бузулуу маанайдын бир калыпта болбоосунан, коркунучтун пайда болуусунан, ачууланган абалдын жогорулашы аркылуу аныкталат. Маанайдын өзгөрүп турууга жакын болуусу кеп учурда эмоционалдык реакциялардын инерттүүлүгү менен дал келет. Ыйлап же күлүп жатып бала токтоно албайт. Эмоционалдык дүүлүгүүнүн жогору болушу ыйлаактык, ачуулуу болуу, эркелик, чарчаган убакта бардык нерсеге каршы туруулук менен дал келет.

Дээрлик бардык балдар церебралдык шал оорусу менен ооруган балдарга психикалык инфантилизм мүнөздүү. Бул аларда езүнүн курагына дал келбеген мүнөздөрдүн болуусу, кыялдануу, фантазиянын жогору болушу, оюнга болгон кызыгуу күчтүү болушу менен аныкталат.

**Педагогго сунуштар:**

- Педагог баланын бөлмөдөгү ордун эркин кыймылдай жана столдон чыга ала тургандай кылып аныкташы керек;
- Столдун үстүндөгү мейкиндик китептерди, окуу куралдарын ары-бери жылыштырууга кенен болуусу керек;

- Педагог биринчи убактарда баланы байкоого алып жатып, ал үчүн кандай абалда: отуруп же туруп жооп берүү, жазуу ыңгайлуу экендигин түшүнүүсү керек;
- Жазуу иштеринин келемун жана формасын аныктап алуу жана бала класстын /тайпанын темпи менен жетишип, чарчабай иштеесүн шарттоо керек;
- Иштерди баалоо баланын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жүргүзүлүүсү керек.

## Жалпы билим берүүчү уюмдарда психикасынын өнүгүүсү кечеңдеген (ПӨК) балдарды окутуу боюнча усулдук сунуштар

ПӨК балдар деп салттуу түрдө жогорку психикалык функциясы бир калыпта эмес, жай өнүккөндүгү менен мүнөздөлгөн, таанып-билүү ишмердиги жетишсиз, эмгекке жарамдуулугунун деңгээли төмөн, эмоционалдык-инсандык чөйрөсү өнүкпөгөн полиморфтук топ аныкталат.

Мындай абалдын себептери ар кандай:

- борбордук нерв системасынын органикалык жактан жетишсиздиги;
- конституциялык өзгөчөлүктөр;
- жагымсыз социалдык факторлор.

ПӨК баланын мектепте таанып билүү ишмердигиндеги өзүн-өзү тейлөөсүнүн ролун, бөлмөдөгү кезмет, оюнчуктарды, ездүк буюмдарды күтө билүүсүн баалоо кыйын, ал эми эмгекте бала түрдүү предметтер, алардын касиеттерин практикалык маселелер менен жагдайларды максаттуу түрдө анализдөөгө катар коёт. Алар бул жыйынтыкка жетүүнүн жолдорун ойлоп таап, талкуулашат, керектүү каражаттарды тандашат, боло турган иш-аракеттерди сүйлөшүп алышат – алгач эмне кылышат, андан соң өз ишмердигинин чегин белгилешет, ар бир иш-аракеттин ар бир этабын контролдошот.

ПӨК баланы мектепке жана активизацияга даярдоодо өзгөчө маанилүү ролду анын окуу ишмердигинин элементтерин таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрү ойнойт жана баланын мектепке чейинки даярдоодон өтүү процессиндеги бардык сабактарда калыптанып, өнүгөт. Ишмердиктин бардык түрлөрү баланын таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүн мобилдештирүүгө жол берет.

Аларды алда канча тереңирээк карайбыз: ар бир ишмердикти аныктап алуу керек, ал эми биринчи этаптарында чоңдор тарабынан коюлган максатка жетүү үчүн иш убагында өзүн контролдоо, алынган жыйынтыкты баалоо. Ошентип, сүрет тартууга киришүүдө баланын алдыга койгон максаты, куралдары болот (кагаз, карандаш, боёктор ж.б.). Аткарууга киришүүдөн мурун иш-аракеттердин белгилүү бир уланмалуулугун сактоосу керек (башында чекесин чиет, андан соң боёйт; алгач заттардын негизги бөлүктөрүн, анан калганын боёйт ж.б).

Иштин жүрүшүндө каталарды оңдоо керек, ал эми жыйынтыкка ээ болгондон кийин иштин башында коюлган максатка канчалык деңгээлде жеткендигине баа бериши

керек. Албетте, балдарга ылайыкталган ишмердиктеги интеллектуалдык билгичтиктер мектептеги окутуунун негизин түзөт.

ПӨК балдардын психикалык өнүгүүсүн коррекциялоо жана мектепке даярдоо үчүн эмоционалдык чөйрөнүн өнүгүүсү талап кылынат. Педагогдор ар дайым биринчи кезекте жагымдуу, тынч, шайыр эмоционалдык климатты түзүүлөрү керек. Жагымдуу эмоционалдык климатты түзүү балдарга карата чыдамкайлыкты, мамиленин жасалмасыздыгын, балада өзүнө ишенбөөчүлүктү, тынчсыздануну жараткан кыйкырып урушуудан эркелетүүгө кескин түрдө өтпөөнү талап кылат.

Баланын инсандыгынын туура өнүгүүсү үчүн зарыл болгон оң эмоционалдык фон педагогдордон өз жүрүм-турумуна, ийкемдүүлүгүнө болгон чыдамкайлуулукту талап кылат.

**Педагогго сунуштар:**

Балдардын системалык түрдө билим алуусун камсыздоого багытталган окуу материалынын мазмунунун түзүлүшүнүн төмөнкү принциптери аныкталган:

1. үйрөнүлүп жаткан материалдын практикалык багыттуулугунун ролун күчөтүү;
2. үйрөнүлүп жаткан кубулуштардын маңыздуу белгилерин бөлүп көрсөтүү;
3. баланын турмуштук тажрыйбасына таянуу;
4. үйрөнүлүп жаткан матералдын мазмунунун ички объективдүү байланыштарына бир предметтин жана предметтердин аралыгынын чегинде таянуу;
5. үйрөнүлүп жаткан материалдын көлөмүн сактоо;
6. зарылдык жана жетишкендик принцибин сактоо;
7. окуу программасынын мазмунуна таанып-билүү ишмердигин активизациялоону караган бөлүктөрдү, балдар тарабынан буга чейинки өздөштүрүлгөн билимдерди, билгичтиктерди киргизүү, окуу маселелерин чечүүдө мектеп үчүн мааниге ээ болгон функцияны калыптандыруу.

Корректирлеөчү-өнүктүрүүчү педагогикалык процесс балдардын өнүгүүсүндөгү жекече кемчиликтерди корректирлеөгө багытталган. Мындай сабактар жалпы билим берүүчү максатка ээ болушу мүмкүн: жалпы, сенсордук жана интеллектуалдык өнүктүрүүчү, эс тутумду жана көңүл бурууну өнүктүрүүчү, көрүү-мотордук жана оптико-мейкиндиктик бузулуусун, жалпы жана майда моториканын бузулуусун алдын алуучулук.

**Кол жана колдун манжалары үчүн көнүгүүлөр**

Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды графикалык жазуу көндүмдөрүн үйрөтүүдө колдордун даярдыгын калыптандыруу керек. Колдун жана манжалардын кыймылы өзгөчө өнүктүрүүчү мааниге ээ (сүйлөөнү өнүктүрүү, жогорку нерв ишмердигин өнүктүрүү, жазууга үйрөтүүчү). Бул үчүн атайын көнүгүүлөр бар, мисалы:

**«Манжалар»** – эки колдун манжаларынын муштумун түйүп кайра ачып.

Сенин эки колуң бар,
Он манжаң да сеники.
Он шайыр, шамдагай
Керемет, шайдоот балдар.
Эмгектенет дайым манжалар,
Жалкоолонбойт керемет балдар!

**«Өрдөкчө»** – эки колдун манжалары менен оңго, солго сүзүңкү абалда булгалап, андан соң бул кыймылдарды сууда жасайт.

Толкундарга термелип,
Өрдөкчө сүзөт.
Өйдө чыгып кайра чумкуйт –
Таманы менен сүзүп.

**«Селкинчек» –** көнүгүүнү алгач оң, сол кол менен, андан ары эки кол менен аткарат. Колдун чыканагынан өйдө көтөрүп, андан соң манжаларды ийип, акырындан ылдый түшүрөт.

Селкинчекке балдар отурду,
Өйдө учту селкинчек.
Ылдый түштү акырын.
Кана, бизге кошул тезирээк!

**«Түлкү» –** колду муштумга түйүп, манжанын кыймылдары менен чыканакты өйдө-ылдый, оңго-солго кыймылдатат.

Токойду митаам түлкү кыдырып,
Куйругу менен издерин жашырып.

## Акыл-эси кемирээк балдарды окутуу боюнча усулдук сунуштар

Акыл-эси азыраак кем болуу кеңири жайылган көрүнүш. Бул нормадан четтеенү сыпаттоодо көпчүлүк учурда башка терминдер колдонулат, мисалы: өсүүсүнүн бузулушу, акыл-эсинин артта калуусу ж.б. Акыл-эси кемдиктин тигил же бул аныктамаларында өзгөчөлүктөрдүн болгонуна карабастан, нормалдуу өсүүгө салыштырмалуу анда эки учур дайыма болот: **интеллектуалдык кемчиликтин эрте пайда болушу жана адаптациялык жүрүм-турумдун нормадан четтеши.**

Бул нормадан четтее баланын өсүүсүнүн бардык аспектилерине таасир этет.

- Акыл-эси кемирээк балдарда физикалык өсүү жайыраак жүрет: сүйлөгөндү жай үйрөнөт, езүн-езү кароосу жана окуу көндүмдөрүн өздештүрүүсү жайыраак болот.
- Оору енүккөн сайын ал көңүл кушуна (настроение), эмоциясына жана жүрүм-турумуна таасир этет.
- Айрым балдарда акыл-эси кемдик төрөлгөндө эле же бир аз кийинирээк ачык көрүнөт.
- Бирок, эрте жаштан эле эскертүүчү белгилери болгондугуна карабастан, айрым балдарда аны бала мектепке барганга чейин аныктоо мүмкүн болбойт, анын белгилери алты бөлүккө топтоштурулган:

**Кеп**

- 18 айында «апа» деген сөздү айтпайт;
- 3 жашта жөнөкөй ырларды/рифмаларды кайталай албайт;
- 5 жашта аны үй-бүлө мүчөлөрүнөн башкалар түшүнө алышпайт;
- Курдаштарына караганда таптакыр башкача сүйлөйт.

**Тилди түшүнүү**

- 1 жашта өзүнүн атына реакция кылбайт;
- 4 жашта жөнөкөй суроолорго жооп бере албайт.

**Оюн**

- 1 жашында аны термелткен учурда ага жөнөкөй оюндар жакпайт;
- Өз жашындагы балдардай болуп ойнобойт.

**Кыймыл**

- 10 айында биреөнүн жардамысыз отура албайт;
- 2 жашында баса албайт.

**Жүрүм-турум**

- Бала бир нерсеге абдан аз көңүл бурат;
- Баланын сабыры суз жана бардыгына кайдыгер.

**Окуу жана жазуу**

5 жашында же мектепте окугандан бир жылдан кийин бала:

- Ар кандай фигураларды, мисалы, айланаларды, квадраттарды кагазга тартууда кыйынчылыкка кабылат;
- «Б» жана «д» тамгаларын чаташтырат.

Эгерде балада ушул алты бөлүктүн белгилери байкалса, анын акыл-эси кемирээк болушу мүмкүн. Айрым акыл-эси кем эмес эле балдар чындыгында башка балдарга караганда жай өнүгүшөт. Депривация (бир нерсени жоготуу же психикалык муктаждыктарды толук эмес канааттандыруу) мындай жай өнүгүүнүн себеби болушу мүмкүн. Кеп тилдүү коомдо жашоо да баланын тилинин өсүүсүн жайлатуусу мүмкүн, анткени ал бир нече тилди катар үйрөнүп жатпайбы.

**Педагогдорго сунуштар:**

Акылы кемирээк балдарды окутууда педагогдорго булар сунушталат:

- Алагды кылган предметтерди азайтып, доска таза болушу керек;
- Эмне кылыш керектигин балага айтып гана койбостон, аны көрсөтүңүз;
- Бала билген же күндөлүк турмушта колдонгон предметтерди пайдаланган жакшы;
- Бир иш-аракетти убагында аткарып, бүтүргүлө;
- Бир иш-аракет бүтүп, экинчиси башталып жатканын түшүнгүдөй кылыңыз;
- Тапшырманы кадам боюнча же максаттар боюнча бөлүштүрүңүз;
- Бала тапшырманы жасай ала тургандан баштап, андан кийин гана бир аз кыйыныраак кадамдарды аткаруусу зарыл;
- Эгерде бала кыйналып жаткан болсо, аны жеңил тапшырмага кайтарыңыз. Мисалы, айлананы тартууга үйрөнүп жаткан учурда бала фигураларды боёсо; андан кийин тегерек боло тургандай кылып чекиттерди туташтырса болот; андан ары үлгүгө карап туруп фигураларды тарта алат ж.б.;
- Эгерде балада баары жакшы болуп жатса, аны мактап, кызыктырууга, сыйлоого болот.

## Кебинде нормадан четтөө бар балдарды окутуу боюнча усулдук сунуштар

Учурда логопедияда кептик нормадан четтөөнүн 2 классификациясы бар: клиникалык-педагогикалык жана психологиялык-педагогикалык (Р. Е. Левина боюнча). Кептик нормадан четтөөнү типтештирүүдө жана топко бөлүүдө бир эле көрүнүш ар кандай көз караштан каралат. Ал көз караштардын ортосунда карама-каршылык жок, алар бири-бирин толуктап турушат жана кептик нормадан четтөөгө карата белгилүү бир мамилени жана түзөтүү каражаттарын тандоону чагылдырат.

Баланын кептик өсүүсү жогорку мектепке чейинки куракка карата анда тилдик, кептик жана коммуникативдик системалардын болушун билдирет. Мектепке чейинки куракта кептин нормадан четтөөсү тыбыштык системасынын өнүкпөгөндүгү, оозеки кептин көркөм каражаттарынын өсүүсүндөгү нормадан четтөө; кеп ишмердигинин жетиштүү калыптанбагандыгы менен байланышкан лексикалык кемчиликтер; байланыштырып сүйлөөнүн өсүүсүндөгү нормадан четтөө сыяктуу ачык көрүнгөн сырткы белгилерге ээ болушу мүмкүн. Тыбыштык четтөөлөр (тыбыштарды айтуунун бузулушу) 5 жаштан баштап баланын кебинде так көрүнө баштайт. Мындай көрүнүш балдарда кеп таркаган көрүнүш болуп саналат. Тыбыштык кемчиликтер 4 негизги формада болот: тыбыштарды калтырып кетүү, аларды бузуп айтуу, тыбыштарды алмаштыруу, аралаштыруу.

Кептин тыбыштык жактан өсүүсүнүн нормадан четтөөсү кептик системанын калыптанышынан, продуктивдүү ишмердиктин түрдүү формаларында көрүнөт.

Угуусу нормалдуу жана интеллекти сакталган балдардын кебинин жалпы толук өнүкпөшүанын кептик нормадан четтөөсүнүн спецификалык көрүнүшүн билдирет, анда кептик системанын: лексиканын, грамматиканын, фонетиканын негизги компоненттеринин калыптануусу бузулган же артта калган болот. Мында кептин мааниси жагынан жана айтуу боюнча нормадан четтөө типтүү болуп саналат.

**Педагогдордун өзүнө белгилеп алуусу үчүн:**

- Кеби жалпысынан еспеген балдар үчүн көңүл буруу касиеттеринин төменкү есүү деңгээли мүнөздүү;
- Кебинин артта калуусу эс тутумдун өсүүсүнө да терс таасир этет;
- Кептик нормадан четтее менен психикалык есүүнүн башка жактарынын ортосундагы байланыш ой жүгүртүүнүн айрым спецификалык өзгөчөлүктөрүн шарттайт;
- Көпчүлүк балдарда кыймылындагы жетишпестик татаал кыймылдарды начар башкаруудан, так кыймылдарды кайталоодогу ишенимсиздиктен, аларды аткаруудагы ылдамдыктын жана чапчаңдыктын төмөндүгүнөн көрүнөт.

# VI бөлүм

## Ата-энелер менен иштөө боюнча усулдук сунуштар

Үй-бүлө жана мектеп балдардын социалдашуусунун эки маанилүү институту. Алардын тарбиялык функциялары ар түрдүү, бирок баланын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн алардын карым-катышта болушу талап кылынат.

Конкреттүү үй-бүлөнүн педагогикалык маданиятын өнүктүрүүгө мектептин багытталуусу педагогдун баланын курактык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн билүү деңгээлин жогорулатууну талап кылат. Ата-энелерди педагогикалык жактан агартуунун маселелерин ишке ашыруу менен педагог алардын билимин абстракциялуу эмес, ишке колдоно тургандай байытышы керек. Мындан сырткары ата-энелердин билим алуусу алардын педагогикалык рефлексиясын, б.а., өзүн педагог катары баалоону билүү, жагдайга баланын көзү менен карооо үйрөтүү болуп эсептелет. Мектепке даярдоочу класстарда/тайпаларда ата-энелер менен иштөөнүн девизин төмөнкүчө берүүгө болот: **«Жашоодон – кызматташтыкка жана шериктештикке».**

***Бир мезгилде же кезеги менен аракеттешүүчү жактар үчүн ишке ашырылган активдүү кызматташтык.*** Позитивдүү карым-катыш педагог менен ата-эненин бири-бирине болгон мамилесине негизделген. Эреже болгондой, педагог ата-энелер менен карым-катыштын демилгечиси болуп саналат. Ал байланышып катышууга даңдаяр, мээримдүү, эмоционалдык жактан жетилген, ар бир үй-бүлөгө катыш жасоого даяр болот.

Ошондой эле позитивдүү пикир алышууга гана эмес, конкреттүү активдүү иш-аракеттердин деңгээлинде педагогикалык процессти уюштурууга катышууга даяр ата-энелердин категориясы да жок эмес: ата-энелер комитетинин мүчөсү болууга, чогулуштарда чыгып сүйлөөгө, түрдүү жардам керсетүүгө, балдар үчүн экскурсия уюштурууга, майрамдык маарекелерди өткөрүүгө, жасап-түзөө иштерине катышууга даяр ата-энелерден уучубуз куру эмес.

Мындай ата-энелер педагогго таяныч болот, ушулардын жардамы менен педагог езүн корголгон, компетенттүү сезет. Канчалык ушундай ата-энелер кеп болсо, педагог ошончолук чыгармачылык менен иштөөгө, балдардын өнүгүүсүнө салым кошууга далалат кылат. Мындай ата-энелердин көпчүлүгү педагогго балдар менен иштеедө эпизоддук эмес, системалуу түрдө жардам беришет.

***Бир жактуу кабыл алуу.*** Жалпы ишмердик процессине бир жактын активдүү иш-аракети жана алардын башка жак тарабынан кабыл алынуусу. Мурунку жагдайдагыдай эле педагог ар бир үй-бүлөгө катыш жасоого аракет кылат, аларды бирдиктүү ишмердикке болгон күч менен педагогикалык процесске катыштырып тартууга далалаттанат.

Ал эми ез кезегинде ата-энелер педагогдун позициясын түшүнүшөт жана кабыл алышат, анткени аларга мектептин жашоосу, класстын/тайпанын жасалгасы, мектептин территориясы, спорттук, майрамдык маарекелердин етүшү, экскурсия маанилүү иш-чара болуп эсептелет.

Алар педагогго ишенишет, анын педагогикалык компетенттүүлүгүн таанышат, пикир алышууга болгон кызыкчылыгын билдиришет, балдарына тарбия бергендиги үчүн алкашат, б.а., педагог менен ата-эненин мамилеси иштиктүү жана достуктун негизинде етет. Баары жакшы, бирок... Ата-энелер тигил же бул себеп менен конкреттүү иштерге катыша албай калышат же болбосо эпизоддук түрдө эле катышышат. Ата-энелердин мындай позициясы адатта педагогду капаландырат, анткени алардын жардамысыз бүтпөй турган иштер болот.

**Үй-бүлөлөр менен жасалуучу иштерде карым-катыштын төмөнкү принциптери колдонулат жана төмөнкүдөй оң жыйынтыктарды берет:**

1. Ишеним аркылуу мамиле жасоо – бул ата-энелердин, педагогдун профессионалдык компетенттүүлүгүн жана тактыгын камсыз кылууну билдирген принцип, ал үй-бүлөлүк тарбиялоо жумуштарын түшүнүүгө жана проблемаларын чечүүгө жардам берет;
2. Ата-энелердин инсандык кызыкчылыгы – ата-энелер өз ара карым-катышта туура пикир алышууга, бала менен бирдиктүү ишмердүүлүккө, педагогикалык позицияны салабаттуу, ийкемдүү, алдын ала билүүгө жардам берген инсандык маңызды көрө билүүсү керек;
3. Эмансипация – ата-энелерди стереотиптүү кез-караштардан, баланы кичине ымыркай катары тарбиялоодон бошотуу;
4. Ата-энелердин өзүн баалоосун бекемдөө – өзүн сыйлаган гана ата-энелер дени сак, эркин инсанды тарбиялай алышат. Бул принцип шарт түзүүнү болжолдойт, мында ата-энелер өздөрүнүн оң сапаттарын жана жөндөмдүүлүктөрүн максималдуу түрдө жемиштүү кылып ачып берүүгө мүмкүнчүлүк алат.

**Ошондой эле мектеп менен үй-бүлөнүн жемиштүү карым-катыш жасоосу үчүн тоскоол болгон себептер такай кезигет:**

1. Карым-катыштын катышуучуларынын социалдык-психологиялык маданиятынын деңгээлинин төмөндүгү;
2. Жалпысынан инсандын калыптанышы үчүн ата-энелер тарабынан мектепке чейинки куракты түшүнбөөчүлүк;
3. Мектептин үй-бүлө менен иштерди алып баруудa ата-энелер мазмунду аныктай турган социалдык кардар экендигин педагог тарабынан түшүнбөөчүлүгү;
4. Ата-энелердин балдардын мектептеги ишмердигинин өзгөчөлүгү тууралуу маалыматынын аздыгы, ал эми педагогдордун – үй-бүлөлүк тарбиянын өзгөчөлүктөрү, шарттары менен тааныш болбоосу;
5. Педагогдордун ата-энелерге тарбиялоочулук-билим берүүчүлүк процесстин субъектине эмес, анын объекти катары мамиле жасоосу;
6. Ата-энелердин педагогикалык рефлексиясынын калыптана электиги, б.а. ез тарбиялык ишмердигин анализдей албоо, каталарынын себептерин таба албоо.

## Ата-энелер жана үй-бүлө менен иштөөнүн формасы

**Жамааттык:**

- ата-энелер чогулуштары;
- ачык эшик күндөрү;
- тренингдик мүнөздөгү сабактар;

- мастер-класстар;
- семинар-практикумдар;
- тегерек столдор;
- конференциялар;
- үй-бүлөлүк долбоорлор;
- анкета жүргүзүү, тестирлөө, социологиялык сурамжылоолор ж.б.

**Жекече:**

- консультациялар;
- балдардын өнүгүүсү тууралуу проблемалар топтому – «Почта үкөкүгүнүн» жумушу;
- ишеним телефону;
- педагогикалык жагдайлардын анализи;
- ата-энелердин маарекелерге, сабактарга катышуулары ж.б.

**Көрсөтмөлүү-маалыматтык:**

- балдар кол өнөрчүлүгүнүн жарманкеси;
- музыкалык-поэтикалык бурч;
- ата-энелер үчүн китепкана;
- кыска маалыматтар бурчу;
- фото бурч;
- оозеки журнал;
- «Кыска жаңылыктар терезеси» ж.б.

Ата-энелерди кызматташтыкка, педагогикалык процесске тартуу милдети астында турган **педагог конструктивдүү карым-катыштын төмөнкү эрежелерин карманышы керек:**

1. Ата-энелер менен сиз айтууга укуктуу болгон гана нерселер жөнүндө сүйлөшүңүз жана ез турмуштук тажрыйбаңызга таяныңыз;
2. Ата-энелер менен олуттуу сүйлөшүүнү пландап жатып, эртең менен, көчөде, басып бара жатып, тепкичте, балдар кийинүүчү жерде баштабаңыздар, аларды тайпага чакырыңыздар же болбосо столго отургузуңуздар. Ошондо гана сиздин сездер алар тарабынан милдеттүү түрдө угулат. Иштиктүү жагдайда ал сезду белө албай калат;
3. Сүйлөшүүнү «Ой, кечиресиз, сиз менен сүйлөшүүгө мүмкүнбү?», «Мага беш мүнет убактыңызды беле аласызбы?», «Билбейм, меники туура эместир, бирок антсе

да...» деген сездер менен баштабоо керек. «Сиз түшүнбөй турасыз…», «Сиз милдеттүүсүз...», деген сыяктуу сөздөрдү ата-энелер менен сүйлешүүдө такыр колдонбоо керек;

4. Түрдүү балдардын жетишкендиктерин салыштырбоо, дегеле балдарды бири-бирине такыр салыштырбоо керек. Эгер аларды салыштыра турган болсо, курактык өнүгүүнүн эталону менен гана салыштырууга болот. Ар бир ата-эне биринчи кезекте өз баласынын жетишкендиги, проблемасы тууралуу уккусу келет; эгер биринчи 10-15 мүнетте баласы жөнүндө конкреттүү жана ишенимдүү эч нерсе укпаса, ал сөздү бүтүрүүгө шашат;

5. Иш жөнүндө гана сүйлешүүгө үйрөнгүлө, конкреттүү фактыларды келтиргиле, проблеманы гана эмес, анын чечилишинин бир нече түрүн сунуштагыла. Ошондо гана ата-эне сизди критик катары эмес, жардамчы катары кабыл алат. Образдуу айтканда, ата-эне педагогго дарыгерге баргандай болот: эмне менен киргениң эмес, эмне менен чыкканың маанилүү;

6. Ата-энелердин баарын билгиси келген категориясы бар, алар педагогго суроолорду берип, чогуу талкуулаганды жакшы көрүшөт. Эки максат ачык-айкын болот: же өз компетенттүүлүгүн көрсөтүү керек же түйшөлткөн суроолорго жооп табуу керек. «Менин суроом бар» журналын жүргүзүү да максатка ылайыктуу, анда ата-энелерге балдардын өнүгүүсү жана тарбиялоодогу проблемаларды жазууну, алар менен пикир алышуу, ишмердиктин бардык түрлөрүн уюштурууну сунуштоо керек. Үй-бүлөдөгү бардык проблемалар эреже болгондой окшош. Бирок кээ бир ата-энелер аларды кантип чечүүнү билишпейт, ал эми башкалар проблеманы чечүү боюнча жакшы тажрыйбасы бар. Журналга эки колонка сызгыла: суроо жана жооп болот. Ата-энелер бири-бири менен жазышып, суроолорду беришип, өздөрүнө берилген суроолорго жооп беришет;

7. Ата-энелерди өздөрүнө каршы коюунун эң ишеничтүү жолу – аларга өзүн акылдуу экендигин көрсөтүү. Өзүңүзгө кандай максат койгонуңузду унутпаңыз: билимин көрсөтөбү же балага жардам береби? Ата-энелерге өздөрүнүн мыктылыгын көрсөтүүгө аракет кылбаңыз, сүйлешүүдө психологиялык-педагогикалык терминдерди азыраак колдонуңуз. Ата-энелер сизге конкреттүү кеңештер, жөнөкөй жана реалдуу аткарыла турган сунуштар үчүн ыраазы болушат;

8. Жалпы пикирди башка аталар, энелердин арасында чоң беделге ээ ата-энелердин жардамы менен түзгүлө. Кээ бирде ата-энелер тигил же бул педагогдун идеяларынын ишке ашырылышынан күмөн санашат, ошентсе да көбүнчө өздөрүндөй болгон адамдарга ишеним артышат;

9. Бардык ата-энелер менен активдүү кызматташтык түзөм, толук түшүнүшөм, бардыгына бедел арттырам деп алдыңызга маселе койбоңуз;

10. Ар бир кулпуга өз ачкычы керек. Бир ата-эне менен сүйлөшүүдөгү аргумент, ишендирүү усулу (балдар менен сүйлөшүүдөгүдөй эле), башкасы менен пикир алышууда күтүлүп жаткан жыйынтыкты бербеши мүмкүн;

11. Ата-энелер чогулушуна, тегерек столдорго, семинар-практикум жана конференцияларга даярдалган, талкууланган стенд же материалдар менен китеп-буклеттер ата-энелер үчүн түшүнүктүү, жеткиликтүү болушу керек;

12. Ата-энелер үчүн китепкана түзүңүздөр. Ага усулдук колдонмо гана эмес, стендде болгон бардык нерселерди жайгаштырыңыз. Кызыккан ата-энелер окуп гана тим болбостон, материалдардын көчүрмөсүн жасап алгылары келишет. Ар бир ай үчүн түстүү файлдары менен папкаларды жасаңыз. Бул жеткиликтүү маалыматты гана камсыз кылбастан, аны практика жүзүндө колдонууну да шарттайт;

13. Ата-энелердин балдар үчүн майрамдарга катышышы (таанып-билүүчү, майрамдык, спорттук), жалпысынан агартуу иштерине түз тиешеси жоктой көрүнүшү мүмкүн. Бирок, ошентсе да балдарга байкоо жүргүзүп жатып, ата-энелер бири-бири менен ой-пикирлери менен алмашууга мүмкүнчүлүк алышат, келерки иш-чараларга активдүү катышуунун пландарын талкуулашат.

## Мектеп менен үй-бүлөнүн карым-катышынын эффективдүүлүгүнүн көрсөткүчтөрү

1. Ата-энелердин педагогикалык процесске кызыгуусу;
2. Ата-энелердин активдүүлүк деңгээлин педагог менен сүйлөшүүдө гана эмес, майрамдык, спорттук, жасап-түзөө ишмердиктеринде да жогорулашы;
3. Ата-энелер тарабынан ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды окутуунун маанилүүлүгүн түшүнүү талап кылынат, анткени ал коом менен моралдык-нравалык маданияттын жетилүү деңгээлин аныктайт;
4. Агартуучу мүнөзгө ээ педагогикалык иш-чараларга ата-энелердин катышуусунун санын көбөйтүү;
5. Педагогикалык процесстин катышуучуларынын ортосунда талкуулардын жаралышы;
6. Ата-энелердин педагогдорго болгон суроолорунун көбөйүшү жана алардын мазмунунун татаалданышы;
7. Педагогдун жана мектептин башка кызматкерлеринин беделинин жогорулашы, ата-энелер менен педагогдордун ортосундагы мамиленин ишенимдүү болушу;
8. Ата-энелердин жана педагогдордун бири-бирине болгон мамилесинин агрессивдүүлүгүнүн жана дооматтардын санынын, ошонун негизинде талаш-тартыш, карама-каршылыктуу жагдайдын азайышы;
9. Ата-энелердин биримдигинин жана оптимизминин ширелиши; өздөрүнүн жоопкерчилигин, бири-бирин түшүнүүсүн сезүүсү, баланы окутуу, тарбиялоодо жаралган проблемалык суроолорду чечүүдө педагогдун жардамын сезүү аркылуу камкордук алуусу.

# VII бөлүм

# Дидактикалык материалдардын тизмеси жана аларды пайдалануу боюнча усулдук сунуштар

## 1. «Тыбыш, тамга жолчосу»

***Балдар үчүн максаттар:***

1. Оозеки кепти өнүктүрүү, сөз корун (запасын) байытуу (1-баракча).
2. Фонематикалык угууну өнүктүрүү, муундук-тыбыштык талдоо (2-баракча).
3. Окууга үйрөтүү (3-, 4-баракчалар).
4. Эсти, көрүү-мотордук координацияны, көңүл бурууну, мейкиндиктик элестетүүлөрдү өнүктүрүү (5-, 6-, 7-, 8-баракчалар).

*«Тыбыш, тамга жолчосу»* номер коюлган 5 баракчадан турат, мисалы:

**№ 1 баракча**

*Үйрөнүлүүчү тыбыштарга жана тамгаларга арналган предметтер тартылган. Балдар үчүн суроолор:*




1. Сүрөттө ким же эмне тартылган?
2. Кандай түстө?
3. Бул предметти кайдан жолуктурду эле?
4. Кандай үндөрдү чыгарат?
5. Предметтин түсү кандай?
6. Кайсы геометриялык фигурага окшош?..
7. Сүрөттө берилген предметтерди эмне бириктирип турат?
8. Аталышында жумшак үнсүз, каткалаң үнсүз, … катышкан предметтерди атап бер.

**№ 2 баракча**

*Кагаз баракчада үйрөнүлүп жаткан тыбыш катышкан предметтер тартылган. Бул тыбыш сөздүн башында, ортосунда, аягында камтылышы мүмкүн. Сөздөр муундарга кандайча ажыратылары схема түрүндө сүрөттөлгөн. Жумшак муундардын алды жашыл түс менен, каткалаң муун – кара түс менен сызылган. Үнсүз тыбыштар көк чекиттер менен, үндүүлөр кызыл чекиттер менен белгиленген. Тамгалар менен тыбыштардын саны дайыма эле дал келбейт, анткени Ь, Ъ тыбыштарды туюнтпайт. Эгерде Ю, Я, Ё, Е тамгалары сөздүн башына келсе же анын алдында үндүү тамга же Ь, Ъ белгилери турса, эки тыбышты билдирет.*

Мисалы:

Аяк – 2 үндүү тамга, 1 үнсүз тамга, 4 тыбыш, себеби Я тамгасы эки тыбышты берет.

*Милдеттер:* Балдарга керектүү тыбышы бар сөздөрдү ойлоп табууну сунуштоого болот. Балдарды басма тамгалар менен тааныштыруу. Жазуу тамгалары менен тааныштыруу. Басма тамгаларды жазуу тамгалары менен салыштыруу.

*Жазуунун элементтери:* Педагог окуучулар менен бирге тамгалардын элементтерин актай баракка жазат. Бала үчүн башкысы – мүмкүн болушунча бул же тигил элементти так көчүрүү. Тамгаларды туура жазуу үчүн жебелер аркылуу багыттар көрсөтүлгөн. Сол жакта тапшырма (табууга берилген тамга, муун же сөз) берилген, ал эми оң жакта – тамгалардын, муундардын же сөздөрдүн топтому берилген, арасынан керектүүсүн табуу керек.

**Деңгээлдер:**

Тапшырмалардын ***1-деңгээли.*** Педагог кандай фигуралар тартылгандыгын, кайсынысы кай жерде экендиги балдар менен бирге айтат. Андан кийин педагог 1-ячейкадагы фигураны, андан кийин экинчисинен көчүрүп жазып алууну балдардан өтүнөт. Балдар өз алдыларынча же педагогдун жардамы менен фигураларды өздөрүнүн баракчаларына көчүрүп алышат.

***2-деңгээл.*** Педагог бир ячейканы фигурасы менен балдарга көрсөтөт. Алар 30 секунд карашат, педагог баракчаны алып коёт. Балдар көргөнүн эстеп калгандары боюнча баракчаларына толтурушат.

***3-деңгээл:*** Педагог бир эле убакта 2 ячейканы фигуралары менен көрсөтөт. Балдар эстеп калышат. Андан кийин кагаз баракча алынып салынат, балдар өз алдыларынча эстеп калгандары боюнча бош ячейкаларды толтурушат.

Жумушту баалап жатып, буларды эсте сактоо керек:

- баланын көңүлүн каталарга буруу керек (элчөмдөрдүн дал келбестигине, штрихтердин туура эмес катышына, ячейкада туура эмес жайгашышына, сызыктардын ачык эместигине ж. б.);
- кандай кылуу керектигин сөзсүз түшүндүрүү кажет, зарыл болсо тапшырманы кайталап берүү керек;
- мындай карточкаларды фигураларын «оң» же «сол» бурулуш менен жасоо керек. Көпчүлүк учурларда графикалык элементтердин мындай өзгөчөлүктөрүн айырмалай албаган балдар күзгүдөн чагылгандай жазат. Көп учурда – сологой балдар фигуралардын «оң», «сол» бурулуштарын, графикалык элементтерин чаташтырышат.



## 2. «Керемет алфавит кубиктер»

***Максаттар:*** каралып жаткан тыбышка сөздөрдү айтуу, кеп өнүктүрүү, фонематикалык угуу, ой чабытын (кругозорду) кеңейтүү.

Кубиктин капталдарынын бирине сан жана ага туура келген предметтердин саны басылган. Каралып жаткан тамга ошондой эле катар номерге ээ. Мисалы, кубикте 1 саны жазылса, ал жерде «А» тамгасы, кайсы жерде 2 болсо, ал жакта «Б» ж. б. у. с. Балдар алфавитти ушинтип жатташат. Кубиктин ичинде тамга жашырылган. Аны тегерек формада жасалган көзөнөктөн карап көрүп алууга болот. Кубиктерди тамгаларды, квадраттарды, үч бурчтуктарды куроо үчүн пайдаланууга болот. Ошондой эле «Көк кубиктерди гана жыйна, канаттууларды гана, сандарды гана, азык-түлүктөрдү гана жыйна ж. б.» ушул сыяктуу тапшырмаларды берүүгө болот:

## Бул окуу куралынын жардамы менен ойнолуучу оюндар

**«Тамгаларды чогулт» оюну**

Карточканын форматы А4

1-деңгээлдеги карточкалар 8 вариант, ар бир вариант 25 балага эсептелген.

2-деңгээлдеги карточкалар 3 вариант, ар бир вариант 25 балага эсептелген.

3-деңгээлдеги карточкалардан 3 вариант, ар бир вариант 25 балага эсептелген.

***Максаттар:*** Тамганын кезге көрүнгөн түрпатын бекемдөө. Анын курамындагы бөлүктөрүн (графикалык элементтерин) түшүнүү.

***Карточкалардын 1-деңгээли:*** Качан балдар төрт үнсүз тыбышты үйрөнгөндө, тамгаларды чогулта башташат.

Тамгаларды төрт бөлүктөн куроо керек. Тамгалардын арткы жагында цифра чогулат. Тамгалардын арткы жагында пирамиданы, топту, квадратты, атты ж. б. сүрөттөлүштөрдү чогултууга болот.

***Карточкалардын 2-деңгээли:*** тамгалар 6 бөлүктөн чогултулат.

***Карточкалардын 3-деңгээли:*** тамгалар 9 бөлүктөн чогултулат.

## 3. Кеп өнүктүрүү, айлана-чөйрө менен тааныштыруу боюнча «Жылнаама», «Жыл мезгилдери» дидактикалык жана таратма окуу куралы

**Максат:** кепти баарлашуу каражаты катары өнүктүрүү, балдардын активдүү сөз корун кийимдерди, идиш-аяктарды, эмеректерди, өсүмдүктөрдү, айбанаттарды, жапайы жаныбарларды, оюнчуктарды, унаа түрлөрүн, үй-бүлө мүчөлөрүн атоочу сөздөр менен таанышууда байытуу. Активдүү кепке этиштерди, сын атоочторду, тактоочторду киргизүү; балдарда айрым айкын, кеп жолугуп туруучу жаратылыш кубулуштары жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандыруу; жаратылыш кубулуштарынын байланышын аныктоого

үйрөтүү (күн чыкканда жылуу болуп калат), белгилерди айырмалоо (кар – ак, күзгү жалбырак – сары), жыл мезгилдеринин мүнөздүү белгилери менен тааныштыруу; балада үй-бүлө, чоң адамдардын эмгеги жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандыруу, аларды негизги эмгек процесстери менен тааныштырууну улантуу.

***Тема: Жыл мезгилдери***

1. Көп болуучу (мүнөздүү) түстөрдү атагыла:

- кыш үчүн – ак, көгүлтүр;
- жаз үчүн – ачык-жашыл, күлгүн, көгүлтүр;
- күз үчүн – сары, күрөң, кызыл, кызыл сары, боз;
- жай үчүн – ачык жашыл, кызыл, көк.

Балдар адегенде сүреттердө көрсөтүлгөндөй түстөрдү көрсөтүшөт, түстөрдүн аталыштары боюнча жыл мезгилдерин атап беришет.

2. Кыштын (жаздын, жайдын, күздүн) белгилерин атагыла.

- Адамдар кандай кийинишет?

3. Сүрөттер боюнча айлардын аталыштарын аныктагыла. Декабрда (февралда, мартта, майда) кандай майрамдар болот?

4. Сүрөттү боёгула.

Плакаттын жогору жагына балдар жыл мезгилдеринин тааныш белгилеринин элементтерин илишет. Мисалы:

- жазында – чөп жана дарактын гүлү, байчечекей же каакым, даракта уясынын жанында конуп турган чыйырчык,
- кышында – кар бүртүкчөсү, күздө – сары жалбырак, кургак чөп, сапар тартып бараткан келгин куштар ж. б.

Бул элементтерди трафарет боюнча кесип алып, педагог таратып берсе да болот.

**1. Эмне туура, ал эми эмне туура эмес?**

Мисалы, күз тартылган сүрөттө – шактары ийилген мөмөлүү дарактар, жайкы кийимчен балдар же кар ойноп жаткан балдар. Балдарга сүрөтчү атайын кетирген катаны таап, аны оңдоо сунушталат.

1. Кезектеги айдын жаңырышы менен кандай өзгөрүүлөр болот?
2. Адамдардын кийимдери кандай өзгөрөт, жаратылышта кандай өзгөрүүлөр болуп өтөт?
3. Чоңдордун суроолору боюнча аңгеме түзгүлө. Андан соң балдар бири-бирине суроо бергенге, сүрөт боюнча аңгеме түзүүгө, анын мазмунун өз алдынча айтып бергенге үйрөнүшөт.

4. Топтордо иштөө. Балдарды алдын ала эле топторго бөлүп коюу керек. Же оюн процессинде да бөлүүгө болот: балдар бир катарга турушат да жыл мезгилдерин (кыш, жаз, жай, күз) тартиби менен аташып, бөлүнүшөт. Андан кийин «кыш» мезгилин атаган балдар бир столду тегерете, «жаз» мезгилин атагандар – экинчи столду тегерете ж. б. отурушат. Оошентип, ар түрдүү тапшырмаларды сунуштоого болот, мисалы: «Жыл мезгилинин ар бири үчүн өзүнө мүнөздүү түстөрүн, жаратылыш кубулуштарын, кийимдерди ж. б. чогулткула».




## 4. «Үй жаныбарлар жана канаттуулар» демонстрациялык окуу куралы

Жумуштун этаптары:

1. Педагог кайсы жаныбар үй жаныбары деп аталарын түшүндүрөт.
2. Педагог жаныбарды көрсөтүп, анын атын атайт, кандай үн чыгарарын туурайт.
3. Педагог жаныбарды көрсөтөт, балдар ал кандай үн чыгарарын туурайт.
4. Педагог жаныбарды көрсөтөт, балдар өз столдорунун үстүнөн ошол жаныбардын сүрөтү бар карточканы издеп табышат.
5. Педагог: «Мындайча ... үн чыгарган жаныбарды көрсөткүлө». Балдар тиешелүү карточканы көрсөтүшөт.
6. Педагог жаныбардын атын атайт, балдар тиешелүү карточканы көрсөтүшөт.
7. Андан соң ролдор алмашып, балдар алып баруучу болуп калышы ыктымал.
8. Ушундай эле тартипте «Кайсынысы эмненин баласы» деген оюнду ойнойбуз.
9. Көрсөтмө курал менен иштейбиз. Балдар төмөндөгү суроолорго жооп беришет:
   - Эмнени көрүп турасыңар?
   - Булар кандай жаныбарлар?
   - Кайсынысы кандайча үн чыгарат?
   - Кайсынын баласы кандай?
   - Бул жаныбардын түсү кандай?
   - Ал кандай пайда алып келет (кайсынысы эмне берет)?
   - Оң жактагы жогорку бурчта эмне турат?

Педагогдун суроолору боюнча аңгеме түзөбүз.

## 5. «Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсү (жапайы жаныбарлар)» демонстрациялык окуу куралы

Жумуштун этаптары:

1. Педагог кайсы жаныбар жапайы деп аталарын түшүндүрөт.
2. Педагог жаныбарды атап көрсөтөт, ал эми балдар тиешелүү жаныбар тартылган карточканы издеп табышат.
3. Педагог жаныбарды атайт, балдар тиешелүү карточканы көрсөтүшөт.
4. Педагог жаныбарды плакаттан көрсөтүп, аны атайт, каерде жашарын сурайт (токойдо, тоодо, өрөөндө, сууда).
5. Педагог сурайт: «Эмне сууда (токойдо, тоодо, талаада) жашайт?» Балдар тиешелүү жаныбарлар тартылган карточкаларды столдун үстүнө коюшат.
6. Андан кийин ролдор алмашат, балдар чоң адамдын ролун аткарат.

## 6. «Менин үйүм. Менин үй-бүлөм» дидактикалык окуу куралы



Курал бир нече бөлүктөн турат, алар ар түрдүү типтеги үйлөрдү көрсөтөт. Мисалы, биринчи сүрөт – айылдагы үй же жеке үй. Экинчи – шаардагы үйлөр, үчүнчү – үйдүн (батирдин) ички планы. Берилүүчү суроолор:

- Кандай үй?
- Үйдүн бөлүктөрү (чатыр, дубалдар, терезе ж. б.) кандай геометриялык фигураларды эске салат?
- Короодо эмне турат?
- Үйдүн оң жагындачы? Сол жагындачы?
- Кандай жаныбарларды көрүп турасыңар? Канчоо? ж. б.

Үйдүн (батирдин) ички бөлүгү боюнча аңгеме:

- Ортодо эмне турат?
- Столду тегерете кимдер отурат? Алар эмне кылып жатышат?

Столдун «сол жагында», «оң жагында», «алдында», «артында» деген жооптор күтүлүүчү окшош суроолор.

Эмеректердин предметтерин атагыла. Суроолорду бергиле:

- Терезелерде эмнелер коюлган?
- Түстөрү кандай?
- Канчоо?
- Үй-бүлө мүчөлөрүн атагыла (апа, ата, чоң эне …)
- Алар эмне кылып жатышат? Эмне кийип алышкан?
- Бөлмөдө канча киши бар?
- Дагы эмнелерди көрүп турасыңар? (ит, мышык)
- Булар кандай жаныбарлар?
- Сол жактагы бөлмө кандайча аталат?
- Оң жактагысычы? ж. б. у. с.

Ушундай эле тартипте батирдин (үйдүн) ар бир бөлүгү боюнча аңгемелешебиз. Соңунда балдар сүрөт боюнча чакан аңгемелерди түзүүгө үйрөнүшөт. Бул тапшырманы аткаруу үчүн эмеректин предметтери, жаныбарлар, түстөр, адамдар ж. б. тартылган тематикалык сүрөттөрү бар таратма материалдар пайдаланылат. Сүрөттөр боюнча берилүүчү суроолор балдардын тапшырманы сабаттуу аткаруусуна жардам берет.

## 7. «Боз үй» дидактикалык окуу куралы

Куралдын жогорку бөлүгү боз үйдүн сырткы көрүнүшүн көрсөтөт.

Берилүүчү суроолор:

- Каерде?
- Боз үйдүн тегерегинде эмнелер бар?
- Предметтердин түстөрү кандай?

Андан кийин курал төрт бөлүккө ачылат, балдар боз үйдүн ички жасалгаларын көрүшөт. Педагог адегенде боз үйдүн ичиндеги адаттагы жасалгалар тууралуу айтып берет, андан кийин (белгилүү болуп калган тартипте) балдар менен аңгемелешет.

## 8. «Кыргызстандын картасы» дидактикалык окуу куралы

Курал Кыргызстандын картасы түрүндө берилген. Ал Кыргыз Республикасынын аймагындагы чек аралар, дубандар, анда жашаган элдер менен тааныштырууга арналган. Ал өлкөдөгү дубандардын чек араларын көрсөтөт. Дубандар ар түрдүү түстөр менен боёлгон. Картада ошондой эле борбор калаа жана ар бир дубандын борбору белгиленген. Картада ал шаарлар белгиленген жерде алардын эмблемасы үчүн кичинекей чөнтөкчөлөр бар.

Картаны тегерете Кыргызстандын аймагында жашаган түрдүү улуттук кийимчен балдардын сүрөттөрү бар. Балдар бири-бири менен кол кармашып, биримдикти жана баш кошкондукту көрсөтүп турушат. Куралды жогору жагында өлкөнүн Мамлекеттик герби жана Мамлекеттик туусу тартылган. Оң жакта Мамлекеттик гимн басылган (кыргыз, орус тилдеринде).




## 9. Тематикалык карточкалар

Карточкалар төмөндөгү темалар боюнча бөлүштүрүлгөн (9 топ):

- Жемиштер
- Жашылчалар
- Жер-жемиштер
- Үй жаныбарлары
- Жапайы жаныбарлар
- Курт-кумурскалар
- Бак-дарактар
- Шалбаалар
- Кийимдер



Бул карточкалар менен иштеөдө балдар анда тартылган сүрөттөрдөгү предметтерди атап, аларды сүрөттөп берүүгө, системалуу анализ жасоого, предметтерди классификациялоого үйрөнүшөт. Бул иш балдардын сөз корун байытат.

**Биринчи этап:** чоң адам карточканы көрсөтүп, андагы сүрөттөлгөн предметтерди атайт, классификациялайт. Мисалы: бул пальто – кийим, бул помидор – жашылча, бул алмурут – жемиш ж. б. у. с. Балдар чоңдордун артынан кайталашат.

**Экинчи этап:** педагог карточканын арткы (актай) жагын көрсөтөт, ал эми балдар анда сүрөттөлгөн предметтерди аташат.

**Үчүнчү этап:**

- «Эмне каерде жашайт?» (Жапайы, үй жаныбарлары.)
- «Ким кандай кийинген?» (Балдар жана кыздар үчүн кийимдерди бөлүштүрүү.)
- «Биз муну качан киебиз?» (Жыл мезгилдери. Кийимдерди жыл мезгилдери боюнча бөлүштүрүү.)
- «Муну каерде көрүүгө болот?» (Жер. Суу. Аба.)
- «Бул эмнеге окшош?» (Предметтерди түсү, формасы: алма, бадыраң ж. б. кандай геометриялык фигурага окшош?)
- «Эмне кандайча тамактанат?» (Ар түрдүү жаныбарлардын тамактануу рациону боюнча көрсетмелүү түшүнүк берүү.)

## 10. «Ромашка» дидактикалык окуу куралы

Диагоналы 15 см болгон жети түстүү гүл. Ар бир жалбыракчасында 9дан желекче бар. Ар бир желекченин өлчөмү – 9 x 22 см.

Оюн балдарга предметтерди айырмалоого, окшоштуктары боюнча бөлүштүрүүгө үйрөтөт. Күнделүк турмуштагы предметтерди балдар сүрөттөн көрүшөт. Балдар муундап окууга үйрөнүшөт.

Жети түстүү гүлдөн («Ромашка») турган десте (комплект) сунушталат. Ар бир төмөндөгү темаларга туура келет:

- Кийим
- Идиш-аяк
- Үй жаныбарлары
- Жапайы жаныбарлар
- Жемиштер
- Жашылчалар
- Унаа




Ата-энелер жана педагогдор дестеге жаңы темаларды берип, балдардын сүйлөө кебин жатыктырышы мүмкүн. Өз алдынча да, тайпада да иштөөгө болот. Курал кыргыз тилин үйрөнүүчүлөргө жардам берет. Куралдын өзгөче ыңгайлуулугу столдун, полдун бетине жайып алып эле, жеңил пайдаланууга мүмкүн болгондугунда.

## 11. «Матрешка-кубиктер» көлөмдүү-кыймылдуу көп функциялуу көрсөтмө куралы

**Арналышы:**

- 10го чейин саноого үйрөтүү жана көндүмдөрдү бекемдөө үчүн;
- сандын жана өлчөмдүн көбөйүү жана азаюу тартиби боюнча билимдерди калыптандыруу үчүн;

- балдардын чыгармачылыгын, мейкиндиктик жана логикалык ойлоосун өнүктүрүү үчүн;
- кебин өстүрүү, элестөөлөрүн жана эсин өнүктүрүү үчүн;
- 4–7 жаштагы балдар үчүн.



**Кубиктерди буларга пайдаланууга болот:**

- аларды биринин артынан экинчисин шаты сыяктуу коюу;
- карточкаларды же предметтерди салып коюучу кутуча катары. Мисалы, 5 жазылган кутуга 5 өрдөк же № 1–7 кубиктердин капталдарынын биринде тартылган геометриялык фигуралардан салып коюңуз;
- түстөрдү ажыратуу үчүн: № 1 – 7 кубиктердин түстөрү Асан-Үсөнгө (көк желеге, радугага) окшош:

Каждый – красный – кызыл; Охотник – оранжевый; Желает – желтый – сары; Знать – зеленый – жашыл; Где – голубой – ачык көк; Сидит – синий – көк; Фазан – фиолетовый.

(Каждый Охотник Желает Знать Где Сидит Фазан – бул орус тилинен алынган. Ал эми кыргыз тилине которгондо түс белгилеринин мааниси жоголуп кеткендиктен, орус тилинде калтырдык. Кыргоол Кайсы Жерде Отурганын Ар бир Мергенчи Билгиси Келет.);

- кеп өстүрүү үчүн: кубиктердин капталдарынын биринде жомок тартылган, андагы каармандардын саны кубиктин номерине туура келет. Аларды саноого, жомокту эстөөгө болот. Жомоктун мазмуну боюнча педагогдун суроолоруна жооп берүүгө болот;
- балдардын жекече жана өнөктөшүп иштөөсү үчүн: ар бир кубикте тапшырмалар жана оюндар берилген:

**№ 1 кубик** – сүрөттөн 1 санын тап; сүрөттөгү кыздар эмне менен айырмаланып турат, айырмачылыкты тап;

**№ 2 кубик** – сүрөттөн 2 санын тап; коёнекке – сабизге жетүүгө, ал эми күчүккө сөөккө жетүүгө жардам бер;

**№ 3 кубик** – ар түрдүү түстөгү балыктардан үчтөн тап; квадратка кандай фигураны коюу керектигин аныкта;

**№ 4 кубик** – айырмасын тап: машинасы бар сүрөттөр эмнеси менен айырмаланат; эне-кирпиге балдарын таап алууга жардам бөр;

**№ 5 кубик** – килемченин жамаачысын тап. Жээктерден санап, 5 боюнча предметтердин санын тап? (жогорку жээкте 5 бадал, ортоңку жана төмөнкү жээктердегү жашылчаларды эсепте, 5тен болсун);

**№ 6 кубик – «Бакчада»** деген сүрөттөн 6 санын тап, жемиштерден 6ны аныкта, эмне каерде жашарын бил, жаныбарлардын үйлөрүн туура тап, сана;

**№ 7 кубик** – сүрөт боюнча жыл мезгилдерин аныкта, кийимдерди жана предметтерди токойдогу жыл мезгилдерине карата танда;

**№ 8 кубик** – геометриялык фигураларды аныкта, алар канча экендигин сана. 8 предметтен ашыкчасын тап, 8 санын түз (бул 4 жана канча ж.б.);

**№ 9 кубик** – кийимдерди ата, ар биринин жамаачысын аныкта; геометриялык фигуралардан жасоого боло турган предметти (балаты, матрешка же чыйырчыктын уясы) аныкта; 1ден 9га чейинки сандар жазылган квадрат – «Ким биринчи?» деген оюн. Бала цифраларды колу менен көрсөтүп, 9га чейин жана кайра артка санайт;

**№ 10 кубик** – лабиринтти ет, ким ким менен сүйлөшүп жаткандыгын аныкта. Балапандын кандай фигуралардан жасалганын аныкта. Эсепте, бардыгы канча фигура, балапанды толуктоо үчүн дагы канча фигура керек. Кесиптерди атап бер, аларга тиешелүү шаймандарды тандап ал.

## 12. «Домино» оюну

***Оюндун арналышы:***

- эсептее көндүмдөрүн калыптандыруу жана бекемдөө үчүн, предметтердин тобуна сандарды туура келтире билүүгө үйрөнүү үчүн;
- баланын коммуникациялык жөндөмдүүлүктөрүн жана тайпада иштее көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн; жоопкерчиликтүү болууга жана оюндун эрежелерин аткарууга үйрөтүү үчүн;
- 5–7 жашар балдар үчүн.



Оюндун шарты: оюнду 2–5 бала ойносо болот. Оюн кадимки эле домино оюнуна окшош. Ар бир бала 4төн карта алат. Биринчи болуп колунда эки окшош картасы бар бала жүрөт. Кезек менен балдар жемиштеринин саны бирдей болгон картанын үстүнө картаны коюшат. Узун тизмек пайда болот. Эгерде балада мындай сан жок болсо, демек, ал жемиш сатып алуу үчүн базарга барат, бир гана карта алат. Эгерде анда да жок болуп чыкса, анда кийинкиге жол берет. Колундагы карталарын биринчи болуп тизмекке жайгаштырган бала жеңүүчү болот. Ошондо базарда эч нерсе калбай калат.

## 13. «Пазлдар» оюну

***Оюндун арналышы:***

- саноого көнүктүрүү жана бекемдее үчүн;
- бөлүктөрдөн бүтүндү түзүү билгичтигин калыптандыруу үчүн;
- 2ден 10го чейинки сандардын курамы жөнүндө билимдерди калыптандыруу үчүн.

Оюндун шарты: өзүңдүн жарымыңды тап. Педагог жарымын көрсөтөт, ал эми балдар экинчи жарымын сунушташат;

### 14. «Жамак палас» дидактикалык окуу куралы



***Арналышы:***

- балдардын жамаачынын формасын тандай билгичтигин өнүктүрүү үчүн;
- жамаачынын түсүн, оюу-чийүүсүн тандоо жана аны килемчеге бириктире билгичтикти өнүктүрүү үчүн;
- сунушталган варианттардын ичинен тандоо билгичтигин калыптандыруу үчүн.

### 15. «Фигураларды чогулт» дидактикалык окуу куралы

***Арналышы:***

- мейкиндиктик ойлоосун өнүктүрүү үчүн;
- бөлүктөрдөн бүтүндү куроо билгичтигин калыптандыруу үчүн;
- жалпак фигуралар менен тааныштыруу үчүн.

### 16. «Окшош формалар» барактары арта салынма китеп

***Арналышы:***

- геометриялык фигуралар жөнүндө окутуу жана билимдерди бекемдөө үчүн;
- предметтердин формаларын геометриялык фигуралар менен салыштыра билгичтигин калыптандыруу үчүн;
- элестетүүнү жана логикалык ойлоону өнүктүрүү үчүн.

### 17. «Жомокту тап» барактары арта салынма китеп




***Арналышы:***

- кеп естүрүү жана жомоктун мазмуну менен тааныштыруу үчүн.

### 18. «Түгөйүн тап» барактары арта салынма китеп

***Арналышы:***

- «чоң, кичине» түшүнүктөрүн калыптандыруу үчүн;
- бирдей предметтерди издөө жана тандоо көндүмүн калыптандыруу үчүн.

## 19. «Көңүлдүү фигуралар» барактары арта салынма китеп

***Арналышы:***

- «бирөө, көп, чоң, кичине» түшүнүктөрүн калыптандыруу жана бекемдөө үчүн;
- геометриялык фигуралар жөнүндө билимдерди бекемдөө үчүн;
- предметтердин формаларын геометриялык фигуралар менен салыштыруу билгичтигин калыптандыруу үчүн;
- жаңы фигуралар менен тааныштыруу үчүн (ромб, трапеция);
- 5–7 жашар балдар үчүн.



1-тиркеме

# «Кызыктуу ынтымак тамгалар» таяныч таблицаларын пайдалануу методикасы

## 1. Деги «Кызыктуу ынтымак тамгалар – КЫТ» деген эмне болгон окуу куралы, анын кандай артыкчылыктары бар?

- Балдар тыбыштарды, алфавиттеги тамгалардын баарын үйрөнүшөт. Ошондой эле КЫТтын жардамы менен 0, 3, 4, 10 сандарын да жасоого болот. КЫТ менен иштеп жаткан учурда атайылап ага көңүл бурулбаса да, балдар 1ден 7ге чейинки сандарды билип калышат. Анткени бул сандар таяныч таблицаларда да, сүрөттөрдө да бар. КЫТ менен иштөө процессинде, тамгаларды, сүрөттөрдү табуу учурунда, бул сандар пайдаланылат, муну менен балдар бул сандарды акырындык менен өздөштүрүп алышат;
- Балдар тамгаларды бири-биринен айырмалаганга үйрөнүшөт, тамгалар бири-биринен кандай бөлүктөрү менен айырмаланарын билишет, аларды салыштырышат, тамгалардын окшош жактарын билишет, тамгалардын элеси балдардын мээсинде (аң-сезиминде) калыптанат;
- Тамгаларды оюн аркылуу, кызыктуу иш-аракеттердин коштоосунда үйрөнүшөт, балдар иштиктүү иш-аракетке тартылат;
- Тамгаларды кагазда бүктөп жасоо аркылуу балдардын майда булчуңдары өнүгөт, алар маалыматты дене, сенсордук сезим аркылуу да алышат, бул учурда кайсы бир деңгээлде тыкандыкка да үйрөнүшөт;
- Тыбыштарды, тамгаларды тиешелүү ырааттуулуктагы иш-аракет аркылуу үйрөнүшкөндүктөн, бара-бара ал иш-аракеттерди өздөштүрүү менен, аларда өз алдынчалуулук калыптанып өнүгөт;
- Тамгаларды образдуу кабыл алышып, көрсөтмөлүүлүк ишке ашат, балдар сүрөттөрдү, таяныч таблицаларды колдонушат;
- Балдардын ой жүгүртүүсү өсөт, алардын ойлоп табуусу, изденүүсү күчөйт;
- Натыйжада тыбыштарды, тамгаларды үйрөнүүгө болгон стимул өнүгөт;
- Балдардын чыгармачылыгы өсөт;
- Кеп өстүрүү үчүн жагымдуу жагдай түзүлөт;
- Балдардын өзүнө болгон ишеними артат.

Бул артыкчылыктарды канткенде ишке ашырууга болот? Бул суроого жооп берүүдөн мурда КЫТтын кандайча жаралгандыгы, ал боюнча комплекттин кандайча басылып чыкканы, анын эмнелерден турары, аны менен кантип иштөө же КЫТтын кандайча өз сырын ачары тууралуу кеп кылуу зарыл.

## 2. Кызыктуу ынтымак тамгалар кандайча жаралды?

Албетте, КЫТ ушул турушунда дароо эле пайда боло калган жок. Ойдун башаты Өзгөн районунун Мырза-Аке айлындагы № 20 мектептин мугалими Мундузкан Жигитовадан башталат. Бул тууралуу басма сөздө да баяндаган элем («Эл агартуу» журналы, 1995, № 3, 83–85-б.). Мундузкан эже бул ойду окуу процессинин өзүнөн алган, сабак

учурунда жаралган. Бирок анда тамгалардын беттерине кагаздан кесип жабыштырып, кагаздын жабыштырган бөлүгүн ачып-жаап, тамгаларды өзгөртүүгө болот эле. Бул анчалык ыңгайлуу болбогондуктан, бир баракча аркылуу көп тамга жасоого тоскоолдук кылды. Анан да түзүлүшү оңой болгон айрым гана тамгаларды түзүүгө мүмкүн болуп, көпчүлүгүн жасоого болбойт эле.

Үзүн сызыктар боюнча кесүү женүндөгү ойдун жаралышы бул тамгалардын ушул турушундагы абалга келишине чоң роль ойноду. Ошондон кийин тамгалардын баарын камтуу, ошондой эле массалык нускада чыгаруу мүмкүнчүлүгү пайда болду. Иш процессинде КЫТтын бир нече варианты жаралды.

КЫТ негизинен 1-класстын балдарына арналган болчу. Ал А3 барагына басылып, мектептерге таркатылды. Кийин бакча тарабынан ага болгон талапты эске алуу менен, аны бакча балдарына ылайыктап кайра иштеп чыгууга туура келди. Натыйжада тамгалар катышкан буюмдардын сүреттеру, тамгаларга окшош сүрөттөр тартылды, КЫТты кантип пайдалануу методикасы жазылып, КЫТ комплект болуп басылды. Аны Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына караштуу «Жамааттардын деңгээлинде кенже курактагы балдарды енүктүрүү» долбоорун башкаруу башкармалыгы комплект түрүнде басып чыгарып, аларды езүнүн пилоттук бала бакчаларына таркатты.

### 3. Ал эмнелерден турат? Басылып чыккан «Кызыктуу ынтымак тамгалар» комплектинде төмөнкүлөр бар:

- Тыбыштар, тамгалар катышкан буюмдардын сүреттерү, мисалы, «а» тыбышына жана тамгасына алманын, алмуруттун, анардын, «б» тыбышына жана тамгасына-банандын, балыктын, «т» тыбышына жана тамгасына топтун, телевизордун, телефондун сүрөттөрү берилген ж.б.;
- А3 барагындагы «Кызыктуу ынтымак тамгалар» таяныч таблицасы, ал сегиз таблицага бөлүнүп кыркылат, анын биринчиси усулдук керсетме болот, калган жетее – таяныч таблицалар, алардын жардамы менен тамгалар жасалат;
- Тамгаларга окшош сүрөттер, мисалы, «а» тамгасына саржандын, ракетанын, «о» тамгасына дарбыздын, жумуртканын, «с» тамгасына айдын, таканын, «ф» тамгасына эки колун бейрегүне алган баланын, «в» тамгасына көз айнектин сүрөтү берилген ж.б.;
- Сүреттөр менен коштолгон алфавиттеги тамгалардын бир барактагы жыйындысы;
- Тамгаларга байланыштуу ырлардан турган китепче;
- Усулдук колдонмо китепчеси.

Бирок бул жолкуда комплекттегилердин бардыгы берилген жок. Болгону А3 барагындагы таяныч таблицалар, КЫТка карата жалпы түшүндүрмелер жана тамгаларга байланыштуу ырлар тааныштыруу иретинде сунуш кылынды. Ал эми тыбыштар, тамгалар катышкан буюмдардын сүреттөрү, тамгаларга окшош сүреттер, бир барактагы сүрөттүү тамгалардын жыйындысы берилбей калды.

Педагог колунда болгон, балдарда бар сүрөттердү, сүреттүү тамгаларды пайдаланып, бул кенемтени толуктай алат.

## 4. «Кызыктуу ынтымак тамгалар» канткенде өз сырын ачат?

А3 барагынан көрүнүп тургандай, ал сегиз таяныч таблицадан турат, анын биринчиси – кыскача түшүндүрмө, ал эми калган жети таяныч таблицанын жардамы менен тамгалар жасалат, алардын ар бири менен бир нече тамга жасоого болот (түшүндүрмөнү караңыз, 4төн 6га чейин), башкача айтканда, ар бир баракчада бир нече тамга ынтымакта жашайт.

А3 барагы сегиз таблицага бөлүнүп кыркылат, алардын биринчисинен башкасынын баары тамгалардын үстү жагындагы туурасынан кеткен бүтүн сызык аркылуу артына кайрылып бүктөлөт, анткени үзүк сызыктар боюнча тамгаларды кыркып бүктөгөндө, алардын орду ачык калып, терезече болуп начар көрүнүп, балдарды алагды кылышы мүмкүн.

Ар бир таяныч таблицаны үстү жагындагы бүтүн сызык боюнча бүктөгөндөн кийин алардагы үзүк сызыктар боюнча кыркып, бүктөп туруута туура келет. Алгач чоң бөлүктөрдү кыркып, бүктөп алып, андан кийин алардын ич жагындагы кичинекейлерин кыркып, бүктөө туура болот. Анткени кичинекейин мурда кыркып, бүктөп алсаң, кийин чоңун кыркканда, бүктөлбөй кыйнап, кайрылып кете берет.

Ошондой эле таяныч чиймелердин ар биринде номер бар, түшүндүрмөдө (биринчи баракча) кайсы баракча аркылуу кандай тамгаларды жасоо керектиги көрсөтүлгөн. Мисален, 1-баракчанын жардамы менен 4 тамганы, 2-таблица менен 6 тамганы ж.б. жасоого болот.

## 5. «Кызыктуу ынтымак тамгалар» менен кантип иштөө керек?

Таяныч таблицалар менен иштееге киришердин алдында «кыт» деген сөз эмнени түшүндүрөрү тууралуу кыскача айта кетсек.

Азыркыдай компьютердик, техникалык оюндар жок кезде балдар көбүнчө чүкө (ашык) ойношчу. Анын ар кандай түрлөрү бар. Бул оюндарда «сака» же «эңке» деп коёт, ал ура турган, ата турган чүке болот, ал чоңураак жана салмактуураак болууга тийиш. Андыктан айрым балдар сакасынын түбүн кичине көзөп, ага коргошун куят да, ордун кайра сөөк менен бекитип коёт. Мындай сака, биринчиден, оор болот да, аны менен башка чүкелерди атканда алар алыска ыргыйт. Экинчиден, коргошун таман жагына куюлгандыктан, ал көпчүлүк учурда «алчы» турат да, «таа» конбойт. Чүкө ойногондо «алчы» конгон сака жеңишке жеткирет да, «таа» конгону жеңилүү ызасын көбүрөөк тарттырат.

Элибизде оор басырыктуулук, салмактуулук ар дайым колдоого ээ болгондуктан, «кыт куйгандай салмактуу, бекем» деген ыраазы болуу сөздөрү пайда болгон. «Кулагыңа кыт куйгандай түйүп ал» деген сыяктуу сөз айкаштары да жаралган.

Биз муну эмне үчүн айтып жатабыз. Педагог «Кызыктуу ынтымак тамгалар» менен кыттын ортосундагы окшоштукту салыштырса болот. Кыт куюлган сака көбүнчө «алчы» конуп, жеңишке жетелегендей, ким «Кызыктуу ынтымак тамгалар» менен чын дилинен аракет кылып иштесе, аны менен достошсо, ал да ар дайым алдыда болот, жеңишке жетишет. Биз муну алдын ала атайын ушундай болсун деп пландаштырган эмеспиз. Бул ой кийин гана эске келди. Башкача айтканда, ал өзүнөн-өзү туура келди.

«Кызыктуу ынтымак тамгалар» менен иштөө боюнча усулдук көрсөтмө 7 таяныч таблицага ылайык берилди. Ар бир таяныч таблицада 4тен 6га чейинки тамгалар орун алган. Таяныч таблицаларда 1ден 7ге чейинки номерлер бар. Жогоруда белгилеп кеткендей, ошол номер сүрөттөргө да коюлган. Муну менен кайсы сүреттер кайсы таяныч таблицага тиешелүү экендигин билүүгө болот.

Бул курактагы, б.а., 6 жаштагы балдарды мектепке даярдоодогу сабат ачуу боюнча материалдар (программа, усулдук иштелмелер, жазуу дептери) КЫТка, башкача айтканда, тамгалардын элесин баланын башында калыптандырууга негизделип иштелип чыкты.

КЫТ комплектиндеги ар бир таяныч таблица менен иштөө төмөнкүдөй ыраатуулуктагы иш-аракеттерден турат:

а) Тамга катышкан буюмдардын сүрөттөрү менен иштөө

б) КЫТтагы таяныч таблицалар менен иш алып баруу

в) Тамгага окшош буюмдардын сүрөттөрү менен иштөө

г) Сүрөттөр менен коштолгон тамгалар (сүрөттүү тамгалар) менен иштөө

д) Тамгага тиешелүү ырлар менен иш алып баруу (кеп өстүрүү)

Азыр ар бир таяныч таблица менен иштөөгө кыскача токтололу:

**Биринчи таяныч таблицадан 4 тамга (о, ө, а, ю) орун алган.**

*Эскертүү: «А» тамгасынын кичинекейи таяныч таблицадан ɑ түрүндө орун алган. Ал эми компьютерден басылганда ал «а» түрүндө болот. Педагог ушул өзгөчөлүктү эске алышы керек.*

**а) Тамга катышкан буюмдардын сүрөттөрү менен иштөө**

Бул таблицадагы **«а»** тамгасына алма, алмурут, анардын, **«о»** тамгасына **от** менен **ороктун**, **«ө»** тамгасына **өрүктүн**, **өрдөктүн**, **«ю»** тамгасына **юла, юбканын** сүрөттөрү берилген.







Педагогдун биринчи аракети – ар бир тамгага тиешелүү сүрөттөрдү көрсөтүү менен андагы алгачкы тамгага басым жасап, аны бөлүп көрсөтүү. Маселен, от менен ороктун сүрөтүнөн **«о»** тамгасын бөлүп алуу керек. Мында кекечтенип айтууну да сунуш кылса болот: **о-о-о-т, о-о-о-рок.** Бирок, класста/тайпада кекечтенип


сүйлөгөн балдар болсо, бул ыкманы колдонууга таптакыр жол берилбейт. Анда кекечтенип айттырбастан эле башкы тамганы бөлүп алуу керек.

Педагогдун экинчи милдети – тамгага тиешелүү сөздер айтылгандан кийин ошол тамга катышкан сөздөрдү балдардын дагы таап айтуусуна шарт түзүү.

### б) Сүрөттүү тамгалар менен иштөө

Тамгаларды бөлүп алгандан кийин аны сүрөттүү тамгалар менен бекемдөө керек. Ушул төрт тамга катышкан сөздөрдү сүрөттүү тамгалардан көрсөтүп, анын тамгасы менен тааныштырууга туура келет. Ал тамгалардын жазма түрлөрүн доскага, кагазга жазып көрсөтсө да болот. Мисалы, сүрөттүү тамгаларда «а» тамгасына алма, «о» тамгасына от, «ө» тамгасына өрдөк, «ю» тамгасына юбка берилген.

### в) КЫТтагы таяныч таблицалар менен иш алып баруу




Мында сүрөттүү тамгаларды карап же тамгаларды доскага, флипчартка жазып коюп, ага карап, биринчи таяныч таблицанын жардамы менен аталган төрт тамганы жасоо керек. Алгач, педагог таяныч таблицалар менен кандайча иштөө керектигин шашылбастан көрсөтүү менен түшүндүрөт. Андан кийин гана тамгаларды жасоого киришишет.

### г) Тамгага окшош буюмдардын сүрөттөрү менен иштөө

**«О»** тамгасына жумуртканын, дарбыздын, тарелканын сүрөтү берилген. Мында бул буюмдарда **«о»** тамгасынын элеси бар экендигине көңүл бөлүнөт.

**«Ө»** тамгасына велосипеддин дөңгөлөгү, **«а»** тамгасына тарелка, анын жанына коюлган вилка, **«ю»** тамгасына ачкыч сунуш кылынган.

Балдар сүрөттөрдү карашкандан кийин бир тамганы алышат да, анын элесин турмуштагы буюмдардан, айлана-чөйрөдөн, класстан/тайпадан издешет. Аны бүткөндөн кийин кийинкисине өтүшөт. Же болбосо педагог класстагы/тайпадагы балдарды топторго бөлөт да, ар бир топко бирден тамга берет. Балдар тамганын элесин сүрөттөп, абада элестетип жазып көрсөтүп, ага окшош буюмдарды табуу үчүн көздөрүн жумуп, элестетип көрүшсө да болот.

Андан кийин ар бир топтон бирден же экиден бала чыгат да, өздөрү тамга болуп көрсөтүшөт. Мында алар класстагы/тайпадагы буюм-тайымдарды, окуу куралдарын да пайдалана алышат. Бул процесс балдар үчүн абдан кызыктуу болорун практика көрсөттү.

***Бул сүрөттөрдөн тамганын элесин табуу менен баланын чыгармачылыгын өстүрүүгө, өз алдынча изденүүсүнө шарт түзүү бул баскычтын эң негизги өзгөчөлүгү болот.***

### д) Тамгага тиешелүү ырлар менен иш алып баруу (кеп өстүрүү)

Бул ырлар өзүнчө китепчеде (тиркемеде) берилди. Албетте, аны балдар өздөрү окуй алышпайт. Аларды көркөм түрдө, жай, шашылбастан, тиешелүү тамгаларга басым жасоо менен педагог окуп бериши керек.

Бул баскычта кеп өстүрүү ишке ашат. Бул баскычта аталган ырлар менен гана чектелип калууга болбойт. Мүмкүнчүлүктүн болушунча тамгаларга байланыштуу жомокторду, табышмактарды айтууга, ойлоп табууга, жаратууга басым жасалышы зарыл. Мында балдардын ой жүгүртүү, кыялдануу, элестетүү деңгээлин да эске алуу керек.

Эгерде бир тамгадан экинчи тамга жасоо боюнча жомокту педагог ойлоп таап баштап, улантып келип, белгилүү бир жерден токтотуп, андан ары балдардын улантуусуна мүмкүнчүлүк берсе, мындай аракеттерди колдоо керек.

Экинчиден, тамгалар боюнча жомокторду жаратууда ар түрдүү варианттардын болушу да маанилүү. Ушул төрт тамга боюнча бир эле жомок жаралбастан, түрдүү варианттагы бир нече жомок, бир нече табышмактын болушу балдардын ой жүгүртүүсүн, кыялдануусун өстүрүүгө шарт түзмөкчү.

*Эскертүү:* Калган бардык таблицалар менен иштеедe биринчи таблица менен кандай иш-аракеттер аткарылган болсо, ошол аракеттер кайталанат, ошол принциптер сакталат. Ошондуктан аларды ар бир эле таблицада кайталай берүүнү туура керген жокпуз. Анын ордуна таблицада өзгөчөлүктөр болсо, аларга гана токтолууну туура таптык. Комплектте тамгалар катышкан сүрөттөр, тамгаларга окшош сүрөттөр берилип, бирок мында алар жок болгондуктан, педагогго сүрөттөрдү өз алдынча, балдар менен бирге издееге, ойлоп табууга туура келет.

**Экинчи таяныч таблица. Анда 6 тамга (п, н, ң, к, ж, ч) бар.**

Комплектте **«п»** тамгасына печенье, помидор, пилдин, **«н»** тамгасына нандын, ундун сүрөтү берилген.

Ошол эле учурда сүрөттүн алдына «ун» деп да жазылган. Бул «ун» деген сөздө «н» тамгасынын кийинки орунда болуп калышы менен, ошондой эле балдардын бүтүн сөздү эстеп калуу жөндөмдүүлүгү (А. Кушнир) менен да байланыштуу. Айрым балдар окуй албаса да, сөздү бүтүн боюнча эсинде сактап калышат. Айталы, көчөдөгү, телевизордогу жарнактардагы сөздөрдү көргөндө, алар толук айта алышат. Маселен, шоколаддардын, суусундуктардын, мобилдик байланыштардын аттарын көргөндө эле балдар аларды толук жатка айтышат.




Ал эми **«ң»** тамгасына «жаңгак», «теңге» деген сөздөр берилген. Ошондой эле алдына аттары да жазылган.

**«К»** тамгасына китеп, коон, компьютердин, **«ж»** тамгасына жылдыз, жаңгактын, **«ч»** тамгасына чана, чынынын сүрөтү берилген.

Мында да биринчи таблицадагыдай эле сүрөттөрдүн жардамы менен тиешелүү тамгаларды бөлүп алууга басым жасалат.

Тамгаларга окшош буюмдардын сүрөттөрүндө **«п»** тамгасына **турниктин, «к»** тамгасына **таякты тиштеп учуп бара жаткан канаттуунун,** желектин, **«ж»** тамгасына **коңуздун, «н»** тамгасына **терезенин, «п»** тамгасына **эшиктин, «ч»** тамгасына **бир жагын ит тосуп калган шатынын** сүрөттөрү берилген.

Мында эскерте кетүүчү бир жагдай, **«ж»** тамгасына байланыштуу. Компьютерде ал **«ж»** түрүндө болсо, таяныч таблицада 3 тик таяк, 1 орто тушунан туурасынан кеткен таяк түрүндө берилген.

Тамгага окшош буюмдардын сүрөттөрү менен иштөөдө балдар бир эле буюмдан, сүрөттөн бир нече тамганы көрүшү мүмкүн. Мисалы, бир эле шатыдан **«н», «п», «ч»** тамгаларын көрүүгө болот.


Мындай учурда баланы эмне үчүн бир эле сүрөттөн башка-башка тамгаларды көрөсүң дегендин ордуна, аларды изденгичтиги, тапкычтыгы үчүн мактап, колдоо, шыктандыруу керек.

**Үчүнчү таблицада 5 тамга (и, й, ш, щ, ц) орун алган.**

Бул тамга менен иштөөдө да буга чейинки сөз болгон ыкмалар пайдаланылат. Педагог аларды чыгармачылык менен өркүндөткөн абалда колдоно алат. Буга толук уруксат берилет.

**Төртүнчү таблицада 6 тамга (а, л, м, д, у, ү) бар.** Башка таблицалардан өзгөчөлүгү – мында чоң **«А»** тамгасы берилген. Ошондой эле **«ү»** тамгасы бар. **«Ү»** тамгасын жасоодо таяныч таблицаны 90 градуска тегеретип кармоого туура келет.







**Бешинчи таблицанын жардамы менен 6 тамга (т, г, б, ы, ь, ъ) орун алган.**

Таблицанын өзгөчөлүгү – **ь** (ичкертүү), **ъ** (ажыратуу) белгилери орун алган. Алар тыбышсыз тамгалар деп аталат.

Ошондой эле баш тамга «Б» менен анын кичинекейи эки түрдүү жазылат. Сүрет чоң тамга боюнча берилди.



**Алтынчы таблицада 5 тамга (с, э, е, ё, х) жасалат.**

Бул таблицадагы **«е»**, **«ё»** тамгаларына сөздөрдү табууда бир топ кыйынчылык жаралат. Анткени сөздүн башында бул тамгалар негизинен орус тили аркылуу кирген сөздөрдө кездешет. Ылайыгына жараша орус тилинен кирген сөздөрдү пайдаланууга туура келет.

**Жетинчи таблицада 5 тамга (з, в, р, ф, я) орун алган.**

Бул таблицада да негизинен орус тили аркылуу кирген сөздөр колдонулат. Мурдагы таблицаларда колдонулган ыкмалар, аракеттер ишке ашырылат.

*Эскертүү:* КЫТ менен иштөөдө өзгөчө эске алуучу жагдай, балдардын тамгалап окуусуна жол бербөө керек. Тамгалап окууга үйрөнүп алган бала ал тамгаларды кошуп окууда абдан кыйналат. Анткени ар бир үнсүз тамганы айтып жатканда, биз ага **«ы»** тамгасын кошуп айтабыз. Маселен, **«кы»**, **«пы»**, **«ты»**, **«мы»** ж.б. Тамгалап окуган балага ушул **«ы»** тамгасы тамгаларды кошуп окууга тоскоол болот. Айталы, **«бала»** деген сөз. Аны тамгалап айтканда, «быалыа» болот. Ошондуктан тамгалап окутуу ыкмасы практикада колдонулбайт.

Эгерде бала тамгалап окууга киришип жаткан болсо, аны дароо муундап окууга көндүрүү зарыл.

Аны кандайча ишке ашырууга болот?

Бул тууралуу сабактардын усулдук иштелмелеринде да берилди.

Мындай учурда Жигитова Мундузкан эже мындай ыкманы колдончу. Балдар колуна күзгүнү кармашат да, оздорун **«м»** тамгасын айтууга даярдашат. Анткени **«м»** тамгасын айтууда эриндер бири-бирине тийип, алардын абалы ачык көрүнүп турат. Тамганы айтууга даярданып, күзгүдөн эриндерин карашат, андан кийин тамганы айтар акыркы учурда эриндерин ошол абалда кармап турган боюнча дароо **«у»** тамгасын айтышат.

Албетте, балдардын баары дароо эле туура айтып жиберишпейт. Бирок, муну бир нече жолу кайталагандан кийин дээрлик бардык балдар **«му»** дегенди айта алышат. Мына ушундай жол менен ортолукка кыпчылган **«ы»** тамгасынан арылып, эки тамганы бириктирип айтканга, окуганга балдарды көндүрүүгө болот.

Ал эми КЫТ менен иштөөдө эки таяныч таблицаны пайдалануу менен, муундарды түзүүгө болот. Ал эми үч, төрт, беш таблицаны пайдаланып, сөздөрдү куроого болот. Ал эми сүйлөмдөрдү жасоо үчүн таяныч таблицаны кайталап пайдаланууга туура келет. Аны үчүн эки окуучу биригип иштесе болот, анткени КЫТ таяныч таблицалары ар бир баланын колунда болот.

## Тамгаларга байланыштуу ырлар

**1. а, о, ө, ю (4)**

**«От»** десем, «**о**гонь» деп,

| | |
|---|---|
| Юля курбум талашат.<br>**«О-о»** деп уйду чакырсак,<br>**О**русча деле жарашат. | **А**лма менен **а**кч**а**ны,<br>**А**лбай кээде кор тутат.<br>«**А**нар» десем, **а**кырын<br>«Гр**а**н**а**т» деп коркут**а**т. |
| **Ө**рүк десем, айта албай,<br>Оля көпке такалат.<br>**«Ө»**нү үйр**ө**т**ө**м деп жатып,<br>**Сө**зд**ө**р **ө**зү жыйналат.<br>(Ар кандай аралаш жайгашкан сөздөр:<br>**ө**рүк, **ө**рд**ө**к, **ө**түк, **ө**н**ө**р, **Ө**мүр) | Бир таякка бир **«О»**ну,<br>Байлап койсом **Ю** болду.<br>**Ю**ля, **Ю**ра, **Ю**рий деп,<br>Короодо достор топтолду. |

**2. п, н, ң, к, ж, ч (6)**

<table>
<tr><td>Бул нан болсо меники,<br>Наның делсе сеники.<br>Иши кылып, Куйругу жогу меники,<br>Куйруктуу болсо сеники.</td><td>(Сөздөр ар кандай абал-да аралаш жайгашкан:<br>Машина – машинаң,<br>куурчак – куурчагың)</td><td>Желекчеде бармын деп,<br>«К» тамгасы койкоёт.<br>Эки желек бириксе,<br>Жоон бир «Ж» болот.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Турниктей тамга «П» болот,<br>Буту чологу «Ч» болот.<br>Чатакташса бул экөө,<br>Чаташп баары жоголот.</td><td>«Ж» башкача да жазылат,<br>Үч тик таяк ортосунан кошулат (Ш).<br>Ортосунда таякчаны түшүрүп,<br>Шашмалары «Ш» кылат.</td></tr>
</table>

**3. а, л, м, д, ү, у (6)**

| | |
|---|---|
| Бутактай болгон бул тамга,<br>Үкүгө окшош **«Ү»** деди.<br>(Үкүнүн башынын сүрөтү)<br>Этегин солго имерип,<br>Эми болсо **«У»** деди. | **Л**ампочка, **л**ента, **л**ампага,<br>Эки эле таяк жетет дейт.<br>**«М»** кылам деп **М**алабай,<br>Экөөнү кошуп кетет дейт. |
| **«Д»** менен **«А»** тамганын,<br>Окшоштугун карап кер.<br>**Д**арбыз менен **А**лманын,<br>**Д**аамдуулугун сынап кер. | |

**4. т, г, б, ы, ь, ө (6)**

| | | |
|---|---|---|
| Ышкырыкка окшогон (ь, ө)<br>Бул эки тамга айтылбайт.<br>Бири ичкертип, жумшартып (ь),<br>Биринен тамга ажырайт (ъ). | **Б**акылдаган **«Б»** менен<br>**Ы**йлаак **«Ы»** нын окшошун.<br>**Б**иринде **б**олсо **б**аш кийим,<br>Бирине таяк кошкомун. | **Г**үлгө кеткен **«Г»** мын деп,<br>Мактанып алат бул да**г**ы.<br>**Т**еңдеп койсо үсТү жагын,<br>**«Т»** болуп калат **т**урбайбы |

**5. с, э, е, ё, х (5)**

**«Е» тамга**

| | |
|---|---|
| Учкан чабалекей **«Э»** десем,<br>Айдай сулуу **«С»** десем.<br>Эмне дедиң «йе» **(Е)** десең,<br>Эки көздүү **«Ё»** десем.<br>Көрүп алып кыткылыктап,<br>**Хе-хе-хе** десең. | **Е**лена деген таанышым<br>**Е**вропадан келдим дейт.<br>Самолётто келатып,<br>**Е**нисейди кердүм дейт. (Чын элеби?) |

**6. и, й, ш, щ, ц (5)**

| | |
|---|---|
| **И**йне жуткан **и**ттей болгон,<br>**И**ймейген **«И»** тамга бар.<br>Төбөсүнө чекит койгон,<br>**«Й»** дегени дагы бар. | **Ц**иркке дайым барганда,<br>Куйруктуу **«Ц»** ны эстеймин.<br>Ийилген таяк **(L)** кошом да,<br>**Щ**ука, куйругуңду кес деймин.<br>Куйругун анын өчүрүп,<br>**Ш**ыктуусуң, **ш**ашпа, **беш** деймин. |

**7. з, в, р, ф, я (5)**

**«Я» тамга**


| | |
|---|---|
| Зпү десем **«З»** экен,<br>**I** таяк кошсом **«В»** экен.<br>Айланып анан **«Р»**, **«Я»** га,<br>**«Ф»** болгон фокус тамга экен. | **Л** тамга абдан балбанбы,<br>**О**ну көтөрүп алганы.<br>Заматта **Я**га айланып,<br>Менменсинип калганы. |

**Сыйкыр калем**

| | |
|---|---|
| Тик таяктан оңго сызсам **Г** болду,<br>Анан кийин ылдый тартсам **П** болду.<br>Туура таяк ылдый жылып **Н** болду,<br>Аягына куйрук кошсом **Ң** болду.<br><br>Чоң энеме мактанып,<br>Көргөзө койсом **И** деди.<br>Ортодогу туура таяк кыйшайып,<br>Куйрук жок деп чоң энем да издеди.<br><br>Ачуум келип, төбөсүнө бир койсом,<br>Чоң энем: «Бул **Й,** – деди.<br>Колуңдагы сыйкыр калем аздектеп,<br>Тамгаларды урбай жүргүн кой», – деди.<br><br>Тик таякка **О**ну ассам **Р** болду,<br>Куржун кылып теңдеп койсом **Ф** болду.<br>Экөөнү тең бир жагына коюп койсом **В** болду,<br>Бул эмне, **8**би деп көргөндөр да таң болду. | **Н** тамганын бир таягын кыйшык кылсам **К** болду,<br>Анан аны оңго-солго тегеретсем **Ж** болду.<br>Бул тамгабыз жакшылыктын жылдызыбы,<br>Жарык маанай, жыргал жашоо жык толду.<br><br>Бир билгеним тамгаларды ажыратып окутам, **(Ө)**<br>А мен болсо ичкертемин, жумшартам. **(Ь)**<br>Эгер колго таяк алсам **Ы** болуп, **(Ы)**<br>Ынтымакка үндөп дайым ыр жазам.<br><br>Куйругун артка имерсем,<br>**Үр** ордуна **ур** болду.<br>Түркүн түскө боёгон,<br>**Түр** ордуна **тур** болду.<br><br>**«У»** ну туура жаза албай,<br>**Тулку** дене **түлкү** болду.<br>Тамгаларды ажыратып биле албай,<br>Кулактагы **кулку** эми **күлкү** болду. |

*Авторлор: Токтомаметов Алмазбек, Субанова Багдагүл*

**Тамгаларды жаратуу боюнча таяныч таблицалар А3 форматында берилген.**


КЫЗЫКТУУ ЫНТЫМАК ТАМГАЛАР
Мындан сырткары, 0, 3, 4, 10 сандарын да жасоого болот.
1
2
3
4
5
6
7

2-тиркеме

# Жолдо жүрүү эрежелеринин болжолдуу конспектилери

## Урматтуу коллегалар!

Бала жол кыймылынын эң эле коргоого алынбаган катышуучусу болуп саналат жана көпчүлүк учурда балдардын жолдогу жүрүм-туруму жолдогу абалга карата туура мамиле кылуусуна шартталган эмес. Ошондуктан балдардын жолдогу коопсуздугун биринчи кезекте биз, чоң адамдар: ата-энелер, педагогдор, унаа айдоочулар камсыз кылуубуз керек. Балдардын жолдогу коопсуздугу эмнеден башталат? Албетте, ез кезегинде жолдогу жүрүм-турумга үйрөтүүдөн башталат. Жолдо жүрүү эрежелерин үйретүү жумуштарын бала бакчада, мектепте, ата-энелер менен иштеенүн биринчи күнүнөн эле баштоо керек.

Балага жол кыймылы унаа жүрген жерден эмес, биринчи кадамды үйдөн сыртка таштагандан башталарын сездирүү керек. Ал эми ата-энелерге бала менен бала бакчага бара жатып, жолдогу болгон кооптуу жерлерди: жөнгө салынбаган кайрылыштар, тар тротуар, токтоочу жайдагы унаалар ж.б. орунун керсетүүлерү зарыл экендигин айткыла деп кеңеш бериңиздер. Мында балдардын ой жүгүртүүсүнүн өзгөчөлүгүнө көңүл буруу керек: алар азырынча коркунучтун алдын алууну билишпейт, унаалардын катуу ылдамдыгын баалоону жаңы гана үйрене башташат, анын үстүне кичине боюнан улам айдоочулар аларды кербөйт – ал эми бул өмүр үчүн ете кооптуу!..

Балага башынан эле Жолдо жүрүү эрежелерин сактоону үйретүү керек. Балага үлгү болгонуңуз – окутуунун эң туура ыкмасы. Эсиңизге сактаңыз! Бала «жол мыйзамдарына» бизден, чоңдордон үлгү алуу менен үйрөнөт.

## «Светофор менен таанышуу» сабагынын конспектиси

**Программалык мазмуну:** балдарды «светофор» түшүнүгү менен тааныштыруу, анын өңдөрүнүн мазмунун, уланмалуулугу (кызыл, сары, жашыл) менен тааныштыруу, сүрөттегү светофордун өңдөрүн туура жайгаштырууну үйрөтүү, кебин өстүрүү, кыл калем, боёкторду колдонууну үйретүү, оюн түрүндө Жолдо жүрүү эрежелери менен тааныштыруу керек.

**Усулдук ыкмалар:** аңгемелешүү, балдарга суроо берүү, алардын жоопторун анализдөе, макетти карап чыгуу, ыр жаттатуу, табышмак айтуу жана «Светофор» кыймылдуу-дидактикалык оюну.

**Жабдуулар:** кеченүн макети, оюнчук адамдардын, унаалардын топтому, светофордун сөлөкөтү, кыл калемдер, суусу бар стакан, светофор тууралуу балдар ыры.

**Алдын ала жасалуучу жумуштар:** табышмак жаттатуу, «кечөнүн макетин» жасоо.

### Сабактын жүрүшү

Балдар жарым айлана болуп отурушат, алардын бет маңдайында стол, анын үстүнде кеченүн, унаалардын, жол жүргүнчүлөрүнүн макеттери.

**Педагог:** Балдар, бул эмне экендиги эсиңерде барбы? Көче кандай белүктерге белүнет? Унаалар жүрген жолдун бөлүгү кандай деп аталат? Жөө жүргүнчүлөр жүргөн бөлүгү эмне деп аталат? (Балдардын жооптору)

**Педагог:** Азыр жөө жүргүнчүлөр жолдун кайсы бөлүгүнөн өтүшү керектигин көрсөткүлөчү? Унаалар жүргөн жолдун бөлүгү эмне деп аталат? Жөө жүргүнчүлөр өткөн жолчо эмне деп аталат? (Балдардын жооптору)

Андан ары педагог 2-3 балага айдоочу, 2-3 балага жөө жүргүнчү болууну сунуштайт.

**Педагог:** Ал эми азыр жөө жүргүнчүлөр көчөнүн кайсы бөлүгү менен өтөрүн көрсөткүлөчү? Бул бөлүктөр кандай деп аталарын дагы бир жолу кайталагыла. (Балдар макеттен тротуарды, унаа жүрүүчү бөлүктү көрсөтүшөт, булардын бардыгын хор менен чогуу кайталашат.)

**Педагог:** Карагылачы, биздин көчөдөгү кыймылдын көбүн! Жөө жүргүнчүлөр жолдон кантип өтүшөт? Аларга ким жардам берет? (Балдардын бири өз каалоосу менен кайдан өтүү керектигин көрсөтөт.) Бул эмне? Кандайча аталат?

**Балдар:** Бул жөө жүргүнчүлөр өтүүчү «зебра». Бул жерден коопсуз түрдө жолду кесип өтүүгө болот.

Табышмак айтылат, аны балдардын бири жаттап алган болот:

Сени жолдон өтсүн деп,
Күйөбүз биз күнү-түн.
Жашыл, кызыл, сары өң –
Сакчысы бизбиз өмүрдүн. (Светофор)

**Педагог:** Светофор эмне үчүн керек? Светофордун кайсы түсү жанганда жолдон өтүүгө болот? Кызыл күйгөн кезде өтүүгө болобу? Эмне үчүн кызылда жолдон өтүүгө болбойт? Сары күйгөндө эмне кылууга болот? (Балдардын жооптору)

Ырды жаттатуу

Күйүп турса кызыл өң,
Жолдон өтүү кооптуу.
Жашыл күйсө жаркырап,
«Өтө кой» деп чакырат! (С. Михалков)

**Педагог:** Карагылачы, балдар, светофор кесилиш жолдо гана болбостон, тротуарлардын капталында, а түгүл жөө жүргүнчүлөр өтүүчү жерде да кездешет. Айткылачы, унаалар кайсы түскө токтоп, кайсы түстө өтөт? Ооба, балдар, унаалар да жашылда өтүп, кызыл түстө токтошот.

Көчөдө светофордун болушу абдан зарыл: унаалар тынымсыз өтүшөт, ал эми адамдар жолду кесип өтүшү керек да. Көчөдө тартип болушу үчүн светофорду орнотушат. Ал өз оттору менен кыймылды башкарып турат. Бардыгы светофорго баш ийиши керек.

Табышмакты кунт коюп уккула:

Өткөөл жолдо ортодо
Жалгыз буттуу, үч көздүү
Макулук бизге кез ымдайт.
Кызыл көзү күйгөндө
Токто! – деп биз билебиз.

Сары көзүн жандырып:
Абайла! – дейт жаркырап.
Жашылы жанса, камданып,
Өтүүгө болот шаңданып.

*(С. Михалков. **«Светофор»**. Которгон Н. Абдраева)*

**Педагог:** Келгиле, светофордун белгилерин кандай билериңерди текшерип көрөлү.

## «Светофор» кыймылдуу-дидактикалык оюну

**Максаты:** Балдардын светофор тууралуу билимин бекемдөө.

**Оюндук жүрүштөр:** жашыл түстө балдар басышат, сарыда токтошот, кол чабышат, кызылда токтоп, унчукпай турушат.

Андан соң педагог балдарды столго келип, светофорду тартып берүүлөрүн суранат.

Сабак жыйынтыкталат.

## «Светофор бизде конокто» сабагынын конспектиси

**Программалык мазмуну:** балдарга Жолдо жүрүү эрежелерин үйрөтүү, көңүл буруусун естүрүү, эс тутумун жакшыртуу, сездүк жумуштарды активдештирүү (жөө жүргүнчү, өткөөл, жөө жүргүнчү өтүүчү жер, унаа айдап бара жатат), өзүн-өзү коргоо сезимин өнүктүрүү, Жолдо жүрүү эрежелерин колдонууну башкаларга да түшүндүрүүнү үйрөтүү.

**Усулдук ыкмалар:** балдар менен аңгемелешүү, «Светофор» кыймылдуу-дидактикалык оюну, «Светофордун үч оту» дидактикалык оюну.

**Алдын ала жасалуучу жумуштар:** балдар менен «кызыл, сары, жашыл» темасы боюнча аңгемелешүү, тема боюнча сүреттерду карап чыгуу, ыр жаттатуу.

**Жабдуулар:** жөө жүргүнчү өтүүчү жолдун, светофордун, үч түстүн макеттери.

## Сабактын жүрүшү:

**Педагог:** Балдар, бүгүн бизге кызыктуу конок келет. Келгиле, бул ким экендигин көрөлү?

Светофордун кейпин кийген бала кирип, балдар менен учурашат.

**Педагог:** Саламатсызбы, Сиз кимсиз? Балдар бул ким экендигин тааныдыңарбы? (Балдардын жооптору)

**Светофор бала:** Мен Светоформун, силердин Жолдо жүрүү эрежелерин биле тургандыгыңарды текшерүү үчүн келдим.

**Педагог:** (жоопту жалпылайт) Туура, ал жол жээгинде турат, жолду туура жана коопсуз кесип өтүү үчүн бизге зарыл. Өткөөл жерлерге светофор коюлат. Ал бардыгын көрөт. Үч көзү бар: кызыл, сары жана жашыл (аларды Светофордун кийиминен көрсөтөт).

## «Светофор» кыймылдуу-дидактикалуу оюну

**Максаты:** Жолдо жүрүү эрежелерин бекемдөө.

**Оюндун жүрүшү:** балдар «жөө адамдарга» жана «унааларга» бөлүштүрүлгөн.

**Педагог (же бала):** Ар бир көз кезеги менен күйөт (биринчи терезечени ачабыз). Кызыл көзүн күйгүздү, демек, ордуңда тур! Жолду кесип өтүүгө болбойт. Унаалар өтөт. Чыгуу кооптуу. Унаалар токтоого үлгүрбөйт. (Унаалар «жүрүшөт», «жөө жүргүнчүлөр» ордунда токтоп турушат.)

1-бала:

Кызыл күйсө өтпөгүн,
Анткени ал кооптуу!
Велосипед өтсө эгер,
Бөөдө кырсык күтө бер!

Мына, сары көзү күйдү (экинчи терезени ачабыз, биринчиси жабылат). Бул – «Көңүл бур!» дегенди билдирет. Унаалар тормозду басып токтошот. («Унаалар» токтошот, ал эми «жөө жүргүнчүлөр» өтүүгө камданышат.)

2-бала:

Сары күйсө камдангын,
Бирок өтүп кетпегин.

Акыры жашыл күйөт. (Биринчи эки терезе жабылып, үчүнчүсү ачылат.) Эми жөө жүргүнчүлөр үчүн жол ачылат. («Унаалар» токтоп турушат, педагог жана жөө жүргүнчүлөр жолду кесип өтүшөт.)

3-бала:

Жашыл күйсө чоң жолдон,
Өтөмүн деп билесиң.
Бул түс күйсө басам деп,
Даярданып турасың!

**Педагог:** Светофор кандай акылдуу жана пайдалуу экендигин көрдүңөрбү? Кандай деп ойлойсуңар, ал бизге керекпи? (Балдардын жооптору)

Балдар, келгиле, Светофор менен чогуу оюн ойнойлу.

### «Светофордун үч оту» дидактикалык оюну

**Оюндун жүрүшү:** балдарга үч түстөгү тегерекчелер таратылып берилет, светофор бала ырды окуйт, башкалары тиешелүү түстөрдү көрсөтүп турушат.

Светофордун белгиси бар,
Талашыштын кереги жок.
Унаа өтөт, адам өтөт,
Айткылачы, жөө жүргүнчү
Качан, кайсы түстө өтөт?
***(Балдар кызыл тегерекчени көрсөтүшөт.)***
Туура! Кызыл бизге:
Токто! Кооптуу, жол жабык, – дейт.
*(балдар менен кайталаса да болот)*

Өзгөчө өң белги берет!
Өтүү үчүн аны күт!
Туура жолду ким билет?
Ал кай түстү билдирет?
***(Сары тегерекчени көрсөтүшөт.)***
Сары түс даярдан деп,
Белги берет баарына!

Алга жене! Тартипти сен билесиң,
Эч бир нерсе тоспойт сени,
Бул кайсы түс, айтчы эми?
***(Жашыл тегерекчени көрсөтүшөт.)***
Туура! Жашыл түс жолду ачат:
Балдар чогуу өтүүгө шашат!

**Светофор:** Азаматсыңар, балдар, силер жолдо абай болдуңар, рахмат силерге. Келгиле, акырында дагы бир жолу Жолдо жүрүү эрежелерин кайталап коёлу.

– Жолдо ойноого болобу?
– Балдар кайда ойношу керек?
– Жолдо токтоого болобу?
– Качан жана кайсы жерде жолду кесип өтүүгө болот?
– Жол кыймылынын эрежесин бузганда эмне болушу мүмкүн?

Балдар аппликациядан светофорду даярдашат. Педагог сабакты жыйынтыктайт.

## «Жолдогу белгилер» темасындагы сабактын конспектиси

**Программалык мазмун:** жолдогу белгилер (белги берүүчү, тыюу салуучу), унаа айдоочулар жана жөө жүргүнчүлөр үчүн болот; балдардын таанып-билүүсүн, ой-жүгүртүүсүн, кебин өстүрүп, эс тутумун, көңүл бурууcун, кыйын убакта жардамга келүү жөндөмдүүлүгүн калыптандырууга үйрөтүү керек.

**Усулдук ыкмалар:** суроолор, күтүлбеген жагдай, практикалык метод, дидактикалык оюн, социалдык тарбиялоонун методу, көркөм сөз.

**Жабдуулар:** Светофордун костюму, жол белгилеринин топтому, үч тактага илинген белгилер (мольберттер). Жол белгилер топтому («Жөө жүргүнчү өтүүчү жер» ж.б.), ыр-табышмактар, «Жол белгилери» таанып-билүүчү ыры, 4 стол.

**Сабактын жүрүшү**

Светофордун костюмун кийген педагог кирет:

Саламатсыңарбы, балдар! Мени тааныдыңарбы, мен киммин? Менин белгилерим эмнени билдирет? (Балдардын жооптору) Кандай азаматсыңар! Мен алыстан келдим, ошондой эле силерге жомок айтып берем. Жомок «Светофор менен бороон» деп аталат. (Балдар макетти тегеректеп отурушат. Тарбиячы жомогун баштайт.)

«Бир чоң шаардагы бир көчөнүн кесилишинде үч көздүү светофор жашаптыр (светофорду кесилишке коёт). Ал абдан катаал экен. Дайыма тартипти сактап турчу. Анын жол белгилери деген жардамчылары бар эле. Белгилер көчөлөрдө туруп, айдоочуларга белги берип турушчу (айтып жатып, белгилерди макетке жайгаштырат).

Мында – «Жөө жүргүнчүлөр өтүүчү жер», бул – «Абайла, балдар», мында – «Жол оңдолуп жатат», бул – «Кооптуу кайрылыш», мында – «Темир жол», ал эми бул жерде – «Эки жол кесилишет». Ошентип, жолдо дайыма тартип орноп туруучу экен.

Бир күнү түн ичинде шаарда ири бороон башталат. Уууу.. Ал жол белгилеринин баарын жулуп салат (макеттердин бардыгын жулуп салат).

**Светофор коркуп кетип:** «Эми эмне болот? – деп, жардамга чакыра баштайт. – Жардамга! Жол белгилерин ордуна койгула, болбосо апаат башталат!» Балдар эмне кылыш керек, Светофорго жардам берүү керек! (Балдар өз жардамын сунушташат.)

Баарыңар бирден белги алып, аны кайда коюу керек экендигин ойлонгула. Андан соң ордуна коюп жатып эмне үчүн ошол жерге коюу керек экендигин түшүндүрүп бергиле. (Балдар кезек менен макетке белгилерди коюп, эмнеге ошол жерге койгондугун түшүндүрүп беришет.)

Рахмат! Светофорго жардам бердиңер! Менин жомогум жакшы бүткөндүгүнө абдан кубанычтамын!

Андан соң педагог балдар менен белгилерди кайталайт:

– Балдар, айдоочуларды коркунучтан сактоочу белгилер кандайча аталат? (Эскертүүчү.)

Эскертүүчү белгилер эмнеси менен окшош? (Кызыл үч бурчтук менен.)

Аңгемелешүүдөн соң балдарга белги менен иштөө сунушталат. Алар доскада иштешет: жол белгилерин атап беришет, бири экинчисинен эмнеси менен айырмаланарын айтып беришет.

**Педагог:** Эми ез ордуңарга отургула, дагы бир оюн ойнойбуз. Жол белгилери силерге табышмак түрүндө ыр айтышат, силер болсо анын жандырмагын табышыңар керек (педагог музыканын коштоосунда табышмакты ырдап берет).

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Эгер сен атаң менен,<br>Зоопаркка же киного барсаң,<br>Бул белги абдан керек.<br>Троллейбуска түшүү үчүн<br>Бул белгини билүү керек! | Балдар **«Унаа токтоочу жай»** белгисин керсетүшет. |
| 2 | Эгер сен жолдон етүп баратып,<br>Кызыл белги бар экенин байкасаң,<br>Анда эле кайткын артка<br>Бул өтүүгө болбойт деген белги! | Балдар **«Жөө жүргүнчү өтүүгө болбойт»** деген белгини керсетүшет. |
| 3 | Айланада балдар, үйлөр, газондор,<br>Күлкү, оюн, элдер жүрөт баарысы.<br>Бул жерден етүүгө болот, албетте!<br>Айдоочу, абай болгун!<br>Унааңды да жайлаткын!<br>Сейилдеп жүрет бардыгы:<br>Атам, апам, мен дагы. | Балдар **«Адам жашоочу жер»** деген белгини керсетүшет. |
| 4 | Жолдо кайсы «зебра» белгиси?<br>Баары күтүп турушат.<br>Жашыл күйсе етебүз деп,<br>Унаалар токтоп беришет.<br>Анда эле баары билет,<br>Бул «жөө жүргүнчү етүүчү жер». | Балдар туура белгини көрсетүшөт. |

Азаматсыңар, балдар, Светофор силерге абдан ыраазы. Силерге дагы тапшырма – үйдөн ата-энеңер менен белгилер тууралуу жомок түзүп, досторуңарга айтып бересиңер. Эми мен кетейин. Силерге чоң рахмат! Керүшкенче!

## «Жол кыймылынын эрежелери» деген темадагы сабакка конспект

**Программалык мазмун:**

Балдарга Жолдо жүрүү эрежелерин кайталатуу;

Өтүлгөн темаларды кайталатуу;

Практикалык кендүмдерду бекемдее;

Бири-бирине жардам берүү сезимин бекемдее;

Тең салмактуулукту сактоону, түстерду айрып билүүнү үйретүү.

**Жабдуулар:** жол белгилери, «Түстүү унаалар» оюну үчүн атрибуттар, катышуучулар үчүн карточкалар ж.б. Балдар үчүн таттуулар.

**Алдын ала жасалуучу жумуштар:** оюн үчүн атрибуттар, балдар жасаган унаалар (А3 форматындагы кагаздар).

**Сабактын жүрүшү:**

Балдар залга киришет (зал түрдүү жол белгилери менен кооздолгон).

**Педагог:** Балдар, бүгүн биз башкача көнүгүүлөрдү жасайбыз! Эмне үчүн деп ойлойсуңар? (Балдардын жооптору)

**Педагог:** Туура, жол белгилери тууралуу пикир алышабыз.

Ырды уккула. Мен окуп жатканда силер: «Бул мен жана досторум», – деп жооп беришиңер керек. Эгер ушундай кылсаңар, анда унчукпагыла.

– Өткөөл жерден кимиңер өтесүңөр?
– Светофорду карабай ким тез өтөт?
– Кызыл күйсө, жол жок экендигин ким билет?
– «Жөө жүргүнчү» өтүүчү жерден ким өтөт?

**Педагог:** Туура, балдар, азаматсыңар!

Ким сейилдөөнү жакшы көрсө,
Жол белгилерин билиши керек.

| | |
|---|---|
| | Улуу-кичүү эсиңерге түйгүлө, |
| | Жөө жүргүнчүгө |
| Балдар: | Жөө жүргүнчү **өтүүчү тротуар!** |
| Педагог: | Унааларга |
| Балдар: | **Жол!** |

**Педагог:** Азаматсыңар, балдар. Жолдо өтө абайлашыңар керек, светофордун белгилерин сакташыңар керек. Бул белгилер эсиңердеби? (Балдардын жооптору)

– Азаматсыңар, эгер светофор бузулуп калсачы, унаа айдоочулар менен жөө жүргүнчүлөргө ким жардам берет?

**Балдар:** Жол инспектору, жол белгилери.

**Педагог:** Мен силерге табышмак айтып берейин, тапкылачы?

Жай жүрүүгө бизди үндөйт,
Кайрылыш барын билдирип. Жол белгиси

**Педагог:** Азаматсыңар, балдар, ал эми азыр мен силерге жол белгилерин көрсетем, ким билсе, баарына айтсын. (Белгини билген бала тарбиячынын жанына келип, бул белги тууралуу ыр окуйт.)

| | |
|---|---|
| **«Жер алдындагы өткөөл белгиси»** | Ар бир адам бул белгини билет,<br>Шаарды ал коoздойт,<br>Бирок унааларга зыяны жок! |
| **«Кыймылга тыюу салынат» белгиси** | Аба ырайы кандай болгон күндө да,<br>Өтүүгө болбойт бул жерден.<br>Албетте бул «өтүүгө болбойт» белгиси! |
| **«Велосипед өтүүгө тыюу салынат» белгиси** | «Болбойт», белги<br>Эмнени билдирет?<br>Велосипед, араба<br>Өтө албайт жакын арада! |
| **«Жөө жүргүнчү» белгиси** | Бул белгиде адамдар өтөт,<br>Эч кайгырбай айдоочу,<br>Өткөрүп кой аларды! |
| **«Тамактануучу жер» белгиси** | Курсагың ачса анда эле,<br>Кире койгун бул жерге.<br>Эй, айдоочу, көңүл бур,<br>Тамактануучу белги бул! |
| **«Балдар» белгиси** | Жолдо балдар жүрсө эгер,<br>Жооптуубуз аларга.<br>Ата-энеси ыйлабасын,<br>Абайлагын айдоочу! |
| **«Биринчи жардам» белгиси** | Айнур менен Батма ыйлайт,<br>Аларга керек жолдо дарыгер.<br>Кайгырба, кыздар, жардам жакын,<br>Дарыгер бар бул жерде! |
| **«Коркунучтуу кайрылыш» белгиси** | Бул белги коркунучтан кабар берет!<br>Мына мында кайрылыш!<br>Жүрүүгө болот, бирок шашпай,<br>Унаа алдына чыкпай,<br>Жүргүнчү да алмашпай. |

| | |
|---|---|
| **«Кирүүгө болбойт» белгиси** | Тегерек белги, терезеси бар.<br>Кирүүдөн мурда ойлонгун,<br>Бул жерде эмне,<br>Таштандысыбы кирпичтин? |

Педагог балдарды мактап, оюн ойноону сунуштайт.

## «Түстүү унаалар» оюну

Балдар керектүү атрибуттарды кийишет, колдорунда руль – обруч.

Педагогдун белгиси боюнча (жашыл белгини көтөрөт) балдар басышат, кызылды көтөргөндө токтошот (педагог же бала оюнда светофордун ролун ойнойт, светофор сынып калуусу мүмкүн болгондуктан, желектерди бат-бат алмаштырып туруу керек).

**Педагог:** Ал эми азыр, балдар, унаа жарыштырабыз. Кандай деп ойлойсуңар, чыныгы жолдо унаа жарыштырууга болобу?

**Балдар:** Жок. Жолдо жүрүү эрежелерин сактоо керек.

Унаа жарыштары атайын жерлерде өткөрүлөт.

**Педагог:** Биз дагы ошол жерге барабыз.

## «Унаа жарыш» эстафетасы

**Оюндун жүрүшү:** балдар 2 командага бөлүнөт. Залда жол белгилери: 3 отургуч, тегерекче, топтору бар сетка, кубиктер, бош себет.

**Белги менен ар бир топ баштайт:** скамейка менен етүшөт, секиришет, тегерекчеден өтүшөт.

**Педагог:** Азаматсыңар, балдар! Биз силер менен жолдо жүрүү эрежелерин, жол белгилерин кайталадык, ойнодук, мен силерге карточкаларды беремин (карточкада унаанын сүреттөрү, светофор тартылган).

**Сабак жыйынтыкталат.**


3-тиркеме

# Түшүндүрмө каттар

## «Домино» оюнунун колдонулушу:


- саноону үйрөнүү жана эсине тутуп калууга көнүгүү, сандар менен буюмдардын эсебинин өлчөмүн билүү;
- баланын коммуникативдик жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө жана группада иштөөгө көндүрүү; эрежелерди аткарууга жана элпектикке үйрөтүү;
- булар 5-7 жаштагы балдарга арналат.

Оюндун шарттары: бул оюнга 2 же 5 бала катыша алат. Оюн кадимки эле домино оюнуна окшош. Ар бир бала 4төн карта алат. Кимде кимдин колунда окшош жуп картасы болсо, оюнду ошол баштайт. Окшош жемиштердин сүрөттөрү бирдей санда тартылган карталарды ташташат. Жүрүш келген оюнчунун колунда жерге ташталган сандагы картасы жок болсо, ал базарга жемиш сатып алганы барат, бирок бир гана картаны алат. Эгерде алган картасында андай сан болбосо, анда ал жүрүштү аттатып жиберет. Кимде ким колундагы карталардан эрте кутулса, жеңиш ошонуку болот, бул кезде базарда да карта калбоосу шарт.



## «Окшош фигуралар» барактама китепчесинин (бк) колдонулушу:

- геометриялык фигуралар жөнүндө окутуу жана алган билимди тереңдетүү;
- буюмдун формасын геометриялык фигураларга окшоштурууну үйрөтүү;
- элестөөнү жана логикалык ой жүгүртүүнү өркүндөтүү;
- булар 5-7 жаштагы балдар үчүн.








## «Жомокту тапкын» барактама китепчесинин (бк) колдонулушу:

- бир жомоктогу каармандарды бөлүштүрүүгө үйрөнүү;
- сүйлөө жөндөмүн өстүрүү үчүн жомоктордун мазмундары менен тааныштыруу (тарбиячы жомок айтып берет);
- булар 3-5 жаштагы балдар үчүн.










## «Жупту тапкын» барактама китепчесинин колдонулушу:

- «кичине, чоң» түшүнүктөрүн үйрөтүү;
- бирдей өлчөмдөгү буюмдарды бөлөктөрдөн айырмалоо;
- булар 3-4 жаштагы балдарга арналат.










## «Шайыр фигуралар» барактама китепчесинин (бк) колдонулушу:

- «бир, көп, кичинекей, чоң» деген түшүнүктөрдү калыптандыруу жана бекитүү;
- геометриялык фигуралар жөнүндөгү алган билимин бекемдөө;
- буюмдун формалары менен геометриялык фигуралардын окшоштугун ылгоону үйрөнүү;
- жаңы фигуралар менен тааныштыруу (ромб, трапеция);
- булар 5-7 жаштагы балдар үчүн.





## «Кызыктуу кубиктер»

**(Бир бетинде 1 см диагоналдагы тешикчеси бар 42 кубик 7 х 7см көлөмүндө картондон жасалат.)**

Бул усулдук колдонмо аркылуу 3-7 жаштагы балдар эне тилиндеги тамгалар менен таанышат. Эне тилибиздеги 36 тамга жана 6 созулма тыбыштарды камтыган 42 кубиктин беттеринде жайгашкан сүреттердү тааныйт, аттарын атайт, ал сөздердүн баарында кездешүүчү жалпы тамганы табат. Кубиктеги атайын көзөнөкчөдөн кароо менен анын тууралыгын текшерет. Кубиктин ичинде үндүү тыбыштар кызыл, үнсүз тыбыштар көк, йоттошкон жана тыбышсыз тамгалар жашыл фондо, ар тарабынан караганда окууга мүмкүн болгондой жазылган. Мындан тышкары, кубиктин бир бетиндеги сан түшүнүгү аркылуу бала тамганын алфавиттеги катар номерин үйрөнөт, тыбышты туура айтуу маданияты калыптанат, сөз байлыгы өрчүйт.



## Көп функциялуу көлөмдүү-динамикалык «Матрёшка кубиктер» көрсөтмө окуу куралдары төмөнкүлөргө арналган:

- 10го чейинки сандарды эске сактап калууга үйрөтүү;
- сандардын көлөмүн көбөйтүү, көмитүү амалдарын үйрөтүү;
- баланын чыгармачылык жөндөмүн өстүрүү, мейкиндик жана логикалык ой жүгүртүүсүн өркүндөтүү;
- баланын сүйлөө жөндөмүн, элестетүүсүн жана эс тутумун өрчүтүү;
- булар 4-7 жаштагы балдарга арналат.

### Кубиктерди төмөндөгүлөргө пайдаланса болот:

- биринин артынан бирин шатычага окшотуп тизүү;
- коробка катары колдонуп, анын ичине буюмдарды же карточкаларды салса болот. Мисалы, 5 деген жазуусу бар кубикке өрдөктүн 5 балапанынын сүрөтү тартылган карточкаларды же кубиктөрдин бетинде № 1ден № 7ге чейинки геометриялык фигураларды салгыла;
- түстөрдү үйрөнүүгө колдонулат. № 1ден № 7ге чейинки кубиктердин түстөрү күн желесинин түстөрүнө окшош:

| Мен | Кечээ | Кызыктуу | Жомок | Китеп | Сатып | Алдым |
|---|---|---|---|---|---|---|
| мала | күрөң | кызыл | жашыл | көк | сары | ак |

- баланын сүйлөө жөндөмүн өстүрүү: ар бир кубиктин бир бетинде кубиктин номерине жараша жомоктун каармандарынын сүрөттөрү тартылат. Аларды санап, жомокту эстеп, тарбиячыга жомоктун мазмунун айтып берүү;
- балдарды бирден жана экиден жуптап иштее ыкмасы: ар бир кубикте тапшырма жана оюндар болот:
  - ➢ **№ 1 кубик** – сүреттен 1 деген цифраны тапкын; сүреттөгү кыздардын айырмаларын айт;
  - ➢ **№ 2 кубик** – сүреттен 2 деген цифраны тапкын; бөжөккө сабизге, күчүккө сөөккө жетүүгө жардамдаш;
  - ➢ **№ 3 кубик** – ар түркүн түстөгү балыктардан 3төн тапкын; төрт бурчтукка кайсы фигураны салуу керектигин чечкин;
  - ➢ **№ 4 кубик** – айырмаларын тапкын: машина тартылган сүрөттөр эмнеси менен айырмаланат; кирпиге балдарын табууга жардамдаш;
  - ➢ **№ 5 кубик** – килемчеге жамаачы тапкын. Жөөктө эмнелер 5тен экенин санап, тапкын (жогорку жөөктө 5 түп болсо, ортоңку жана төмөнкү жөөктөрдөгү жашылчаларды санагын, алар да 5тен болсун);

- **№ 6 кубик** – «Бак ичинде» деген сүрөттөн 6 деген цифраны тапкын, кайсы жемиштердин саны 6; ким каерде жашай тургандыгын аныкта, айбандардын үйлөрүн таап, санагын;
- **№ 7 кубик** – сүреттен жыл мезгилин жана ал кезде кийүүчү кийимдерди аныкта, жыл мезгилине жараша токойдогу нерселерди атагын;
- **№ 8 кубик** – геометриялык фигураларды аныктап, аларды санагын. Саны 8ден кеп буюмдарды тапкын, 8 деген санды түзгүн (бул 4, дагы канча ж.б.);
- **№ 9 кубик** – кийимдерди атагын, аларга окшош кездеменин түрлерүн тандагын; геометриялык фигураларды жасай турган (балаты, матрёшка же кара чыйырчыктын уясы) буюмдарды аныкта; 1ден 9га чейинки сандары бар терт бурчтук «Кимиси ыкчам?» деген оюн болуп аталат. Бала цифраларды колу менен көрсөтүп, 9га чейин санап, кайра тетирисинче санайт;
- **№ 10 кубик** – лабиринт менен барып, ким кимдер менен сүйлөшүп турганын аныкта. Канча фигуралар (10) бар экенин санагын, жеже жасоо үчүн канча фигуралар керектигин айткын. Кишилердин адистиктерин санап, ошол адистиктерге таандык буюмдарды тапкын.

Тарбиячы бардык тапшырмаларда сүретү тартылган буюмдардын саны кубиктердин номерине шайкеш келип турушуна көңүл буруу керек. Балдар бул тапшырмаларды аткарууда тарбиячынын жетекчилиги менен жалгыздап, экиден жуп болуп, же 3-4төн топ-топко бөлүнүп аткарат. Аталган тапшырмаларды тарбиячы өз-өзүнче бирден кайталап, башка варианттарын сунуштап, алардын сүрөттөрүн тартып, боёп, татаалдантып, жөнөкөйлөштүрүп пайдалана алат.





## «Пазлы» оюнунун колдонулушу:


- санакты үйрөнүү жана көңүлгө түйүү;
- бир нече бөлүктөрдөн бир бүтүндүктү кураштыруу;
- 2ден 10го чейинки сандардын курамын аныктоо.


***Оюндун максаты:*** бир нерсенин жарымын табуу. Тарбиячы бир нерсенин жарымын көрсөтөт, бала анын экинчи жарымын табат:


- 4-7 жаштагы балдар үчүн.








## «Жамаачылуу килем» дидактикалык окуу куралынын колдонулушу:

- балага жамаачыны туура тандашына үйрөтүү;
- жамаачынын түсүн жана оймосун туура тандап, килемчеге дал келтирүү зарыл;
- сунуш этилген варианттардан керектүүсүн тандап алууга үйрөтүү;
- булар 3-5 жаштагы балдарга арналат.



## «Тамгаларды чогултабыз»


Бул усулдук колдонмо 4-7 жашка чейинки балдарга арналат. Тапшырмалар оор-жеңилине карай 3 деңгээлде берилген. Ар бир деңгээлде 10 мозаика бар.


**1-деңгээл (4-5 жаш).** Төрт тамгалуу баракчаны сызыктар аркылуу кесебиз. Балдар тамгалардын элементи аркылуу мозаиканы курашат. Эгерде туура курашса, артында сандар пайда болот.

**2-деңгээл (5-6 жаш).** Тогуз тамгалуу баракчалар сызыктар аркылуу кесилет. Тамгалардын элементи туура куралса, артында буюмдардын сүрөтү жаралат.


**3-деңгээл (6-7 жаш).** Он эки тамгалуу баракчалар сызыктар аркылуу кесилет. Тамгаларды элементтери аркылуу туура курaштыруу менен артында жаныбарлардын сүрөтү чыгат.

Бул колдонмону системалуу колдонуу баланын эне тилиндеги тамгаларды өздөштүрүүсү менен катар элестетүүсүн, эске тутуусун, ойлоосун, кол манжаларынын майда кыймылын өнүктүрүүсүнө жардам бермекчи








## «Жара кесилген төрт бурчтуктар» дидактикалык окуу куралынын колдонулушу:

- мейкиндик ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү;
- бир нече бөлүктөрдү чогултуп, бир бүтүндүктү түзүү;
- жалпак фигуралар менен тааныштыруу;
- булар 3-5 жаштагы балдар үчүн.



**Карточкалар 9 топко төмөнкү темалар боюнча бөлүштүрүлгөн:**

- жемиштер;
- жашылчалар;
- мөмөлер;
- үй жаныбарлары;
- жапайы жаныбарлар;
- курт-кумурскалар;
- бак-дарактар;
- бадалдар;
- кийим-кече.

Бул карточкалар менен иштөө аркылуу балдар анда көрсөтүлгөн предметти атоого жана сүрөттөөгө, системалык талдоо жүргүзүүгө, предметтерди классификациялоого үйрөнүшөт, сөздүк корун байытышат.

**Биринчи баскыч:** Чоң киши карточканы көрсөтүп, анда тартылган нерсенин атын атайт, классификациялайт (мисалы: бул пальто – кийим, бул алмурут – жемиш ж.б.у.с.)

Балдар чоң кишинин артынан кайталашат.

**Экинчи баскыч:** Чоң киши карточканы арткы бетинен көрсөтөт (жазуусу жок), балдар анда көрсөтүлгөн предметти аташат.

**Үчүнчү баскыч:** Чоң киши предметти атайт, балдар болсо аны көрсөтүшөт.

Предметтерди атоого жана классификациялоого көнүгүшкөндөн кийин чоң плакаттарды колдонуу менен кызыктуу өнүктүрүүчү оюндарды уюштурууга болот.

***Мисалы:***

**«Эмне каякта өсөт?»** (Бакча. Огород). Балдар чоң кишинин жетекчилиги менен карточкаларды тиешелүү орундарга илиши керек (алма, алмурут – бакчадагы дарактарга; пияз, бадыраң – огороддогу жөөктөргө; данкуурай, карагат – бадалдарга ж.б.у.с.)

**«Ким каякта жашайт?»** (Жапайы жана үй жаныбарлары)

**«Ким эмнени киет?»** (Кыздар менен балдардын кийимдерин бөлүштүрүү)

**«Муну качан киебиз?»** (Жыл мезгилдери) Ар бир мезгилге ылайыктап, кийимдерди бөлүштүрүү.

**«Муну кайдан көрсө болот?»** (Жер. Суу. Аба).

**«Эмнеге окшош?»** (Предметтерди түсү, формасы боюнча бөлүштүрүү (Алма, бадыраң ж.б. кайсы геометриялык фигурага окшош?)

**«Ким эмне менен тамактанат?»** (Ар түркүн жаныбарлардын тамактануу рациону боюнча көрсөтмөлүү түшүнүк берүү».



## «Гүлдесте»

Бул усулдук колдонмо 3-7 жаштагы балдардын ар кандай нерселерди, буюмдарды бири-биринен айырмалоого жана окшошторун жалпы бир топко бириктирүүгө машыктырат. Баланын өзү күндөлүк турмушунда колдонгон буюмдарды жана курчап турган айлана-чөйрөсүндөгү нерселерди алгач сүрөтү боюнча, андан соң сөздөрдү муундап окуу менен гүлдесте топтоого көнүгөт.

Биз төмөндөгүдөй күн желесинин 7 түсүнөн турган гүлдестени сунуштадык:

- Кийимдер.
- Идиштер.
- Үй жаныбарлары.
- Жапайы жаныбарлар.
- Жемиштер.
- Жашылчалар.
- Унаалар.

Ал эми ата-энелер менен педагогдор мындан башка да тематикаларды тандашып, гүлдестедеги гүлдердүн санын арбытуу менен, баланын таанып-билүүсүн, сез байлыгын ерчүтет деген ишеничтебиз.

Усулдук колдонмо менен балдар стол үстүндө же жерде, өз алдынча же топто да иштесе болот. Кыргыз тилин үйрөнүүчүлөр үчүн пайдалуу болот деген ишеничтебиз.



# АДАБИЯТТАР

## «Дене өстүрүү» программасы


1. *Адашкявич Э. Й.* Спортивные игры и упражнения в детском саду. – М., 1992.
2. *Аникина Л. П.* Методическое руководство развитием движений детей // Дошкольное воспитание. – № 10, 1984.
3. *Бадалян Л., Миронов А.* Воспитание двигательных способностей // Дошкольное воспитание, 1988.
4. *Боген М. М.* Обучение двигательным действиям. – М., 1985.
5. *Глазырина Л. Д.* Физическая культура – дошкольникам. Программа и программные требования. – М.: Гуманит, 1999.
6. *Качашкин В. М.* Физическое воспитание в начальной школе. – М., 1978.
7. *Кенеман А. В., Хухлаева Д. В.* Теория и методика физического воспитания детей дошкольного возраста. – М.: Просвещение, 1985.
8. *Пензулаева Л. И.* Подвижные игры и игровые упражнения для детей 5–7 лет. – М.: Гуманит, изд. центр ВЛАДОС, 2002.
9. *Рукова М.* Особенности организации занятий по физкультуре // Дошкольное воспитание. – № 9, 2002.
10. *Страковская В. Л.* 300 подвижных игр для оздоровления детей от 1 года до 14 лет. – М.: Новая школа, 1994.


## «Айлана-чөйрө менен тааныштыруу» программасы


1. *Абраменкова В. В.* «Социальная психология детства: развитие отношений ребенка в детской субкультуре». – М.: Воронеж, 2000.
2. *Аджи А. В.* Конспекты интегрированных занятий в старшей группе детского сада. – Воронеж: ТЦ «Учитель», 2005.
3. *Аркин Е. А.* Дошкольный возраст. – М., 1978.
4. *Белобрыкина О. А.* Речь и общение. – Ярославль, 1998.
5. *Березина Р. Л., Михайлова З. А., Непомнящая Р. Л.* Формирование элементов логического мышления у детей 6–7 лет. – Москва: «Просвещение», 1988.
6. Воспитание и обучение в подготовительной к школе группе детского сада / Сост. *Т. С. Комарова.* – М., 2008.

7. *М. Р. Рахимова.* Детский сад. Пособие для воспитателей. – Бишкек, Мектеп, 1999.

8. *Житникова Л. М.* Учите детей запоминать: Пособие для воспитателя. – М., 1972.

9. *Илларионова Ю. Г.* Учите детей отгадывать загадки. Пособие для воспитателя детского сада. – М., 1976.

10. К проблеме периодизации психического развития в детском возрасте / *Д. Б. Эльконин.* – М.: ТЦ «Сфера», 2000.

11. *Миронова О. С.* Учимся сочинять и рассказывать. – Волгоград, 2010.

12. *Непомнящая Р. Л.* Развитие общих способностей. Детство-Пресс, 2005.

13. *Нефедова Е. А., Узорова О. В.* Готовимся к школе. – М., 2000.

14. Развивающие игры для младших школьников. Кроссворды, викторины, головоломки. Популярное пособие для родителей и педагогов. – Ярославль: Академия Развития, 1997.

15. *Рихтерман Т. Д.* Формирование представлений о времени у детей дошкольного возраста. – М.: Просвещение, 1991.

16. *Тарунтаева Т. В.* Развитие элементарных математических представлений у дошкольников. – М.: Просвещение, 1980.

17. *Тихоморова Л. Ф.* Развитие логического мышления детей. – СПб, 2004.

18. *Эльконин Д. Б.* Психическое развитие в детских возрастах. – М. – Воронеж. НПО МОДЭК, 2001. – 417 с.

19. Энциклопедия воспитания и развития дошкольника. / Под ред. *Л. Ю. Субботиной.* – Ярославль, 2001.

### «Кеп өстүрүү жана көркөм адабият» программасы

1. *Аджи А. В.* Конспекты интегрированных занятий в подготовительной группе детского сада. Познавательное развитие. Развитие речи. Обучение грамоте. – Воронеж, 2006.

2. *Алексеева М. М., Яшина В. И.* Методика развития речи и обучения родному языку дошкольников: Учебное пособие. – М.,1998.

3. *Вальчук Е. В.* Развитие связной речи детей 6–7 лет: Конспекты занятий. – Волгоград, 2009.

4. *Васильева Н. Н., Новоторцева Н. В.* Развивающие игры для дошкольников. Популярное пособие для родителей и педагогов. – Ярославль: Академия Развития, 1998.

5. *Волчкова В. Н., Спетанова Н. В.* Конспекты занятий в старшей группе детского сада.

6. *Колесникова Е. В.* Развитие звуковой культуры речи. – М., 2009.

7. Развитие речи. – Воронеж, 2010.

8. *Рахимова М. Р.* Мөлбулак. Тарбиячылар жана башталгыч класстын мугалимдери үчүн колдонмо. – Бишкек, 2000.

9. *Рахимова М. Р., Абдыкеримова М. А.* Мелбулак: Программа 1-белүк. – Бишкек, 2009.

10. *Соколова Ю.* Развитие речи. – М., 2008.

11. *Стародубова Н. А.* Теория и методика развития речи дошкольников. – М., 2012.

12. *Ушакова О. С., Гавриш Н. В.* Знакомим дошкольников с литературой: Конспекты занятий. – М., 2005.

13. *Чулкова А. В.* Формирование диалога у дошкольников. – Ростов-на Дону, 2008.

## «Сабат ачуу» программасы

1. *Аджи А. В.* Конспекты интегрированных занятий в подготовительной группе детского сада. Познавательное развитие. Развитие речи. Обучение грамоте. – Воронеж, 2006.

2. *Алексеева М. М., Яшина В. И.* Методика развития речи и обучения родному языку дошкольников: Учебное пособие. – М.,1998.

3. *Вальчук Е. В.* Развитие связной речи детей 6–7 лет: Конспекты занятий. – Волгоград, 2009.

4. *Васильева Н. Н., Новоторцева Н. В.* Развитие игры для дошкольников. Популярное пособие для родителей и педагогов. – Ярославль: Академия Развития, 1998.

5. *Волчкова В. Н., Спетанова Н. В.* Конспекты занятий в старшей группе детского сада.

6. *Колесникова Е. В.* Развитие звуковой культуры речи. – М., 2009.

7. Развитие речи. – Воронеж, 2010.

8. *Рахимова М. Р.* Мөлбулак. Тарбиячылар жана башталгыч класстын мугалимдери үчүн колдонмо. – Бишкек, 2000.

9. *Рахимова М. Р., Абдыкеримова М. А.* Мелбулак: Программа 1-белүк. – Бишкек, 2009.

10. *Соколова Ю.* Развитие речи. – М., 2008.

11. *Стародубова Н. А.* Теория и методика развития речи дошкольников. – М., 2012.

12. *Ушакова О. С., Гавриш Н. В.* Знакомим дошкольников с литературой. Конспекты занятий. – М., 2005.

13. *Чулкова А. В.* Формирование диалога у дошкольников. – Ростов-на Дону, 2008.

### «Элементардык математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу ЭМТК/ Конструкциялоо» программасы

1. *Амонашвили Ш. А.* В школу – с шести лет. – М., 2002.

2. *Аникеева Н. Б.* Воспитание игрой. – М., 1987.

3. Давайте поиграем! Математические игры для детей 5–6 лет. / Под ред. *А. А. Столяра.* – М., Просвещение, 1991.

4. *Коваленко В. Г.* Дидактические игры на уроках математики. – М., 2000.

5. *Леушина А. М.* Занятия по счету в детском саду: Учпедгиз, 1963.

6. *Метлина Л. С.* Математика в детском саду. – М.: Просвещение, 1984.

7. *Михайлова З. А.* Игровые занимательные задачи. – М.: Просвещение, 1985.

8. *Перова М. Н.* Дидактические игры и упражнения по математике. – М., 1996.

9. *Петерсон Л. Г., Кочемасова Е. Е.* Игралочка. Практический курс математики для дошкольников. Методические рекомендации. – Москва: Баласс, 2001.

10. *Сай М. К., Удальцова Е. И.* Математика в детском саду. – 1990.

11. *Сербина Е. В.* Математика для малышей. – М., Просвещение, 1999.

12. *Смоленцева А. А.* Сюжетно-дидактические игры с математическим содержанием. – М.: Просвещение, 1987.

13. *Таpунтаева Т. В.* Развитие элементарных математических представлений у дошкольников. – М.: Просвещение, 1980.

14. Формирование элементарных математических представлений у дошкольников. / Под ред. *А. А. Столяра.* – М.: Просвещение, 1988.

15. Формирование элементарных математических представлений у дошкольников / Под ред. *Р. Л. Березина, З. А. Михайлова, А. А. Столяра* и др. – М.: Просвещение, 1988.

16. *Фридман Л. М.* Психолого-педагогические основы обучения математике. – М.: Наука, 1999.

17. *Шорыгина Т. А.* Учимся ориентироваться в пространстве. – М., ТЦ «Сфера», 2004.

18. *Щербакова Е. И.* Методика обучения математике в детском саду. – М.: Академия, 2000.

### «Көркөм өнөр чыгармачылыгы» программасы

1. *Григорьева Г. Г.* Изобразительная деятельность дошкольников. – М., 1998.
2. *Казакова Т. Г.* Изобразительная деятельность и художественное развитие дошкольников. – М., 1983.
3. *Комарова Т. С.* Изобразительная деятельность в детском саду. – М., 1990.
4. *Уметов Т. Э.* Игра в системе народной педагогики. – Бишкек, 1998.
5. *Флерина Е. А.* Эстетическое воспитание дошкольника. – М., 1961.
6. *Шпак А. М.* Методическое пособие «Альбом ИЗО, ручной труд», «Альбом по аппликации»: Наглядное иллюстрированное пособие для детей 6–7 лет. – Бишкек, 2010.

### «Экинчи тил» (кыргыз/орус) программасы

1. *Барташникова И. А., Барташников А. А.* Учись играя. Тренировка интеллекта. – Харьков, 1997.
2. *Бородич А. М.* Методика развития речи детей. – М., 1981.
3. *Горькова Л. Г., Обухова Л. А.* Сценарий занятий по комплексному развитию дошкольников. Подготовительная группа. – М., 2005.
4. Государственный стандарт Кыргызской Республики. Дошкольное образование и уход за детьми. – Бишкек, 2007.
5. Методика обучения русскому языку в национальном детском саду. – М., 1985.
6. *Орусбаева Т. А.* Орус тилинде иштеген бала бакчалар да кыргыз тилин үйренет // Бишкек, 1992.
7. Орус тилинде иштеген балдар бакчасынын улуу жана даярдоо группаларында кыргыз тилин үйретүү программасы / Түзүүчүлөр: *Орусбаева Т. А., Акматов К., Орусбаев А. Т., Байганалиева А. Т.* – Фрунзе: Мектеп, 1989.
8. *Протасова Е. Ю., Родина Н. М.* Русский язык для дошкольников. Учебно-методическое пособие для двуязычного детского сада. – СПб: Златоуст, 2006.
9. *Рылеева Е. В.* Программа развития самосознания дошкольников в речевой активности «Открой себя». – М., 1999.

## Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга (ДМЧ) инклюзивдик билим берүү


1. *Жумагулова Ч. А., Эсенгулова М. М.* Практика инклюзивного образования. – Бишкек, 2009.

2. «Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген жактардын укуктары жана кепилдиктери женүнде» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 03.04.2008, № 38.

3. «Кыргыз Республикасында жарандардын ден соолугун коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 09.01.2005, № 6.

4. «Кыргыз Республикасында мамлекеттик жөлөкпулдар женүнде» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 05.03.1998, № 15.

5. «КР калкын социалдык тейлеенүн негиздери женүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 19.12.2001, № 11.

6. «Мектепке чейинки билим берүү женүнде» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 4-статья;

7. «Минималдык социалдык стандарттар кепилдиги жөнүнде» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 26.05.2009, № 170.

8. «Мамлекеттик социалдык заказ женүнде» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 21.07.2008, № 162.

9. «Эркектер жана аялдар үчүн тең укуктардын жана тең мүмкүнчүлүктөрдүн кепилдиктери женүнде» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 04.08.2008, № 184;

10. «Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо женүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 25.03.2003, № 62.

**«НАРИСТЕ» БАЛДАРДЫ МЕКТЕПКЕ ДАЯРДОО ПРОГРАММАСЫНА УСУЛДУК СУНУШТАР (480 СААТ)**

Басууга 20.09.2015-ж. кол коюлду. Форматы 60х84 1/8. Көлөмү 42 накта басма табак.
Офсеттик басма. Офсеттик кагаз. Гарнитура Arial
Нускасы 27 496 даана. Буйрутма № 415

«KIRLand» ЖЧК типографиясында басылды
720083, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Аламүдүн-1 к/р, 75